**Ка КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык  кеңеш Д. 22.23.676**

Кол жазма укугунда
УДК: 316:334:316:752

**ЖУНУШОВА САЙКАЛ ОРОЗОВНА**

# КЫРГЫЗСТАН ЖАШТАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮ: АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

22.00.04. – социалдык түзүлүш,
социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий консультант:** политология илимдеринин доктору,

профессор, Мадалиев М.М.

**Бишкек – 2025**

## МАЗМУНУ


**КИРИШҮҮ**.........................................................................................3-17

**1-БАП**

**СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН КАЛЫПТАНУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ЖАШТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ СЕРЕП**

1.1. Социалдык иденттүүлүк социологиялык изилдөөнүн объектиси катары.........................................................................................18-37
1.2. Жаштар жөнүндөгү илимий теориялардын жана концепциялардын тарыхый анализи...........................................................................37-53
1.3. Жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары изилдөөдөгү негизги концептуалдык өзгөчөлүктөрдү анализдөө..............................53-75

**2-БАП**
**ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫН ИЗИЛДӨӨДӨГҮ МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕР ЖАНА ИНСТИТУЦОНАЛДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР**

2.1. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында үй-бүлө институтунун орду.......................................................................76-98
2.2. Заманбап билим берүү системасынын жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калытанышында өзгөчө фактор катары..................................98-111
2.3. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышындагы массалык маалымат каражаттарынын таасири ............ ................................... .111-125
2.4. Жаштардын диний иденттүүлүгүн калыптануу өзгөчөлүктөрү......126-143

**3-БАП**
**КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА КООПСУЗДУК КОНТЕКСТИНДЕ ИЗИЛДӨӨ**

3.1. Заманбап Кыргызстан жаштарынын экономикалык жана миграциялык коопсуздук өзгөчөлүктөрү..........................................144-169
3.2. Демократиялык баалуулуктардын жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына тийгизген таасири .......................................169-190
3.3. Кыргызстандагы жаштар кыймылы жаш муундун жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун негизги фактору катары...........190-210

## 4- БАП

## КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНУУ ПРОЦЕССИНДЕ МАМЛЕКЕТТИК ЖАШТАР САЯСАТЫНЫН ОРДУ

4.1. Кыргызстанда жаштарды коомдук-саясий турмушка тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздери.................211-223
4.2. Кыргызстанда жаштардын саясий, укуктук иденттүүлүгүнүн калыптаныш өзгөчөлүктөрү...........................223-239
4.3. Кыргызстанда жаштардын бакубаттуулугу жана өнүгүү-индекси жаштардын активдүүлүгүнүн негизи...........................239-259

**КОРУТУНДУ...................................................................................260-265**
**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР...........................................................266-268**
**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР.......................................................269-304**
**ТИРКЕМЕ №1...................................................................................305-315**
**ТИРКЕМЕ №2...................................................................................316-328**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кандай гана коом болбосун, ар кандай социалдык топтордун, таптардын өзгөчөлүгү, көбүнесе, ошол коомдо социалдык-экономикалык кризистер күч алганда атайын илимий иликтөөлөргө муктаж болуп келген. Азыркы кыргыз коомунун базар экономикасына өтүүсү өзгөчө шартта башкача айтканда маалыматтык доордун күч алуусу, ааламдашуунун дүйнөнү курчоосу, коомдук процесстердин тез өзгөрүүсүнө туш келди, бул процесстер жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына өзгөчө таасирин тийгизүүдө. Бул кубулуштар коомдун бардык социалдык институттарына өзгөчө таасирлерин тийгизүүдө. Базар экономикасынын шарттарына туура келүүчү баалуулуктар, негизинен, алардын, салттык коомдо калыптануусу өзгөчөлүктөр, карама-каршылыктар, ар кандай ички, тышкы факторлордун негизинде жүрүүдө.

Жаштар социалдык-демографиялык өзгөчө топ катары көп учурларда моралдык, этникалык, диний, кесиптик, граждандык, экономикалык жана башка иденттүүлүктөрдө өзүлөрүн таба албай, коомго тезирээк позитивдүү социалдаша албай (сүңгүп кире албай), ар кандай деңгээлдеги кыйынчылыктарды жеке жашоосунда башынан өткөрүп келет. Ошондуктан, биздин оюбузча, жаштардын ар кандай тобу өзүнүн социалдык иденттүүлүгүн толук түрдө өздөштүрө албай турган учурда алар эртеңки жашоосуна кооптонуу, алсыздык, коркунуч менен карайт. Ал эми алсыздык, кооптонуу, коркунуч адамдын жүрүм-турумунда агрессияны пайда кылат. Бир жагынан алганда, коомго аралаша албаган, өз доорундагы жашоо-турмушка жуурулушуп кетпеген, өзүнүн ордун кайсы бир социалдык топтордо таба албаган жаш адам негативдүү жүрүм-турум менен жашайт. Андай учурда жаштар терс кадамдарга кабылышы толук мүмкүн. Мындай жүрүм-турумду психологдордун аныктамасынын негизинде жаш адамдын өзүн-өзү коргонуусунун бир формасы катары кабылдоого болот дагы, коомдо негативдүү консолидация, аралашуу механизиминин мисалы катары көрсөтүлөт.

Ошондуктан жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүн, калыптануу процессиндеги механизмдерин жана факторлорун изилдөө бүгүнкү күндө жаш адамдын инсандыгын иликтөөдөгү көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө дүйнө, бир жагынан, илимий-техникалык, технологиялык, маалыматтык жетишкендиктер менен мүнөздөлсө, экинчи жагынан, иденттүүлүктүн салттуу формалары бузулуп, салттык баалуулуктардын алкагында калыптанган адамдын өзүн-өзү таануусунун субъективдүү сезимдери өзгөрүүдө. Бул жаш муундун турмуштук стратегияларынын калыптануу процессинде өзгөчө байкалууда.

Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында жаштардын социалдык иденттүүлүгү татаалдыгы жана карама-каршылыгы менен айырмаланат. Ушуга байланыштуу, заманбап шарттарда жаш адамдын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында ой жүгүртүүнүн, турмушка көз караштардын, жүрүм-турум стилдеринин өзгөчөлүгүн изилдөө азыркы күндүн реалдуулугу менен тыгыз байланышкан. Учурдагы жаштардын социалдык иденттүүлүгү - бул социалдык, топтук идеалдарын жана жашоо стандарттарын кабыл алган жаш адамдын ички абалын чагылдырган көп факторлуу түзүлүшкө ээ, анан дагы социалдашуу процессине көмөктөшүүчү татаал инсандык түзүлүш деп түшүнсө болот. Демек, бул көйгөйдүн актуалдуулугу азыркы учурда жаш адамдын жашоосунун бардык тармактары үчүн маанилүү, татаал карама-каршылыктуу трансформациялык процесстер жүрүп жаткан Кыргызстанда түзүлгөн социалдык-маданий реалдуулук менен байланыштуу.

Социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процессинде конкреттүү жаш адамдын жана бүтүндөй жаш муундун турмуштук келечегин андан ары аныктоого жаштардын коомдук аң-сезиминин жетилгендик деңгээли өзгөчө таасир этет. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жаштарынын басымдуу бөлүгүнүн социалдык өзгөчөлүгүн ачып берген жаш адамдын жалпыланган, базар мамилелерине багытталган социалдык портрети теориялык жактан иштелип, толук сүрөттөлө элек. Социомаданий карама-каршылыктар, ааламдашкан дүйнөнүн социалдык өзгөрүлмөлүүлүгү, социалдык өзгөрүүлөрдүн

белгисиздиги, көп факторлуулугу, социалдык жалпылыктарды, иденттүүлүктөрдү уюштуруу принциптеринин татаалдыгы, ар кандай иш-аракеттердин көп түрдүүлүгү, социалдык ролдор жана топтук нормалар, ошондой эле өз ара таасир этүүнүн, ар түрдүү маданияттардын, субмаданияттардын аракеттенүүсүнүн татаал аспектилери жаштардын аң-сезимине өзгөчө таасир этүүдө. Калыптанып калган салттуу маданий баалуулуктардын чектери жок кылынууда. Анын натыйжасында инсандыктын туруктуу кризиси жаш адамдын өзүнчө инсандык аң-сезиминин деңгээлинде эле эмес, жаңы муундардын арасында да байкалат. Мынай процесстер жаш муундун өзүн жана коомдогу ордун аныктоого таасирин тийгизүүдө. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жаштары кылмыштуулуктун деңгээлине, баңгиликтин жайылышына жана айлана-чөйрөнүн булганышына, мүмкүн болуучу экологиялык кырсыкка, ар кандай топтордун өлкөнүн экономикалык саясатына тийгизген таасирине көп тынчсызданышат. Жаштардын көпчүлүк катмарлары жаңы, позитивдүү инновациялык баалуулуктарга аралашып, өзүлөрүнүнүн жүрүм-турумун айкындоодо, бирок ошол эле учурда кээ бир либералдык, демократиялык баалуулуктардын салттык коомго туура келбеген шарттарында жаштардын маргиналдашуусуна, коомдо, жеке жашоосунда өзүн табууга тоскоол болууда. Ушул көрүнүштөрдүн туундусу, өзөгү Кыргызстандагы жаштардын социалдык-демографиялык, өзгөчө топ катары социалдык иденттүүлүгүнүнүн калыптаныш процесстериндеги көйгөйлөрдү илимий-социологиялык жактан анализдөө зарылдыгын далилдеди.

Ошондуктан, заманбап кыргыз коомундагы социалдык-экономикалык кризис, руханий коопсуздук, улутту сактап калуу, улуттун андан ары калыптануусунда, ааламдашуунун күч алып турган мезгилинде жаштардын социалдашуу процессинде төмөндөгүдөй көйгөйлөр пайда болот: Мен киммин? Коомго кандай пайда алып келе алам? Мен өзүмдү коомдогу кайсы топтун мүчөсүмүн деп кабылдайм, түшүнөм? Ошол өзүм тандаган топко туура келемби? Өзүмдү бир топтун активдүү мүчөсү катары алып жүрө аламбы? Коомдо андан ары өнүгө аламбы? – деген суроолор түйшөлтөт.

Демек, бүгүнкү Кыргыз коомунда жаштарды өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүн, калыптаныш процессин социология илимдеринин негизинде ар тараптуу, системалуу илимий анализдөө күндүн талабы.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык ишти аткаруу процессинде: 1) автор "Кыргызстандагы жаштар кыймылдары: элитаны калыптануу процесси" аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда илимий жетекчилик кылды (2014-ж.); 2) "Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: көйгөйлөрү, карама-каршылыктары жана келечеги" аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда жетекчилик кылды (2015-ж.); 3) "Кыргызстан жаштарынын иденттүүлүгүн калыптандыруу процессиндеги диний факторлордун ролу" аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда жетекчилик кылды (2016-ж.); 4) "Борбордук Азиядагы ислам факторунун таасири жана коомдогу коопсуздугун камсыз кылууда элитанын ролу" аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда жетекчилик кылды (2017-ж.); 5) "Ааламдашуу шартында Борбордук Азиянын коопсуздугун камсыз кылууда саясий элитанын ролу" аттуу темадагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илимий-изилдөө долбоорун ишке ашырууда, аткаруучусу, катышуучусу болду (2019-ж.).

Илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар, ошондой эле коргоого коюлган жоболор Кыргыз Республикасында улуттук өнүктүрүүнүн жаңы программаларын, стратегияларын, концепцияларын жана башка документтерин иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Мындан

кийинки изилдөөлөр 2021-2026-жылдары “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясын жана “2021-2025-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын” ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү менен тыгыз байланышта ишке ашат; ошондой эле 2020-2030-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын жаштар саясатынын концепциясы менен тыгыз байланышта изилдөө жүргүзүлөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты.** Диссертациялык иштин негизги **максаты** – коомдогу социомаданий өзгөрүүлөрдү илимий изилдөөнүн негизинде жаштардын рационалдуу, максатка ылайыктуу социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча социологиялык моделди иштеп чыгуу.

Диссертациялык иштин **максатына** ылайык төмөндөгү **милдеттер коюлуп** аткарылды:

1. Социалдык иденттүүлүк, идентификация, социалдашуу концепттеринин теориялык-тарыхый жана концептуалдык негиздерине илимий сереп жүргүзүү;
2. Жаштардын көйгөйлөрүн изилдөөгө арналган социологиялык жана социалдык-философиялык теориялар, концепциялар жөнүндө илимий изилдөө;
3. Социалдык иденттүүлүк теориясынын контекстинде жаштарды өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары аныктоо;
4. Азыркы жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн калыптанышын теориялык-методологиялык жактан негиздөө жана үй-бүлө мамилелеринин салттуу жана инновациялык негиздерине институционалдык деңгээлде иликтөө жүргүзүү;
5. Жаштардын социалдашуу жана социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессинде билим берүү институтунун таасиринин өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

6. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу процессинде массалык маалымат каражаттарынын жана санариптик технологиялардын тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрүн анализдөө;
7. Диндин функцияларын жана белгилерин социалдык-баалуулук системасы катары кароо жана заманбап шартта жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында анын таасирин мүнөздөө, анализдөө;
8. Жаштардын жашоо-турмушунда экономикалык, миграциялык потенциалды аныктоо жана миграциянын призмасы аркылуу улуттук коопсуздук көйгөйлөрүн миграциологиянын призмасы менен кароо;
9. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун коопсуздугуна глобалдык демократиянын таасиринин чектерин тактоо;
10. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун фактору катары жаштар кыймылынын маңызын ачуу;
11. Жаштарды коомдук турмушка калыптандыруунун жана тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздерине социологиялык талдоо жүргүзүү;
12. Кыргызстандын жаштарынын саясий, укуктук иденттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө;
13. Жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн негизи жана жаштарды коомдун социалдык-экономикалык багытына тартуунун өзгөчө фактору катары Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулугунун жана өнүгүүсүнүн индексин изилдөө.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Кыргызстанда социология илиминин алкагында бүгүнкү күнгө чейин жаштардын өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануу процесси боюнча комплекстүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Коомдук өнүгүүнүн институционалдык өзгөрүүлөрү, коопсуздук жана ааламдашуунун жаштарга тийгизген таасири, көйгөйлөрү айрым эпизоддор менен каралган. Диссертациялык эмгектеги илимий жаңылыктардын элементтери жана изилдөөнүн негизги жыйынтыктары коюлган милдеттерди чечмелөө менен аныкталат жана төмөнкү жоболордо камтылат:

1. Социалдык идентүүлүк, идентификация, идентификациялык стратегия, социалдашуу концепттерине байланышкан илимий адабияттарга сереп жүргүзүлдү жана анын негизинде автордук социалдык идентүүлүк аныктамасы берилди;
2. Жаштарга арналган социологиялык теориялар жана концепиялар илимий талданды;
3. Азыркы кыргыз коомундагы стратификацияда жаш муундун орду аныкталып, жаштардын социалдык-демографиялык топ катары өзгөчөлүктөрү аныкталды;
4. Азыркы жаштардын үй-бүлөлүк идентүүлүгүнүн критерийлери жана мүнөздөмөлөрү, теориялык-методологиялык негизде изилденди, кыргызстандык үй-бүлө институт мейкиндигиндеги салттуу жана инновациялык өз ара мамилелеринин мүнөзү талданды;
5. Билим берүү системасынын, өзгөчө, коомдук институт катары жаштардын социалдашуу процессине жана социалдык идентүүлүгүнө тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрү аныкталды жана азыркы шарттарда билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жөнгө салуучу механизм катары аныкталды;
6. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана санариптик технологиялардын жаштарга тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрү изилденди. ЖМКлар жаштардын социалдык идентүүлүгүн калыптандыруунун факторлорунун бири катары каралат. Ал эми жаштардын баалуулук багыттарына ЖМКлардын таасир этүүсүнүн натыйжалуулугу алардын жаш курактык өзгөчөлүгүнө, ошондой эле ЖМКлардын түрлөрүнө жараша болору көрсөтүлдү;
7. Теоретикалык жана статистикалык маалыматтардын негизинде диний идентүүлүктүн салыштырмалуу автономдуулук феномени аныкталды, жаш адамдын ишмердүүлүгүнүн жана аракеттеринин айрым түрлөрүнүн динчилдик моралдык, адеп-ахлактык жагдайлардан көз карандысыздыгы далилденди;

8. Жаштардын жашоо-турмушунунда миграциялык потенциал аныкталды жана миграциянын призмасы аркылуу миграция менен улуттук, экономикалык коопсуздуктун корреляциялык көйгөйлөрү каралды;
9. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун коопсуздугуна глобалдык демократиянын таасиринин чектери каралды. Азыркы Кыргызстандагы жаштар кыймылынын кризисинин, саясий, укуктук иденттүүлүктүн деформациясынын жана коомдун социалдык жана саясий түзүлүшүндөгү мурдагы ордун жоготуунун терең себептери аныкталды;
10. Заманбап социомаданий шарттарда жаштар кыймылы жаштардын турмуштук жашоо-шартын турукташтыруунун, жаштардын ар кандай категорияларынын социалдык өнүгүүсүнүн жана коомдогу социалдык-саясий мамилелерди кайра чыңдоонун маанилүү фактору болуп кала берери тастыкталды;
11. Жаштарды өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары коомдук турмушка тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздери талданды;
12. Коомдогу туруктуулукту камсыздандыруунун фактору катары жаштардын саясий, укуктук иденттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү далилденди;
13. Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулук жана өнүгүү индекси жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн негизи катары каралып, бул процессте мамлекеттик саясаттын ролу аныкталды.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөө иши, негизинен, азыркы учурдагы кыйла актуалдуу көйгөйгө кайрылуу менен, Кыргызстан жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн позитивдүү калыптандыруунун жолдорун негиздөө менен шартталган. Изилдөөнүн натыйжаларын жаштардын нааразычылык жүрүм-турумунун ар кандай формаларында коштолгон иденттүүлүктүн диффузиясынын өнүгүшүн алдын алуу жана алардын чоңдор дүйнөсүнө кирүү процессин оптималдаштыруу максатында социалдык колдоо боюнча программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн колдонууга толук мүмкүн. Ошондой эле изилдөөнүн

жыйынтыктарын “Жаштар социологиясы”, “Үй-бүлө социологиясы”, “Экономикалык социология”, “Инсан социологиясы”, “Билим берүү жана илим социологиясы”, “Өспүрүмдөр социологиясы”, “Дин социологиясы”, “Миграция социологиясы”, “Саясий социология”, “Жаштар арасында социалдык иштерди уюштуруу” өңдүү атайын окуу сабактарында, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында материал катары колдонууга болот. Жогоруда белгиленген атайын курстарды жогорку окуу жайларында, атайын орто окуу жайларында окутууда изилдөөнүн жыйынтыктарын окуу-методикалык курал катары иштеп чыгуу жана колдонуу мүмкүнчүлүгү да бар.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын экономикалык мааниси.** Иштелип чыккан илимий-методикалык жана практикалык сунуштар мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашырууда жана жаштарга арналган тармактык программаларды, долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат. Диссертант тарабынан иштелип чыккан корутундуларды, сунуштарды Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Кыргыз Республикасынын Эмгек социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы ошондой эле ар кандай деңгээлдеги жаштар менен иш алып барган ведомстволор, жаштар саясатын өнүктүрүүдө, изилдөөдө жана натыйжалуу чечим кабыл алууда колдоно алат. Илимий эмгекте берилген практикалык сунуштар жаштардын арасында иш алып барган мамлекеттик органдар жана коомдук уюмдар тарабынан ар кандай программаларды, долбоорлорду даярдоодо кеңири колдоно алат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

1. Жаштардын социалдык иденттүүлүгү - бул жаш инсандын коомдо, өзгөчө, тил, маданият, баалуулуктар, жүрүм-турумдар, менталитеттердин негизинде субъективдүү түрдө өзүн-өзү тaануусу, ошол топтордон өзүн көрүүсү, ошол топтордо өзүн эркин алып жүрүүсү болуп саналат дагы, мунун баары

объективдүү жашоо шартынын негизинде жүрөт. Ошондуктан жаштардын социалдык иденттүүлүгү - бул коомдогу субъективдүү көрүнүш.

2. Социологиялык теориянын биринчиси – институционалдык анализдөө, экинчиси – регионалдык анализдөөгө таянуу керек. Бул көрсөткүчтөр социалдык-регионалдык жана инсандык өзгөчөлүктөрдү аныктап алганга мүмкүнчүлүк берет. Жаш инсандар ушул эки институционалдык жана регионалдык өзгөчөлүктөрдүн негизине, объективдүү жана субъективдүү көз караштарга таянып, өзүн тигил же бул профессионалдык, аймактык, экономикалык, регионалдык, диний, этникалык жана башка топтордун мүчөсү катары сезет, өзүн ошол топко иденттештирет, шайкештештирет.

3. Жаштар өз алдынча социалдык-демографиялык топ катары мүнөздөлөт. Жаштарды өзүнчө социалдык-демографиялык топ катары аныктоонун негизи анын субъективдүүлүгү (активдүүлүгү) болуп саналат, бул жаш муундарды жашоону пландаштыруунун субъектиси катары кароого мүмкүндүк берет. Бул изилдөө перспективасынын алкагында жаштардын субъективдүүлүгү жаш муундун социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процессин түзгөн жашоо пландарын жана баалуулук багыттарын өз алдынча ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү түрүндө көрүнөт. Жаштардын социалдык-демографиялык топ катары топ катары негизги курактык мүнөздөмөлөрү негизделген.

4. Үй-бүлө алгачкы коомдук, социалдык институт катары инсандын негизги баалуулуктарды өзүнө кабыл алуусунун негизи болуп саналат. Үй-бүлө институту, негизинен, жаш инсанга баштапкы, негизги баалуулуктарды (тарбия, тажрыйба, билим, каада-салт, үй-бүлөлүк жашоону уюштуруу, ата-эненин кадыр баркы, тууган-туушкандык мамиле, коомдук чөйрөдөгү адеп-ахлак, үй-бүлөлүк калыптанган салтты улантып кетүү, диний маданияттын өзөгүн, патриоттуулукту, кеп маданиятын өздөштүрүү деңгээлин жана башка), тажрыйбаларды берет. Базар экономикасынын шартында үй-бүлө институтунун баалуулуктарынынын өзүнүн ар кандай өзгөрүүлөргө туш келишинин кесепетинен жаш инсандын үй-бүлөлүк иденттүүлүгү дагы көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болууда.

5. Билим берүү системасы дагы коомдо өзгөчө социалдык институт катары жаңы баалуулуктарды коомго таркатууда, актуалдаштырууда, трансформациялоодо өзгөчө орунду ээлейт. Жаңы технологиянын өнүгүшү менен заманбап инновациялардын темпи өнүгүп жаткан мезгилде билим берүү системасы аркылуу жаштарда позитивдүү социалдык иденттүүлүктүн калыптанышы толук мүмкүн. Жаңы парадигмалык өзгөрүүлөрдүн учурунда билим берүү концепциясы жаңыланып турушу абзел, ошол шарттарда жаштар социалдык-демографиялык, психологиялык катмар катары коомдо болуп жаткан терең өзгөрүүлөргө объект гана болбостон, ал кубулуштардын активдүү субъектиси дагы боло алат. Билим берүү системасы күчтүү болсо, ааламдашуу шартындагы өзгөрүүлөрдү, заманбап маселелерди чечүүгө жөндөмдүү инсандарды тарбиялоого мүмкүн болот. Ушул шарттарда кыргыз коомунда кандай жаштар тарбияланышы керек, кайсыл касиеттери, мүмкүнчүлүктөрү болушу шарт, деген суроолорго жооп табууга мүмкүн деп эсептейбиз.

6. Жалпыга маалымдоо каражаттары ЖМК азыркы шартта жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун негизги булагы болуп саналат. Жаштардын инсандыгынын табиятына жана мазмунуна телекөрсөтүү, радио, гезит-журналдар, өзгөчө, интернет, социалдык тармактар активдүү таасир этет. Ал өзүнүн жалпы жеткиликтүүлүгүнөн, мобилдүүлүгүнөн улам жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга чоң таасирин тийгизет. Заманбап медиа мейкиндиктин шартында массалык маалымат каражаттары маданияттын өзөгүн түзүүчү функцияларды аткарып, жаштардын социалдык активдүүлүгүнө, инсандык сапаттарынын калыптанышына чоң салым кошот.

7. Жаштардын диний иденттүүлүгүнүн калыптанышына таасир этүүчү негизги факторлор аныкталды. Диний иденттүүлүк, диний аң-сезимдин негизинде калыптанып, жаштардын диний жүрүм-турумунда чагылдырылат. Бүгүнкү күндө Интернет миссионердик ишмердүүлүктүн негизги булактарынын бири болуп саналат. Азыркы жаштардын диний иденттүүлүгүнүн калыптанышына жаш адамдын жеке жашоосундагы жагдайлар гана эмес, төмөнкү факторлор да таасир этет: коомдук турмуштун өзгөрүшү, ааламдашуу,

өлкөдөгү активдүү миссионердик ишмердүүлү, кибер мейкиндиктин пайда болушу, интернет миссионердик ишинин ролун күчөшү, үй-бүлөдө, диний окуу жайларда дин баалуулуктарын кайрылуу, окутуу болуп саналат

8. Жаштардын миграциялык потенциалын социологиялык талдоодо бул, алардын миграциялык ниеттери (мамилелери, багыттары күтүүлөрү) жана алардын пайда болуу себептерин изилдөө болуп саналат. Жаштардын миграциялык потенциалын аныктаган факторлордун жана шарттарынын негизинде алардын миграциялык максаттары төмөндөгүдөй: өзүн жана үй-бүлөсүн татыктуу материалдык жана финансылык камсыз кылуу, сапаттуу билим алуу экени далилденген.

9. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында демократиялык баалуулуктардын таасири же республикада саясат, экономика, билим берүү жана дин чөйрөсүндө болуп жаткан карама-каршы тенденциялар азыркы жаштардын жашоо стратегияларына жана баалуулуктарына дайыма эле толугу менен дал келбейт. Мындай кырдаал жаштардын турмуштук пландарын түзүүгө шарт түзбөйт жана алардын социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусуна, позитивдүү социалдык иденттүүлүктүн калыптанышына терс таасирин тийгизет. Белгилүү бир баалуулук багыттарын изилдөө призмасы аркылуу коомдо болуп жаткан трансформациялык өзгөрүүлөргө жаштарды баалоодо объективдүү жана субъективдүү факторлордун таасиринин деңгээлин аныктоо милдети чоң.

10. Азыркы социалдык-маданий шарттарда жаштар кыймылы жаштардын турмуштук кырдаалдарын турукташтыруунун, жаштардын ар кандай категорияларынын социалдык өнүгүүсүнүн жана коомдогу социалдык-саясий мамилелерди кайра жаратуунун маанилүү фактору болуп саналат. Жаштар бирикмелерин түзүү жолунда жаштар кыймылын өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ. Жаштар кыймылынын ролу жаштардын социалдык өнүгүүсүн активдештирүүдө, жаштардын социалдык субъект катары беделин жогорулатууда, аларды социалдык жактан карама-каршылыктан жана маргиналдаштыруу тенденцияларынын алдын алууда турат. Бүгүнкү күндө жаштар

бирикмелеринин, уюмдарынын жашоого жөндөмдүүлүгү жаштар кыймылын өнүктүрүүнүн социалдык муктаждыктарынын болушу жана анын жаш муун туш болгон заманбап тобокелдиктерге каршы туруу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат.

11. Жаштардын саясий укуктук маданияты, саясий социалдашуусу, саясий жүрүм-туруму азыркы Кыргызстанда коомду демократиялаштыруу процессинин өзгөчөлүгүнөн, динамикасынан жана натыйжалуулугунан көз каранды. Саясий маданият, саясий социалдашуу, жалпы эле жаштардын саясий иденттүүлүгү - бул жаш адамдын инсандык өздүгүнөн өздөштүрүлгөн демократиялык нормалардын, баалуулуктардын, мамилелердин жыйындысы. Саясий иденттүүлүктү калыптандыруу коомдо басымдуулук кылган баалуулуктун жүрүм-турум үлгүлөрү үстөмдүк кылган шарттарда мүмкүн: ыктыярдуулук, жарандык активдүүлүк, бул иштердин негизинде коомдун демократиялык саясий системасынын кайра жаралуусуна өбөлгө түзүлөт.

12. Азыркы этапта мамлекет жаштардын демилгелерин мамлекеттик колдоонун натыйжалуу механизмдерин түзүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонот. Өлкөдө жаштардын абалын, алардын билимин, тарбиясын, социалдашуусун майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салуучу көптөгөн ченемдик-укуктук актылар кабыл алынган. Бул мыйзамдарды, документтерди анализдөөнүн натыйжасында мамлекет тарабынан жаштардын укуктарын коргоонун заманбап, эл аралык, жаштар менен иш алып баруучу стандарттарга шайкеш келген активдүү жаштар саясатын жүргүзүүсү негизги болуп саналат.

13. Кыргызстандын жаштарынын бакубаттуулук жана өнүгүү индекси, жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн негизи жана бүгүнкү мамлекеттик жаштар саясаты - бул жарандык коомдун институттары, коомдук бирикмелер жана жаштар уюмдары менен активдүү өз ара аракеттенүүнүн негизинде жүзөгө ашырылуучу, өлкөнү инновациялык өнүктүрүүнүн зарыл социалдык шарттарын түзүүнү караган мамлекеттин өз алдынча иш багыты. Жаштарды коомдук турмушка тартуу жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо жаштардын илимий, чыгармачылык жана ишкердик

активдүүлүгүн колдоону камсыз кылат. Жаштарды кесиптик жана экономикалык иш-чараларга тартуу боюнча новатордук моделдерди иштеп чыгуу, студенттик эмгек отряддарын түзүү, жаштар эмгек биржаларын өнүктүрүү жана, албетте, ар дайым жаштарды эмгек ишмердүүлүгүнө ийкемдүү тартуу үчүн укуктук-ченемдик базаны жакшыртуу, жаш муундун мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу баалуу натыйжаларды берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгү: абалы жана келечеги боюнча талдоого карата топтолгон факты-материалдар, аларга талдоо жүргүзүү, изилдөөдөн чыгарылган негизги илимий тыянактар жана жоболор, корутундулар диссертанттын жеке салымы болуп эсептелет. Негизинен, диссертациялык иликтөө Кыргызстандагы жаштардын арасында социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш феноменин социологиялык анализдөөдө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган илимий иш болуп саналат. Изденүүчү тарабынан 2012-жылдан тартып 2024 - жылдардын аралыгында өз демилгеси менен аталган тема боюнча бир нече социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ал изилдөөлөр социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу аркылуу ишке ашырылды. Статистикалык фактологиялык маалыматтар, тема боюнча маселелерди чагылдырган эмгектер статистикалык документтерди талдоо усулун пайдалануу менен илимий жактан талдоого алынды. Социологиялык анализдин алкагында негизги илимий тыянактар жана жоболор иштелип чыкты. Заманбап шарттарда Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу автордук социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын натыйжалары менен аныкталат. Эмпирикалык базаны автордун жетекчилиги астында же катышуусу менен жүргүзүлгөн изилдөөлөр түздү: “Заманбап Кыргызстандагы жаштар кыймылы: элитанын калыптануу процесси”, эксперттик сурамжылоо (апрель-май 2013 - жыл); “Борбордук Азиядагы ислам фактору жана чөлкөмдө коопсуздукту камсыз кылууда элитанын ролу”, эксперттик сурамжылоо (март-апрель 2017-жыл); “Кыргызстандын жана Россиянын окуучу жаштарынын социалдык портрети миграциялык максаттарынын контекстинде” (январь-февраль 2023-

жыл) социологиялык сурамжылоо он-лайн режиминде Google Forms аркылуу жүргүзүлгөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациялык иштеги илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктары “Философия жана билим берүүнүн актуалдуу маселелери: тарых, бүгүнкү күн жана келечектер” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (22-23-май, 2014-ж., Россия, Кострома шаары), “Түрк тилдүү өлкөлөрдүн улуттук өнүгүү стратегиялары” аттуу түрк тилдүү өлкөлөрдүн V конгрессинде (25-26 апрель, 2014-ж., Алматы шаары), “Философия жана актуалдуу билим берүү маселелери: тарых, бүгүнкү күн жана келечектер” эл аралык илимий-практикалык конференцияда (20-май, 2016-ж., Россия, Кострома шаары), “Маданияттардын диалогу жана көп тилдүү маданият мейкиндигинде диалог: жаштарды руханий, адеп-ахлактык тарбиялоо” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (9-10 ноябрь, 2017-ж., Дагестан, Россия, Махачкала шаары), Кыргыз ССРинин түзүлгөн күнүнүн 80 жылдыгына арналган “Юридикалык илимдин заманбап көйгөйлөрү” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (26 апрель, 2016-ж., Бишкек); “Маданияттын философиясы: Батыштын жана Чыгыштын болмушу” эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2022-ж., Бишкек) баяндалып, талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Алынган натыйжалар диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмунун түзүү менен бирге, 28 илимий макалада, 1 (авторлош) монографияда чагылдырылган. Алардын ичинен 6 макала чет элдик индекстелген (РИНЦ) илимий журналдарда жана 1 макала Scopus илимий басылмасында жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү**. Диссертациянын түзүлүшү киришүүдөн, 13 бөлүмдү камтыган 4 баптан, практикалык сунуштардан, 15 таблица, 8 диаграммадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, беш тиркемеден турат. Диссертациянын көлөмү – 268 бет. Пайдаланылган адабияттар жана тиркемелери менен иштин жалпы көлөмү 328 барактан турат.

# 1-БАП

# СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН КАЛЫПТАНУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ЖАШТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРГӨ СЕРЕП

## 1.1. Социалдык иденттүүлүк социологиялык изилдөөнүн объектиси катары

Теориялык жактан социалдык иденттүүлүк бардык социалдык, гуманитардык илимдердин жардамы менен коомдогу болуп жаткан кубулуштардын алкагында илимий анализдөөгө мүмкүндүк алууда, алсак: трансформация, миграция, интеграция, тарбиялоо, граждандуулук, билим берүү жалпысынын социалдашуу көйгөйлөрүнө байланыштуу интенсивдүү талкууланып келет. Социалдык иденттүүлүк философия, социология, психология, антропология жана башка илимдердин негизинде изилденип, адамдын жүрүм-турумундагы өзгөрүштөрдү, ал адам өзүн кандай топко ыктайт, киргизет, кошот, ошол топтун ичинде өзүн жакшы сезет деген контексте изилденет. Иденттүүлүк көйгөйү негизги социологиялык, психологиялык, философиялык билимдердин негизинде өзүнүн актуалдуу болушунун негизги себептери болуп, жыйырма биринчи кылымдын башындагы түп тамырынан бери өзгөрүп жаткан коомдогу жашоо реалдуулугунун талаптары экендигин белгилеп кетсек болот. Негизинен, гуманитардык илимдерде социалдык иденттүүлүктү түшүнүүнүн негизги өзөгү - бул “топтук жана топтор аралык жүрүм-турумду изилдөөнүн жүрүшүндө калыптанган жана белгилүү даражада психоаналитикалык, когнитивдик, жүрүм-турумдук, активдүүлүккө негизделген интеракционисттик, конструктивисттик социологиялык агымдардын алкагында изилденет. Демек, социология илиминин алкагында социалдык иденттүүлүк - бул инсандын жеке өзүн-өзү таануу абалы катары түшүнсө болот дагы, өзгөчө интегративдик процесс болуп саналат. Заманбап илимий иликтөөлөрдүн алкагында иденттүүлүктүн ар тармагы иштелип, илимий жактан аныкталып келүүдө, маселен: жалпы эле философия, социология илимдеринин алкагында методологиялык жактан иденттүүлүктү анализдөө өзгөчөлүктөрү [108,79-б.; 111,

54-59-б.]; экономикалык иденттүүлүктүн калыптаныш өзгөчөлүгү [25, 129-б.]; мамлекеттик, атуулдук иденттүүлүктүн калыптаныш өзгөчөлүктөрү [38,299-б.; 43,76-б.; 106-б.; 115, 10-б.; 149, 41-б.; 153, 583-б.]; саясий иденттүүлүктүн айырмачылыктары [44, 73-б; 246, 107-б.; 153, 103-б.]; этникалык [45, 45-б.]; этномаданий [47, 49-б.; 48; 51, 16-б.; 153, 554-б.]; профессионалдык иденттүүлүктүн калыптанышы азыркы ааламдашуу күркүрөп турган шартта кесипкөйлүк, инсанды тандаган кесиби боюнча баалоодо, ошол кесипкөйлүтүн иденттүүлүк менен байланышы [242, 209-б.]; диний иденттүүлүктүн өзгөчөлүгү [120,107-б.; 127, 463-б.; 153, 334-б.]; инсандын иденттүүлүгүнүн калыптанышындагы гендердик өзгөчөлүктөр изилденип келди [230, 143-б.]. Ошондой эле психологиялык жактан ишенимдин, белгисиздиктин, өзүн сыйлоонун, социалдык мотивациянын, эмоциянын, социалдык эмоциянын, тил маданиятынын, инсандын иденттүүлүгнүн калыптанышына тийгизген таасирин белгилесек болот [26, 194-б.; 27, 152-б.; 28, 349-б.; 29, 117-б.; 196, 68-б.], ошондой эле З.Фрейддин эмгектеринде массалык психологиянын калыптаныш механизмин жана анын социалдык иденттүүлүк менен байланышын терең методологиялык деңгээлде изилдеген [279, 138-б.]. Ошентип, бүгүнкү күндө социалдык иденттүүлүктүн калыптанышы ар тараптан изилденип келүүдө. Иденттүүлүк феноменинин когнитивдик сүрөттөлүшүнө келсек - иденттүүлүк теориясынын эң негизги багыты деп түшүнүүгө болот, Г.Тэжфель, Дж.Тернердин изилдөөлөрүндө психика, экологиялык стимулдардын чексиз ар түрдүүлүгүн анализденген, структуралаштырган, системалаштырган, илимий жактан далилденген. Социалдык категориялар, Г.Тэжфелдин пикири боюнча, топтук фавориттик көрүнүшүнө өбөлгө түзүүчү жана инсандар тарабынан социалдык өз ара аракеттенүүдө колдонулуучу, ал адамга “социалдык чөйрөнү себептүү түшүнүүнү структуралаштырууга” мүмкүндүк берүүчү когнитивдик стимул ар кандай топторго бөлүнүүдө адам “өзүн-өзү баалоо, коомдогу ордун табуу, түзүү жана аныктоо боюнча көрсөтмөлөр системасын билдирет” деген [366, 300-б.]. Биринчиден, инсандын “менин” жана социалдык контексттин мазмунун, ошондой эле алардын ортосундагы өз ара байланышты чагылдырат.

Ошол эле учурда адамдын өзүн (идентификациясын) кабылдоосу, бир жагынан, уникалдуу инсандык өзгөчөлүктөр (инсандык иденттүүлүк) боюнча өзүн-өзү сүрөттөп берүү, экинчи жагынан, кандайдыр бир нерсеге таандык болуу жагынан өзүн - өзү аныктоо болуп саналат. Бул кабылдоо адамдын өзүнүн уникалдуулугун алгачкы аңдап-түшүнүүсүнөн, андан кийин топтун (группалардагы) ордун жана ролун түшүнүү, ошондой эле өзүн-өзү башкалардан айырмалоосун иштеп чыгуу аркылуу калыптанат, ал инсан коом менен активдүү аралашкан адам, же обочолонгон адам. Өзүн-өзү категориялоонун, айырмалоонун эки варианты тең Г.Тэджфелдин пикири боюнча, адамдын белгилүү даярдыгы менен аныкталат, ал анын өткөн тажрыйбасын, келечектегин, күтүүлөрүн, баалуулуктарын, максаттарын, муктаждыктарын чагылдырат.

Адамзат жаны социалдык реалдуулуктун босогосуна аттады, аны илимде “постиндустриалдык коом” [169, 300-б.; 170, 19-б.; 171, 200-б.] деп атадык. Жыйырманчы кылымдын жетимишинчи жылдарынан башталган жаңы типтеги коомдун түзүлүшү өткөн кылымда коомдук мындай тез өзгөрүүлөр менен байланышкан, бул өзгөрүүлөрдүн ылдамдыгы саясий, технологиялык реалдуулуктардын себептери, Э. Тоффлердин айтымында, “келечектеги шок” – өзгөчө психологиялык абал, адам өзүн кандайдыр бир абалда кооптонуу, кыжырдануу, тез өзгөрүүгө көнүү жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышына алып келет. Албетте, “чабуул астында”, биринчи кезекте, адамдын инсандыгы – бул адамдын өзүнүн “менин”, өзүнүн коомдук реалдуулукта жаңы ордун, айлана-чөйрө менен болгон мамилелердин өзгөрүшү менен коштолот. Гуманитардык илимдерде социалдык иденттүүлүктүн теориясын жана тарыхын илимий изилдөөдө өзгөчө актуалдуулук топтук жана топтор аралык жүрүм-турумду изилдөөнүн жүрүшүндө калыптанган. Ошентип: “социалдык иденттүүлүк көйгөйлөрүнө болгон кызыгуу гуманитардык илимдерде эркиндик жана жоопкерчилик, жашоонун маңыздуу маселелерин белгилеген гуманисттик парадигманы калыптандыруу менен байланышкан”[243, 457-б.]. Социалдык иденттүүлүктү институтционалдык жактан илимий анализдөөдө азыркы

күндөгү реалдуулук, жеке инсандык, социалдык, экономикалык, саясий, маданий кризистер менен байланышат. Бул маселе өзгөчө постсоветтик аймакка тиешелүү, бирок негизинен дүйнө жүзүндө адамдардын жашоого болгон көз караштары, баалуулуктары түп тамырынан бери өзгөрүүгө дуушар болууда, ошондуктан окумуштуулардын көңүлүн өзгөчө бурууда. Демек, бул диссертациялык иликтөөдө социалдык иденттүүлүк теориясына кайрылсак, жана автордук аныктама берсек: "Инсан үчүн эмоционалдык жактан өзүн кандайдыр бир топко таандык болуу жөнүндөгү ошол инсандын билиминин, жашоо стратегиясын, багыттого, сүрөттөөгө, баалоого арналган теория, [50, 70-б.]. ал аксиома боюнча адамдын коомдогу өзүнүн ордун аңдоосу, өзүн белгилүү бир топко ыйгарууга, кошууга негизделет. [355, 6-б.]. Тэджифелдин пикири боюнча топтун мүчөлүгүн аңдоо менен катар, социалдык иденттүүлүккө салыштыруунун негизинде, индивид кайсы бир топко өзүн татаал кадамдар аркалуу кошо алат. А. Тойнбинин "Тарыхты түшүнүү" (Постижение истории), деген эмгегинде фундаменталдуу дүйнөлүк илимий адабияттардагы концепцияларды изилдеп келип, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: "Ар бир цивилизациянын өзүнүн тарыхый масштабы болот жана ал көрүнүш тышкы чакырыктарга жооп катары пайда болот. Тойнби цивилизацияны тарыхый изилдөө тармак, объект катары карайт. Анын айтуусу боюнча ар бир цивилизациянын өзүнүн тарыхый масштабы болот. Бирок, ашыкча чакырыктар цивилизациянын өнүкпөй, басылып калышына алып келет" [267, 56-б.]. Элита тарабынан конкреттүү цивилизация үчүн "универсалдык мамлекетти" түзүү ошол цивилизациянын кулашынын биринчи мезгилин басып өткөндүгүн билдирет. С.Хантингтон "Цивилизациялардын кагылышы" аттуу эмгегинде иденттүүлүккө заманбап цивилизациялык мамиленин пайдубалын түптөп, азыркы цивилизациялык иденттүүлүктүн сегиз бутагынын бирин исламдык өзгөчө мусулман цивилизациясы катары кароону сунуш кылган [294, 102-б.]. Цивилизация деңгээлиндеги иденттүүлүк барган сайын маанилүү болуп, дүйнө жүзү негизинен жети же сегиз негизги цивилизациянын өз ара аракеттенүүсү менен калыптанат деген. Адамдын идентификациясы көп факторлуу экендиги

белгилүү. Адамдын инсандыгын калыптандырууда теориялык жактан эки негизги ыкма бар. Биринчиси – коомдун көз карашынан алганда адамдын инсандыгын аныктоо үчүн маанилүү болгон факторлорду тандоо жана аныктоо, алар оң да, терс да болушу мүмкүн. Экинчи ыкма адамдын жеке инсандын көз карашынан алганда  идентификация адамдын бүткүл жашоосунун жүрүшүндө калыптанат, сакталат, өнүгөт жана көптөгөн факторлорго көз каранды. Бул түшүнүк көптөн бери ар кандай окумуштуулар тарабынан изилденип келет. Бул анын татаалдыгын жана көп аспектисин аныктоого мүмкүндүк берди. Бирок, учурда илимдин бардык талаптарын канааттандырган универсалдуу аныктама жок. Идентификация процессиндеги адам үчүн аны башкалардын, анын ичинде ата-энесинин, тууганларынын, досторунун,  тели-теңтуштарынын жана мамлекеттин  уңгусун, жашоо саясатын түшүнүүсү маанилүү. Инсандын жана анын айланасындагы адамдардын катташуусу, аралашуусу, кызматташуусу жана органикалык биримдиги негизинен адамдын позитивдүү инсандыгын алдын ала аныктайт. М. Вебер, Э. Дюркгейм, О.Шпенглер, П. Сорокин,  социалдык иденттүүлүктү цивилизациялык алкакта изилдеген [75, 130-б.; 76, 240-б.; 118, 211-б.; 119, 30-б.;  120, 106-б.; 313, 312-б.; 257, 96-б.].  Андан ары  адам баласынын тарыхында социалдык иденттүүлүктүн калыптанышын психоаналитикалык жактан изилдөөдө өзгөчө кызыктуу теориялар негизделген. Маселен: З. Фрейддин төмөндөгү иштеринде биринчи жолу  иденттүүлүк түшүнүгүн кездештирсе болот, “Түш жорумасы” орус тилинде  “Толкование сновидений” жана “Топтун психологиясы жана эго анализи”,  орус тилинде “Групповая психология и анализ эго”.  Идентификация концепциясы боюнча бир субъектин,  өзүн башка субъект менен аң-сезимсиз идентификациялоосун түшүнгөн жана аны  менен бирге баланын башка адамдардын жүрүм-турум үлгүлөрүн өздөштүрүү механизми, супер-эго калыптанышы деп эсептеген. З. Фрейд 1914-жылы “Группалык (топтук) психология жана эго анализи” аттуу эмгегин жазгандан кийин, идентификация түшүнүгүнө кененирээк маани берип, аны бала менен ата-эненин ортосундагы аң-сезимсиз байланыш катары гана эмес, негизинен эмоционалдык мүнөзгө ээ болгон байланыш катары аныктаган.

3.Фрейддин теориялык көз караштарынын позициясынан алганда адамдык мамилелердин деңгээли экендиги толук түшүнүктүү. Анын көз карашы боюнча, “өз тобуна болгон сүйүүнүн жана башкаларга карата агрессиянын негизин бала кездеги амбиваленттүү эмоционалдык мамилелер түзөт, ал кийинчерээк социалдык өз ара аракеттенүү чөйрөсүнө өтөт” [303 б.71-138]. Социалдык иденттүүлүк түшүнүгү негизинен топтор аралык мамилелердин нередукционисттик эмес психологиясын түзүү үчүн иштелип чыккан. Социалдык иденттүүлүк-инсандын өзүнүн конкреттүү социалдык топторго таандык экендигин, эмоциясы жана бул мүчөлүктүн инсандын өзү үчүн баалуулук мааниси менен бирге билүүсү, сезүүсү болуп саналат. Башка сөз менен айтканда, түшүнүк үч компонентти камтыйт: **когнитивдик** - топко таандык экендигин билүү, **баалуулук** - бул фактыны оң же терс баалоо, **эмоционалдык** - таандык болуу фактынын тажрыйбасы жана аны баалоо, жактыруу, сүйүү же жек көрүү [328, 50-б.]. Бул учурда, топтун пайда болушунун сөзсүз психологиялык шарты топтун мүчөлөрүндө бул компоненттердин профилдеринин дал келүүсүнүн жана бирдейлигинин жогорку деңгээли болуп саналат. Топтун калыптануу процессин жана топтор аралык мамилелердин өзгөчөлүктөрүн сүрөттөөгө жана түшүндүрүүгө мүмкүндүк берген социалдык иденттүүлүк теориясынын негизги элементтерин “социалдык категориялоо”, “социалдык салыштыруу”, жана “социалдык түзүлүш” категориялары жана үстөмдүк - баш ийүү мамилелери түзөт. Социалдык категориялоо - бул индивид үчүн маанилүү критерийлер боюнча (анын иш-аракеттеринин, ниеттеринин жана орнотууларынын тутумунда) окшоштукка ээ болгон топторго “категорияларга” бөлүштүрүү жолу менен социалдык объектилерди жана кубулуштарды иретке келтирүүнүн жана топтоонун когнитивдик процесси. Топтор аралык мамилелерде социалдык категориялоо индивиддин курчап турган чындыкты классификациялоонун өзгөчө учуру болуп саналат. Категориялоо процессинин натыйжасы бул, өзүн-өзү аныктоонун, инсандын өзүнүн “социалдык жүзүн” орнотуунун натыйжасы, өзүн кайсы топко иденттештирүүсү, кошуусу болуп саналат. Социалдык категориялоо жана өзүн-өзү аныктоо социалдык

салыштыруу процесси менен коштолот. Социалдык салыштыруу бул, социалдык топтордун сапаттык белгилерин бири-бири менен байланыштыруу процесси, натыйжада алардын ортосундагы айырмачылыктарды орнотуу, башкача айтканда, топтор аралык дифференциация, классификация, типология жүргүзүү. Топтун ар кандай мүнөздөмөлөрү (статусу, экономикалык абалы, жөндөмү ж.б.) көпчүлүк учурда башка топтор менен баалуулуктарды салыштырууда өтө чоң мааниге ээ болот.

Жалпысынан, социалдык топту салыштыруу жобосу Леон Фестингердин социалдык салыштыруу теориясы жана когнитивдик дисонансс теориясына таянат [34, 40-б.]. Бул теорияда салыштыруунун негизги принциптери индивиддин өзүн - өзүнө окшош адамдар менен же андан бир аз жакшыраак адамдар менен салыштыруу тенденциясы бар экендигин айткан. Муну менен, айырмалоо процесси көбүнчө жалпы социалдык мааниге ээ болгон же алардын тобу үчүн маанилүү болгон параметрлер боюнча жүрөт, айрыкча ал үчүн “стереотиптик” салыштырмалоо десек түшунүктүү болот. Негизинен, категориялоо процесси айырмалоочу белгилерди баса белгилейт, ал эми социалдык салыштыруу процесси жана позитивдүү иденттүүлүккө болгон муктаждык топтор аралык айырмачылыктарды өз тобунун пайдасына тандап бөлүп көрсөтүүнү камсыз кылат жана жүзөгө ашырат. Ошону менен бирге, Леон Фестингердин социалдык салыштыруу теориясынын жоболорун топтор аралык мамилелерге экстраполяциялоо, салыштырмалуу туруктуу шарттарда кээ бир топтордун ортосунда окшоштуктарды анализдегенде мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек. Бул теориянын негизинде коомдогу ар кандай социалдык чыңалууда жана чыр-чатакта, белгилүү бир топтун аң-сезиминде башка топторго салыштырмалуу өз позициясынын коргоп, туура деп түшүнүп, ал эми башка топтордун ой-толгоосун, адилетсиз жана мыйзамсыз деп кабыл албайт. Фестингердин теориясы карама-каршы салыштыруу деп, анда социалдык идентификация (иденттүүлүк) негизинен карама-каршы топтор менен салыштыруу аркылуу пайда болоорун аныктайт. Ошентип, Тэджфелдин эмгектеринде социалдык салыштыруу түшүнүгү кеңири мааниге ээ [258, 8-б.].

Демек, иденттүүлүк, социалдык идентификациялоо, аныктоо, түшүнүгү алгач Э.Эриксондун "Балалык жана коом"аттуу белгилүү эмгегинде кеңири жана фундаменталдык түрдө келтирилген, изилденип чыккан. Негизинен, бул концепцияны илимий жактан иштеп чыгууда анын структуралык жана динамикалык мүнөздөмөлөрү боюнча өзгөчө жаңы ой - толгоолор бар. Ошентип, Эриксон социалдык иденттүүлүктү инсандын өзүнүн жашоо дооруна, тарыхына чектелген сезими катары жана бул доорго мүнөздүү инсандар аралык өз ара аракеттенүүнүн түрү деп түшүнгөн. Андан кийин бул көйгөйдү изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү, тигил же бул жол менен башка бир концепциялар менен байланышта изилдеп чыгышкан. "Өспүрүм кезде күтүлбөгөн жерден пайда болгон иденттүүлүк балалык этаптардын ортосунда көпүрө куруп, дене-бой (the bodily self) жана ата-энелердин образдарына, алардын маданий жүрүм-турумдарына ылайыкталышып, бойго жетүү этаптары менен байланыштырат, анда көптөгөн социалдык ролдор инсан аркылуу кабылданып, адамдын коомго болгон калыптанышы, социалдашуусунун негизин түзөт [196, 68-б.]. Алгач баланын коомдо инсандык багыттагы айрым кадамдарынын калыптанышы, андан кийин маданият аркалуу социалдашуусун изилдеп, ал процесстерде дайыма айрым тоскоолдуктардын пайда болушу табигый процесс экендигин белгилейбиз. Ал идентификацияны, иденттүүлүктү жалпысынан "жашоо тажрыйбасын жеке адамга уюштуруу" процесси катары түшүнөбүз, ошол эле учурда табигый түрдө адамды өмүр бою коштоп жүрүүчү процесс экендиги бардык концепцияларда кездешет. Бул инсандык структуранын негизги функциясы сөздүн кеңири маанисинде алганда, адам коомдо дайыма ар турдүү кубулуш, өзгөрүштөргө адаптация болуп калыптанып, ыңгайлашып турат. Эриксондун айтымында, идентификациянын калыптануу жана өнүгүү процесси "адамдын тажрыйбасынын бүтүндүгүн жана индивидуалдуулугун коргойт жана ага ички жана тышкы коркунучтарды алдын-ала билүүгө жана алардын жөндөмдөрүн коом тарабынан берилген социалдык мүмкүнчүлүктөргө шайкеш келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет" [318, 315-б.; 319, 210-б.; 338, 336-б.; 339, 348-б.]. Андан тышкары, биздин оюбузча социалдык

иденттүүлүк инсанды өнүктүрүүдө белгилүү бир “уюштуруучу”, “жетектөөчү” функцияга ээ, адам үчүн психосоциалдык өнүгүүнүн баскычтарын кароодо негиз болуп саналат. Эриксон социалдык иденттүүлүктү көп деңгээлдүү түзүлүшкө ээ болгон татаал инсандык билим катары аныктайт. Бул адамдын табиятын талдоонун үч негизги деңгээлине байланыштуу: индивидуалдык, инсандык жана социалдык.

Негизинен, биринчи, жеке талдоо деңгээлинде иденттүүлүк – бул адамдын өзүн тигил же бул топко кириши, кошулушу. Ошол эле учурда тигил же бул физикалык мүнөздөмөгө ээ, өзгөчө кулк мүнөзгө, коомдо, жашоого болгон умтулуусу, ошондой эле жашоодогу баалуулуктары менен аныкталат.

Экинчи, инсандык, көз караштан алганда, идентүүлүк адамдын өзүнүн өзгөчөлүгүнүн, өзүнүн турмуштук тажрыйбасынын башкалардан айырмаланышын, өзүнүн кайталангыс адамдык сапаттары, же окшоштуктарын аңдап сезүү менен аныкталат. Эриксон бул инсандык түзүлүштү негизинен адамдын ички, жашыруун сезиминин иштешинин натыйжасы катары, “Эго-синтез”, интеграциянын бир түрү катары аныктайт. Иденттүүлүктүн бул элементи “бардык иденттүүлүктөрдүн интеграциясы менен, иш-аракеттерде алынган акыл-эс жөндөмдөрү менен жана социалдык ролдор сунуш кылган жагымдуу мүмкүнчүлүктөр менен жеке аң-сезимдүү тажрыйбасы” катары аныктайт .

Ошентип, иденттүүлүктүн өнүгүшү үч процесстин - биологиялык, социалдык жана “Эго” процесстеринин өз ара аракети катары жүрөт. “Эго” негизги функцияны аткарат, ал биринчи жана экинчи процесстерди бириктирет. “Эго” – бул адамдын ички тартиби, ички чөйрөсү, ички дүйнөсү бирок ошол эле учурда тышкы тартипке көз каранды болгон жеке адамдын жүрүм-турум тартиби же ички институту. Жеке адам өзүнүн жашоо-турмушунда биологиялык же социалдык өзгөрүүлөргө тыгыз көз каранды. Эго процесси-бул жеке адам өзүнүн сапаты, түбөлүктүгү жана башкалар үчүн актуалдуулугу менен өзүн индивидуалдуулук (индивид) катары тастыктаган уюштуруу принциби деп түшүнөбүз.

Негизинен, адам баласынын айлана чөйрөсүндөгү инсандардын өзүн-өзү аныктоонун фундаменталдык көйгөйлөрүн изилдөөдө психология жана социология алардын өзгөчө тармактарын бөлүп көрсөтөт. Психология, биринчиден, идентификациялоо (иденттештирүү) процессинин психикалык механизмдерин изилдөө чөйрөсүндө негизделет жана экинчиден, инсандын өзүн-өзү аныктоодон баштап жана адеп-ахлактык "мейкиндикте" өзүн-өзү аныктоо менен чектелет. Социология илиминин алкагында болсо социалдык топторду, жамааттардын жүрүм-турумдарын, жашоого болгон көз караштарын, баалуулуктарын изилдейт жана көп түрдүү топтордогу индивиддерди өзүн-өзү аныктоонун социалдык механизмине кызыгат, аныктайт.

Диссертациялык эмгекте, социологиялык жана социалдык психологиялык ыкмаларды колдонуп, инсанды социалдык (бул учурда топтук, "социалдык") идентификациялоо, иденттештирүү процесстеринин карайбыз. Азыркы учурда көптөгөн адамдардын социалдык идентификациясы (иденттешүүсү) бузулуп жатат деп көп айтылууда. Адам өзүн кайсы бир социалдык топко таандык экендигин, мамлекеттик же жеке сектордун кызматкери, мамлекеттик кызматкер же жеке ишкер, орус же кыргыз жараны, кедей же бай экендигин аныкташы керек. Албетте, заманбап коомдогу социалдык идентификациянын, инсандын иденттешүүсүнүн бузулушу, көптөгөн карама-каршылыктардын пайда болушу, көптөгөн адамдар үчүн чыныгы трагедия болуп, кайчылаш жүрүм-турумдардын пайда болушун негиздеп жатат. Ошол эле учурда социалдык иденттүүлүктүн жалпы механизмдерин изилдөө үчүн уникалдуу көптөгөн практикалык мисалдар пайда болууда. Адамдын социалдык мүнөзү ал социумга (жамаатка) кошулууну жана ошону менен бирге коомдон индивидуалдуулук катары саналганга умтулат. Социалдык иденттүүлүк - бул чакан топ, класс, үй-бүлө, аймактык жалпылык, профессионалдык, этно-улуттук топ, эл, коомдук кыймыл, мамлекет, жалпы адамзат сыяктуу ар кандай социалдык жамааттарга таандык экендигин билүү, сезүү, тажрыйбасынын туундусу. Конкреттүү коомдо адамдар кандайдыр бир социалдык жамаатка таандык болуу сезими маанилүү жана ошондой эле психологиялык функцияларды аткарууга багытталган жеке

адамдын социалдык топко баш ийүүсүн камсыз кылуу, ошону менен бирге, топтук коргоону жана өзүн-өзү баалоо, өзүн ошол топто эркин сезүүсү. Джеймс Э. Марсия клиникалык психолог катары социалдык иденттүүлүктү ар кандай коомдук түзүлүштүн, муктаждыктардын, жөндөмдөрдүн, ишенимдердин жана жеке тарыхтын ички, өзүн-өзү жараткан динамикалык уюштурулушун түшүнгөн [336, 3-21-б.]. Анын изилдөөлөрүндө иденттүүлүк жеке ой жүгүртүүнүн негизги компоненттеринин бири катары субъектин кийинки өзүн-өзү турмушта жүзөгө ашыруусуна байланыштуу ой тутуму, аң-сезими, ой-толгоосу катары каралат. Ал иденттүүлүк статустары индивид тарабынан өзүн коомго интеграциялоонун бирдиктүү көйгөйүн чечүүчү фактор катары кабылдап жалпысынан иденттүүлүктү төрткө бөлөт: диффузиялык иденттүүлүк, алдын-ала чечилген идентификация, мораторий, жетишилген идентификация. Диффузиялык иденттүүлүк (өзүн-өзү таануунун диффузиясы, жетишсиздиги, адамдын бейнесинин туруксуздугу, инсандыктын интеграциясынын жетишсиздиги, адамдын өзүн-өзү кабыл алууда өз өмүр баянынын бүтүндүгү, ички дүйнөнүн ирээттүүлүгүнүн жана ырааттуулугунун жоктугу (өз инсандыгын сүрөттөөдөгү кыйынчылыктар жана боштуктар) менен мүнөздөлөт. Мындай адамдардын коомдогу адаптацияланышынын татаалдыгы белгисиздик менен коштолот.

Жетишилген идентификация бул, социумга өзүн-өзү интеграциялоо маселесин чечүүнүн вариантын билдирет, анда инсан ар кандай милдеттенмелерди кабыл ала электе, ал тандоо варианттарын изилдөө кризисинен өткөн, демек, бул инсандык статус жетилген дегенди түшүндүрөт. Инсандык мораторий-бул социумга өзүн-өзү интеграциялоо маселесин чечүү варианты, анда жеке адам дагы өз тандоолорун бүтө элек, адам өзүн аңдоо, изилдөө кризисине туш болуп турган процесс. Алдын-ала чечилген иденттүүлүк кризиске кабылбастан жана тандоо варианттарын изилдебестен (ага чейин же андан тышкары) белгилүү бир социалдык милдеттенмелерди өзүнө алган социумга өзүн-өзү интеграциялоо маселесин чечүүнүн вариантын билдирет. Бүгүнкү күндө социалдык жана инсандык иденттүүлүк бири-бирин толуктап турат, карама-каршы келбеген компоненттер жана инсандык көйгөйдү

психоаналитикалык изилдөөлөрдүн кадыр-баркы төмөнкүдөй жалпыланат: биринчиден, салттуу психоанализге салыштырмалуу идентификацияны өнүктүрүүдө айлана-чөйрөнүн жана социумдун маанилүү ролун белгилөө; экинчиден, идентификациянын структуралык элементтери (баалуулук багыттары, жөндөмдөрү, ишенимдери, көйгөйлөрдү чечүүнүн жүрүм-турум үлгүлөрү ж. б.); үчүнчүдөн, тажрыйбага, ошондой эле инсандык кризиске жана маанилүү максаттарга жараша ар кандай инсандык статусту элестетүү. Андан ары келсек, социалдык категориялоо, Г. Тэджфелдин айтымында ар кандай топтордо, группаларда өзүнчө бир фавориттердин болушу мүмкүн, жеке адам өзү фаворит туткан адамга окшош болууну каалайт, эңсейт, далалаттанат [366, 250-б.]. Андай адамдардын жүрүм-турумдарын жактырган топтун мүчөлөрү социалдык өз ара аракеттенүүдө туураган, кайталаган, колдонгон, башкача айтканда адамга өзүнүн иш-аракеттерине жетекчилик катары “социалдык чөйрөнүн себептик түшүнүгүн түзүүгө” мүмкүндүк берет жана “коомдогу ордун түзүү жана аныктоо менен өзүн-өзү баалоо үчүн эталондук тутумду” камсыз кылат...” [366, 312-б.]. Биринчиден, жеке “мен” жана социалдык контексттин мазмунун жана алардын ортосундагы байланышты чагылдырган категориялар, кандайдыр бир деңгээлде тастыкталган инсандын өзү жөнүндө түшүнүгү, анын келип чыгышы анын социалдык топторго мүчөлүгү жөнүндө билими менен шартталат, бул мүчөлүккө берилген баалуулук жана эмоционалдык маани категориялоо процессинин натыйжасында идентификация деп аталышы керек. Андан кийин, адамдын өзүн - өзү кабылдоосу, уникалдуу инсандык мүнөздөмөлөр жагынан өзүн-өзү аңдап (инсандык идентификация), экинчи жагынан, тигил же бул социалдык категорияга (социалдык иденттүүлүккө) таандык болуу жагынан өзүн-өзү аныктоо болуп эсептелет. Социологдордун, социалдык иденттүүлүк түшүнүгүн илимий изилдөө менен улантууда, неофреидизмдин жолун жолдоп, өз эмгектеринде түздөн-түз социалдык иденттүүлүк темаларын чечкен Э.Фроммдун иштерин карасак болот. Э. Фромм тоталитардык системалардын адамдын инсандыгына тийгизген таасирин изилдөөгө арналган эмгектеринде идентификация түшүнүгүнө биринчи шилтеме

"Эркиндиктен качуу" "Бегство от свободы" китебинде берилген. Анда автор белгилүү бир инсандыктын пайда болушунун ар кандай мотивдерин илимий жактан сүрөттөйт [283, 268-б.; 284, 338-б.]. Заманбап адамдын жүрүм-турумунун кыймылдаткыч мотивдеринин бири, ал адамдын өзүн социалдык нормалар, баалуулуктар, стандарттар менен аныктоосу, канааттандырылган жалгыздыктан алыс болуу зарылдыгын эсептеген [283, 210-б.]. Э. Фромм социалдык иденттүүлүктү жеке инсандыктын карама-каршысы катары карайт, ал өз кезегинде адамды индивидуалдаштыруу процессинде пайда болот дейт. Идентификация - бул динамикалык түзүлүш, ал адамдын бүт жашоосунун жүрүшүндө өнүгөт. Идентификация өзүнүн келип чыгыш жаратылышы боюнча социалдык болуп саналат, ал инсандын башка адамдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн жана социалдык өз карым-катнаш процессинде иштелип чыккан тажрыйбанын өздөштүрүлүшүнүн натыйжасында пайда болот. Идентификациянын өзгөрүшү адамдын социалдык чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөргө да байланыштуу. Социалдык идентификацияны калыптандыруу Э.Гоффманды стигманын контекстиндеги идентификацияны изилдөөсүндө төмөндөгүчө ойлорду айткан, башка окумуштуулардай эле ал дагы идентификациянын үч түрүн аныктаган: социалдык, жеке, мен-инсандык. Гофмандын айлана-чөйрөгө таасир этүү жолдору жөнүндө идеяны өнүктүрүүгө кошкон салымы кызыктуу. Айлана-чөйрө көнүмүш, "кадимки" кырдаалдардын өзгөрүлүп жаткан дүйнөсү, анда адам өзүн үйдө же болбосо өзүнүн жеке мейкиндигинде эркин сезет. Курчап турган дүйнө онтологиялык коопсуздукту, ишенимди иштеп чыгуунун негизи болуп саналат, ансыз идентификация мүмкүн эмес [98, 169-б.]. Ар бир индивид мейкиндиктин жана убакыттын күнүмдүк агымында, жашоо циклинде, институционалдык убакыт агымында, социалдык институттардын жеке структурасынан жогору турат. Ар кандай көптөгөн социалдык идентификацияларга байланыштуу, алардан көз каранды экендигин далилдейт. Идентификация мейкиндикти жана убакытты "колониялаштырууга", башкача айтканда, аларды башкаруу, кырдаалды чагылдыруу жана чечүү жөндөмүнө жараша болот [86, 41-б.]. Э.Гоффман жана Г. Гарфинкель "локалдуулук" деген

түшүнүк киргизишет, башкача айтканда, социалдык өз ара аракеттенүү, белгилүү чек араларга ээ жана өз ара аракеттенүүнү белгилүү бир багытта топтоого жардам берген физикалык аймактын негизинде жүрүүчү процесс. Ошентип, этнометодологияда социалдык жашоо "өзүнүн маңызы боюнча рефлексивдүү" экендигин далилдеген. Коомдун мүчөлөрү иштин жана кырдаалдын аспектилерин болжолдонгон үлгүлөр менен дайыма байланыштырып турушат жана бул үлгүлөрдүн бар экендигин алардын көрүнүштөрүнүн өзгөчө учурларына кайрылуу менен тастыкташат. И. Гофман "идентификация саясаты"[233, 134-б.], түшүнүгүн киргизет, башкача айтканда, адамдын өзү жөнүндө социалдык чөйрөдө пайда болгон маалыматка тийгизген таасири. Бул саясатты ишке ашыруучу ар кандай ыкмалар бар: качуу техникасы, компенсация техникасы (өзү жөнүндө пикирди бурмалоо), аныктоо техникасы (иденттүүлүк белгилерин өзгөртүү). И.Гофман, интеракционизмдин теориялык нугунда, иш-аракеттердин мазмунуна эмес, социалдык тутумдагы иш аракеттердин ролуна эмес, өзүн-өзү көрсөтүү жана өзү жөнүндө таасир жаратуу техникасына көңүл бурганга чакырган. Адамдын коом менен жана ошондой эле башка инсандар менен болгон мамилесине кайрылып, адамдардын күнүмдүк жашоосунда - башкалардын жана коомдун алдында адам өз инсандыгын сактоого кандайча аракет жасайт ошол көрүнүштөрдү изилдейт.

Социалдык иденттүүлүк феноменологиялык социологиянын түшүнүгү менен алганда, адамдын жеке тандоосунун натыйжасы эмес, социалдык тартиптин туундусу катары адамдын жүрүм-туруму болуп саналат. Бирок, социалдык иденттүүлүк инсандын структуралык сапаттарын (коомдогу позициядан келип чыккан) жана инсандык касиеттерин камтыйт. И. Гофман идентификациянын үч түрүн аныктайт: 1) социалдык иденттүүлүк башкача айтканда адам таандык болгон социалдык топтун атрибуттарынын негизинде инсанды башкалар тарабынан типтештирүү; 2) жеке иденттүүлүк же болбосо инсандык касиеттер, адамдын жеке белгилери; 3) мен башкача айтканда иденттүүлүк, жеке адамдын өзүнүн турмуштук кырдаалын, өзүнүн өзгөчөлүгүн башкалардан айырмаланышын субъективдүү сезүү. И. Гофмандын айтуусу

боюнча адамдар социалдык чөйрөгө жайылтылган өзү жөнүндө маалыматка тийгизген таасирин "инсандык саясат" деп аталат, инсан өзүн кабылдоодо же болбосо өзүн башкаларга пропогандалоодо, түшүндүрүүдө ар кандай ыкмаларды колдонот, аларды санап өтсөк: реалдуулуктан качуу техникасы, компенсация техникасы деп атаган [233, 120-б.]. Андан ары О.Шпенглер маданияттардын салыштырма анализи анын негизги илимий идеясы: ар бир маданият өнүгүү фазаларынын бирдей ырааттуулугунан өтөт жана ар бир фазанын негизги белгилери бардык маданияттарда бирдей өнүгөт, бардык маданияттар узактыгы (болжол менен 1000 жыл жашайт) жана өнүгүү темпи боюнча окшош, бир маданиятка тиешелүү тарыхый окуялар башка бир маданияттардын өнүгүшүндө кайталанат. Ар бир маданият, өзүнүн ички чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн түгөтүп, өлүп, цивилизация фазасына өтөт ("цивилизация", Шпенглердин айтымында, кризистин аягы, ар кандай маданияттын өнүп - өсүп, жоголуп кетүү процесстерин камтыйт). Ошол сыяктуу эле жеке адам, коом өзүнүн жашоосунда жаралат, өсөт, өнүгөт, өлөт ал эми идентификация процесси адамды өмүр бою коштоп жүрүүчү процесс[312, 262-б.; 313, 55-б.].

Питерим Сорокин: "маданияттын, инсандын жана коомдун үчилтик көйгөйлөрүн изилдеп жатып, белгилүү бир билимди, баалуулуктарды жана ченемдерди жаратуучу, алып жүрүүчү жана колдонуучу катары инсандын коом менен өз ара аракеттенүүсүнөн, активдүү карым-катнашынан баалуулуктар калыптанат" деген [257, 186-б.]. А. Тойнбинин теориялык мурастарында иденттүүлүк түшүнүгү цивилизация кубулушунун маңызын негизинде изилденген жана анын табиятын түшүнүүдө маданий, тарыхый парадигманын өкүлү катары өзгөчө аныктамаларды берген. Негизинен, Тойнби, Тоффлер Шпенглер, Хаберманс, Хантингтон диний маданияттын адамдын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруудагы негизги ролун баса белгилешкен. Алар цивилизациялар, маданияттын белгилүү архетиптерин түзгөн адамзат жамааттарынын түрлөрү деп ырасташат, ошондуктан алардын келип чыгышы диний аң-сезимдин жана маданияттын белгилүү бир түрүнө же өз "дүйнөсүнө"

ээ [268, 254-б.; 270, 316-б.; 292, 160-б.; 294, 312-б.]. Ошентип, Хантингтон цивилизацияга анын жайылышынын табигый чектерине чейин жашаган маданият ("эң жогорку деңгээлдеги маданий жалпылык", "адамдардын маданий иденттүүлүгүнүн эң кеңири деңгээли"), анда, цивилизация деп өз мекенинин тарыхын изилдөөгө аракет кылган адам кайрылган тарыхый материалдардын жыйындысын билдирет. Дал ушул чектер убакыт, мейкиндик, маданият аркылуу илимий изилдөө үчүн акылдуу (акылга сыярлык) бирдик ойлоп мындай дейт: эгерде, сиз, Грециядан жана Сербиядан алардын тарыхын түшүнүүгө аракет кылып жатсаңыз, анда сиз православдык христианчылыкка же Византия дүйнөсүнө келесиз. Тойнби дүйнөлүк тарыхты шарттуу түрдө бөлүнгөн цивилизациялардын системасы катары караган, алар төрөлгөндөн өлгөнгө чейин бирдей фазалардан өтүп, "бир тарых дарагынын" бутагын түзгөн. Цивилизация, Тойнбинин айтымында, эки негизги критерийдин жардамы менен мүнөздөлгөн жабык коом, дин жана анын уюштуруу формасы, аймактык өзгөчөлүк, географиялык айырма, деген түшүнүктөр менен цивилизациялык иденттүүлүктү изилдеген [268, 236-б.]. Тарыхты өзүнчө, локалдуу цивилизацияларга бөлүү менен Тойнби муну менен бирге дүйнөлүк тарыхтын биримдиги идеясын калыбына келтирүүгө аракет кылып, бул биримдикке диний маани берет. Айрым цивилизациялар аркылуу тарых алгачкы коомдордон баштап, жогорку классикалык диндерди пайда кылган цивилизацияларга чейин белгилейт. Тойнбинин концепциясы анын маңызынын улуулугу, күчтүүлүгү, кенендиги менен таң калтырат - бүт адамзат тарыхын камтуу жана анын жүрүшүндө пайда болгон бардык цивилизацияларды сүрөттөө менен изилдөө жүргүзгөн. Айрым цивилизацияларга жана аларды салыштырууга байланыштуу деталдарга жана ишенимдүү байкоолорго өтө бай, концепция дүйнөлүк диндерди даңазалоо жана тарых кыймылдагы Кудайдын жаратуучу күчү деп айтуу менен аяктайт.

Мейкиндикти жана убакытты "колониялаштыруу", башкача айтканда, аларды башкара билүү, кырдаалды чагылдыруу жана чечүү (И. Гоффман, Г. Гарфинкель). Эгер сиз Марокко же Афганистан менен таанышкыңыз келсе,

сөзсүз түрдө, ислам дүйнөсүнө кайрыласыз. Чындыгында, бир бөлүктү түшүнүү үчүн, баарынан мурда, бүт нерсеге системалуу көңүл бурушубуз керек, анткени бул бүтүндөй изилдөө талаасына таандык метод деп эсептешкен [86, 67-б.].

Бул бөлүмдү жыйынтыктоодо, иденттүүлүк – бул динамикалык, туруктуу билим берүү, калыптануу, трансформация, ынандыруу, тарбиялоо, социалдашуу процесси экенин аныктоого болот. Идентификацияга ээ болуу конкреттүү кырдаалга карабастан, өзүнүн өзгөрүлбөстүгүн, өткөн, азыркы жана келечектин ортосундагы үзгүлтүксүздүктү, өз ара байланыштардын ортосундагы көпүрө жана ошол үзгүлтүксүздүктү башка адамдар тарабынан таанууну экенин билдирет. Идентификация адамдын өмүр бою өнүгүп, калыптанган процесси. Бул процесс кризистерди, тобокелдиктери жеңүү аркылуу өтөт, ал прогрессивдүү жана регрессивдүү, деструктивдүү багытта жүрүшү мүмкүн. Идентификациянын өзгөрүшү көбүнчө коомдогу өзгөрүүлөргө байланыштуу, анда айрым баалуулуктар тарыхка тереңирээк кирип, башка баалуулуктар коомдо актуалдуу боло баштайт. Дагы бир жолу баса белгилеп кетсек, теориялык, тарыхый жактан алганда, социалдык иденттүүлүк - бул адамдын инсандыгынын көп деңгээлдүү, көп тармактуу татаал структурасына ээ болгон көп кырдуу инсандык билим. Социалдык иденттүүлүк адамдын социалдык идеалдарга жана стандарттарга, белгилүү бир маданияттын баалуулуктарына болгон ички тилектештигин билдирет. Андан тышкары, бүгүнкү күндө инсандык жана социалдык иденттүүлүктүн катышы маселеси дагы деле ачык бойдон калууда, анткени социалдык иденттүүлүк интегративдик билим берүүнүн ролун ойнойт, бул адамдын өзүн индивидуалдуулук жана өзүн социумдун мүчөсү катары кабылдоосун бирдиктүү картинага бириктирүүгө мүмкүндүк берет. Социалдык иденттүүлүк макросоциалдык деңгээлде да эбегейсиз зор роль ойнойт, ал интегралдык система катары коомдун иштешинин жана туруктуулугунун сакталышынын негизин түзөт: социалдык иденттүүлүк аркылуу коом инсандарды социалдык байланыштарга жана мамилелерге “аралаштырат”, “байланыштырат”. XXI кылымдын башында Кыргыз коому белгисиздик жана туруксуздук стадиясында болуп, социалдык иденттүүлүк

механизмдеринин кризиси менен жүрүүдө. Психологдордун көз карашында жеке инсандык теориясы “социалдык иденттүүлуктү инсандын деңгээлинде өзүн - өзү аныктоонун аспектилерин карайт дагы бул, талдоо максаттарды, баалуулуктарды жана ишенимдерди, диний жана руханий аң-сезимдерди, жүрүм-турум нормаларын жана чечимдерди кабыл алуу, өзүн-өзү баалоо жана каалаган же каалабаган келечектеги абал деп аныктайт. Ал эми социологияда тескерисинче, коомдук түзүлүштөрдүн деңгээлин талдайт, индивид коомдук жандык, демек, иденттүүлүк - бул жамааттык нерселердин, жүрүм-турумдардын, маданияттын жыйындысы. Топтун бир бөлүгү болуу топтун нормаларын, ишенимдерин жана баалуулуктарын бөлүшүүнү билдирет. Ошентип, жамааттык иденттүүлүктүн теориялык конструкциялары “топтун ичиндеги жамааттык процесстер жеке адамдардын жүрүм-турумун кантип өзгөртө аларына көңүл бурат” [153, 577-б.]. Социалдык иденттүүлүк “өздүк” түшүнүгү деп айтууга болот. Таанып билүү парадигмасынын алкагында өнүгүп, кайсы көп түрдүүлүктү, белгисиздикти, көптүктү тааныйт жана ошондой эле тарыхый мезгилдер, туруксуздук жана кайра куруу зарылдыгы, өткөндү, азыркыны жана келечекти түшүнүүгө негизделген моделдер деп түшүнөт. Бул принциптер жашоонун жана таанып-билүүнүн шарттары болуп калат, демек, “идентификация”, “өздүк”, “өздүк кризиси” деген түшүнүктөрдүн негизинде илимий анализденет. Ушул маселелерге токтолуп, дагы бир жолу баса белгилеп кетүү керек деп ойлойбуз. Анткени Кыргызстан ошондой эле Борбордук Азия чөлкөмү менен Батыштын, Россиянын ортосунда мамиле жөнүндө ой жүгүртүү, Кыргызстан, Борбордук Азия жана Россия, Европа ортосунда өздүк илимий издөө, ааламдашуунун негизги оң терс жактарынын улутка, инсанга тийгизген таасирин иликтөө бүгүнкү социологиянын милдети. Бүгүн “Кыргызстан деген өлкө дүйнөлүк геосаясатта кандай орунда турат жана биз кимбиз?” деген суроо туулат. Ааламдашуу жана интенсивдүүлүк менен байланыштуу өзгөчө актуалдуу интеграциялык процесстер менен коштолгон дүйнөлүк өзгөрүүлөр, ааламдашуунун кесепеттери Кыргызстанга дагы тийүүдө. Бүгүнкү күндө изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, социалдык иденттүүлүк жана баалуулуктар

тыгыз байланышта болуп адамдын жүрүм-турумун жөнгө салат, инсандар аралык жана социалдык айырмачылыктарды сүрөттөөдө борбордук параметр болуп саналат. Биздин оюбузча, баалуулуктардын ролун мындай чечмелөө менен (кубулуштарды салыштыруу, жалпылоо, системалаштыруу процесстеринде адамдын иш-аракетинин булагы катары) экинчиси психологиялык жактан колдоонуунун маанилүү элементи болуп калат. Когнитивдик-мотивациялык мүнөзгө ээ болгон инсандык, өзүн-өзү сыйлоо жана позитивдүү өзүн-өзү түшүнүү, өзүн-өзү терс баалоодон качуу, өзүн-өзү коргоо жана өнүктүрүү, индивид өзүнүн баалуулугун сезүү үчүн бир топко таандык болуу сезими керек деп ырастаган. Демек, айрым чет элдик жана ата мекендик изилдөөчүлөр, атап айтканда, М.Хогг жана Д.Абрамс [328, 234-б.; 343, 203-б.; 344, 28-б.], Н.М. Лебедева [197, 49-б.] жана башкалар идентификация процесстери өзүн-өзү сыйлоо муктаждыгынан келип чыккан жана адамдын өзүн баалоосуна тыгыз байланышкан, өзгөрбөгөн процесс катары аныкташкан. Фурастье жана Хаберманстын теорияларына ылайык, инсандын өзүн оң же терс сапаттары бар адам катары сыпаттоосу, ошондой эле өз ара аракеттенүү өнөктөштөрүн тандап алуу тенденциясы өзүнүн инсандын жеке мүнөзүн тастыктайт. Адам өзүн-өзү баалоо, алдын ала билүү, туруктуулук жана контролдоо сезимин сактап калуу ынтызарлыгы, каалуусу негизинен социалдык иденттүүлүктүн өзөгү. Адамдын белгилүү бир этникалык өзгөчөлүккө ээ болушуна себеп болгон муктаждыктардын үч тобун аныктаган, атап айтканда: өзүн-өзү сыйлоо жана жеке кадыр-барк, коопсуздук жана коомдогу ордун камсыздоо [288, 13-б.; 289, 250-б.].

Демек, жыйынтыктап айтканда, идентификация өзгөрүлүп жаткан социалдык-маданий чындыктын борборунда турат, ошону менен бирге, социалдык иденттүүлүктүн калыптанышын, социомаданий динамиканын белгилүү вектору катары кароодо индивид, өзүн таанып, турмуштук жашоо-шартын куруп жана өзгөртүп, аларды тышкы дүйнөгө ылайыктап турууучу өзүн-өзү идентификациялоонун үзгүлтүксүз процесси деп түшүнсөк болот. Окумуштуулар социалдык иденттүүлүктү өзүнө жана тигил же бул

иденттүүлүктүн (этникалык же жарандык, конфессиялык же кесиптик, профессионалдык, диний) башка бир белгилерин коддоо, өздөштүрүү катары түшүнүшөт. Ал эми бул учурда социалдык иденттүүлүк туруктуу жана өзүм билемдик менен өзгөрүп туруучу категория катары эмес, инсандын аң-сезимдүү активдүүлүгүнүн натыйжасында же чөйрөнүн, белгилүү маданияттын агымындагы чыгармачыл инсандардын таасири астында өзгөргөн инсандык түшүнүктөрдүн, идеялардын, сапаттардын, нормалардын жана жүрүм-турумдардын, жыйындысы катары пайда болот. Жогоруда айтылгандай, социалдык иденттүүлүктүн калыптанышында таанып-билүү, баалоо жана жүрүм-турум компоненттери катышат. 1. Социалдык иденттүүлүк инсандын өзүн белгилүү, кайсы бир социалдык топтордун мүчөсү катары кабыл алуусунан келип чыккан образдын аспектилеринен турат. 2. Жеке адам өзүнүн кадыр-баркын, позитивдүү имиджин сактоого же жогорулатууга умтулат. 3. Социалдык топтор жана мүчөлүк коомдо болгон оң же терс баалоо менен байланыштуу, демек, социалдык иденттүүлүк оң жана терс болушу мүмкүн. 4. Жеке адамдын өз тобун баалоосу кээ бир башка топтор менен болгон мамилеси аркылуу аныкталат, баалуулук-маанилүү мүнөздөмөлөрдү социалдык салыштыруу аркылуу. Салыштыруунун натыйжасында өз тобуна оң баа берүү мүмкүн болгондуктан, анда топтун мүчөлөрү айырмалоого, өз тобун башкалардан бөлүүгө мүмкүнчүлүк алат.

## 1.2. Жаштар жөнүндөгү илимий теориялардын жана концепциялардын тарыхый анализи

Дүйнөлүк илимий адабияттарда жаштар жөнүндөгү теориялык салттын калыптанышында көпчүлүк изилдөөчүлөр “жаштар” феноменин комплекстүү, ар тараптуу изилдеп келет. Адамдын жаштык курагын изилдөө теорияларын түзүү дискреттүү (үзгүлтүктүү) процесс. Американын окумуштуу Г.Стэнли Холлдун жаштар теориясынын биринчи жолу системалуу түрдө 1904 -жылы “жаштар” жөнүндө эмгегинде жаш адамдын жаратылышын изилдөөдө илимдер аралык психология, антропология, социология, алкагында анализ жүргүзгөн

[298, 250-б.]. Андан кийин К. Гроостун "Өткөөл мезгилдин психологиясы" 1912-жылы, Ш. Бюлердин "жаштардын жан дүйнөсү" 1922-жылы, Э. Шпрангердики "жаштык психологиясы" 1924-жылы бул эмгектерде жаштардын физиологиялык, психологиялык, социалдык, демографиялык өзгөчөлүктөрү изилденген [315, 47-б.]. Кээ бир мезгилдерде жаштыктын феноменин теориялык түшүнүү активдүү болуп, жемиштүү концепцияларда, теорияларда ишке ашып келет, башка учурларда көрүнүктүү, фундаменталдуу эч нерсе байкалбайт, жаштыкты өзгөчө жашоо этап катары изилдөө теориялары стагнация менен мүнөздөлөт. Кээ бир теориялардын пайда болушуна сөзсүз түрдө практика түрткү болгон, тике утилитардык себеп менен байланышпайт жана көбүрөөк даражада илимий билимди концептуалдаштыруунун ички процесстери менен алдын ала аныкталат дегенди билдирет. Бирок, биз, жаштар жөнүндөгү теориялык билимдердин сапаттык секириктерин байкаганыбызда, коомдогу азыркы кырдаал менен байланышкан фундаменталдык концепциялар иштелип чыга элек. Жаштарды изилдөөнүн теорияларынын өнүгүшүндөгү эң көрүнүтүү жылыштар 1920-жылдан, 1960-жылга чейин, жана 1980-жылдарда болгондугу кокусунан эмес анткени бул учурлар реалдуулуктун жана илимий практиканын өзгөчө резонанстарынын мезгили [84, 212-б.; 143, 12-б.; 144, 42-б.; 175, 119-б.; 176, 102-б.; 202, 105-б.; 216]. 1920-жылдарда көптөгөн жаштар уюмдарынын, анын ичинде саясий жаштар союздарынын түзүлүп, өзгөчө коомдук топ катары жаштардын инсандыгын калыптандыруу мезгили болгон. Ошол эле учурда көптөгөн илимий долбоорлор пайда болуп, биринчи жолу жаштардын жөнүндөгү теориялык концепциялары кылдат иштелип чыккан. Ал эми 1960-жылдары жаштар социологиясында структуралык-функционалдык парадигманын алкагында жаштар арасындагы жаңы реалдуулуктарды түшүндүрө албаган кризистик мезгил болду десек туура болот. Натыйжада, теория чөйрөсүндөгү жаңы көтөрүлүш: жаштардын активдүүлүгү, "студенттер козголоңу", "муундардын кагылышуусу", "контрмаданият", "жаштар субмаданияттары" теорияларда концептуалдаштырылган. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү мамлекеттик жаштар саясатынын практикасы жаштардын

маанилүү, өзгөчө  касиеттери боюнча жаңы теориялык изденүүлөрдү жарата баштаган. Мындай изденүүлөр СССРде жана Европанын социалисттик өлкөлөрүндө өтө активдүү болгон.

Заманбап шарттарда жаштардын социалдык өзгөчөлүктөрү, коомдук табияты ар кандай теориялык анализдерге муктаж болуп келет, бирок ошону менен бирге жаштардын, биологиялык концепциялардын контекстинде изилдөө XX кылымга таандык. Америкалык изилдөөчүлөр Нил Хоу жана Уильям Стросс тарабынан негизделген муундар теориясы 1991-жылы “Муундар” (Поколение) китебинде сүрөттөгөндөй, муун бир хронологиялык тарыхый мезгилде, төрөлгөн адамдардын тобу катары аныкталат, ал адамдардын тобу башка башка хронологиялык мезгилде төрөлгөн адамдардардан дүйнө таанымы жана тажрыйбасы, жашоо баалуулуктары боюнча айырмаланат. Ар кандай муундар өздөрүнүн баалуулуктарына жараша ар кандай жашоо стратегияларын тандашат, ошол эле учурда ар кандай муундагы адамдар бири-бирин дайыма эле түшүнө бербейт [29, 290-б.].

Социологиялык теорияларда кийинки орунда тобокел түшүнүгү В. Блэк, Э.Гидденс, Е.Омельчеконун, Н. Лумандын ойлору, иликтөөлөрү тобокелдик теорияларынын таасири астында калыптанат [80, 29-б.; 89, 120-б.; 235, 448-б.]. Бул концепция жаштардын эң маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири катары тобокелдикти аныктайт, бул бир жагынан жашоо - турмушу үчүн белгилүү шарттарды түзөт, экинчи жагынан жаш муундун өз алдынча өнүгүүсүнө жана өз алдынча жашоосуна шарт түзөт. Ошентип, мисалга алсак: коом динамикалуу болгондуктан, коомдук жашоо дайыма эле стабилдүүлүктү камсыздап турбагандыктан адам баласы ар кандай тобокел кырдаалдарга туш болушат, ал эми жаштарды коомдон бөлүп кароого болбойт жана натыйжада ар кандай тобокелдерге коомдук өнүгүү бай. Өзүнүн социалдык өнүгүү процессинде жаштар өздөрү тобокелдик субъектисине айланат, ошондуктан бул концепция жаштарды (жаштык куракты) белгисиздикке байланышкан опурталдуу мезгил катары карайт. Жаштар социологиясында жаш муундун жашоо-турмушунун тобокелдигинин бирдиктүү концепциясы, социалдык-саясий изилдөөлөр Ю.А.

Зубоктун эмгектерине таандык [144, 42-б.]. Тобокелдик коомун "жашоо каражаттарын", жашоо шарттарын, адамдын дене-бой жана руханий күчтөрүн өсүп өнүгүүсү социалдык багытка эмес, көбүнчө ар кандай кокустук, ыктымалдык мүнөзгө ээ болуп, тобокелдиктерден турат [176, 23-б.; 182, 199-б.; 183, 353-б.; 260, 312-б.]. Жаштар, коомдун социалдык структурасында (түзүлүшүндө) ортоңку абалды ээлегендиктен, калган топторго караганда тобокелдиктерге көбүрөөк дуушар болушат, алардын арасында жумушсуз калуу, эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере албай калуу, сапаттуу билим ала албай калуу, жана коомдо өзүн ишке ашырбоо тобокелдиктерин көбүрөөк байкоого болот.

Азыркы учурда жаштар (15 жаштан 35 жашка чейинкилер) эки муунду түзүп: 1. Миллениалдар (Y мууну), 1984-жылдан 2000-жылга чейин төрөлгөндөр. 2. Зумерлер (Z муундары), 2000-2011-жылдар аралыгында төрөлгөндөр. 3. Альфалар (α муун), 2011-жылдан бери төрөлгөндөр. Жалпылап айтканда аларга төмөндөгүдөй мүнөздөмөлөрдү берсе болот. Маселен, миллениалдар туш болгон тарыхый шарттар: ааламдашуу, кайра куруу, согуштар жана эпидемиялардын келип чыгышы, Интернеттин таасиринин күчөшү менен байланыштырсак болот. Зумерлер (Z муундары), 2000-2011-жылдарга чейин буларга мобилдүүлүк, көп түрдүүлүк, маалымат булактарынын арбын, өнүгүү жөнүндө социалдык тармактардын пайда болушу, санариптик технологиялар, постмодернизм, ааламдашуу шарттарына туура келди. Альфалар (α муун), 2011-жылдан бери төрөлгөндөр, санариптик жана виртуалдык дүйнө, COVID-19, экономикалык туруксуздук, ааламдашуу, постмодернизм, экологиялык жана климаттык кризистердин күчөшү менен байланыштырсак болот. Жаштардын өзгөчө тап катары изилдеген заманбап концептуалдык теорияларынын пайда болушун 1930-1940-жылдар мезгилине байланыштырса болот, ал убакта Батыш өлкөлөрүндө, кийинчерээк социологиянын илим катары калыптанышы менен бирге Совет өлкөлөрүндө жаштардын көйгөйлөрүн активдүү анализдөөнүн зарылчылыгы келип чыга баштаган.

Демек, жаштардын коомдун жашоо-турмушунда жана өндүрүш чөйрөсүндө активдешип, аларды топ катары изилдөөнүн теорияларын жана концепцияларын иштеп чыгуу зарылчылыгына алып келди. Коомдун жаштарга болгон кызыгуусунун артышы, биринчи кезекте, айрым социалдык көйгөйлөрдү чечүү зарылчылыгы менен байланышкан, анын натыйжасында жаштарды изилдөөгө олуттуу мамиле кылуу зарылчылыгы келип чыккан. Коом жаштар өзгөчө социалдык ресурс катары колдонулушу мүмкүн болгон стратегиялык милдеттерди чечүү үчүн жаш муундун маңызын түшүнүүгө аракет кыла баштады. Психоаналитикалык концепцияларда ошондой эле Р.Бенедикт, Л.Фейер, Л.Шелефф, Э.Эриксон [57, 7-б.; 318, 97-б.; 319, 103-б.] тарабынан иштелип чыккан инсандын жашоо жолу теориясына негизделген, ошондой эле неофрейдчилердин көмөгүнүн аркасында андан ары өнүккөн Г.С. Салливан, К. Хорни жана Э. Фроммдун эмгектерин белгилөөгө болот [299, 87-б.; 283, 70-б.; 284, 101-б.]. Психоаналитикалык концепциянын негизин адамдын биологиялык, социалдык жана психологиялык маңызынын ортосундагы байланыш идеясын камтыган философия түзөт. Психоаналитикалык багыттагы ыкманын алкагында жаштардын көйгөйлөрүн изилдеген социологиялык теориялардын негизин психоанализден алынган инсандын өмүр жолунун изилдөө концепциясы түзөт. Ал үч идеянын маңыз негизделген. З. Фрейд, анын теориясын жакоочулары, жолдоочулары тарабынан өнүккөн Р.Бенедикт, Э. Фромм, Л. Фойер, Л. Шелефф, Э. Эриксон, Д. Рисмен болуп саналат [283, 90-б.; 284, 120-б.]. Психоаналитикалык ыкманын жактоочулары "Эдип комплекси" теориясын иштеп чыгышкан, ага ылайык муундар аралык чыр-чатактардын мүнөзү, жаштардын агрессивдүүлүгүнүн себептери жана ага мүнөздүү энергияны сублимациялоонун башка түрлөрү менен түшүндүрүлөт. Э. Эриксондун эпигенетикалык принциби инсандын өнүгүшүн анын бир катар этаптардан ырааттуу өтүшү катары көрсөтүүгө мүмкүндүк берди. Жаш инсан 14 жашка келгенде индивидуалдуулуктун калыптанышы – идентификация, өзүн-өзү кандайдыр бир топко киргизүүгө толук мүмкүндүк алуу процесси калыптана баштаары илимий аныкталды [319, 230-б.]. Эриксондун айтымында, өспүрүм

курагында эки негизги окуя болот, физикалык өнүгүүсү боюнча жаштар бойго жетип, активдүү сексуалдык тартылууну сезишет, ошол эле учурда алар жашоодо өз ордун тандап, өзүн-өзү таанууга туура келет. Э.Эриксондун концепциясын иштеп чыгуу менен Р. Бенедикт өнүгүүнүн ар кандай этабында индивид социалдык-психологиялык жетилгендиктин белгилүү бир түрүн, башкача айтканда, конкреттүү коомго туура келген "социалдык мүнөздү" калыптандыруучу максаттуу коомдук таасирди башынан өткөрөөрүн далилдеген [57, 26-б. 319, 150-б.]. Социологдордун аныктамасы боюнча жаштардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө: тажрыйбанын ар түрдүүлүгү жана курчтугу, инсандар аралык байланыштардын санынын көбөйүшү, кабылдоонун жарыктыгы, курчтугу, маанайдын тез өзгөрүшү, кирет. Жаштардын көйгөлөрүн изилдөөдө структуралык-функционалдык мамиле америкалык социолог Т. Парсонс тарабынан экинчи дүйнөлүк согуш маалында курактык топтордун коомдогу ролу тууралуу талкууланган. Парсонстун илимий кызыгуусу дүйнө таанымдын, баалуулуктардын, жүрүм-турумдун, жаштардын ар кандай топторунун маданий үлгүлөрүн, керектөө стилдеринин айланасында топтолгон. Америкалык социологдун идеясы жаштар маданияты (анын ичинде кылмыштуу маданият, анын бир түрү катары) жаштар менен коомдун ортосундагы чыңалууну басаңдатуучу социалдык функцияга ээ жана ошону менен Америка коомунун структурасынын (түзүлүшүнүн) өзгөрүшүнөн келип чыккан көйгөйлөрдү чечет деп түшүнүшкөн. Жаштардын көйгөйлөрүн изилдеген социологдордун милдети, негизинен жаш муундун маданияты коомдук тартипти сактоого кандайча өбөлгө түзөрүн аныктоо жана көрсөтүү болгон [241, 312-б.]. Т.Парсонстун идеяларынын жана жалпысынан жаштардын көйгөйлөрүнө карата колдонулган структуралык функционализмдин эң толук системалуу өнүгүшүн Ш.Айзенштадт "муундан муунга" (1956) эмгегинде толук көрсөтүп берген. Айзенштадт ар кандай жаштар тобунун түзүмүн айрым социалдык статуска жана тиешелүү социалдык ролдорго ээ болгон инсандар толтурган структуралык позициялардын системасы катары карайт. Ар бир роль жаш инсандын жүрүм-турумунун айрым аспектилерин жөнгө салуучу

структуралык өз ара аракеттенүүдөгү негизги бирдик катары кызмат кылат деп эсептелген [241, 347-б.]. Негизинен, советтик, постсоветтик социологдор тарабынан структуралык-функционалдык анализди колдонуунун мисалдарынын бири болуп лонгитюддук изилдөө стратегиясы саналат, аны киргизүү менен жаштарды коомдук турмушка киргизүү, активдүү аралаштыруу процесси гана илимий талданбастан, бул когортанын өзгөрүп турган жүрүм-туруму, анын социалдык стратификациясы да изилденген, терең анализденген. Узунунан (лонгитюддук) изилдөөнүн стратегиялык планы болуп, бир нече жылда, бир эле мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн тобунда сурамжылоолорду жүргүзүү, жок дегенде 30 жашка чыкканга чейин, жашоонун кийинки этаптары аркылуу, көпчүлүк жаштар "бойго жеткен" жашоонун бардык негизги чөйрөлөрүнө аралашкан убакытка чейин аларды 5,6 (беш, алты) жылдардын аралыгында интервалда дыкат изилдөө. Жаштардын өнүгүшүнө ылайык, бул катыш өзгөрөт, бул процесс менен байланышкан белгилүү бир көйгөйлөргө алып келет: муундар ортосундагы чыр-чатактар, калыптанып калган коомдук түзүлүшкө терс мамиледен улам агрессивдүү жүрүм-турумдун пайда болушуна алып келет. Орус окумуштууларынын ичинен психоаналитикалык концепциянын жолдоочулары Л.М. Архангельский, И.С. Кон, В.Т. Лисовский өзүлөрүнүн илимий эмгектеринде инсанды өнүктүрүүнүн эң маанилүү көйгөйлөрү, жаштардын аң-сезимин калыптандыруунун жана коомго жат көрүнүштөрдү жеңүүнүн механизмдерин чагылдырылган [182, 23-б.; 184, 102-б.]. Андан кийин, И.С. Кондун аныктамасына ылайык, "жаштар – бул өзгөчө социалдык-демографиялык топ, жаш өзгөчөлүктөрдүн, социалдык статустун жана социалдык-психологиялык касиеттеринин жыйындысынын негизинде аныкталат деп айткан" [184, 125-б.]. Эң маанилүү психологиялык өзгөчөлүктөрдүн бири катары И.С. Кон көп баскычтуу өнүгүүнү баса белгилеп, жаштык мезгилдин карама-каршылыктарынын өзгөчөлүгү жана себеби деп эсептейт [182, 30-б.]. Психоаналитикалык концепциянын алкагында жаш муун биринчи кезекте психологиялык өзгөчөлүктөрдүн көз карашынан каралып, өзүнүн жаш өзгөчөлүгүнө ээ инсандардан турган социалдык топ катары

аныкталган. Андан кийин структуралык-функционалдык концепция Д.Белл, Г.Маркузе, Р.Мертон, Т.Парсонс, В.Райхтиндин эмгектерин бириктирип, анын алкагында жаштар коомдогу социалдык-демографиялык топ катары талдоого алынган. Ошентип, бул эмгектердин маңызы жалпы социологияда структуралык функционализмдин башталышы болгон деп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн алкагында жаштар коомдун башка элементтери менен өз ара аракеттенүү аркылуу байланышкан, алар менен бирдиктүү системада катнашын билдирген, бирок жаш муун өзүнүн спецификалык функциясын аткарып, коомдун бир өзгөчө бөлүгү катары каралат. Структуралык-функционалдык концепциянын өкүлдөрүнө белгилүү орус социологдору С.И. Григорьев, В.Г. Немировский, М.К. Горшков, Ф.Е. Шерегини кошсок болот [84, 231-б.; 95, 344-б.]. М.К. Горшкова жана Ф.Е. Шереги “Россия жаштары: социологиялык портрет” деген эмгекте, авторлор “жаштардын социалдашуусунун натыйжасында алар өздөрүн ошол коомдо үстөмдүк кылып жаткан социалдык-экономикалык мамилелерге жана коомдогу мыйзам-ченемдерге ылайкашып, социалдык жактан өзүлөрүнүн иденттештирип, ошол коомдогу болуп жаткан кубулуштарды, жаңылануууларды кабылдайт, же болбосо тигил же бул ченемдер туура келбей жаткандыгын себеп кылып конфликтке болушат” деп жазышат. Жалпысынан структуралык-функционалдык теориянын өзөгү болуп, жаш муундардын өзү жашап жаткан коомдогу чечимдерди, кабыл алууга реалдуу катышуусу менен ошол коомду башкаруу түзүмдөрүнө активдүү катышуусуна негизделген, бул жалпысынан жаштар менен коомдун ортосундагы мамилелердин мүнөзүн аныктайт [95, 361-б.]. Ошентип, социалдык-психологиялык контексте жаштарды изилдөө деген түшүнүк негизинен көпчүлүк адамдардын организминдеги (физиологиясында) жаш куракка байланыштуу гормоналдык өзгөрүүлөрдүн мезгилине ылайык аныкталган, алардын активдүүлүгүнүн жана социалдык мобилдүүлүгүнүн жогорулашы менен коштолгон социалдык топ катары көрсөтөт. Бул умтулуулардын бардыгы жаштар коомдо өзүлөрүнүн социалдык абалын жакшыртууга умтулуу деп түшүндүрүлөт. Бул теориялык концепцияларда жаш адамдын психологиялык абалына өзгөчө көңүл бурулат, дагы анын коомдук

жүрүм-турумуна өзгөчө таасирин тийгизет. Бул жеке сапаттар 14 жаштан 30 жашка чейинки жаш адамдардын өнүгүшүнө тиешелүү.

Демек, жаштар өзүлөрүнүн физиологиялык өзгөчөлүгү менен кандай гана коомдо болбосун активдүү, мобилдүү келип, ар кандай иш-аракеттин зарылдыгын аңдап билүү жана бул ишке даяр болуу, өзү жашаган коомдун жалпы жыргалчылыгы үчүн активдүү субъект катары түшүнүлөт. Бул жаш инсандын социалдык деңгээлин, башкача айтканда, анын коомдук бүтүндүк менен байланышын, коомдун кызыкчылыгында аракеттенүүгө даярдыгын, коомдук кызыкчылыктарды кабыл алуу тереңдигин, анын белгилүү бир социалдык жамаат менен байланышын чагылдырган сапат. Демек, коомдук активдүүлүк көбүнчө социалдык мааниге ээ болгон ар кандай маселелерди чечүүгө байланышкан иш-аракеттер катары түшүнүлөт. Натыйжада инсан өзүнө белгилүү бир милдеттерди алып, жоопкерчиликтин субъектисине айланат жана олуттуу натыйжаларга жетишет [307, 264-б.]. Жаштардын өзгөчө “маданий топ”, “психологиялык топ”, “социалдык демографиялык топ,” болуп коомдо шартталышы, пайда болушу – “жаңы коомдук жана маданий көрүнүш катары” коомдун индустриалдык өнүгүү процесси менен байланышкан [202, 122-б.; 206, 100-б.]. Жаштар өзүнчө ырааттуу топ катары каралып - эмгекти бөлүштүрүүнүн жана кийинки индустриалдаштыруунун аркасында пайда болгон, өзгөчө парадигма десек болот. Бара-бара эң күчтүү индустриалдык өнүгүү жаштардын субмаданиятынын (жаштардын өзүнө гана тиешелүү маданиятынын) калыптанышына алып келди, технологиянын тез өнүгүшү жаштардын маданиятынын жана субмаданияттардын тез өнүгүүсүн шарттады. Жаштардын бейформал бирикмелери пайда боло баштады, ал бирикмелерди изилдөө этнографиялык анализдердин чегинен чыга баштап, социологиялык анализге муктаж боло баштады. Бирок, илимий мамиле субмаданият (катышуучунун байкоо методологиясы менен) 1920-жылдары гана системалаштырылган, ал иштер АКШда Чикаго шаарында социологдор менен криминологдордун тобу өспүрүмдөрдүн, көчө бандалары жана девианттык жүрүм-турумдагы топтор жөнүндө маалыматтарды чогулта баштаашты (кесипкөй кылмышкерлер,

контрабандачылар жана башка ар кандай топтор жөнүндө), илимий иштердин пайда болушу менен шартталат. Дүйнөдө жүзүндө жаштар кыймылынын пайда болушунун негизги өбөлгөлөрү болуп биз жогоруда белгилегендей эле урбандашуу, индустриялашуу, демографиялык өзгөрүүлөр (калктын катмарында жаштардын үлүшүнүн өсүшү), ортодогу "жаштар" феноменинин пайда болушу менен шартталган. Алгачкы жаштар уюмдары 20-кылымдын экинчи жарымында Европада, андан кийин АКШга, Азияга, Латын Америкасына, Австралияга жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүнө, анын ичинде СССР пайда боло баштаган. Уюмдардын көбү маданий-агартуу мүнөзүндө болсо, айрымдары саясий, диний жана башка максаттарды көздөшкөн. Жаштар кыймылы 20-кылымдын башында күчөгөн. "1844-жылы Лондондо Джордж Уильямстын демилгеси менен жаш эркектердин Христиан ассоциациясы (YMCA) уюштурулган. 19-кылымдын аягында KSML менен катар эле Бүткүл дүйнөлүк христиандык студенттик союз (WCHSU) жана жаш христиан союзу аялдардын (YWCU) уюму түзүлгөн. Негизинен Европанын ичинде "Бельгияны пролетардык жаштар уюмдарынын бешиги деп эсептеш керек" [257, 3350-б.]. П.Сорокин жаштардын калыптанышына алып келген индустриялаштыруунун технологиялык гана эмес, социалдык-маданий аспектилерин да баса белгилейт. 1916-жылы "Заманбап үй-бүлөнүн кризиси" аттуу эмгегинде ал салттуу үй-бүлөлүк байланыштардын бузулуу процесси үй-бүлө ичиндеги ата-эне менен балдардын ортосундагы салттуу байланыштардын үзүлүшүнө гана алып келбестен, ошондой эле билим берүү тармагынын алмашып кетишин камсыздаганын айткан жана жаш муундарга карата камкорчулук функцияларын мамлекеттердин колунда болушу керек экедигин белгилеген [257, 380-б.]. Ошентип, П.Сорокин жаштардын көйгөйлөрүнүн пайда болушунун негизги себебин индустриалдык коомдун өнүгүшүнүн кесепети катары салттуу патриархалдык үй-бүлөнүн кризиси деп эсептеген. Бүгүнкү күндө кандай гана коом болбосун, жеке эле жаштар эмес бардык адамзат, ар дайым коркунучта, анткени алар табигый, экологиялык кырсыктардын, заманбап техниканы жана технологияларды көзөмөлсүз колдонуунун, экономикалык карама-каршылыктардын жана саясий

кризистердин, террордук чабуулдардын жана коррупциялык башкаруу чечимдеринин кесепеттери, ар кандай жарандык согуштар – бул кубулуштун баары жаштарды тынчсыздандырат, жаштарды социалдык- демографиялык топ катары кыйгап өтпөйт. Тобокелдиктин кээ бир түрлөрү гүлдөп өнүккөн, бакубат коомдо болуп турса, кээ бир түрлөрү туруксуз, кризистик коомдо үстөмдүк кылышы мүмкүн, болуп жаткан, коркунучтардан эч ким кутула албайт. Тобокелчиликтер бардык жерде баш аламандык, үй-бүлөлүк структуралардын жана топтук мамилелердин ыдырашы, коомдо болуп жаткан окуялардын белгисиздиги жана келечектин күтүлбөгөндүгү, мурунку бийликтердин авторитетинин заматта жок болушу жана баалуулуктардын өзүнүн актуалдуулугун жоготушу, моралдык императивдердин трансформациясы, өзгөрүшү жана жалпы ишенбөөчүлүктүн өсүшү менен коштолуп келет. Туруксуздук сезими жаш адамдардын жашоо пландарына жана умтулууларына туруктуу коркуноч алып келүүдө. Ошол эле учурда, ийгиликтүү заманбап динамикалык дүйнөдө (коомдо) тобокелчиликсиз элестетүү мүмкүн эмес. Тобокелдиктин шарттарында иш-аракет кылууга даяр болуу, анын мүмкүн болуучу натыйжаларын оптималдаштыруу жана анын кесепеттерин алдын ала айтуу жөндөмдүүлүгү заманбап адамдын жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө жашоо стратегияларын ишке ашыруу үчүн зарыл шарттар болуп калат.

Бул бөлүмдү жыйынтыктоодо: жаштарды коомдун өзгөчө социалдык-демографиялык тобу катары, анын табиятын толук фундаменталдуу изилдеп, ар кандай парадигмаларды аныкатап, концептуалдаштыруунун жана теоретикалык постулаттарды иштеп чыгуу, өтө татаал процесс жана да коомдук социалдык-экономикалык, саясий кубулуштардан көз каранды. Заманбап коомдо интеграция, ааламдашуу процесстери азыркыдай катуу ылдамдыкка дуушар болуп жатканын илимпоздор моюнга алышы керек, бирок ошол эле учурда азыркы замандын жаштарынын табиятын изилдөөдө күчтүү теоретикалык концепциялар иштелип чыга элек.

Жогоруда белгилегендей жаштарга арналган теориялардын, концепциялардын калыптанышындагы эң күчтүү жетишкендиктер 1920, 1960,

1980-жылдары деп айтылып келүүдө, анткени булар чындыктын жана изилдөө практикасынын өзгөчө резонанстарынын мезгили. 1920 - жылдар-көптөгөн жаштар уюмдарынын, анын ичинде жаштардын саясий бирликтеринин түзүлүшүнүн, жаштардын өзгөчө социалдык топ катары идентүүлүгүн калыптандыруунун мезгили. Ошол эле учурда көптөгөн илимий долбоорлор пайда боло баштаган жана биринчи жолу жаштардын теориялык концепциялары кылдаттык менен иштелип чыгат. 1960-жылдар-структуралык функционалисттик парадигмага негизделген жана жаштар чөйрөсүндө жаңы чындыктарды түшүндүрө албаган жаштар социологиясындагы кризис мезгили деп айтабыз. Жаштарга арналаган теория жаатындагы жаңы көтөрүлүш: жаштардын активдүүлүгү, "студенттик козголоң", "муундардын кагылышуусу", "контрмаданият", "жаштар субмаданияттары" теорияларында концептуалдаштырылган. 1980-жылдар дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мамлекеттик жаштар саясатынын практикасын активдүү өнүктүрүү мезгили, бул жаштардын маанилүү касиеттерине карата жаңы теориялык изденүүлөрдү жаратпай койбойт. СССРде жана Европа социалисттик өлкөлөрүндө мындай изилдөөлөр өзгөчө активдүү болгон жана бүгүнкү күндө бул социалдык өзгөрүүлөрдүн жакындап келе жаткан сезими катары айтууга болот. Жаштардын көйгөйлөрүн изилдөөдө биринчиден, жаш муундун социалдык субъективдүүлүгү эң толук жана көп тараптуу болууда, экинчиден, бул көрүнүштөр кээ бир учурларда коом үчүн күтүүсүз болуп калат. Мындай мезгилдерде жаштар чөйрөсүндөгү жаңы социалдык жана маданий тажрыйбалар, жаштардын экономикалык, саясий, маданий турмуштагы окуяларга болгон реакциясы, алардын ар кандай формалдуу жана формалдуу эмес бирикмелери жаштарды изилдөө жана репродукциялык процесстерди социалдык башкаруу менен байланышкан бийликти жана эксперттик жамааттарды таң калтырат деп айтууга болот. Жалпылап айтканда, ар бир тарыхый кырдаалда, экономикалык, саясий, идеологиялык шартка жараша жаштардын жүрүм-туруму, баалуулуктары, маданияты, социалдык иденттүүлүгү, аң-сезими калыптанат [40, 215-б.; 66, 96-б.; 79, 56-б.; 80, 29-б.;

87, 733-б.; 95, 500-б.; 107, 434-б.; 128, 211-б.]. Ошентип, социалдык-экономикалык өнүгүү жаштардын калыптанышына, коомго аралашып, билим алып, кесипке ээ болуп, позитивдүү социалдашуу процессине жана эмгек жолун баштоодо өзгөчө таасирин тийгизет. Бир нече илимдер аралык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча муундардын фундаменталдык мүнөздөмөлөрү боюнча ар кандай интерпретациялар сунушталган, алардын ар бири бүтүндөй өлкөнүн жашоо шартын же белгилүү бир убакыт аралыгындагы тагдырдын жашоо эрежелерин олуттуу өзгөрткөн, тарыхый окуяларга байланыштуу экендиги далилденген [144, 42-б.]. Жаштар жөнүндө жогорудагыдай мүнөздөмөлөрдөн кийин социалдаштыру теориясына кайрылуу, социологиялык парадигмалардын жана мектептердин негизги жоболорун салыштыруу мүмкүндүк берет. Социалдашуу теорияларынын келип чыгышы социологиянын өз алдынча илимий билим, тармак катары калыптануу мезгилиндеги теориялык талкуулардан башталат. “Социализация” терминининин түпкү атасы-америкалык социолог Франклин Гиддингс, анын китеби “социологиянын негиздери”, ал социалдашуу процесси деп жазган “иш-аракеттердин, туюнтмалардын жана мүнөздөрдүн кээ бир туруктуу түрлөрүнө жалпы жакындоо” анын ою боюнча, “эң гетерогендүү калктын ар кандай элементтеринин биригишине жана бир түрдүн пайда болушуна өбөлгө түзөт” индивиддин ушул жалпы өзгөчөлүктөрдү кабыл алышы жана “жалпы тилди, жалпы ой жүгүртүүлөрдү жана жашоонун жалпы чен-өлчөмдөрүн жаратат”[88, 454-б.], башка эмгегинде “социалдаштыруу теориясы” (1889) Ф.Гиддингс социалдашууну “инсандын социалдык табиятын же мүнөзүн өнүктүрүү, адам материалын коомдук жашоого даярдоо деп чечмелейт”[88, 457-б.]. Социалдашуунун кеңири мүнөздөмөсүн заманбап мааниде берүү үчүн биринчи аракетти француз социалдык психологу Габриэль Тард берген. 1892-жылы анын “тууроо мыйзамдары” аттуу китеби жарык көргөн, анда Г.Тард тил, билим, тарбия коомду түзгөн башка инсандар менен окшоштукка жетүү жолу менен инсандын улутка (элге) кошулуусу катары социалдашууну белгилеген [118, 231-б.]. Социалдашуу процессин изилдөөдө социологиянын негиздөөчүлөрүнүн бири Эмиль Дюркгейм маанилүү ролду

ойногон, анын социалдашуу концепциясынын негизин адеп-ахлактын философиялык-социологиялык теориясы түзөт. Адеп-ахлактын коомдук функциялары Э.Дюркгейм билим берүү менен байланыштырган. Ал үчүн тарбиялоо - адамдардын социалдашуусунан турган коомдук көрүнүш [120, 106-б.]. Муну менен ал коомдун таасирине аныктоочу маани берип, тарбиялоонун ролун өзгөчө белгилеген [120, 113-б.]. Социалдаштыруунун негизги функциясы, Э.Дюркгеймдин эмгегинин негизинде, коомдун бир тектүүлүгүн жана бүтүндүгүн орнотуу болуп саналат.

Заманбап жаштардын көйгөлөрүн изидөөдө “Ювенология” концепциянын маңызы жана “Ювеналдык саясат” (2004) китебинде төмөнкүчө баяндалган. Ювенология - жаш адамдын тирүү организм (физиологиялык аспект) катары калыптанышы, жетилиши жана өнүгүшү, өнүккөн ой жүгүртүүсү бар, тирүү организм (психоэмоционалдык жана социалдык-психологиялык аспектилер), аны коомдун толук кандуу мүчөсү катары калыптандыруу жөнүндө системалуу билим. Ювенология - бул адамдын тирүү организм катары калыптанышы (физиологиялык аспект- билим берүү, социалдаштыруу (социалдык аспектерин) камтыйт. Бул илим онтогенезде да, филогенезде да, жаш муундарды изилдейт, башкача айтканда, жаш адамдын инсандыгынын биосоциалдык (медициналык-биологиялык) өсүү, калыптануу жана руханий өнүгүү механизмдерин, ошондой эле демографиялык топ катары балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын тиешелүү өзгөрүүлөрүн изилдейт. Ювенология узак мөөнөттүү келечекте Кыргызстандын стратегиялык өнүгүүсү үчүн билим берүү жана жаштарды социалдаштыруу процесстеринин жалпылыгына негизделген социалдык, руханий жана биологиялык башталыштардын диалектикалык биримдигинде жаш муундун жетилүүсү, калыптанышы жана өнүгүшү жөнүндө жаңы комплекстүү негизги концепция десек туура болот. Ювенологиянын пайда болушу тышкы (геосаясий, экономикалык, социалдык) жана ички (илим ичиндеги) факторлор менен байланыштуу. Тышкы факторлорго коомдук турмушту, заманбап өзгөртүүлөрдүн татаалдыгы жана динамикалуулугу кирет, анын келечеги көп жагынан жаш муундун сапаты, “жаштар фактору” менен

аныкталат [240, 304-б.]. Ювенологиянын концепция катары калыптанышы акыркы жылдарда кыйла заманбап илимий билимдердин интеграциялык процесстеринин натыйжасы катары, ошондой эле өсүп келе жаткан муундун балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын, ошондой эле социалдык институт катары үй-бүлөнүн ар кандай көйгөйлөрүн изилдөө жаатындагы жыйынтык катары объективдүү шартталган.

Жаштар социология илиминин өзгөчө объектиси катары субмаданият ыкмасында “жаштык” ар бир адамдын жашоосундагы өзгөчө жүрүм-турум фазасы катары каралат, анда ал муун чоң адам баласынын ролун азырынча аткара элек, ошол эле учурда өспүрүм курактан өтүп, бирок балалыктын ролун аткарбайт. Демек, толук түрдө чоң (улуу муундагы) адамдын ролуна жетише элек деген аныктама берилет.

Субмаданият ыкмасында жаштарды көбүнесе карама-каршы мамиле, стресс, көйгөйлөр, карама-каршылыктарга толгон адамдын жашоосунда бир мезгил катары изилденет. Анткени жаштар өзгөчө жашоо образы, жүрүм-турум стили, маданий нормалары жана баалуулуктары (субмаданият ыкмасы) менен атайын социалдык топ болуп саналат. Бул илимий ыкма негизинен (субмаданият ыкмасы) Э. Шпрангердин (жаш курактагы психология), [81, 347-б.; 122, 6-б.; 130, 122-б.; 132, 80-б.; 138, 224-б.; 161, 148-б.; 168, 34-б.; 205, 79-б.] Ч. Рейч, Т. Розактын (салттуу маданияттын жана контур маданияттын көйгөйлөрү) менен илимий изилдөөлөрү аркалуу технократтык коомдун көйгөйлөрү жана анда жаштардын орду жөнүндө негизги теориялык парадгималарды иштеп чыгышкан [214, 5-б.; 216, 320-б.; 226, 180-б.; 232, 188-б.]. Постсоветтик окумуштуулардын чөйрөсүндө: Л.Н. Коган (инсанды жана маданиятты ар тараптуу өнүктүрүү), (жаңы адамды калыптандыруунун руханий, адеп, ахлактык аспектилери), В. Г. Немировский (сексенинчи жылдардын жаштары: муктаждыктар, баалуулуктар, идеалдар), бул теориялык постулаттар дагы негизинен субмаданият ыкмасына байланыштуу маселелерге илимий талдоолорду жүргүзүшкөн [231, 184-б.].

Социалдык-экономикалык шарттардын өзгөрүшү менен жаштарды социалдаштыруу процессинде баалуулук жана дүйнө таанымдык багыттын

контурлары кандайча өзгөрөт ушул факторлорго өзгөчө көңүл бурушкан [273, 258-б.; 276, 18-б.; 296, 121- б.; 303, 399-б.]. Бул теорияларда негизинен биринчи жолу жаштардын асоциалдык жүрүм-турумунун маңызын жана жаштардын формалдуу эмес бирикмелерин идеологиясын, жаштар кыймылдарынынын ички маданиятын изилдеп, анализдешкен. Заманбат социологиялык концепцияларда асоциалдык жүрүм-турумга жакын термин "кылмыштуулук", "кылмыштуу жүрүм-турум", жана "адеп-ахлаксыз жүрүм-турум" деген түшүнүктөрдүн жардамы менен негизделген, изилденген. Асоциалдык жүрүм - турум агрессивдүү жүрүм-турумдун бир түрү болуп саналат, ал түпкү максаты- адамга зыян келтирүү менен деструктивдүү аракеттерге айланат. Адамдардагы агрессия физикалык же оозеки, активдүү же пассивдүү, түз же кыйыр түрдө чагылдырылат. Жүрүм-туруму коомдо кабыл алынган эрежелерден четтеген жаштарды девианттык, четтөөчү, асоциалдык жүрүм-туруму менен оор, тарбиялоого кыйын деп аташат [107, 436-б.]. Демек, биз жогоруда анализдеген жаштарга арналган концепциялардын негизинеде бүгүнкү ааламдашуу, маалыматтык коом жаш инсандардан жаңы көндүмдөрдү, баалуулуктарды талап кылып жаткандан кийин, заманбап коом жаңы парадигмаларга муктаж болууда десек болот. Эгерде мурунку парадигма өзүнүн өзөгүндө жана мазмунунда илимий-технократиялык болсо, ал эми жаңы парадигма биринчи кезекте гуманитардык мүнөздө болушу керек. Ильинский, мисалы: "жашоого жөндөмдүү муундарды тарбиялоо концепциясын сунуштайт" [207, 19-б.]. Жаңы муундун жашоого жөндөмдүүлүгү - өзүнүн руханий негиздерин сактоого жана өнүктүрүүгө карата көз караштарын жана стимулдарын жоготкон коомдун социалдык ыдырашына жооп деп түшүнөт. Жашоого жөндөмдүүлүк - бул адамдын (муундун) социалдык жана табигый чөйрөнүн "катаал" жана начарлаган шарттарында деградацияланбастан жашоого, өнүгүүгө жана руханий жактан көтөрүлүүгө, биологиялык жана социалдык пландарда жашоого жөндөмдүүлүгүнөн кем эмес тукумду көбөйтүүгө жана тарбиялоого жөндөмдүүлүгү деп эсептейт [207, 19-б.]. Бирок бул инсандын жана муундун жогорку социалдык активдүүлүгү, алардын коомдун келечеги үчүн

жоопкерчиликти өзүнө алууга даярдыгы зарыл дегенди билдирет. Бул көз караштын негизинде жаштар саясатынын концепциясы түшүнүгү келип чыкты.

Бул бөлүмдү жыйынтыктоодо - маалыматтык коомдун реалдуулугун карасак, жаш муундун инсандыгы, социалдык иденттүүлүгү калыптануу процесси, жаш инсандардан коомго аралашуу, социалдашуусу жаңы көндүмдөрдү, жаңы баалуулуктарды талап кылууда. Өндүрүштү интеллектуалдаштыруу жана өнүгүү процессинин дайыма инновацияны талап кылышы, интеллекттин жана билимдин, маалыматтын алдыга чыгышы жаштардан көптөгөн жаңы баалуулуктарды кабылдашын талап кылууда. Илимий-техникалык революция маалыматты иштеп чыгуу технологиясын өнүгүүнүн негизги багытына айланды. Ошентип, коомдун абалынын өткөөлдүүлүгү инсандын, ар кандай топтун, өзгөчө жаштардын жүрүм-турумдарында карама-каршылыктарды пайда кылууда жана жаңы баалуулуктарга тезирээк адаптация болушуна түздөн-түз таасирин тийгизүүдө. Азыркы коомдогу кесипкөйлүк, ишмердүүлүк, карьералык жана профессионалдык бийиктиктердин болушу, бирок психологиялык сапаттарды жана эмгекке аң-сезимдүү мамиле кылуу, сыяктуу компоненттерди дагы жаш инсандан коом талап кылат. Ааламдашуу доорундагы муун байланышынын, дүйнө таанымдын негизги маселелеринин бири болуп жаштардын коомдогу орду, жүрүм-турумдары, баалуулуктары болуп кала берет. Дайыма өзгөрүп жаткан дүйнөдө жана коомдо кесиптик жана жеке көйгөйлөрдү чечүүдө тандоо диапазону тынымсыз кеңейүүдө.

### 1.3. Жаштарды өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары изилдөөдөгү негизги концептуалдык өзгөчөлүктөрдү анализдөө

Жаштардын белгилүү бир социалдык-демографиялык топ катары изилдениши, алардын социалдык иденттүүлүгүнүнүн калыптанышы коомдун белгилүү бир укуктук-ченемдик, институционалдык, баалуулук, маданий тутумуна түздөн-түз таасир этет эмеспи. Заманбап шарттарда Кыргыз коому социалдык, экономикалык, маданий, саясий трансформация процесстерине дуушар болуп жатат, ошондуктан кээ бир социалдык институттар өзүлөрүнүн

стабилдүүлүк жана туруктуу касиетин жоготууда же болбосо кыйла өзгөртүүдө. Коомдо туруксуз, бирок өтө бири-биринен айырмаланган, бири-бирине каршы турган социалдык иденттүүлүктөр калыптанып жатат десек туура болот. Демек, заманбап шарттарда жаштардын социалдык иденттүүлүгүн изилдөөнүн көп ченемдүүлүгү, өлчөмдүүлүгү, жана ошондой эле субъективдүүлүгү фунадаменталдык-интегративдик мамилени талап кылат.

Илимий-теориялык адабияттарда жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууну изилдөөгө арналган көптөгөн окуулар, ыкмалар, парадигмалар бар, демек, “жаштар”, “иденттүүлүк”, “социалдык идентификация” түшүнүгүнүн маңызын, маанисин ачып берүүдө ар кандай аныктамаларды, чечмелөөлөрдү анализдеп окуу шартка ылайык. Азыркы учурда гуманитардык, социалдык илимдердин алкагында жаштар чөйрөсүн, жаштардын иденттүүлүгүнүн калыптанышын изилдөөнүн бир нече багыттары түзүлгөн: психоаналитикалык, структуралык-функционалдык жана маданий. “Жаштар деген ким”? “Жаштар социалдык-демографиялык топ деген эмне”? “Жаштар социалдык-психологиялык топ дегенди кандай аныктасак болот”? Биз бул диссертациялык иштин негизинде жаштарга кандай аныктама беребиз? Азыркы кезде иштелип чыкккан илимий-теориялык адабияттарда жаштардын аныктамасы барбы? Тактап айтканда, жаштардын курактык тобунун жалпы таанылган эл аралык аныктамасы жок. Бирок, статистикалык Бириккен Улуттар Уюмуна (БУУга) мүчө мамлекеттер берген аныктамаларга каршы түшүнүк келтирбестен, “жаштарды” 15 жаштан 24 жашка чейинки адамдар деп аныктайт. Ал эми КРдин Жаштар жөнүндөгү 2023-жылы кабыл алынган мыйзамына ылайык Кыргызстанда “жаштар - курагы 14 жаштан 35 жашты кошуп алгандагы жаш адамдар” эсетелинет [3]. Бул мыйзам кыргызстанда жаштар саясатын түзүү, ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү, баалоо менен байланышкан коомдук мамилелерди жана жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону жөнгө салат.

Структуралык-функционалдык багыттын өкүлдөрү жаштарды айрым социалдык статустарга ээ болуу процессиндеги жеке адамдардын өзүнчө, өзгөчө

тобу катары карашкан [241, 230-б.]. Ал эми Советтик структуралык-функционалдык багыттын алкагында социологиялык изилдөөчүлөрдүн кээ бир бөлүгү ар кандай топтордо муундардын өз ара аракеттенүү концепциясын иштеп чыгышкан. Бүгүкү социологиялык иликтөөлөрдө, жалпысынан жаш муун адатта үч өлчөмдө, критерийде каралат: 1) жаш курагы; 2) психологиялык өзгөчөлүктөрү; 3) социалдык ролдору, социалдык статустары аркылуу [143, 13-б.; 202, 101-б.; 206, 122-б.; 227, 231-б.]. Адатта, социалдык жана психологиялык критерийлер жалпысынан өзгөчө эмоционалдык кабылдоочулук; тобокелге барууга умтулуу; мобилдүүлүктүн жогорку деңгээли; өзгөрүлүп жаткан шарттарга адаптациялоонун жогорку деңгээли; күч көрсөтүүгө умтулуу; улуу муунга карата белгилүү бир сынчыл мамиле, көз караштa болуу; курчап турган чындыкка карата белгилүү нигисттик көз караштын болушу; эркиндикке умтулуунун күчтүүлүгү; идеалга умтулуу касиеттери жаштарга таандык экени талашсыз. Демек, биз, жаштар - активдүү социалдашуу баскычында турган, билим алуу, берүү, кесиптик жана жарандык сапаттарды өздөштүргөн жана коом тарабынан чоңдордун ролун аткарууга даярдалып жаткан адамдардын мууну десек толук мүмкүн. Негизинен, жаш муундун жашоо позициясы, турмуштук баалуулуктары, жашоого көз карашы, анын жалпы руханий, социалдык көрүнүшү, социалдык портрети, коомдун социалдык өнүгүүсүнө, жаш адам аралашып жүргөн социалдык шарттарга байланыштуу. Ошондуктан, бүгүнкү жаштардын энергиясы, дүйнө таанымы, адеп-ахлактык саламаттыгы, эртеңки элдин тагдырын, келечегин аныктайт. Демек, кандай гана коом болбосун жаштар маселеси ар дайым курч турат, жаштардын көйгөйү, эреже катары, коомдун өнүгүшүндөгү кризистик мезгилдерге байланыштуу курчуйт деген парадигманы мурдагы параграфта белгиледик.

Коом кандай гана өзгөрүштөргө туш болбосун жаштардын өзгөчө (маданияты) субмаданияты пайда болот, алар көбүнчө контрмаданиятка (каршы турган маданиятка) айланып, эмгекке, керектөөгө, жашоо образында, эс алуу учурунда байкалып турат. Жаштарды аныктоо, жаштар түшүнүгүнө аныктама берүү, аны өз алдынча топко бөлүү критерийлери, жаш курагы боюнча ар кандай

чектер, окумуштуулар ортосундагы дайыма жүрүп келе жаткан талкуу жана дагы узак тарыхка ээ экендигин белгилеп кетмекчибиз. Окумуштуулар жаштарды топ, катмар, группа катарында изилдөөдө ар кандай көз карашта десек туура жана негизинен диссертациялык эмгекте социология, психология, физиология, демография, этнография илимдеринин негиздерине жана ушул илимдерде изилденип келген парадигмаларга таянабыз. Ошентип, жаштарды топ, катары изилдөөдө ар дайым идеологиялык факторлор өзгөчө роль ойногон, анткени жаш муундар ар кандай коомдун, өлкөнүн эң алдыңкы, дени сак, инновациялык, чыгармачыл, мобилдүү күчү болуп келет. Жаш муундардын өсүп өнүгүшүнө, коомдо социалдашуусуна арналган ар кандай теорияларда, парадигмаларда – жаштарды негизинен өзгөчө коомдук илимдеги Совет мезгилиндеги изилдөөлөрдө өз алдынча социалдык-демографиялык топ катары толук каралган эмес. Мындай топту бөлүп көрсөтүү коомдун таптык түзүлүшү жөнүндө болгон теориялык ой-толгоолорго туура келбегендиги жана анын социалдык-таптык биримдиги жөнүндө расмий идеологиялык доктринага карама-каршы келгендиги менен түшүндүрсө болот.

Постсоветтик жаштар социологиясынын алкагында дүйнөлүк социологияга мүнөздүү окшоштуктарды карап жана “советтик” өзгөчөлүктөрдү белгилеп кетсек, анда советтик изилдөөчүлөрдүн белгилөөсүндө, жаштардын социалдык түзүмүнүн жана мобилдүүлүгүн белгилеп, бирок бул өзгөчөлүктөргө таянып аларды социалдык-демографиялык топко бөлгөн эмес. Ошондой эле эмгек, профессионалдык социалдашуусу, билим берүү көйгөйлөрүнө жана демографиялык маселелердин алкагында көптөгөн иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Дүйнөлүк социологияга караганда советтик, андан кийин постсоветтик социологияда муун аралык жана маданий өзгөрүүлөр, саясий наразычылык жана экстремизм маселеси кийинчерээк иштелип чыккан, алар XX кылымдын 1990-жылдарында гана карала баштаган. Алсак, советтик социологиянын алкагында жаштар узак убакыт бою өз алдынча демографиялык топ катары каралбай келген деп жогоруда белгилегендей, көбүн эсе жаштар жумушчу

табынын, колхоз дыйканчылыгынын, интеллигенциянын, студентчиликтин бөлүгү катары аныкталган.

Ал эми көз карандысыздык жылдарында, постсоветтик өлкөлөрдө коомдун ар кандай социалдык топторунун узак мөөнөттүү, стратегиялык жашоо турмушунун негизин түзгөн өткөөл мезгилдин шарттарына жаштарды социалдаштыруу өзгөчөлүгүнүн жана жаңы коомдогу жашоого адаптациялоонун көйгөйлөрүн илимий жактан түшүнүүгө изилдөөчүлөрдүн кызыгуусу күчөдү. Ошентип, жаштар социологиясынын алкагында биринчи жолу “жаштар” түшүнүгүнүн социологиялык аныктамалары 1960-жылдардын аягында пайда болгон. Ал негизинен, Ленинград шаарынын жаштар проблемаларын изилдөөдө В.Т. Лисовский тарабынан иштелип чыккан: “Жаштар - бул социалдашуу баскычынан өтүп жаткан, билим берүү, кесиптик жана маданий функцияларды өздөштүргөн жана коом тарабынан социалдык ролдорду өздөштүрүүгө жана аткарууга даярдалган адамдардын мууну. Конкреттүү тарыхый шарттарга жараша, жаштардын жаш курагы 16 жаштан 30 жашка чейин өзгөрүшү мүмкүн деп жазган [200, 98-б.]. Негизинен, бул диссертациялык иликтөөдө ушул аныктаманы негиз катары колдондук, жана биздин оюбуз боюнча жаштарга төмөндөгүдөй автордук аныктама беребиз: “Жаштар - бул жаш курагы жана коомдогу статусу менен айырмаланган өзгөчө социалдык- демографиялык топ жана ошондой эле балалыктан, жаштыктан социалдык жоопкерчиликке өтүү жаш курагы. Ал жаш куравтын өзүнө гана тиешелүү өзгөчө психологиясы, субмаданияты, идеологиясы менен айырмаланат”. Алсак, И.С. Кон жаштарга төмөнкүдөй аныктама берет: “жаштар курактык мүнөздөмөлөрдүн жыйындысынын, социалдык абалдын өзгөчөлүгүнүн негизинде бөлүнүп турган жана социалдык-психологиялык касиеттери менен шартталган социалдык-демографиялык топ катары караса болот” [183, 354-б.]. Биздин оюбузча, жогоруда белгилегендей, жаштар-бул белгилүү бир жаш курагы жана коомдогу өзгөчө статусу менен айырмаланган өзгөчө социалдык-демографиялык топ: балалыктан жана жаштыктан социалдык жоопкерчиликке өтүү курагы өзгөчө бир процесс болуп эсептелинет. Бул

жагынан алганда, ар кандай өлкөлөрдө жарандардын жаш курагы боюнча аныктамалар ар кандай жолдор менен чектөөгө, аныктоого алынган, бирок негизинен 14 жана 16 ортосунда төмөнкү чек ара, ал эми жогорку чек болсо 25 жаштан 35 жашка чейинки болуп эсептелинет. Ошентип, жаш муун, жаштар жогруда белгилегендей өзгөчө динамикалык социалдык-демографиялык топ, кандай гана болбосун коомдо муундарды алмаштыруунун башкы, генерациялоочу, толуктоочу функциясын аткарат, коомдун жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүн кайра түзүүгө, социалдык-экономикалык модернизацияга түздөн-түз катышат. Ал эми экинчи жагынан караганда, ар кандай коомдогу өзгөрүүлөрдүн активдүү субъектиси катары мүнөздөлгөн, айырмаланаган негизинен - бул жаштар болуп саналат.

Жалпысынан, адамзаттын өнүгүшү азыркы заманбап шарттарда, ааламдашуу, маалыматтык коом өзүнүн өнүгүү процессинде социалдык тобокелдиктерге бай. Ошондуктан жаш муундун жүрүм-турум үлгүлөрү, ой жүгүртүүлөрү, баалуулуктары, социалдык иденттешүүсү актуалдуу маселе бойдон кала берет.

Андан кийнки негизги изилдөөлөрдүн тобу – бул жаштар өзгөчө топ катары Ю. Е.Волковдун, С. Н. Иконникованын эмгектеринде өзгөчө социалдык-демографиялык негизде изилденген. Жаштардын көйгөйлөрүнө арналган эмгектер заманбап шарттарда жаштардын социалдык-психологиялык портретин түзүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Ал эми, Ф.Р. Филипова, В. А. Луков [205, 80-б.], муундар аралык айырмачылыктар көйгөйлөрүн илимий жактан негиздешкен, В.И. Чупров, жаштардын тобокелдик коомундагы орду, П.И. Бабочкина, жаштардын укуктук маданиятын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө, Ю. Голийусова, жаштардын билим берүүдөгү, азыркы шарттарда эмгектеги орду, И. В. Шербаков, Ю. А. Зубок, А.И. Ковалева, А.В. Мудрик [143, 23-б.; 175, 115-б.; 176, 102-б.] жаштардын демократиялык кайра түзүүлөргө катышуусунун социалдык-психологиялык, саясий аспектилери жөнүндө иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн. С.О. Жунушова [127, 453-б.; 128, 211-б.; 129, 906-б; 130, 207-б.; 131, 38-б.; 132, 80-б.; 133, 78-б.; 134, 29-б.], жаштардын диний, экономикалык,

саясий миграциялык иденттүүлүгүн, социалдашуу процесстерин изилдеп, анализдеп келүүдө. Коомдун трансформациясы жана модернизациясы шартында жаштарды саясий идентификациялоону калыптандыруу проблемалары азыркы күндүн негизги актуалдуу көйгөлөрүнүнүн бири. Демек, илимий жактан жаштарга арналган жүздөгөн илимий эмгектердин жаралганына, жаштардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча топтолгон оң тажрыйбага карабастан, жаш муундардын социалдык иденттүүлүгүнүн бирдиктүү концепциясы азырынча толук түзүлө элек, ошондуктан биз ушул диссертациялык иштин алкагында жаш муундардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышындагы институтционалдык өзгөрүүлөрдүн, глобалдык демократиянын, маалыматтык коомдун жаштардын баалуулуктарына тийгизген таасирин иликтеп чыктык.

Кыргызстандык окумуштуулардын эмгектеринде жаштардын көйгөйлөрүнүн методологиялык-теориялык, эмпирикалык аспектилери, анын ичинде баалуулук багыттары, коомдун социалдык түзүлүшүндөгү ролу жана орду, жаштарды азыркы коомго интеграциялоо көйгөйлөрү, жаштардын социалдык статусу, жаштардын саясий маданияты, билим алуудагы негизги көйгөлөрү, жаштардын социалдашуу өзгөчөлүктөрү, алардын азыркы маалыматтык коомдогу, ааламдашуудагы негизги ролу активдүү изилденип келе жатат. Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө жаштар көйгөйлөрүн мамлекеттик деңгээлде чечүү тажрыйбасы жалпыланган жаштар саясатын институтташтырууну изилдөөгө арналган иштер өзгөчө орунга ээ. Андай эмгектердин тобун белгилей кетсек: Ж.М. Жаманкулов (жаштардын арасындагы миграция көйгөү), М. Камчыбеков (жаштардын жалпы социалдык-психологиялык портрети), Ж. К. Каниметов, Т. Шаршембиева, А. Жолдошева (билим берүү системасындагы демократиялаштыруу процессинин жаштарга тийгизген таасири, негизинен эле жаштардын билим алуудагы көйгөйлөрү), Ч. А. Шакеева [303] (жаштар арасындагы баалуулуктарды), С.Б. Сыргабаев (жаштардын саясий маданияты), [263, 53-б.] Г. Турсалиева (жаштардын гендердик социалдашуусу), Н.М. Маткаримов (Кыргызстандагы окуучу

жаштардын социалдашуу өзгөчөлүктөрү), А. Усубалиева ( жаштардын үй-бүлө куруудагы көйгөлөрү) темаларын активдүү изилдешүүдө.

Жаш адамдын жашоо-турмушунда “ааламдашуу” маселелери жана анын азыркы коомдогу ролу, алгач макросоциалдык деңгээлде белгиленген жана экономика, маданият жана саясат чөйрөлөрүндө институционалдык байланыштарды мүнөздөгөн маселелер, айрыкча жаш адамдардын күнүмдүк, жашоо образынын деңгээлине барган сайын көбүрөөк сүңгүп кирүүдө. Ошентип, жаштардын жаш курак критерийин аныктоо көбүн эсе ар кандай философиялык, психологиялык, идеологиялык факторлорлордун контекстинде чечилип келген, анткени жаштар ар кандай коомдун эң алдыңкы, болгондо да дени сак, инновациялык, чыгармачыл күчү болуп саналат жана андан да көптөгөн саясий күрөштүн активдүү катышуучусу болуп келген, келе берет. Теориялык жактан изиденип келген маалыматтарда, коомдук илимдеги өзгөчө Совет мезгилиндеги изилдөөлөрдө жаштар өз алдынча социалдык-демографиялык топ катары так, даана каралган эмес деп жогоруда белгилегендей, анын негизги себебин дагы бир жолу тактап кетсек мындай, өзгөчө топту (социалдык-демографиялык) бөлүп көрсөтүү коомдун таптык түзүлүшү жөнүндө болгон теориялык ой-толгоолорго туура келбегендиги жана анын социалдык-таптык биримдиги жөнүндө расмий идеологиялык доктринага карама-каршы келгендиги менен түшүндүрүүгө болот. Андан кийин көз карандысыздык жылдарында, постсоветтик өлкөлөрдө коомдун ар кандай социалдык топторунун узак мөөнөттүү, стратегиялык жашоо образдарын активдүү изилденип баштады. Жаштардын өткөөл мезгилдин жашоо шарттарында социалдашуу өзгөчөлүгүнүн жана жаңы коомдук өзгөрүүлөргө адаптация болуу көйгөйлөрүн илимий жактан түшүнүүгө социологдордун кызыгуусу күчөдү десек туура болот.

Дүйнөлүк социологиялык теорияларга кайрылсак, жаштарды коомдун өзгөчө тобу катары түшүнүүнүн алгачкы түшүнүктөрү Америкалык психолог Стэнли Холл [298, 125-б.; 364] биринчи жолу “жаштык” бул өспүрүм курактагы психикалык өнүгүүгө арналган биогенетикалык мыйзамга таянып, анын

негизинде балдар жана билим берүү психологиясына рекапитуляция (латын тилинен recapitulatio — кайталоо) биологиялык, кайталоо өтүп кеткен ата-бабаларынын жүрүм-турумдарынын белгилеринин жаш өспүрүмдөрдө кайталанышы же болбосо адам баласынын өнүгүшүнүн негизги этаптарынын индивидуалдык өнүгүүсү жөнүндө иликтөөлөрдү киргизген. Андан кийин Германияда Э.Шпрангердин "Өспүрүм курактын психологиясы" (1924) деген китебинде, өспүрүм курак, анын пикири боюнча, биогенетикалык концепциядан айырмаланып, психофизиологиялык процесстердин комплекси менен байланышып, руханий өнүгүү этабы болуп саналат. Ал өзүнүн эмгегинде жаш муундардын жаш курак мөөнөтүн аныктайт дагы: кыздар үчүн 13 жаштан 19 жашка чейин жана эркек балдар үчүн 22 жашка чейин деп аныктайт. Бул учурда, Э. Шпрангердин ою боюнча, ички "мен" ачылат, инсандык рефлексия өнүгөт жаш адам өзүнүн индивидуалдуулугун жана анын касиеттерин аңдай алат. "Мен" ачылышынан процесс сыртка карай өнүгөт, жашоо планы пайда болуп, жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык өсүү башталат, акырындык менен жашоонун ар кандай шарттарына кошулуу, активдешүү, аралашуу, анын негизинде жаштардын баалуулуктарынын калыптанышы башталат [315, 50-б.]. Ал процесстер жаштардын психофизикалык касиеттерин алып жүрүүчү катары, өзгөчө маданий топ жана муундардын үзгүлтүксүздүк объектиси жана субъектиси катары жаш муун теориялык багыттарын түзгөн. Мисалы, Шарлотт Бюллердин айтымында, адамдын жашоосу инсандын максаттуу структураларын түзүү процесси катары көрсөтүлөт. Инсандын ички өзөгү – "өзү", башында берилген жана негизинен өзгөрүлбөйт, руханий билим анын көрүнүшүнүн формасын гана өзгөртөт. Ошондой эле, жаш инсан өзүн-өзү жашоонун толуктугу адамдын ички маңызына эң ылайыктуу максаттарды коюу мүмкүнчүлүгүнөн көз каранды экендигин белгилеген. Бул жөндөм анын өзүн-өзү аныктоосу деп аталат, өзүн-өзү аныктоо инсандын интеллектуалдык деңгээли менен байланыштуу, анткени адамдын өзүнүн потенциалын түшүнүү тереңдиги акылдан көз каранды. Коомдун азыркы абалы жараткан маселелердин арасында жаштардын калыптанышы жана социалдык иденттүүлүгү маселеси

азыр эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Анткени, азыркы жаштар, бул социалдык-демографиялык топ, алардын социалдашуусу жана өзүн-өзү аныктоосу бардык жерде болуп жаткан кризистен көз каранды жана ошол кризис менен толук байланышта, ошол кризис шарттап жатат. Жаштардын социалдык жактан ролу азыркы Кыргыз коомунун жашоо турмушундагы чоң ролу менен шартталган, анткени бүгүнкү жаш муундар инновациялык күч катары коомдун өнүгүү даражасын мураска алат, келечектин образын түзөт жана трансформациялык потенциал катары каралышы керек, анын ролу коомдун жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүндө эске алынышы керек. Бүгүнкү күндө мамлекеттин жана коомдун биринчи кезектеги милдети улуттун ден соолугун чыңдоо үчүн шарттарды түзүү, анын ичинде жаштардын активдүү социалданышуусун калыптандыруу боюнча иш чаралардын системасын ишке ашыруу болуп калат.

Коомдук турмуштагы кескин өзгөрүүлөр жана азыркы жаштардын жаңы өзгөрүүлөргө социалдык адаптацияланышы, социалдашуусу жана азыркы коомго интеграцияланышы учурунда пайда болгон олуттуу кыйынчылыктар, жаштардын социалдык иденттешүүсүн теориялык жактан түшүнүүнүн эң оптималдуу жолдорун издөөнү актуалдаштырат [103, 121-б.; 134, 29-б.]. Бул көйгөйгө белгилүү социологдордун ушул татаал илимий феноменди изилдөө боюнча көз караштарына, сунуштарына, эмгектерине зарылчылык өтө актуалдуу көйгөй болуп саналат. Жаштардын социалдык калыптануу процесси, социалдык иденттешүү процесстери теориялык жактан анын жашоо-турмушунун ар кандай чөйрөлөрүндө: үй-бүлөдө, билим берүү системасында, эмгек чөйрөсүндө, расмий жана расмий эмес уюмдарда, эс алуу мезгилинде, миграциялык акыбалында изилденип келет. Көптөгөн илимий социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары социалдык иденттүүлүктү калыптандыруу, жалпысынан жаштардын социалдашуу процессин, жалпы эле жаш муундун азыркы күндө көйгөйлөрүнүн курчушуна арналган.

Азыркы күндө, отуз жылдын ашык убакыттын ичинде мурдагы эски коллективдүүлүк идеясынын толук жоголушу, жаңы баалуулуктардын жаштар

арасында кабылданышы, же кабылданбашы, келечекке болгон ишеним, коомдогу кээ бир катмарлардын жашоо деңгээлинин жана сапатынын төмөндөшү, өзгөрүшү менен байланышкан жаштар арасындагы тынчсыздануунун абалы жогору бойдон кала берүүдө. Заманбап Кыргызстанда башка постсоветтик өлкөлөрдөгүдөй эле көптөгөн социалдык көйгөйлөрдүн арасында калктын жашоо деңгээлини менен байланышкан карама-каршылыктар башкы маселелердин бири болуп саналат. Белгилүү болгондой, экономикалык кризистин кесепети катары калктын жашоо сапатынын бирдей деңгээлде эместиги, жаштардын арасында жакыр катмарлардын пайда болушу, өз кезегинде, жаштар арасында кылмыштуулуктун өсүшү, эртеңки белгисиздиктен улам төрөттүн төмөндөшү, демографиялык маданияттын чукул өзгөрүшү, жаш жаңы төрөлгөн балдардын, өспүрүмдөрдүн, жаштардын арасында өлүм-житимдин деңгээлинин жогорулашы сыяктуу бир катар катаал көйгөйлөр жаралууда. Жаштар чөйрөсүндө билим алуудагы бирдей эмес мүмкүнчүлүктөр, жаш муундар арасында жумушсуздардын санынын өсүшүндө жана анын натыйжасында ата-энелерге материалдык көз карандылык, нике, үй-бүлөлүк мамилелердеги кризистик көрүнүштөр (ажырашуунун жогорку деңгээли, үй-бүлөлүк чыр-чатактар, турак-жай, тиричилик шарттарын жакшыртуу үчүн чектелген шарттар), эмгек миграциясы кыргыз коомунун негизги көйгөлөрү болуп саналат.

Жаштардын жалпы маданиятынын төмөн деңгээли, ден - соолуктарынын канааттандырарлык эмес абалы, асоциалдык жүрүм-турумдун көбөйүшү (кылмыш, мас болуу, баңгилик, сойкулук) – бул өңдүү терс социалдык көрүнүштөр, эгемендүүлүк жылдарында пайда болгон коомдогу өзгөчө терс көрүнүштөр экендигин белгилеп кетүү керек. Өзгөчө жаштар арасындагы эмгек миграциясы, башкача айтканда, репродуктивдик, кээ бир учурларда билимдүү, бүгүнкү кыргыз коомуна аба менен суудай керек жаштардын тобу, жалпысынан эле ишке жарамдуу курактагы жаштар өлкөдөн чыгып кетүүсүнүн уланышы. Ошондой эле көп учурларда өлкөдөн иш миграциясына чыгып жаткан жаштардын арасындагы профессионалдык, кесиптик даярдыктын төмөндүгү

дагы деле улануууда, ал эми экинчи жагынан алганда сапаттуу кесипке ээ, жогорку билимдүү, профессионал жаштардын өлкөдөн чыгып кетиши дагы өзгөчө көйгөйлөр болуп келүүдө.

Эгерде жаштарды биз бүгүнкү негизги коомдун субъекти катары калыптанышынын жүрүшүндө, жаш муундун сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн өзгөрүүсүнүн оң багытка сала алсак, анда жаш муун социалдык-демографиялык топ катары мамлекеттик программаларга муктаж. Андай программалар жаштардын өзүнүн социалдык статусун калыптануусу, жарандык, социалдык, улуттук, профессионалдык, инсандык идентүүлүктү калыптандырууга жаңыча шарттарды түзөт.

Теориялык жактан алганда, жаш инсан социалдык жетилгендикке калыптануусу бул жашоо жолун, өзүн-өзү ишке ашыруу моделдерин тандоодо, сыноо, жана ката кетирүү мезгили, жана ошондой эле тобокелдик менен тыгыз байланышкан деп жогоруда белгиледик. Бүгүнкү жаштар, бир жагынан өзүн коомдун өзгөчө социалдык - демографиялык тобу катары сезсе, экинчи жагынан, өзүнүн өзгөчө көйгөйлөрүнүн чече албай калган учурда ар кандай жапа чегүүгө, карама-каршылыктарга кабылууда. Жаштардын кээ бир учурларда аң-сезимин бузган, деформациялаган негизги терс факторлордун бири - бул жаш муундарга коом тарабынан, башкача айтканда, улуу муундун арасында ишенимдин аздыгы, жоктугу. Биз жогоруда белгилегендей, жаштар коомдун инновациялык, чыгармачыл бөлүгү болуп саналат, ошол эле учурда бүгүнкү күндө коомду өнүктүрүү, чечим кабыл алуу, коомду башкаруу иштерине, жаштар өтө сейрек тартылууда. Мындай көрүнүш коомдо жаштарга көп көңүл бурулбагандыгынан кабар берет. Бирок айта кетчү нерсе көп эле учурда, активдүү жана тобокелдүү иш-аракеттер аркылуу гана жеке амбициялар, жаңы идеялар ишке ашырылат. Анткени жаштар идеяга бай, жаңылануууга даяр, инновациялык кубулуштарды тез кабылдаган катмар болуп саналат.

Негизинен, жаштыктын башталышы (балалыктын аягы) адамдын организминде физиологиялык өзгөрүүлөр, жыныстык жетилгендикке байланыштуу психикалык процесстер аяктаган учур деп эсептелет, ал эми

жаштыктын аягы – бул жаш адам толук бойго жеткен абалга келген учур. Англис окумуштуусу Саймон Фристин эмгектеринде жаштарды бөлүп көрсөтүүгө өзүнүн оюн сунуш кылган, тактап айтканда: жаштыктын абалынын социалдык контекстин балалыктан бойго жеткенге өтүү процесси катары кароо. Анын иштеринде балалыктан бойго жеткенге чейинки өзгөрүүлөрдүн негизги багыттары – бул көз карандылыктан көз карандысыздыкка жана жоопкерчиликсиздиктен жоопкерчиликке өтүү деп аныктаган. Бул жагынан алганда, жаштар түшүнүгү – бул социалдык курулуш, белгилүү бир курактагы адамдарды аздыр-көптүр бөлүп көрсөтүү үчүн жалпыланган социалдык-психологиялык портрет (Фрис тарабынан 11 жаштан 28/30 жашка чейинки чек аралар сунушталган), алар экономикалык, социалдык жана маданий ресурстарга жеткиликтүүлүктүн чектелгендиги менен мүнөздөлөт.

Көбүнесе Батыш Европалык ошондой эле көптөгөн окумуштуу-социологдор жаштардын материалдык коопсуздугуна чоң көңүл бурушкан, андай көрүнүштү түшүнсө болот, капиталисттик коомдо жаштардын экономикалык жактан бирдей өнүгүүсү мүмкүн эмес. Азыркы биздин коомдун жашоо шартында, жаштар ар дайым мамлекет тарабынан белгилүү бир кепилдиктерге жана коргоого муктаж болгон өзгөчө социалдык топ, катмар болуп келүүдө.

Жаштардын өзгөчө социалдык өзгөчөлүктөрүнө биринчилерден болуп немис социологу Карл Мангейм (1893-1947) көңүл бурган. Ал жаштарды тез өзгөрүлүп жаткан, ошол эле учурда коомдогу жаңы шарттарга тез ылайыкташкан, аралашкан алдыңкы планда турган коомдун резерви деп эсептеген. Динамикалык жактан коом эртеби, кечпи жаштарды активдештирип, ал тургай уюштуруп, интеграциялап туруу зарылдыгын белгилеген [216, 574-б.]. Жаштар, К. Мангеймдин ою боюнча, социалдык жашоону жандандыруучу ортомчу, активист катары иштешет. Анын айтымында, жаштар прогрессивдүү да, консервативдүү да эмес, ал каалаган аракетке даяр потенциалдуу күч. Жалпысынан, К. Мангейм жаштардын аң-сезимин жана жүрүм-турумун анализдеген, идеалдаштырган, анын айтымында, ар кандай муундагы адамдарга

кандай гана коом болбосун, жашына ылайык программалар болушун айткан. Ошондуктан, жаштар жасаган ар кандай иш-аракеттер белгилүү позитивдүү мүнөзгө ээ, жаштар "аталардын" ордуна жашоонун улантуучусу жана коомдун жаратмандары болуп калышат. Жаштар, бул, коомдун өзгөчө ресурстардын бири, ар социумда болгон жана анын жашоого жөндөмдүүлүгү мобилизациялоодон көз каранды деген өзүнүн эмгектеринде.

В.А. Луков белгилегендей: XX кылымдын ичинде жаштарга социалдык-демографиялык топ катары хронологиялык изилдөө жүргүзгөн теорияларынын мазмунунда, маанисинде жаңы секириктер пайда болду [206, 58-б.]. Алар жаштар кыймылынын формаларында жаңы өзгөрүүлөр болуп, жаш муун өзүн-өзү ар кандай проектерди ишке ашыруу аркылуу менен байкала баштагандыгында. Коом тарабынан жаштардын феноменин аң-сезимине жаштар кыймылынын формаларындагы жаштардын көрүнүштөрү чечүүчү таасир тийгизери теориялык жактан мобилдүү изилдене баштады. Жаштар кыймылдарына социологиялык анализ жүргүзүү үчүн аларды өз алдынча социалдык топ катары бөлүп көрсөтүү керектиги айтылат. (Т.Парсонс, М. Брейк, Х. Пилкингтон) пикирлери боюнча коомдук-саясий кыймылдардын өсүшү менен гана эмес, индустриалдаштыруу процесстери менен дагы бул кубулуштар байланыштуу болгон. Шаарлардын дүркүрөп өнүгүшү жана массалык көчүүлөр менен бирге "жаштар көйгөй катары", "жаштар резерв катары" белгилене баштаган. Жаштардын мобилдүүлүгү, алардын арасында формалдуу эмес уюмдардын пайда боло баштаганы өсүп келе жаткан шаарлардын калкынын тынчтыгына жана коопсуздугуна ачык коркунуч келтире баштаган, коомдо ар кандай асоциалдык көрүнүштөр күчөй баштагандыгынан кабар берген. Ошол коомдогу кубулуштар жаштар көйгөйлөрүн изилдөөдө негизинен атайын жаштар субмаданиятын бөлүп кароого шарт түзө баштаган. Ошентип, функционализмдин алкагында жаштар согуштан кийинки америка коомундагы өзгөрүүлөрдөн, биринчи кезекте индустриялаштыруунун натыйжасында келип чыккан айрым көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган маданияттын алып жүрүүчүсү (өзгөчө күчү) катары каралган. Ошол мезгилде алгачкылардан болуп

“тинейджер” түшүнүгү пайда болот. Негизинен, ошол учурдагы теориялардын маңызы боюнча өспүрүмдүн өзүн бойго жеткен адамга барабар инсан катары тастыктоого болгон туруктуу каалоосу пайда болот, аны менен мамиле түзүүнү, анын пикирин сыйлоону талап кылат деген жыйынтыктарга келет. Өспүрүм ошондой эле жүрүм-турумдун сырткы бойго жеткен атрибутикасын өздөштүрөт- кийинүү, сүйлөө, тамеки тартуу, спирт ичимдиктерин ичүү жана башка чоң адамдарга тиешелүү адаттарга кызыга баштайт, үйрөнө баштайт. Балдар кинодон жана телекөрсөтүүдөн алынган (баатырлардын, каармандардын) сапаттарына ээ болууга умтулушат. Демек, физикалык күчтү, эркектикти, бошоңдукту, жаргон же жаргон колдонууну көрсөтүүгө умтулуу маданияты пайда болот. Бойго жетүү сезими кантип пайда болот? Ошентип, жаштар маданиятына функционалисттик мамиле биринчи жолу Т.Парсонс экинчи дүйнөлүк согуш учурунда коомдогу курактык топтордун ролу жөнүндө талкууларда көптөгөн илимий ойлорун далилдеген. Андан ары Ш.Айзенштадт Т. Парсонстун ой-толгоолорун тереңирээк иштеп чыккан, дагы изилдөөнүн борбордук маселелери катары баалуулуктарды бир муундан экинчи муунга өткөрүп берүү процесси, баалуулуктарды жаңы социалдык-маданий жана экономикалык шарттарда жайылтуу жана андан кийин ишке ашыруу идеяларын иштеп чыккан.

Жаштар, жаш муун маданиятын Ш. Айзенштадт баланы үй-бүлөдөн бөлүү, жаштарды бойго жеткен социалдык системада өзүнүн статустук позициясын ээлөөгө даярдоону жөнгө салуучу институт катары карап, төмөнкү аспектилерди белгилеп өткөн. “Жаштар кандайдыр бир жол менен социалдык өзгөрүүлөрдүн ордун толтуруу үчүн туруктуулук сезимин табууга, өзүн-өзү сыйлоо сезимине, социалдык тажрыйбанын ордун толтурууга умтулушат, ошондуктан коомдогу социалдык институттардын жаштарга карата мамилеси олуттуу көз карашка ээ” [87, 733-б.; 143, 14-б.]. Жаштар маданияты бул умтулуулардын натыйжасы болуп саналат, анткени ал баалуулуктардын, позициялардын жана жүрүм-турум ченемдеринин так топтомун камсыз кылат. Жаштар маданияты өзүнүн иш-аракеттеринин жардамы менен, коомдун башка

топтору, башкалар канчалык бааласа, жаш инсанга өзүн жакшы (ыңгайлуу, туруктуу) сезүүгө жардам берет.

Функционалисттик салттын негизиндеги изилдөөчүлөр, жаштар маданиятындагы эң маанилүү нерсе жүрүм-турум "коддор", "кийинүү маданияты" (панки, хиппи жана башка агымдар) алардын ички маданиятынын күзгүсү деп эсептелинет.

Андан ары, таптык (класстык) мамиле "жалпы жыргалчылык", "баарына теңчилик" коомунун концепциясын сынга алууну көздөгөн англис жана америкалык социологдор  жаштар чөйрөсүндөгү өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумун  биринчилерден болуп изилдеген.

Совет социологиясында жаштардын теориялары 60-жылдардан баштап өнүгө баштаган,  1968-жылы  В. Т. Лисовский  жаштар түшүнүгүнүн алгачкы аныктамаларынын берип анда ал  – " жаштар социалдашуу баскычынан өткөн, коомдук жүрүм-турумду сактаган, билим алуу, кесиптик, маданий жана башка социалдык функцияларды өздөштүргөн адамдардын мууну"  деп аныктаган. Бул аныктама  негизинен жаш курактагы социалдашуу өзгөчөлүктөрү көз карашынан берилген аныктама экендиги  түшүнүктүү. Жогорудагы аныктамада биздин көз карашыбызда,  инсандык компонент  толук эмес, анткени негизги сөз  жаш адамды конкреттүү коомдун мүчөсү катары социалдашуусу жөнүндө гана болуп жатат, бул жалпысынан совет мезгилинин дүйнө таанымына мүнөздүү. Бирок, бул аныктаманын пайда болушу социологдордун, психологдордун жаштардын көйгөйлөрүнө көңүл буруусун күчөтө баштаган. В.Т. Лисовский кийинки эмгектеринде  жаштар кыймылына, формалдуу эмес жаштар уюмдарынынын идеологиясына көп көңүл бурган [200, 100-б.; 201, 230-б.; 202, 10-б.]. Ал башка изилдөөчүлөр менен биргеликте "азыркы коомдун жаштарынын жалпы социалдык мүнөздөмөсүн, социалдык-психологиялык портретин түзүүгө мүмкүнчүлүк берген. Бул көз караштан алганда, жаштардын социалдык өзгөчөлүгү "ачыктык" жана "туруксуздук" психологиясына ээ,  ошого жараша социалдык позицияларды жана ролдорду тандоо жана кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө көз каранды.  Ошентип, жаштарды социалдык-демографиялык

топ катары мүнөздөгөн өзгөчө теоретикалык постулат менен В.Т. Лисовский жана анын окуучулары дал ушул социалдык жетилгендикти белгилешет. Коомдук мамилелер системасында инсандын мындай абалы, инсан экономика, саясат, укук чөйрөсүндө социалдык ролдордун иш жүзүндө толук кандуу алып жүрүүчүсү болуп эсептелинет. Жаштар өз ролун жана жоопкерчилигин билип, андан келип чыккан милдеттерди аткарганда жана өсүп келе жаткан муундун социалдык жетилгендигинин негизги критерийи катары экономикалык өз алдынчалыкка жетишүү, туруктуу кесипке ээ болуу менен гана жетише алат [226, 15-б.; 231, 16-б.; 232, 28-б.; 321, 30-б.]. 21-кылым жаштардын объективдүү жана субъективдүү бакубаттуулугун баалоо үчүн жаңы индикаторлорду издөөгө арналган темалардын пайда болушу менен өзгөчөлөнө баштады. Эвдаймондук (гүлдөп өнүгүү, бакубатчылык) көз караштын теориялык таасири жаштардын өнүгүүсүнүн мотивдери, максаттары жана баалуулуктары боюнча изилдөөлөрдө байкала баштаган. Андан ары В.И. Добрнина, "жаштар" деген түшүнүктү социологиялык жактан аныктоодо анын психофизиологиялык, экономикалык жана социалдык өзгөчөлүктөрүн эске алат. Ал жаштардын организми негизинен калыптануу стадиясында жана ошондой эле психикасы дагы өзгөчө калыптануу стадиясында турат деп эсептейт, ошондуктан жаштар - бул физикалык жана руханий жактан күчтүү курактык топ эмес. Жаштар жашоого жаңы гана киришип, материалдык жактан көзкарандысыз, өз алдынча топ боло элек, алар үчүн социалдык адаптация процессинин бүтпөгөндүгү, баалуулук багыттарынын системасынын формалдашпагандыгы мүнөздүү. Ушуга байланыштуу жаштар коомдун эң динамикалуу бөлүгү катары эсептелинет. Бул мүнөздөмө эрте жаш курактагы (14 жылдан 20 жылга чейин) жаш муундарга мүнөздүү. Көптөгөн заманбап авторлор мындай белгилер аны коомдун ымыркай, өтө опуртал бөлүгү катары мүнөздөйт. Бирок, бул белгилер азыркы жаштарга мүнөздүү десек болот, себеби бул жерде инфантилизм жөнүндө сөз эмес, жаштар курагына тиешелүү көйгөйлөр жөнүндө ой-толгоолордун туюндусу болуп жатат. Бул изилдөөнүн алкагында С. Н. Иконниковдун жаштарды изилдөөдөгү ишинин мазмунунун анализдеп чыктык, анада, жаштарды социалдык жана социалдык-

психологиялык талдоо маселелерин чечүү менен “жаштар - бул 16 жаштан 30 жашка” чейинки инсандарды камтыган класстык (таптык) жана башка белгилерге жараша ички жактан айырмаланган социалдык-демографиялык топ [159, 23-б.] айткан. Ошентип, алардын коомдогу орду жана ролу, иш-милдеттери жана көйгөйлөрү, ошондой эле руханий жашоо-турмуш көрүнүшү, дүйнө таанымы, кызыкчылыктары, баалуулук багыттары, социалдык - психологиялык касиеттери, социалдык-экономикалык системанын мүнөзү, коомдук мамилелер, тарыхый өнүгүү баскычы, ушул коомдун класстык абалы менен шартталган. Албетте, бул аныктаманын мазмунунда жаштар мезгилинин курактык чектери жана ушул курактык топтун негизги психикалык белгилери пайда болот. Бирок, биздин көз карашыбызда, мындай аныктаманын сөзсүз кемчилиги бар – ал, класстык (таптык) мамиле менен тыгыз байланыш. Бирок, бул ошол кездеги идеологиянын позициясынан толугу менен түшүндүрүлөт.

Көптөгөн жаштар көйгөйүнө арналган теоретикалык-методологиялык изилдөөлөрдө жаш муундун психологиясын анализдөөгө өзгөчө көңүл бургандардын ичинде И.С. Кон болуп эсептелинет. Анын “Жаштык психологиясы: инсанды калыптандыруу көйгөйлөрү” жана “Жогорку класстын окуучуларынын психологиясы” боюнча окуу куралдары олуттуу кызыгууну бүгүнкү күндө дагы туудурат. И.С. Кон “жаштар, аны курактык мүнөздөмөлөрдүн, социалдык абалдын өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысынын жана тигил же бул социалдык-психологиялык касиеттердин негизинде бөлүнүүчү социалдык - демографиялык топ катары” аныктайт. Бул жерде XX кылымдын токсонунчу жылдарынын экинчи жарымында, жаштардын социалдык көйгөйлөрүн изилдөө процессинде көптөгөн окумуштуулар жаштарды өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары бир катар өзгөчөлүктөргө ээ деп эсептешкенин баса белгилөө керек. Бул, биринчи кезекте, жаштардын социалдык өзгөчөлүктөрү, ал социалдык түзүлүштү көбөйтүү процессинде ээлеген конкреттүү позициясы, ошондой эле мурастоо гана эмес, калыптанган коомдук мамилелерди, башкача айтканда, жаш адамдын потенциалдуу маанилүү күчтөрү менен өзгөртүү мүмкүнчүлүгү менен шартталган [183, 353-б.]. Андан ары В.В.

Павловскийдин изилдөөлөрүнө ылайык, жаштар  бул,  13-14 жаштан 29-30 жашка чейинки (аял жана эркек жынысы) адамдардын өзгөчө биосоциалдык курактык тобу, ал өспүрүм курактагы жана бойго жеткен курактагы адамдардын жалпылыктарынын ортосунда өткөөл абалды ээлейт. Коом тарабынан аныкталган жаш курактык билим алууга муктаж курак, ошол эле учурда коомдун таптык, социалдык-топтук, этникалык жана башка маанилүү түзүлүшүн чагылдырган өзүнчө топ.  Ошентип, жаштар бул ар кандай коомдун биринчи мууну, ар кандай цивилизация муундардын улуулугун камсыз кыла турган өзгөчө генерация. Бул параграфтын башында биз белгилегендей, постсоветтик мезгилде жаштарды изилдөө теорияларын биринчи этабында (80-жылдар-90-жылдар XX в.) жаштар көйгөйлөрүн изилдөө “батыш” жана “советтик” идеологиялардын өзгөчө кесилишинде улантылса, азыркы XXI кылымдын башында Ю. А. Зубок, И. М. Ильинский, А. И. Ковалеванын, В. А. Лукованын, Т. И. Яковчуктун, А. В. Мудриктин, концептуалдык эмгектери пайда болду. Жаштардын маңызы жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө теориялык түшүнүктөрдү өзүнчө социалдык-демографиялык топ катары байыткан И. В. Чупровдун эмгектери  жаралды.

Биздин оюбузча, жаштар-бул белгилүү бир жаш курагы жана  ошондой эле коомдогу өзгөчө статусу менен айырмаланган өзгөчө социалдык-демографиялык топ,  балалыктан жана жаштыктан социалдык жоопкерчиликке өтүү курагы. Бул жагынан алганда, ар кандай өлкөлөрдө жаш курагы боюнча аныктамалар ар кандай жолдор менен чектелген жана  аныкталган, бирок 14 жана 16 ортосунда төмөнкү чек ара, жогорку  25 жана 35 жашка чейинки белгилер коюлат. Албетте, жогоруда аталган теориялык корутундуларды заманбап шарттарда жыйынтыктап жатып, жаштарды  аны башка социалдык-демографиялык топтордон айырмалап турган белгилүү, модернизациялык, трансформациялык потенциалды алып жүрүүчү  генерация деп айтсак туура болот.

Жаштарды  социалдык-демографиялык топ катары изидөөдө,  илимий теорияларды, парадигмаларды  тарыхый-концептуалдык талдоо, анализ жүргүзүүдө, өсүп келе жаткан  жаш муундун өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө

мүмкүндүк берет. Биздин оюбузча, биринчи этап 14 жаштан 18 жашка чейинки жаш курак; андан кийин 18 жаштан 22-25 жашка чейинки жаш курак; жана 25 жаштан 29-35 жашка чейинки жаштардын үч чакан тобун бөлүп көрсөтүү бүгүнкү күндө актуалдуу болуп кала берет. Мындай мезгилдештирүү, үч топко бөлүү бир катар социалдык позициялар менен бекемделет: паспорт алуу, укуктарды жана милдеттерди мыйзамдык-укуктук тариздөө, шайлоо укугун алуу, кесиптик билим берүү, профессионалдык коопсуздукка ээ болуу. Бирок, азыркы коомдук кризис шарттарда жаштардын социалдык активдүүлүгү тобокелчиликтер менен коштолот деп белгилегендей, ошондой эле тышкы шарттар ар кандай коркунучтарды жана тобокелчиликтерди камтыйт.

Ошентип, азыркы жаштарды социалдык-демографиялык, өзгөчө психологиялык топ катары төмөнкүчө мүнөздөсө болот. 14-16 жаш-өспүрүмдөр. Бул организмдин башка биологиялык тутумдарынын пайда болушуна ошондой эле жыныстык жетилүүнүн улануу курагы. Бул курак физиологиялык жана психологиялык өнүгүүнүн деңгээлинде жана темпинде максималдуу диспропорциялар менен мүнөздөлөт. Алар негизинен орто мектептердин жана кесиптик билим берүү мекемелеринин окуучулары, адатта, ата-энесинин же мамлекеттин багуусунда болушат.

17-19 жаш курагы - бул окуп, билим алып жаткан жана эмгек кесиптик ишин баштаган жаштардын катмары, биологиялык, физиологиялык өзүнчө жетилүүнүн, өзүн-өзү аныктоонун контестиде өсүп жаткан курак, бул мезгилге дагы активдүү социалдашуу мүнөздүү.

20-24 жаш курагы - бул курактагы жаш адам, физиологиялык, биологиялык жактан өсүп-өнүгүп социалдашуу процессин активдүү улантууда. Бул курактык топ, өндүрүштүк иш-чараларга толук аралаша баштаган жана үй-бүлө түзгөнгө даярдануу мезгили, негизги кесиптик даярдыктан өткөн студенттер менен жаштардын катмарын түзөт.

25-29 жаш курагы - бул муун улуу жаштар курамын түзөт. Бул курактык топ өндүрүштүк жана үй-бүлөлүк жашоонун жеке тажрыйбасынын негиздерин

өздөштүрүп, ошондой эле улуу муундарга кошулууга толук даяр, жетилген адамдардын катмарын түзөт.

Ошентип, азыркы жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптануусу, ар кандай жаңы баалуулуктардын калыптандыруу шартында, азыркы коомдун жана негизги институттардын системалуу кризиси менен катар жүрүүдө. Ошондой эле, азыркы коомдо жаштар өтө туруксуз жана карама-каршылыктуу топ, катмар катары мүнөздөлөт. Бир жагынан алып караганда жаш муун инновациялык потенциалга ээ болгон заманбап коомдун мобилдүү, динамикалык тобу, экинчи жагынан караганда, практикалык, жаратмандык, өндүрүштүк тажрыйбалык иш-аракетинин чектелгендигинен, жаш адамдын жаңы саясий-экономикалык системага толук кошулбагандыгынан улам, кооптуу, тобокелдик катмарды түзөт. Жаштардын социалдык иденттешүү процессинде, дүйнө таанымында бүгүнкү күндө төмөндөгү сапаттар көп кездешүүдө. Ыңгайлашууга умтулуу, конформизм, негативдүү жүрүм-турум, коомдо жалпы кабыл алынган нормаларды четке кагуу. Бүгүнкү күндө, жаштар чөйрөсүндө, башка бирөөнүн маданиятын кул катары туурап, улуттук баалулуктарга көңүл кош деңгээлде кароо сыяктуу терс көрүнүштөдү кездештирүүгө болот. Демек, мындай өнүгүү менен Батыш цивилизациясынын даяр, жеңил маданиятына Кыргыз улутунун кыртышына такыр туура келбеген турмуштук жүрүм-турумдардын жаш муундар арасында тез таркоосу байкалат.

Бул бөлүмдү жыйынтыктоодо: учурдагы инсандык кризис жаштардын чөйрөсүндө социалдык идентификациялоочу процесстердин ар кандай түрлөрүнүн калыптанышына алып келүүдө. Жаштар жарандык, саясий, диний, экономикалык, профессионалдык, кесипкөйлүк иденттүүлүгүнүн контурларынын так эместигинен, белгисиздигинен жаштар, ич ара ар кандай топторго бөлүнүүдө. Коомдо өз ордун тапкан, профессионалдык кесиби бар жаштар социумга аралашып, өзүнүн кандайдыр бир топко аң-сезиминде кошууга, мүмкүнчүлүк алат, жана өзүн кайсы бир топтун мүчөсү катары сезет. Заманбап коомдо өмүрдүн, жашоонун узактыгы аз, кыска болгон салттуу коомдо муундардын алмашуусу өтө тез – он беш жылдын ичинде ишке ашат. Биз

азыр жыйырма беш жылга көңүл буруп жатабыз, бирок кырдаал өзгөрүүдө, жашоонун узактыгы өсүүдө. Ошого жараша жигердүү жашоо мезгили көбөйүп, жаштык мезгил дагы узарууда. Бүгүнкү күндө биздин өлкөдө коом башка "өнүккөн" өлкөлөрдөн үлгү алып, прагматикалык максаттар үстөмдүк кылган коомдо жашоодобуз. Прагматикалык дүйнө тааным дегенди тактап кетсек, анда бардык нерседен материалдык пайда табууну көрүү, ал эми пайда болсо, эреже катары, жеке өзүнө тиешелүү. Кыргызстандын келечегин кура турган азыркы жаш муун жалпылап айтканда, цивилизациянын, доордун оош-кыйыш таасирине дуушар болууда. Натыйжада жаштар коомдун өнүгүүсүндөгү жаңы идеялардын алып жүрүүчүлөрү гана болбостон, базар экономикасынын шарттарында, маалыматтык коомдун барымтасында калышты. Жаштарга илимий-техникалык прогресстин "универсалдуу артыкчылыктары" таасир этүүдө, аларды глобалдык тармактар, дүйнөлүк желе жана массалык маалымат каражаттары курчап, мындай көрүнүш көп учурда жаш инсандын калыптанышына терс таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан, жаштардын баалуулук багыттарын, социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш өзгөчөлүгүн изилдөө, азыркы жаштардын социалдык бакубаттуулугуна, кесиптик өзүн өзү аныктоосуна жана коомдук активдүүлүгүнө таасир этүүчү заманбап жашоонун олуттуу социалдык-маданий жана социалдык-экономикалык факторлорун аныктоо өзгөчө көңүл буруу керек экендиги келип чыгат. Азыркы этапта Кыргызстан социалдык мамлекет катары жаштарды колдоого, өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары жаштардын потенциалын ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу социалдык-экономикалык шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттик мүнөздөгү ар кандай чараларды көрүп жатат. Азыркы учурда мамлекеттик органдар тарабынан жаштарды социалдык жактан колдоо, алардын билим жана тарбия алуусу жаатындагы коомдук мамилелерди майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салуучу көптөгөн укуктук – ченемдик актылар кабыл алынган. Аталган документтердин жыйындысы Кыргыз мамлекетинин жаштардын укуктарын коргоонун заманбап эл аралык концепциясына көп жагынан шайкеш келген активдүү жаштар саясатын жүргүзүүсү жөнүндө күбөлөндүрөт.

Улуттук стратегияны, туруктуу өнүгүүнүн максаттарын ишке ашыруу максатында жаштарды өлкөнү өнүктүрүү процессине активдүү тартуу, мамлекеттик жаштар саясатын толук кандуу ишке ашыруу үчүн жаштарды өнүктүрүүнүн натыйжалуу системасын түзүү керек. Мамлекеттик жаштар саясаты биринчи кезекте жаштарга жеке потенциалын өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө, мамлекетти жана коомду өнүктүрүүнүн негизги ресурсу катары жаштарды калыптандырууга, саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө жаштардын демилгелерин колдоого шарт түзүү керектиги белгилүү. Жаштардын демилгелерин колдоо жана жаштардын айрым категорияларын (жаш үй-бүлөлөр, оор турмуштук кырдаалга кабылган жаштардын) арасында социалдык адаптациялоо чараларынын бирдиктүү системасы түзүлүп, кыйла жөндөмдүү, шыктуу, таланттуу жаштарды өнүктүрүүгө мамлекеттин, бизнестин чөйрөсүнүн өзүнчө программалары, механизмдери жана моделдери даярдалып, ишке киргизилиши керек.

# 2-БАП

# ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫН ИЗИЛДӨӨДӨГҮ МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕР ЖАНА ИНСТИТУТЦИОНАЛДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

## 2.1. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышыда үй-бүлө институтунун ролу

Диссертациялык изилдөөнүн **объектиси.** Жаштар өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары, учурда өзүнүн социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында социалдык тескөө катары. **Изилдөөнүн предмети.** Коомдук мамилелерди кайра куруунун шарттарында жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү.

Изилдөө концепциясын иштеп чыгууда методологиялык негиз катары таанып-билүүнүн төмөнкү принциптери жана ыкмалары колдонулган: системдик анализ, тарыхый-логикалык метод, салыштырма талдоо методу, структуралык-функционалдык, тобокелдик, конфликтологиялык, муундук, субмаданияттык, ювенология ыкмалары колдонулду. Жогорудагы ыкмалар изилдөө контекстине жараша ар кандай айкалыштырылган учурларда колдонулган. Э. Дюркгеймдин "Моралдык тарбия" аттуу эмгегинде мындай деген, адамдын дүйнө жөнүндөгү түшүнүгү социалдык фактылар менен калыптанат: мисалы, убакыт түшүнүгү календарь аркылуу аныкталат, ал өз кезегинде пайда болушу дин менен байланышкан коомдук чогулуштарды жана ырым-жырымдарды иретке келтирүү үчүн түзүлгөн, коом моралдык түшүнүктөр категориялар менен тескелет. Үй-бүлө коомдук баштапкы институт катары моралдык тарбиянын башаты [118, 210-б.]. "Коомдук эмгекти бөлүштүрүү жөнүндө: социологиянын методу", коомдук эмгекти бөлүштүрүүнүн себептерин жана функцияларын кароо, адамдардын эмгекте тарбияланышы жөнүндө ой бөлүшкөн [119, 90-б.]. Ч. Кулинин "Адамдын табияты жана коомдук тартип" деген эмгегинде, коомдук институттун өнүгүшүндө индивид (адам) ар дайым себеп да, натыйжа да болуп саналат, анкени дайыма мамлекеттин өнүгүшү менен бирге мамлекеттик институттарда салттын изи калат, демек, адамдардын

өзгөрүшүнө баш ийген мамлекеттик түзүлүш дейт. Бул жерде айта кетчү нерсе, үй-бүлө салтты өнүктүрүү боюнча өзгөчө система [190, 85-б.]. К. Поппердин “Ачык коом жана анын душмандары” аттуу эмгегинде тоталитардык коомдо адам өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ача албай тургандыгын, Маркстын теориясынын ишке аткарылбай калгандыгын айтат. Бүгүнкү күндө бир дагы коом узак убакыт бою жабык бойдон кала албайт, анткени жабык коом ар тараптан артта калып, алсыз болуп калат [244, 122-б.]. Т.Парсонстун “Социалдык иш-аракеттердин структурасы жөнүндө” концепциясында белгиленгендей, коом тең салмактуу өнүгүшү үчүн үч система: инсан, маданият жана коом тең салмакта болушу керек. Анын айтуусу боюнча Америкалык үй-бүлө, терең өзгөрүү процессин башынан өткөрүп жатат. Коом алдыга жылган сайын ажырашуулардын тез өсүшүнө, жыныстык адеп-ахлактын өзгөрүшүнө жана төрөттүн төмөндөшүнө алып келүүдө дейт [241, 231-б.]. Э.Тоффлердин “Келечектеги коркунуч”, бул эмгекти дүйнөлүк окумуштуулар жыйырманчы кылымдын аягындагы бестселлер экени талашсыз деген ойду айтып келишүүдө. Автор азыркы маданий, саясий өзгөрүүлөргө мүнөздүү болгон адамзат укпаган коомдогу темпке көңүл бурат. Адамзат экологиялык катастрофадан, ядролук реакциядан же ресурстардын түгөнүшүнөн улам жок болуп кетиши мүмкүн деп баса белгилеген [266, 120-б.]. А.Тойнбинин “Цивилизация тарых соту алдында”, Англиялык теоретиктин эмгектери эң бай эмпирикалык материалды жалпылайт, олуттуу ой жүгүртүү менен үндөгөн жалпылоолорду камтыйт. Ал өткөн жана азыркы мезгилдин өз ара байланышы, маданий-тарыхый процесстин биримдиги жана ар түрдүүлүгү, адамзаттын өнүгүү жолдорунун прогресси жана поливарианттуулугу, анын келечеги жөнүндө ой жүгүртүүгө чакырат. [268, 120-б.]. Бардык постсоветтик мейкиндиктегидей эле, Кыргыз коомун өнүктүрүүдө, ааламдашуунуунун шарттарына ыңгайлашууда негизги өзгөчөлүгү-бул коомдогу социалдык ролдордун, жашоодогу жалпы кабыл алынган ченемдердин, баалуулуктардын жана мамилелердин системаларындагы өзгөрүүлөр, бардык социалдык институттарга, анын ичинде үй-бүлө институтуна да таасирин тийгизгендигинде. Үй-бүлө институтунун учурдагы

абалын көптөгөн социологдор, демографтар, психологдордун изилдөөлөрүндө кризис абалында деген илимий жыйынтыктарга келүүдө. XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап, үй-бүлө көйгөйлөрүн антропологиялык жана этнографиялык негизде И.Я. Бахофен төмөндөгүдөй теорияны негиздеген, адамдарда алгач гетеризм термини менен чектелбеген сексуалдык мамилелер болгон, мындай мамилелер баланын атасы ким экендигин так чектеп бере албайт. Ошондуктан баланын ата - тегин аялдардын тукумунан гана аныктоого болот. Энелик байыркы бардык элдерде болгон, натыйжада, аялдар эне катары, жаш муундун бирден-бир анык ата-энеси катары, аялдардын толук үстөмдүгүнө (гинекократия) жеткен жогорку урмат-сыйга ээ болушкан. Бир никеликке өтүү менен аял бир гана эркекке таандык боло баштаган, баланын атасы бир адам экендиги толук үй-бүлөлүктү тартипке сала баштаган [52,217-б.]. Э. Вестермарктын айтуусу боюнча үй-бүлөнүн жана никенин кээ бир түрлөрү адамдын инстинкттик табиятында болгондуктан, нике жана үй-бүлө башка социалдык институттардагы кеңири өзгөрүүлөргө карабастан, коомдо ар дайым жашай берет. [77, 237-б.]. Ф. Энгельс, үй-бүлө, коом сыяктуу эле, адамзат коомунун өмүр бою өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Энгельстин тыянактары Америкалык ирокез уруусу, Австралиялык урууулардын, Тамил (Түштүк Индия), гаур (Индустан) жана Гавай аралдарындагы үй-бүлөлүк мамилелерди изилдөөнүн негизинде чыгарылган. Тартипсиз, чар жайыт нике мамилелерин, Моргандын эмгектерине белгиленгендей, туугандык, пуналуалдык, жубайлар жана акыры моногамдык үй-бүлө менен алмаштырылат [316, 445-б.]. Ошентип, бул окумуштуулардын эмгегинде үй-бүлө маселелерин изилдөөдө “патриархалдык теориянын” үстөмдүгүн четке кагып, үй-бүлөнүн жана никенин тарыхый өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүү үчүн зарыл болгон конкреттүү тарыхый материалдарды камтуу өзгөчө мааниге ээ болгон. Ошол эле учурда үй-бүлө формаларынын жана үй-бүлөлүк баалуулуктар системасынын тарыхый шарттардагы жалпы өзгөрүүлөрдөн көз карандылыгын белгилеп, изилдөөчүлөр үй-бүлө институтунун коомдогу эң маанилүү экенин белгилешкен. 19-кылымдын аягы 20-кылымдын башынан үй-бүлө жана нике

институтун теориялык концепциялары өзгөчө мааниге ээ болду (П. Сорокин, Э. Бёрджесс, Т.Парсонс, ж.б.), биринчи кезекте Батыш Европада жана Америкада жигердүү таралып, үй-бүлөлүк өзгөрүүлөрдүн көйгөйлөрүн модернизациялоо процессинин контекстинде анализдешет. Постсоветтик аймакта кризистик коомдогу үй-бүлөнүн актуалдуу көйгөйлөрүнө арналган эмгектердин ичинен А.И. Антонова: Россиялык үй-бүлөнүн азыркы кризистик абалы, мындай абалдын тарыхый жана кырдаалдык себептерин ачып, аны жеңүү боюнча конкреттүү чараларды сунуштайт. Бул сунуштардын көпчүлүгү талаштуу, бирок алардын бардыгы талкууга татыктуу жана алардын шексиз кадыр-баркы ушундан көрүнүп турат. Ал үй-бүлө, балдар жөнүндө темалар боюнча орус жана чет элдик чыгармаларды изилдеген [35, 13-б.]. С.И. Голод, үй-бүлөнүн азыркы абалын жана аны изилдеген көптөгөн авторлордун көз карашын колдогон эмес, “Глобалдык социалдык өзгөрүүлөрдү үй-бүлөнүн “бошондошу” алып келүүдө анын айтымында, илимий адабияттарда бирдей, окшош эле социалдык факторлор келтирилген, алсак, бойдок эркектер менен аялдардын саны көбөйүүдө, ажырашуулар көбөйүүдө, төрөлүү азайууда, “толук эмес үй-бүлөлөр” көбөйүүдө, никесиз жыныстык мамилелер күчөтүлүүдө деген сыяктуу. Албетте, анын жетишкендиги, ал “жакшы” же “жаман” баалуулуктар менен гана чектелип калбастан, болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн маңызын көрүүгө жана үй-бүлө жана нике институттарынын табигый эволюциялык өзгөрүүлөрүнүн жалпы теориялык концепциясына жазып, аларды түшүндүрүүгө аракет кылган [91, 272-б.]. Т.А. Гурконун эмгеги анын иике, үй-бүлөлүк жүрүм-турум үлгүлөрү ар башка, ар кандай социалдык топтордогу үй-бүлөлүк институттун жана үй-бүлөлүк жолдордун трансформациясын талдоонун маанилүүлүгү жөнүндө тыянак чыгарган. Ошентиа ал, үй-бүлөнү институтционалдык жактан талдаган. Акыркы он жылдыктарда үй-бүлө институту тездик менен өзгөрүп, илимпоздор арасында отуз, кырк жылда эркектер менен аялдардын ортосундагы мамиле, мурдагы кылымдар бою келе жаткан жүрүм-турум моделдерине караганда көбүрөөк өзгөрдү деп белгилеген [100, 72-б.]. Инсандын баалуулук багыттарынын системасында үй-бүлөнүн маанисин изилдөөдө А.Б.

Синельниковдун артыкчылыгы байкалат, “Экинчи демографиялык өткөөл” үй-бүлө мамилесинде “плюрализмдин” калыптанышы жана үй-бүлөнүн бардык түрлөрүнүн тең укуктуулугуна алып келди дейт. Экинчи демографиялык өткөөл теориясынын жактоочулары үчүн, эркин коомдогу бардык эркектер менен аялдар, нике, чогуу жашоо жана бойдокчулук, балалуу болуу жана баласыздык, бойдок жана үй-бүлөлүк жашоо образын эркин жана социалдык жактан алгылыктуу тандоого укуктуу. Алар бул укукту коомдук прогресстин натыйжасы катары, демократиядагы инсандын ажырагыс укуктарынын бири катары карашат дейт [254,132-б.]. Н.В. Семенова, А. Усубалиева өзүлөрүнүн эмгектеринде үй-бүлө жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды түшүнүүнүн трансформациясы келечек муунга берилген үй-бүлө образынын өзгөрүшү жөнүндө белгилешкен. Коом жана мамлекет жаш муундардан заманбап үй-бүлөлүк баалуулуктарды издөөгө кызыкдар, салыштырмалуу эксперименттин көрсөткүчтөрү азыркы жаштардын үй-бүлө образынын өзгөрүшү жөнүндө айтып турат, алар үчүн үй-бүлөдөгү эмоционалдык коопсуздук жана анын динамикасы чоң мааниге ээ экендигин айтышат [271,164-б.]. Биздин оюбузча, тууганчылык чөйрөсүндө үй-бүлөлүк баалуулуктарды терең изилдеген Т.А. Гурко болуп эсептелинет [100, 72-б.]. И.С. Кон болсо үй-бүлөдөгү курактык категорияларды салыштырмалуу тарыхый-социологиялык изилдеген, гендердик-курактык символизм, балдардын маданиятынын өзгөчөлүктөрү жана ар кандай адамзат коомдорундагы балдардын социалдашуу процесстери теориялык гана кызыкчылыкка ээ эмес, ошондой эле маанилүү колдонмо, практикалык мааниге ээ. Кон советтик илимпоздорду биринчи болуп балалык түшүнүктөрү менен тааныштырган [182, 252-б.]. Ал эми Кыргызстандык окумуштуулардын арасынын А.Р. Ачылова интренационалдык үй-бүлөнүн күнгөй-тескейин изилдеген. А.А. Усубалиева болсо заманбап жаштардын үй-бүлө турмушун, ажырашуулардын себептерин, жарандык нике, конок никенин көйгөйлөрүн изилдеп келүүдө [271, 170-б.]. Кыргызстанда жаштардын үй-бүлө баалуулуктарынын трансформациясын, ааламдашуу доорунда жаңы үй-бүлөлүк тажрыйбалардын калыптанышын изилдеп келет. Ошону менен бирге, акыркы

социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасында үй-бүлө баалуулугу жаштардын арасында турмуштук эң маанилүү баалуулуктарынын иерархиясында артыкчылыктуу орундардын бирин ээлеп келет. Демек, биз толугу менен айта алабыз, өзгөчө кыргыз жаштарынын арасында үй-бүлө түзүү негизги баалуулуктардын бири бойдон кала берет, бул өтө позитивдүү көрүнүш. Азыркы коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөр, кризистик процесстер жаш муундардын үй-бүлө күтүү баалуулугуна терс таасирин түп- тамырынан таасирин тийгизе алган жок. Бирок үй-бүлө кургандан кийин жаш үй-бүлөлөрдүн арасында ажырашуунун саны өтө эле бийик, анан калса жылдан жылга өсүүдө, ал көйгөйлөрдү биз ушул параграфтын алкагында ачып берүүгө аракет кылабыз. Ошентип, үй-бүлөлүк мамилелер, үй-бүлө куруу, акыркы жылдарда социалдык-экономикалык, социалдык-демографиялык, социалдык, эмгек жана башка көптөгөн факторлордун таасири астында жүрүүдө. Белгилүү болгондой, жаш адамдын коомдогу социалдашуусунда эң алгачкы агенттер инсандын жакын чөйрөсү, анын ата-энеси, жакын жана алыскы туугандары, достору, айрыкча үй-бүлөсү болуп эсептелет эмеспи. Дал ушул үй-бүлөдө алгачкы мамилелер мейкиндиги түзүлөт, анда жашоого, турмушка болгон көз караштар калыптанат, өрчүйт жаш адамдын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт. Жаш адамдын үй-бүлөсүндө бала кезинен баштап өзүнүн жеке өнүгүүсүнө багыт алуу менен жана ошол эле учурда социалдык байланыш мейкиндигинде анын жүрүм-турумунун кандай ченемдерин калыптануусу менен, ата-энеси, туугандары инсандын жеке жана социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышынын өбөлгөлөрүн түзүшөт, ал биринчи кезекте өзүнүн инсандыгын социалдык мейкиндикте салыштырат. Д.И. Фельдштейн белгилегендей, өсүп келе жаткан адамдардын аң – сезимин калыптандыруу менен бир мезгилде ишке ашырылуучу иш-аракеттерин жүргүзүү ар дайым чоңдордун дүйнөсү менен өз ара аракеттенүү процессинде болот, - деп баса белгилейт [276, 18-б.]. Бул диссертациялык иликтөөнүн алкагында, биздин алдыбызда эки жаш курактагы өзгөчө этапты анализдөө максаты бар: бала кез жана бойго жеткен убакыт, ал процесс чогуу жана бири-

бирине байланыштуу. Бул учурда алардын эки этаптын ортосунда объективдүү түрдө өз ара аракеттенүүнүн өзгөчө мейкиндиги түзүлөт. Биздин оюбузча, инсандык иденттүүлүк (кээде жеке деп да аталат) белгилүү бир туруктуулук менен айырмаланган социалдык белгилердин же башка индивидуалдык мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы катары түшүнүлөт, же андан тышкары, убакыт жана мейкиндик боюнча үзгүлтүксүздүк, социумда белгилүү бир адамды башка адамдардан айырмалоого, мүмкүндүк берет. Башка сөз менен айтканда, инсандык иденттүүлүк деп биз - адамдын өзүнө окшош жана башкалардан айырмалап турган мүнөздөмөлөрдүн жыйындысын түшүнөбүз. Ошол эле учурда жаш инсан коомдогу өзү теңдүү адамдар менен байланыштырып, окшотуктарды таап, ошол топ менен өзүн иденттештириш керек.

“Социалдык иденттүүлүк-бул жаш адамдын инсандык касиетинин ар кандай социалдык жалпылыктарга таандык экендигин билүү, сезүү, тажрыйбасы, мисалы: чакан топ, үй-бүлө, класс, (топтук), статус, аймактык, этникалык, кесиптик жалпылык, окшоштуктар. Ошентип, социалдык иденттүүлүк топтун мүчөлүгү, аздыр-көптүр топко таандык болуу, кандайдыр бир социалдык категорияга, чөйрөгө кошулуу катары каралат. Бүгүнкү заманбап шарттарда жаштардын социалдык иденттүүлүгүн изилдөөнүн актуалдуу аспектиси болуп, идентификацияны калыптандыруунун негизги институционалдык механизмдерин изилдөө жана талдоо болуп саналат, албетте, баарынан биринчи кезекте үй-бүлө жаш адамдын социалдашуусунун жана инсандыгын идентификациялоонун, калыптануусунун маанилүү институту катары болуп саналат. Ушуга байланыштуу, үй-бүлө институтуна илимий аныктама берүү керек, А.Г. Харчевдин ою боюнча, үй-бүлө жубайларды гана эле бириктирбестен мамилелердин дагы тутуму болуп эсептелинет. Үй – бүлө-бул “тарыхый жактан жубайлардын, ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамилелердин тутуму, алардын мүчөлөрү нике жана туугандык мамилелер менен байланышкан чакан топ. Үй-бүлөнүн уникалдуулугу алардын эмоционалдык жана туугандык потенциалында, күчүндө, өзгөчөлүгүндө [297,60-б.]. Биздин оюбузча: үй – бүлө, бул жакын туугандардын тобу, жалпы социалдык,

руханий, туугандык, экономикалык, психологиялык, психикалык кызыкчылыктары бар адамдарды бириктирүү тутуму, үй-бүлө эң байыркы институт – динден, мамлекеттен, саясаттан дагы биринчи пайда болгон тутум. Кээ бир салттуу үй-бүлөлөрдө каада-салттар, кадимки кабыл алынган жүрүм-турум нормалары, манералары, үрп-адаттар жана көз караштар муундан муунга өтүп келет. Демек, жаш инсан өзүнүн келечектеги үй-бүлөсүнө өзү менен кошо алып, балдарына өткөрүп бере турган жүрүм-турум стандарттары болушу керек десек дагы туура болот.

Бүгүнкү күндө үй-бүлө ар тараптуу жана көп катмарлуу кубулуш болуп саналат, ал ар кандай илимий тармактардын негизинде изилденет, алардын көпчүлүгүндө бул институтту чечмелөөгө ар кандай мамилелер бар, бул “үй-бүлө” түшүнүгүн бирдиктүү илимий аныктоо мүмкүнчүлүгүн кыйла татал деп айтсак болот.

Чет элдик деп берилген “үй-бүлө” түшүнүгүнүн ар кандай аныктамалары бар, Дж. Мердок жана орус окумуштуулары (А.Г. Харчев, М. С. Мацковский, Г. Навайтис С. И. Голод, Г. В. Осипов, А. И. Антонов, кыргызстандык окумуштуулар Р. А. Ачылова, Ж. К. Урманбетова, А.А. Усубалиева) [271, 164-б.; 273, 258-б.]. Үй-бүлө институтунун илимий аныктамаларында көпчүлүк изилдөөчүлөр анын өнүгүү тарыхына, үй-бүлөнү социалдык институт катары изилдеген (социология), материалдык жагына басым жасаган (экономика), үй-бүлө мүчөлөрүнүн социалдык-психологиялык, менталдык чакан топ катары (психология) илимдеринде басым жасалат .

Биздин илимий эмгекте аныктама катары биз төмөнкүлөрдү сунуштайбыз: “азыркы кыргыз коомундагы салттуу үй – бүлө, бул, эки же андан ашык адамдан, өз ара нике, ошондой эле тууганчылык, ата-энелик мамилелери менен байланышкан, адамдардын тобу менен аныктаган, ал топко тиешелүү фамилиясы бар, жалпы жашоо тиричилиги, ошондой эле өз ара моралдык, адеп-ахлактык, укуктук жана социалдык жоопкерчиликтен турган алгачкы уяча. Аларга кошумча салтуу үй-бүлөдө аларга жеке тиешелүү болгон салт-санаалар дагы болушу мүмкүн деп белгилейбиз.

Социалдык-экономикалык кризистин өнүгүшү менен азыркы шарттарда "адам, инсан социалдык өзгөрүүлөрдүн татаал дүйнөсүндө жалгыз калат". Бул сөзсүз түрдө коомдук жана жеке жашоонун идеалдарынын белгиленген баалуулуктарын жоготуу менен байланыштуу, бул туруктуу социалдык иденттүүлүктү жоготууга алып келет . В.С. Агеев: "туруксуздук доорунда адам өз жашоосунун аныктыгын жоготот, ал өзүн макросоциалдык жалпылык менен аныктоону токтотот, аны менен түзүлгөн баалуулук-багыты, биримдик жоголот [28, 152-б.; 28,349-б. ]. Бирок, кандай гана коомдо жашабасын жаш адам өзүн-өзү аныктоого муктаж, бул ага өзүнүн жашоосунда айрым көрсөтмөлөргө таянат. Азыркы кризистик шарттарда негизги баалуулуктарды калыбына келтирүүгө, турмуштун кыйынчылыктарынан жана өзгөрүүлөрүнөн коргоого мүмкүндүк бере турган социалдык жалпылыкты издөө башталат. Социалисттик коомдун кыйроосунун негизинде жана жаңы коомдук идеологиянын толук жоктугунун кесепетинен, жаш адамда ар кандай божомолдорго, уюмдарга, диний секталарга, өзгөчө ислам дининин ар кандай бутактарына, христиан жана традициялык эмес диндердеги секталарга аралашып, алардан жардам издей баштаашат, ошентип динге болгон муктаждык пайда болот жана күчөйт, жаштар өзүн кандайдыр бир деңгээлде ишенимдүү жана корголгон сезип, өзүнүн социалдык жалпылыкка таандык экендигин сезе ала баштады.

Ааламдашуу жана системалуу дүйнөлүк кризис доорунда дагы, ушул сыяктуу социалдык топтор, баарынан мурда, Т.Д. Гурко белгилегендей: "кризистик коомдо көбүнчө туруктуу коомдон айырмаланып, адамдын инсандыгын калыптандыруу үчүн чектелген макросоциалдык ресурстар болуп калат" [101, 95-б.]. Жаштар үчүн үй-бүлө, бул өзү жашаган жана өзүн түздөн-түз байланыштырган жамаат, үй-бүлөдө жаш адам өз иш-аракеттерин тандоого мүмкүнчүлүк, багыт алат. Жашоонун жалпы деңгээлинин төмөндөшүнүн, көнүмүш социалдык чөйрөнүн өзгөрүүсүнүн, кесиптик чөйрөдөгү атаандаштык мамилелердин өсүшүнүн негизинде жаш адамдын үй-бүлөлүк топко кирүүсүнө, үй-бүлө күтүү жана аны менен таанышуусуна болгон муктаждыгы сөзсүз түрдө сакталат. Демек, үй-бүлө күтүү жаш адамга психологиялык колдоо жана

социалдык таануу алган социалдык жамаатка айланат, анда ал өзүн ишенимдүү жана коопсуз сезе алат [165, 278-б.; 305,20-б.]. Ошентип, эң маанилүү позитивдүү шарт-бул салттык коомдо өз убагында үй-бүлө күтүү, балалуу болуу баалуулугу актуалдуу бойдон калууда. Эгемендик алгандан бери демографиялык кырдаал коомдо курч маселелердин бири болууда.

Заманбап үй-бүлө институтун изилдеген окумуштуулардын айтуусу боюнча: "жүрөгү жок, карама-каршылыктуу коомдо, үй-бүлө мүчөлөрү үчүн эмоционалдык жактан бири-бирин колдоону анализдөөнүн негизинде, дал ушул үй-бүлө адамга жаңы иденттүүлүктүн негиздери, ошол жаш үй-бүлөлөрдүн социалдык жашоосунун туруктуу көндүмдөрдү калыптандырууга негиз берет" [78, 28-б.]. Үй-бүлөлүк иденттүүлүк - бул татаал социалдык-психологиялык маданият, анын модели эки негиз боюнча тескелет: биринчиден, социалдык-инсандык, үй-бүлөгө жана тукумдун көптөгөн мүчөлөрүнө таандык болуу тажрыйбасы менен берилген, экинчиден, социалдык-убактылуу, муундардын биографиялык эс тутумунун мүнөздөмөлөрү менен берилген. Жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн социалдык-инсандык негизи биримдик жана социалдык-когнитивдик, социалдык-эмоционалдык жана жүрүм-турум компоненттеринин ортосундагы иерархиялык мамилелер менен көрсөтүлөт: социалдык-эмоционалдык компонент үй-бүлөгө жана өз уруусунун мүчөлөрүнө таандык социалдык-инсандык тажрыйбаларда үстөмдүк кылат. Социалдык - жаштардын үй-бүлөлүк иденттүүлүгүнүн убактылуу негизи уруунун муундарынын биографиялык эс тутумундагы окуялардын көлөмүн жана убактылуу алыстыгын камтыйт. Азыркы жаштар үчүн үй-бүлөлүк иденттүүлүк социалдык таанып-билүү функциясын аткарат, атап айтканда, үй-бүлөнүн мурунку муундары менен тукум аралык байланыштарды жана биографиялык эс тутумду, үзгүлтүксүздүктү жана иденттүүлүктү таанып билүү, аны сактап улантуу, жаңылантуу болуп саналат. Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, жаш инсандын социалдык топ менен өзүн-өзү идентификациялоосунун негизи баарынан мурда анын мыйзам-ченемдерин, түп нускасын кабыл алуусу болуп саналат. Ошондуктан, бул изилдөөнүн алкагында коомдук туруксуздук,

кризистик шарттарда үй-бүлөлүк баалуулуктарды өнүктүрүү жана өзгөртүү, өзгөчөлүктөрү менен баштап, үй-бүлөдөгү инсандык сапаттарды калыптандыруу маселесин карап чыгуу логикалык жактан туура болмок деп эсептейбиз. Биздин өлкөнүн социолог, окумуштуулары тарабынан жүргүзүлгөн көптөгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, үй-бүлө кыргызстандыктардын баалуулук иерархиясынын системасында алдыңкы орунда турат. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруу жаш адамдын инсандыгынын ички баалуулуктарына, үрп-адаттарына жана каада-салттарына жараша жүзөгө ашырылат жана ар бир адамдын жашоосунда анын инсандык баалуулуктары канчалык сапаттуу чагылдырылса жана ишке ашырылса, ошончолук ал өзүн бактылуу жана өз жашоосуна канааттануу менен сезе алат. Алсак, Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинин биринчи беренесинин 3-пунктунда: “үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуу эркек менен аялдын нике байланышынын ыктыярдуулук принциптерине ылайык жүзөгө ашырылат. Үй-бүлөдөгү жубайлардын укуктарынын теңдиги, өз ара макулдашуу боюнча үй-бүлөлүк маселелерди чечүү, балдарды үй-бүлөлүк тарбиялоонун артыкчылыгы, алардын бакубаттуулугу жана өнүгүүсү жөнүндө кам көрүү, жашы жете электердин жана эмгекке жарамсыз үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын тийиштүү коргоону камсыз кылуу” [19]. Азыркы кыргыз коомун мүнөздөгөн татаал социалдык-экономикалык, идеологиялык шарттарда жаштар, кыздар, балдар, үй-бүлө курууну артыкчылыктуу баалуулук деп эсептешет. Жаш үй-бүлөлөрдүн көйгөйлөрүн изилдөө боюнча заманбап иликтөөлөрдө эң актуалдуу маселелердин эки негизги белгиленди: биринчиси социалдык-экономикалык ал эми экинчиси социалдык-психологиялык.

Албетте, биринчи социалдык-экономикалык жаш үй-бүлөлөрдүн материалдык коопсуздук маселелерин камтыйт дагы, бул турак жай, жумушка орношуу, жаш жубайлардын эмгек акысы өңдүү көйгөйлөрдү камтыйт. Негизинен, азыркы Кыргызстандагы жаш үй-бүлөлөрдүн кирешеси төмөн, ал эми көпчүлүгү минималдык жашоо чегинде жашоо-турмуш кечиришет. Эмгек

рыногунда жаш адистин талап кылынбагандыгы же тийиштүү иш тажрыйбасы жок болгондуктан айлык акынын төмөндүгү, жаш үй-бүлөлөрдүн материалдык абалынын начарлашына жана жалпы эле өлкөнүн калкынын жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет. Натыйжада, көптөгөн жаш үй-бүлөлөр аргасыз эмгек миграциясында агылышууда, бул өлкө үчүн дагы көптөгөн социалдык-экономикалык, психологиялык, моралдык, демографиялык көйгөйлөрдү жаратат.

Экинчи социалдык-психологиялык көйгөй жаш жубайлардын бири-бирине ыңгайлашуу, жаштардын үй-бүлөлүк жана нике мамилелерине, жаңы кырдаалга (ролдордун, стереотиптердин жана жүрүм-турум стилдеринин өзгөрүшү) жана жаңы туугандарына даярдануу маселелери кирет. Салттуу үй-бүлөдө алдыда боло турган үй-бүлөлүк жашоого даярдануу ар дайым эмгекке даярдануу сыяктуу эле башкы милдеттердин бири болуп келген. Азыркы жаштардын арасында физиология, психология жактан өзүнүн жынысы жөнүндө түшүнүктөрү, маданияты начар калыптангандыктан, үй-бүлөлүк, туугандык мамилелердин психологиясы жана балдарды багуу жана тарбиялоо жаатындагы билим өтө үстүртөн болуп келет.

Жалпысынан Кыргызстанда жаштардын үй-бүлөлүк жашоосунун калыптанышына жакырчылык терс таасирин тийгизет. Өз турак жайынын жоктугу; балдардын төрөлүшү менен жакырчылык тобокелдигинин жогорулашына алып келет; балдар менен үй- бүлөнү социалдык жактан коргоону камсыз кылуунун мамлекеттик уюштуруу-укуктук механизмдеринин натыйжалуулугунун төмөндүгү дагы бир терс факторлордун бири; массалык маалымат каражаттарынын жана Интернеттин кээ бир учурдагы деструктивдүү таасири; жаштардын үй-бүлөлүк жашоого даярдыгынын төмөндүгү; анын үй-бүлөлүк-нике, туугандык мамилелердин адеп-ахлактык жана психологиялык негиздерин билбегендиги; чыр-чатактарды чече албагандыгы; өзүмчүлдүк негизги факторлор болуп саналат. Акыркы жылдардагы социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, үй-бүлө куруу маселесине карата жаштардын мамилеси ар дайым негизги, алдынкы позицияларда турат. Жеке

инсандыктын негизги социалдык-маданий негизи катары, жаштар көбүнчө үй-бүлөнү карашат (жалпы жооптордун 34%),  үй-бүлөнү, өз үй-бүлөлүк очокту өзүмдүн негизги каалоосу  катары карайт жана үй-бүлө түзүү зарылдыгын түшүнүү  эң жогорку инсандык баалуулук деңгээлине алып келет. “Үй – бүлө эң баалуу”; “бул адамдагы эң кымбат нерсе”; “жашоодогу эң маанилүү нерсе, үй-бүлөнү урматтоо керек”, “бекем үй – бүлө бул,  кесиптик карьеранын калыптанышында жакшы тепкич” деген ойлорду жаштар карманып келет. Бул эң позитивдүү социалдык көрүнүш.

Азыркы изилдөөлөрдө жаштардын үй-бүлөлүк баалуулуктары ар дайым коопсуздук  маселеси менен айкалышып келет. Бул кооптонуу  түшүнүктүү анткени,  үй-бүлө ар дайым социалдык эркиндик, жаш адамдын өздүгүнүн социалдык чеги катары иштейт. Үй- бүлө “бул менин сепилим, алар мени колдоп, каалаган мүнөттө мени  турмуштук кыйынчылыктардан  куткарган адамдар”; “менин үй-бүлөм - менин чебим”; “бул менин эң жакын адамдарымдын экендигин түшүнүү, алар мени оор учурларда колдойт”; “колдоону сезүү жана башка үй-бүлө мүчөлөрү үчүн  дайыма даяр болуу” дегенди түшүндүрөт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын мамлекеттик үй-бүлөлүк саясатынын эң маанилүү багыттарына: энени, балалыкты коргоо, үй - бүлөнүн коомдогу кадыр-баркын жогорулатуу, аң-сезимдүү ата-энелик сезимди калыптандыруу, үй-бүлөлүк жашоонун бардык аспектилеринде эркек менен аялдын натыйжалуу кызматташтыгына жана өз ара жоопкерчилигине көмөктөшүү кирет. Бирок, азыркы учурда Кыргызстан үчүн улуттук коопсуздукту камсыз кылуу зарылчылыгына чейин курчуп кеткен өлкөнүн демографиялык өнүгүү көйгөйү эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Жаш үй-бүлөлөрдүн  жашоо-турмушунда ажырашуунун,  жогорку деңгээлинде нике коэффициентинин төмөндөшү, каттоосуз жашаган адамдардын санынын өсүшү, никеден тышкары балдардын төрөлүшү сыяктуу терс тенденцияларды  атап кетсе болот. 2012-жылга карата Төрөттүн суммардык коэффициенти бир  репродуктивдүү курактагы аялга 2,63 бала,  ал эми, 2022 -жылга карата  карата бул көрсөткүч республика боюнча  бир аялга 3 бала. Бул жакшы  көрсөткүч,  бирок белгилей

кетүүчү нерсе жаңы төрөлгөн ымыркай балдардын жана төрөт учурунда өз жумган энелердин саны арбын боюнча калууда.

Республикабызда никеге туруу, үй-бүлө куруу жана ажырашуу процесстери акыркы отуз жыл ичинде Кыргызстандын калкынын жана анын айрым элдеринин нике түзүмүнүн эволюциясынын өзгөчөлүктөрүн алдын ала аныктады. Республиканын бүткүл калкынын нике түзүмүнө анын этностук курамынын өзгөрүшү олуттуу таасир эткен. Эгерде 1989-жылы нике түзүмү үч элдин-кыргыз, орус жана өзбек элдеринин структураларынын орточо көрсөткүчү болсо, 2009-жылы шаарларда да, айыл жерлеринде да эркектер менен аялдардын нике түзүмү кыргыздардын нике түзүмүнө дээрлик окшош болгон. Бул республиканын калкындагы кыргыздардын үлүшү 52,4% дан 70,2% га чейин өскөндүгү менен түшүндүрүлөт. Нике структурасын талдоодо эки жаш курагына көңүл буралы: 20-24 жана 45-49 жаш. Бул топтордун биринчиси жубайлардын активдүү калыптанышынын башталышы менен байланыштуу, ал экинчи 45-49 жаш бул курактагы адамдар репродуктивдүү куракта такыр никеге турбагандардын санын аныктоо. Кыргызстан үчүн Төрөттүн айкын көрүнүп турган этникалык дифференциациясы мүнөздүү, ошондуктан жалпы улуттук, башкача айтканда, бүтүндөй калк үчүн эсептелген көбөйүү көрсөткүчтөрү саны боюнча басымдуулук кылган этностук топ – кыргыздар тарабынан олуттуу өлчөмдө келе жатат. Кыргыздардын калктык үлүшү тиешелүү түрдө өсүп жатат, алардын төрөттүн башкы тенденцияларын калыптандыруудагы ролу дагы өсүүдө.

Алсак, 1989-жылы Кыргыз энелери тарабынан төрөлгөн балдар бардык ымыркайлардын 64,9% түзсө, 1999 жана 2019-жылдары бул сан тиешелүү түрдө 71,4% жана 73,8% га чейин көбөйгөн. Төрөттүн маанилүү бөлүгү өзбек улутунда да болгон (1989 – 15,0%, 1999 -15,9%, 2019 – 16,2%) орус аялдарынын жалпы төрөткө кошкон салымы, айрыкча акыркы жылдары, аз болду (1989 – 10,4%, 1999 – 5,5%, 2019 – 3,9%). Төрөттүн көрсөткүчтөрүнүн динамикасы экономикалык жана социалдык-саясий өзгөрүүлөрдөн көз каранды. Жашоо деңгээлинин төмөндөшү жана саясий туруксуздук калкты репродуктивдик жүрүм-турумун

учурдагы жашоосуна ылайыкташтырууга аргасыз кылат, башкача айтканда келечекти так, даана көрө биле албаган үй-бүлө көбүрөөк балалуу болуудан кооптонушат. Төрөттүн кыска мөөнөттүү төмөндөшүнө алып келген мындай адаптациянын типтүү мисалдары: төрөттү кийинкиге калтыруу жана үй-бүлөнүн көлөмүн чектөө, репродуктивдик жүрүм-турум, албетте, экономикалык кризистин жана социалдык-саясий кырдаалга караганда глобалдык эмес факторлор менен аныкталышы мүмкүн. Ошентип, үй-бүлөдө балдардын туулган убактысы жана алардын саны карьералык пландарга же көчүүгө жана миграцияга байланыштуу пландарга ылайык жөнгө салынышы да мүмкүн.

Белгилүү болгондой, Кыргызстандын тышкы эмгек миграциясы олуттуу масштабга ээ болду. Акыркы он жылдыктардын төрөлүү деңгээлине тышкы, ички эмгек миграциясы олуттуу таасирин тийгизди, анын масштабы жана узактыгы, ошондой эле социалдык-экономикалык жана демографиялык кесепеттери боюнча эң олуттуу маселелердин бири.

Этникалык кыргыздардын тышкы эмгек миграциясы үй-бүлөлүк, нике байланыштарынын үзүлүшүнө, натыйжада жаш үй-бүлөлөрдүн репродуктивдик ойлорун толук ишке ашырылбай калышына алып келет. Мындан тышкары, эмгек миграциясынын массалык мүнөзү Кыргыз үй-бүлөсүнүн туруктуулугун өтө начарлатты.

Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча россиялык миграциялык изилдөөлөр борборунун окумуштуулары тарабынан Борбордук Азиядан барган эмгек мигранттарынын арасында жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө, сурамжыланган (болжол менен 60%эмгек мигранты) үй-бүлөлүк статуска ээ (расмий же расмий эмес никеде турушат); 40тан 45% респонденттердин 16 жашка чейинки балдары бар. Үй-бүлөлүк тыгыз байланышты сактоо, үй-бүлөдө бири-бирин колдоо, чет өлкөгө убактылуу болсо дагы, эмгек миграциясына чогуу баруу өзгөчө балдар үчүн маанилүү фактор. Бул жагынан алганда, үй-бүлө мүчөлөрү менен бирге толук эмгек миграциясында болуу оптималдуу. Мисалы төмөндөгү № 2.1.1. таблицада

Россиядагы КМШ өлкөлөрүнөн келген 1500 эмгек мигрант, аялдардын арасындагы сурамжылоонун жыйынтыгы келтирилген.

Учурда сиздин балдарыңыз кайда?, деген суроого жооптордун берилишине көңүлүңүздү бурабыз. Балдар менен чогуу же балдарды туугандарына калтыруу миграция чечимине таасир этүүчү башка факторлордун катарына төмөнкүлөр кирет – бул мигранттар жашаган аймактын өзгөчөлүгү.

Таблица №. 2.1.1. **16 жашка чейинки балдары бар жооп берген аялдардын үлүшү %**

| | |
|---|---|
| Жооп берген жок | 2,5% |
| Балдарымдын баары мени менен | 28,2% |
| Балдарымдын айрымдары жанымда, айрымдары үйдө калган | 3,3% |
| Балдарымдын баардыгы үйдө калган | 62,8% |
| Башка бир жооп | 3,3% |
| Бардыгы | 100% |

Бул социологиялык иликтөө 2011 – жылы жүргүзүлгөн. Балдар менен чогуу болуу эмгек миграциясынын стратегиясы бир катар факторлорго көз каранды. Бул, албетте, биринчи кезекте, күйөөсү/аялынын чогуу эмгек миграциясына болушу балдардын чогуу ала кеткенге мүмкүнчүлүк болот. Билим деңгээли канчалык жогору болсо, эмгек мигранттары бардык балдарын өздөрү менен кошо алып кетишет/келишет. Борбордук Азиядан барган эмгек мигранттары балдарын өздөрү менен алып барганга караганда үйдө калтырышат; Кавказдан - Армениядан жана Азербайжандан келгендер, тескерисинче, балдарды өздөрү менен кошо алып кетүүнү артык көрүшөт". Ал эми бүгүнкү күндөгү абалды карасак: республиканын эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча, 2020 - жылдын бир кварталында эле балдарга карата зомбулук жана катаал мамиле жасоонун 274 фактысы аныкталган, алардын ичинен физикалык - 170, сексуалдык - 33, психологиялык-19. Кыргызстандын эмгек мигранттарынын балдарды өздөрү менен чогуу алып кетпешинин негизги себептеринин объективдүү жагынан караганда, ата – энелер иштеп жатканда балдарына кам көрүүнү камсыз кылууга мүмкүнчүлүк

жок, баланы багууга каражат жетишсиз, ошондой эле субъективдүү жагынан караганда эмгек миграттары балдарын башка билим берүү чөйрөсүнө алып барууну каалашпайт, Кыргызстанда барып жаткан мектептен ажыратууну каалабоо, ишеничтүү туугандарына, чоң ата, чоң энелеринин балдарды алып калууга толук шарттары бар учурлар кездешет. Бирок айта кетчү нерсе ата-энени эч качан анын балдары үчүн эч ким алмаштыра албайт. Ал эми кээ бир эмгек мигранттарынын категориялары, көптөгөн кыйынчылыктарга экономикалык, психологиялык, социалдык карабастан, Россияга, Казакстанга жана башка өлкөлөргө туруктуу жашоо үчүн көчүп кетүүнү каалаган учурлар бар.

Таблица № 2.1.2. **Сиз, Россияда иштеп жүргөндө кош бойлуу болсоңуз анын аягы кандай болду?, %**

| Мигрант кыз-келиндердин кош бойлуу убактагы көйгөйлөрү | Бардык жооп берген аялдар | Россияда иштеп жүрүп кош бойлуу болгон аялдар |
|---|---|---|
| Жооп берген эмес | 0,1 | 0,9 |
| Боюнан алдырган(аборт) | 3,8 | 41,7 |
| Россияда төрөгөн | 3,0 | 32,4 |
| Бала өлүү төрөлгөн, бойдон түшкөн | 1,0 | 11,1 |
| Үйүнө кетип ошол жерден боюнан алдырган(аборт) | 0,6 | 6,5 |
| Үйүнө кетип ошол жерден төрөгөн | 0,5 | 5,6 |
| Башка | 0,2 | 1,9 |
| Бардыгы | 9,2 | 100,0 |

Россиянын маркетингдик изилдөө борборунун социологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгына ылайык, ар бир онунчу аял эмгек миграциясында бир жолу болгон (бир нече кош бойлуулук - жооп бергендердин 1% гана). Көбүнчө, бул кош бойлуулук Россияда боюнан алдырып (аборт)жасалган менен аяктаган - 42% аялдар ушундай маалымат беришкен. Ал ошол эле Россиядагы

эмгек мигрант аялдардын - 68% кош бойлуулугу төрөт менен аяктаган. Ошентип, кош бойлуу мигрант аялдардын дээрлик 50% бойдон алдырышат (анын ичинде – өз мекенинде). Өлүк төрөлүү, кош бойлуу мигранттардын ондон биринен көбүндө болгон бойдон түшүү, көбүнчө мигранттар иштеген өтө оор жумуштун натыйжасы жана кадимки медициналык көзөмөлдүн мүмкүн эместиги, кээ бир учурда такыр жоктугу болуп калууда.

Жубайлардын узак убакыт бою өзүнчө (бирөө мекенинде, экинчиси иш миграциясында) жашоосу көптөгөн жаш үй - бүлөлөр үчүн жашоо нормасы болуп калды, бул үй-бүлөнүн жаңы формасынын пайда болушун, андан кийин эмгек миграциясы – “дистанттык үй-бүлө”, “конок үй-бүлө” деп атоого мүмкүндүк берди. Ошентип, репродуктивдик курактагы жаштар көп учурда үй-бүлөсүнөн узак убакытка чогуу түтүн булатпай, айрыкча Россияга, Казакстандын аймактарына, алыскы чет өлкөлөргө баргандар бири-биринен алысташат, балдарынын психикасы жабыркайт. Андан кийин, үй-бүлөлүк байланыштар, балдар, ата-энелер мамилелери бузулуп, үй-бүлөлүк жашоонун дээрлик бардык чөйрөлөрүндө өзгөрүүлөр болот. Үй-бүлө менен жолугушуу мүмкүн эместигинин негизги себептери болуп бири-бирине тез каттого финансылык каражаттардын жоктугу, кабыл алуу өлкөсүндөгү эмгек мигранттарынын басымдуу көпчүлүгүнүн мыйзамсыз абалы жана үй-бүлөлөрдө жашы жете элек балдардын болушу тоскоол болот.

Социологдор, демографтар жана психологдор мындай деп белгилешет: төрөттүн кескин төмөндөшү; үй-бүлөлүк-нике мамилелеринин туруксуздугу; никенин салттуу диний негиздеринин бузулушу; жубайына берилгендик принцибинин начарлашы; жаш үй-бүлөлөрдө тез-тез ажырашуу; социалдашуу процесстеринин деформациясы, муундардын социалдык-маданий үзгүлтүксүздүгүнүн кескин бузулушу, негизинен Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна коркунуч туудурат.

Азыркы күндө кыргызстандык үй - бүлө эволюциянын татаал этабын- салттуу моделден жаңы базар экономикасынын шарттарына ылайыкташкан моделине өтүүнү башынан өткөрүп жатат. Үй-бүлөнүн ролу олуттуу

өзгөрүүлөргө учурады: 80% жөнөкөй, салттуу үй-бүлөлөр, балдары жана башка туугандары бар жубайлардан турат. Азырынча Кыргызстанда салттуу үй-бүлөлөрдө төрөлгөн балдардын саны калктын санынын жөнөкөй көбөйүшүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет, бүгүнкү күндө өлкө боюнча 2,7 жаңы төрөлгөн баланын саны туура келет. Ошол эле учурда Кыргызстан анын ичинен Борбордук Азия өлкөлөрүндө үй-бүлө институту жаштар арасында өзүнүн актуалдуулугун, баалуулугун жоготкон жок. Ага мисал катары төмөндөгү социологиялык иликтоонун жыйынтыгын көрсөтөлү:

Таблица № 2.1.3. **Сиздин оюнуз боюнча үйлөнүүнүн башкы артыкчылыгы эмне, жөн эле никесиз бирге жашоодон айырмаланып?**

| **Берилген жооптордун жыйындысы** | **Кырг-н** | **Казах-н** | **Таджик-н** | **Өзбек-н** |
|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдуу нике бири-бирине болгон жоопкерчиликти күчөтөт | 53,2 | 53,8 | 46,1 | 57,3 |
| Мыйзамдуу нике ата-энелердин балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтөт | 20,6 | 23,6 | 18,3 | 18,8 |
| Мыйзамдуу нике үй-бүлө үчүн көбүрөөк экономикалык коопсуздукту камсыз кылат | 3,8 | 5,1 | 8,9 | 6,2 |
| Мыйзамдуу нике жөн гана бирге жашага караганда туура кадам | 17,2 | 15,3 | 23,2 | 10,1 |
| Никесиз жашоо - бул чон күнөө | - | - | - | 0,8 |
| Нике менен жашоо-бул шарият боюнча зарылчылык | - | - | 0,2 | - |

Ошентип жогорку таблицада көрсөтүлгөдөй жеке эле Кыргызстан жаштары эмес бүткүл Борбордук Азия чөлкөмүндө салттык үй-бүлө институтун сактап калуу, өнүктүрүү өтө актуалдуу. Ошол эле учурда ар кандай демографиялык көйгөйлөр бүткүл чөлкөм боюча актуалдуу бойдон калууда. Ал көйгөйлөргө кийинки параграфта толук токтолобуз.

Мындай көйгөйлөрдөн тышкары, баса белгилей кетүүчү нерсе, никеден тышкары төрөлгөн балдардын саны өсүүдө, ажырашуулардын көпчүлүгү жаш

үй-бүлөлөрдө болот. Салттуу жаш үй-бүлөлөрдүн чөйрөсүндө төрөттүн төмөндөшү калктын репродуктивдик жүрүм – турум моделинин өзгөрүүсүнүн чагылдырылышы жана жаш адамдын жашоо циклиндеги акыркы он жылдыктарда болуп өткөн негизги өзгөрүүлөр, бул билим алуу мөөнөтүн узарып бараткандыгы таасир берүүдө. Кийинчерээк, кечирээк эмгек ишмердүүлүгүнүн башталышы, демек, кийинчерээк экономикалык көз карандысыздыкка жетишүү. Төрөттүн жаш моделинин өзгөрүшү аялдардын жаш курактык топторунун (25 жашка чейин) суммалык төрөлүү коэффициентине салымынын азайышы жана улуу куррактагы салымдын жогорулашы менен мүнөздөлөт, бул “экинчи демографиялык өткөөл курак” көрүнүштөрүнүн бири болуп саналат. Көптөгөн Европа өлкөлөрүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, Төрөттүн структуралык өзгөрүүлөрү бир нече ондогон жылдарга созулуп, терең демографиялык көйгөйлөр менен коштолушу мүмкүн.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, 1990-жылдан кийин төрөттүн төмөндөшү дээрлик бардык курактык топтордо болгон, бирок эң негизгиси 29 жашка чейинки жаш аялдардын жаш курагынын төмөндөшү болгон. Төрөттүн төмөндөшү 15-19 жана 20-24 жаш курактык топтордо болот; жана 25-29, 30-34 жана 35-39 жаш курагында бир аз жогорулайт. 20-24 жана 25-29 жаштагы аялдардын төрөт көрсөткүчтөрү туруктуу жакындашууда. 2000-жылдан баштап, 25-29 жаш курагында төрөлүү көрсөткүчү 20-24 жаш курагында төрөлүү көрсөткүчүнөн жогору болуп, терең демографиялык кризисти көрсөтөт.

Жаш үй-бүлөлөрдүн чөйрөсүндө жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөгө ылайык, “сиздин үй-бүлөңүздө эмне “туура эмес”?” төмөнкү жооптор алынды: төмөн кирешелер – 74 %; начар ден соолук – 30 %; турмуш - тиричиликтеги кыйынчылыктар - 27%; айласыздык жана начар турак жай-22%; жумуштун жоктугу - 20%; балдарга жакшы билим берүү мүмкүн эместиги - 15%; бош убакыттын жетишсиздиги - 8%; аракечтик, баңгилик - 2%; үй - бүлөдөгү өз ара мамилелер-13%; жооп берүү кыйын болду-9%. Азыркы жашоо-шарттарда, жаш үй-бүлөлөр турмушунда кездешкен кээ бир оор көйгөйлөрдү, ар убакта эле өз аракеттери менен чече алышпайт, андай шарттарда көбүн эсе жакын

туугандарын, досторун, тааныштарын жардамга чакырышат. Ошондуктан зарыл комплекстүү социологиялык изилдөөлөр жаш үй-бүлөдө пайда болгон негизги көйгөйлөрдү аныктоо, белгилөө гана эмес, бүгүнкү күндө абдан курч, биринчи кезекте, жаш үй-бүлөлөрдүн чөйрөсүндө турак-жай маселелери. Бул көйгөй жаш жубайлар үчүн негизги маселелердин бири болуп саналат, азыркы учурда пайдалуу шарттарда турак-жай алуу үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөр пайда боло баштады, бирок жаш үй-бүлөгө турак-жай ипотекалык насыясынын шарттарын көп учурда көтөрө албайт. Ушуга байланыштуу, дагы бир маселе материалдык – тиричилик көйгөйлөрү. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы жаш үй-бүлөнүн дээрлик 70% материалдык көйгөйлөргө, турмуш-тиричиликке ылайыкташпагандык менен кыйынчылыктарга туш болууда, бирок көпчүлүк үй-бүлөлөрдө бул көйгөйдү чечүүгө жаш жубайлардын ата-энелери катышат. Албетте, алардын бай турмуштук тажрыйбасы, көз карашы, бул көйгөйдү чечүү жаш жубайлардын материалдык жана турмуш-тиричилик көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк болушу жакшы салт. Үчүнчүсү жана дагы маанилүү социалдык көйгөй жаш үй-бүлөлөрдүн чөйрөсүндө - жумушка орношуу, өзүнүн кесиби боюнча иштөө. Айта кетсек төмөн болгон эмгек акы жана киреше, жалпы материалдык камсыздоо жаш үй – бүлөнүн олуттуу көйгөйү. Негизги эмгек акыга канагаттанбоо жаш үй-бүлөнү башка өлкөлөрдөн жумуш издөө менен алектенүүгө мажбурлайт жана мындай көрүнүштөр жаш адистердин өлкөдөн чыгып кетишине алып келүүдө.

Кийинки көйгөй төмөнкү деңгээлдеги медициналык жардам. “Кыргызстанда жаш энелердин өлүмү жогору бойдон калууда. 2019-2020-жылдары кош бойлуулуктун, төрөттүн жана төрөттөн кийинки мезгилдин татаалдашынан миң жаңы көз жарган аялдын 36 каза болуп калган учурду кездештирдик. Азыркы убакта жаңы төрөлгөн ымыркайлардын өлүмү, жеке эле Кыргызстанда көп бойдон калбастан бүткүл Борбордук Азияда жогору. Бул өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгы үй-бүлөнүн, күйөөнүн басымдуу ролу төмөндөй башташы, ошондой эле аялдын кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу үйдө

тартипти сактоого жана балдарды тарбиялоого жумшаган убактысынын азайышын белгилесек болот.

Таблица № 2.1.4**. Жаңы төрөлгөн ымыркайлардын өлүмү (1000 жаңы төрөгөн баланын %)**

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы боюнча | 16,6 | 15,6 | 14,8 | 15,1 | 14,4 |
| Баткен областы | 15,6 | 15,1 | 12,4 | 15,2 | 14,7 |
| Жалал-Абад областы | 15,6 | 14,1 | 13,2 | 13,4 | 12,1 |
| Ысык-Көл областы | 11,9 | 12,9 | 10,9 | 15,8 | 12,4 |
| Нарын областы | 14,1 | 13,7 | 11,9 | 10,1 | 12,6 |
| Ош областы | 8,2 | 7,6 | 7,3 | 6,6 | 6,7 |
| Талас областы | 16,9 | 15,1 | 19,3 | 17,2 | 22,6 |
| Чүй областы | 13,9 | 10,7 | 9,8 | 11,2 | 9,7 |

Андан кийинки көйгөй жаш үй-бүлөнүн негизги карама-каршылыктардын бири, бул психологиялык көйгөйлөр. Жаш үй-бүлөдө чыр-чатактардын пайда болушунун негизги фактору болуп аялдын коомдогу социалдык абалынын өзгөрүшү, анын финансылык көз карандысыздыгы, тең укуктуулугу, билимдүүлүгү эсептелет.

Бул бөлүмдү жыйынтыктоодо: бүгүнкү күндө заманбап Кыргыз аялдары кесиптик өсүүдөн тышкары, үйдөгү "аялдык" милдеттерин - тамак бышыруу, үй-тазалоо, балдарды тарбиялоо иштерин улантууда. Натыйжада, аялдар "алсыз гендер" - эркектерге караганда бир нече эсе көп күн сайын жүктөлгөн милдеттерди аткарууда, бул алардын өнөкөт чарчоосуна, кыжырдануусунун жогорулашына, сексуалдык муктаждыктарынын төмөндөшүнө алып келет. Баланы төрөгөн аял аны ошого жараша тарбиялоого милдеттүү, адатта, эненин инстинктине жана балага эң жакшысын берүүгө болгон каалоосуна байланыштуу анчалык деле оор эмес фукция эместей сезилет. Ошондуктан аялдын баланы тарбиялоо, багуу функциясы кичинекей бала төрөлгөндөн баштап аткарылат жана балдар бойго жеткенден кийин деле бүтпөйт, бул

процесс айлана-чөйрөгө жана коомдо жашоого баланы ылайыкташтырууга, көз карандысыз жашоо көндүмдөрүн, адаттарын берүү, жана бардык энеге тиешелүү милдеттерди аткаруу болуп саналат. Эгер бүгүнкү салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн жашоо-шартына реалдуу карап көрсөк, аял толугу менен бардык жашоо тиричилик милдеттерин өз мойнуна алган. Салттуу үй-бүлөдө аял, үй-бүлөлүк милдеттерди гана аткарса, азыркы заманбап турмушта кыз-келиндер көбүнчө экономикалык ролду да эң жогорку деңгээлде аткарууда. Иштеген аял же ийгиликтүү ишкер айым бүгүн эч ким үчүн жаңылык болбой калды жана таң калыштуу деле эмес. Кээ бир учурда мындай көрүнүш үй-бүлөнүн жалгыз киреше булагы болуп аялдын материалдык, финансалык салымы дагы болуп калууда. Бирок дагы деле болсо бул ролду эки өнөктөш тең бөлүшүп, үй-бүлөнү материалдык жактан толук камсыз кылууга мүмкүнчүлүк болгон үй-бүлө идеалдуу модель деп эсептелинет. Ошондой эле үй-бүлөлүк бюджетти бөлүштүрүү жана приоритеттерди белгилөө үчүн аялдын жоопкерчилиги чоң. Көбүнчө, бул жөндөмдөн үй-бүлөнүн жыргалчылыгы, байлыктын деңгээли жана жашоонун толук болушу түздөн-түз көз каранды. Ошентип, жыйынтыктап айтканда, үй-бүлө жаштардын жашоо стратегиясын жана баалуулуктарын калыптандыруу процессиндеги маанилүү институт болуп саналат. Заманбап шарттарда үй-бүлө институту терең кризиске учуроодо, салттуу баалуулуктар солгундап, үй-бүлөлүк байланыштар борпоң болуп, толук эмес үй-бүлөлөрдүн, жарандык никелердин, ажырашуулардын, үй-бүлөлүк зомбулуктун саны өсүүдө.

## 2.2. Заманбап билим берүү системасынын жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калытанышында өзгөчө фактор катары

Билим берүү системасы адамзаттын эң байыркы социалдык институттарынын бири. Өлкөбүздө билим берүү системасы Кыргыз Республикасынын 2023-жылы 11-августа, № 179 кабыл алынган Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы менен тескелет [2]. Билим берүү-инсанды тарбиялоо жана окутуу системасы, ошондой эле ээ болгон билимдердин, жөндөмдөрдүн,

көндүмдөрдүн, баалуулуктардын, функциялардын, иш тажрыйбанын жана компетенцияларынын жыйындысы [2]. Кеңири мааниде, билим берүү инсандын акылын, мүнөзүн жана физикалык мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу процесси жана продуктусу. Адам болгондуктан, коомдо бир адамдын тажрыйбасы анын көзү өткөндөн кийин жок болуп кетпеши, ал эми жалпы эле коомдо топтолгон адамдардын өнүккөн акылы жана байланышы, тажрыйба топтоо маданияты сыяктуу кубулуштун пайда болушуна жол берген. Маданият-бул бир адамдын тажрыйбасы эмес, бүтүндөй коомдун тажрыйбасы. Билим берүү-бул маданиятта топтолгон билимдерди жаңы муундарга өткөрүп берүү процесси [2]. Билим берүүнүн негизги функцияларынын бири, бул коомдогу маданияттын баалуулуктарын кийинки муунга өткөрүп берүү жана ошону менен коомдо туруктуулукту жана тартипти, салт-санааны сактап, улантууну камсыз кылуу. Билим берүү маданиятты сактайт, адамдын табигый, социалдык кызыкчылыктарын өнүктүрөт, коомдун, инсандын жана өлкөнүн, коомдун интеллектуалдык потенциалынын өсүшүнө өбөлгө түзөт, азыркы учурда сапаттуу билим берүү эгемендикти сактап калчу негизги факторлордун бири. Билим берүү аркылуу жаштарды коомдогу жашоого, чыгармачыл, инновациялык, чарбалык, башкаруучулук жана саясий процесстерге катышууга даярдайт, муундарды алмаштыруу процессинде коомдун кайра жаралуусун камсыз кылат.

Бул диссертациялык изилдөөнүн алкагында биз, жаштардын, социалдашуусунда жана жаш муундун социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында билим берүү системасынын миссиясы, максаты, маңызы жана мүнөзү жөнүндө түшүнүктөрдүн динамикасын, өнүгүүсүн талдоону чечтик. Өнүгүү жана коомдук социалдык дифференциациянын динамикасы, заманбап коомдун стратификациясы (жаңы таптар, группалар пайда болушу) процессинде жаштардын жүрүм-турумунун ар кандай каада-салттарын, баалуулуктарын, жашоо, турмуш-ченемдерин жана мамилелерин өздөштүрүү өзгөчөлүгүнө ээ. Билим берүү аркылуу жаштар инсандык, социалдык жана кесиптик компетенттүүлүккө ээ болушат, ошол эле учурда жаш адамдардын ар

кандай кесиптердин дүйнөсүндө инсандык профессионалдык иденттүүлүгүнүн калыптануусу, позитивдик социалдашуусу менен бирге кесипкөйлүккө жетишин камсыз кылат. “Билим берүү - инсанды тарбиялоо жана окутуу системасы, ошондой эле ээ болгон билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн, баалуулуктардын, иш тажрыйбасынын жана компетенцияларынын жыйындысы. Кеңири мааниде, билим берүү инсандын акылын, мүнөзүн жана физикалык мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу процесси же продуктусу” Билим берүү-бул маданиятта топтолгон билимдерди жаңы муундарга өткөрүп берүү процесси, жана ошондой эле коом тарабынан билим берүү мекемелери: бала бакчалар, мектептер, колледждер, университеттер жана башка мекемелер аркылуу максаттуу иштер жүргүзүлөт, бирок бул, айрыкча, интернеттин кеңири жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу, өзүн-өзү окутуу мүмкүнчүлүгү азыркы күндө актуалдуу болуп кала берет [32, 17-б.].

Жаштардын социалдашуусунун башка агенттери менен катар алдыңкы социалдык институттардын бири болгон - бул билим берүү системасы, себеби ар кандай көз караштарынын келип чыгышы үй-бүлө, маалымат каражаттары, дин, социалдык-экономикалык маанайдын калыптанышынын негизи фактору билим алуунун негизинде камсыз болот. Д. Беллдин, “”Постиндустриалдык коомдун келечеги”, П.Бергердин, Т. Лукмандын “Чындыктын социалдык курулушу” жана К. Джержендин “Социалдык конструктивизм: билим жана практика” илимий иштеринде чагылдырылган социалдык конструктивизмдин парадигмасынын өзөгү берилген [59, 97-б; 61, 323-б.; 110, 229-б.]. Заманбап шарттарда дал ушул классикалык эмес методологиянын идеяларына таянуу менен катар жаңы идеологиялык конструкцияларды иштеп чыгууга мүмкүндүк пайда болду десек болот. Жогоруда диссертациялык иштин баш жагында белгилегендей, социалдык иденттүүлүк белгилүү бир институционалдык жана стратификация тутумдарынын, ошондой эле ага тиешелүү баалуулук-ченемдик комплекстин чегинде жаш адамдын инсандыгын социалдаштыруу процессинде калыптанат. Албетте, жаш адамдын инсандыгын социалдаштыруунун алдыңкы институттары үй-бүлө, андан кийнки негизги институттардын бири билим берүү

тутуму (системасы) болуп саналат. Бул институттар менен катар, азыркы учурда жаш адамдын инсандыгына социалдык таасир этүүчү күчтүү агенттерге маалымат каражаттары кириши керек: басма сөз, радио, телекөрсөтүү, Интернет анын ичинен социалдык тармактар. Дал ушул массалык маалымат каражаттары заманбап жаш адамга социалдык идентификациясынын калыптанышында негизги инструменттердин бири.

Адам коомдун мүчөсү болуп төрөлбөйт, ал эми социалдуулукка жакындыгы менен гана пайда болот, коомдун мүчөсү, ал узак социалдашуу процессинин жүрүшүндө гана калыптанат. Социалдашуу, социалдаштыруу инсандын бала кезинде башынан өткөргөн жана анын натыйжасында коомдун мүчөсү болгон алгачкы калыптануулардын туюндусу, социалдашууну жана буга чейин социалдашкан индивид коомдун объективдүү дүйнөсүнүн жаңы тармактарына кошулган экинчи социалдашууну кантип айырмалоону аныкташат. Алгачкы социалдашууну социологдор когнитивдик окутуудан башка көп нерсе катары карашат. Ошентип, алгачкы социалдашуу процессинде адам кандайдыр бир “базистик дүйнөгө” ээ болот жана билим берүү же социалдаштыруу ишинин кийинки бардык кадамдары тигил же бул жол менен бул дүйнөнүн конструкциялары менен макулдашылышы, аралашып, сиңип кетүүсүн шартташ керек. Бул жерде билим берүү негизги көйгөй болуп саналат: “баштапкы социалдашуу баланын эмоционалдык жактан мүчүлүш идентификациясы болбосо жакшы, ал эми экинчи социалдашуу көпчүлүк учурда адамдардын ортосундагы күнүмдүк жашоодо калыптанат жана да натыйжалуу жүрөт. Улуу муундардын жашоосундагы социалдашуу, адатта, балалыктын эмоционалдык эскерүүлөрү менен күрөшүү, эскерүү менен коштолот. Ошентип, социалдашуу процессинин факторлорун жана компоненттерин негизинен толук деп эсептөө мүмкүн эмес, анткен себеби жашоонун ар бир жаңы фазасында социалдашуу субъекти коомдо мамилелерди өзгөртүп, жаңыланып, жаңы жөндөмдөрдү өздөштүрүшү керек. Маданияттын экономикалык, саясий жана башка элементтери тез өзгөрүүлөргө дуушар болгон заманбап индустриалдаштырылган, маалыматтык коомдо билим берүү аркылуу

“жашоону” улантуу татаал шарттарда, карама-каршылыктардын үстүндө жүрүүдө [75, 130-б.; 39, 217-б.; 32, 24-б.]. Заманбап билим берүүнүн өнүгүү тенденциялары биринчиден, гуманисттик болушу, тактап айтканда билим берүүнүн натыйжасы адамда интеллектуалдык, маалыматтык, жарандык жана адеп-ахлактык маданиятты, жашоодо жана кесипте өзүн-өзү аныктоону тарбиялоого мүмкүндүк түзүшү керек. Фундаменталдаштыруу өзгөчөлүгү билим берүү процессинде алынган билим башкы жеке капитал болуп саналат. Алынган билим “конвертацияланышы” керек, башкача айтканда, эмгек рыногунда колдонулушу керек. Технологиялык - келечектеги адистин технологиялык даярдыгы заманбап билим берүүнүн негизги элементтеринен турушу керек, ошондой эле жалпы жана кесиптик даярдыгы талапка жооп бериши керек. Окуу процессин демократиялаштыруу- бул тенденция окуучунун өз алдынча окуу иш-аракеттерин уюштуруусуна, мугалим менен окуучунун кызматташтыгына, билим берүү тутумдарынын ар түрдүүлүгүнө, сапаттуу билим алууда бирдей укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө негизделген болушу керек. Компьютерлештирүү. Билимди өздөштүрүү материалды терең кабыл алууга, мотивацияны жогорулатууга жана интеллектуалдык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү компьютердик технологияларды колдонуу жөндөмүсүз берилбейт. Эгерде П.Бергердин “Чындыктын социалдык түзүлүшү: социологиялык билим боюнча трактат” [61, 120-б.;], Г.Блумердин “Коом символикалык интеракция катары” [67, 170-б.], М.Вебердин “Илим мүмкүнчүлүк жана кесип катары” [75, 140-б.], Э.Гидденстин “Токтобогон дүйнө: ааламдашуу жашообузду кантип өзгөртөт” [89, 120-б.], Э. Дюркгеймдин “Моралдык тарбия” [118, 200-б], Т.Парсонстун “Социалдык иш-аракеттердин структурасы жөнүндө” [241], Э.Тоффлердин “Келечектеги коркунуч” [266], А.Тойнбинин “Цивилизация тарых соту алдында” аттуу эмгектердин мааниси - бул, ааламдашуу доорунда, маалыматтык коомдо сапаттуу билим жашоонун өнүгүшүнүн негизги фактору болуп кала берээрин далилдеген ой-толгоолор берилген [268, 200-б.]. Жогорудагы эмгектерде билим берүүнүн мазмуну, маданият, мораль ар дайым, өзгөчө, дүйнөнүн аздыр-көптүр бүтүндөй

сүрөттөмөсүн, адамдын, топтун, инсандын конкреттүү топтун мүчөсү катары турмуштук негизги компетенцияларын калыптандыруу менен байланышы крректиги айтылат. Дүйнөдөгү кубулуштарды аңдап билүү, аныктамасы боюнча, адеп-ахлаксыз, билим болушу мүмкүн эмес. Бирок адеп-ахлак, мораль, азыркы коомдогу техникалык-технологиялык өнүнүү көптөгөн баалуулуктарга көз жумуп келет. Маселен, экологиялык мүчүлүштөр, өксүктөр бүт дүйнө элин каптады, тынчсыздандырат.

Азыркы учурда динамикалык түрдө жаңы методика, технологияны колдонгон гана билим берүү системасы ийгиликтүү социалдашууну камсыз кылуучу маанилүү фактор болуп калат, ал эми жаш адамдын социалдык маңызын калыптандыруу, аны коомдук мамилелердин тутумуна киргизүү, аны коомдук жашоонун субъектиси катары калыптандыруу процесси катары түшүнүлөт.

Бүгүнкү социалдык-экономикалык процесстер жалпысынан бала бакча, мектеп, кесиптик орто билим, кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын өркүндөтүүнү талап кылат. Заманбап бала бакча, мектеп, колледж, университет жаштардын кызыкчылыктарын, жеке мүмкүнчүлүктөрүн, өнүгүү деңгээлин эске алуу менен коомдо ийгиликтүү социалдашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кыла алабы? Бул чоң суроону жаратууда. Бардык деңгээлдерде билим берүүнүн сапатын өркүндөтүү көйгөйү менен технологиялаштыруу тенденциясы, окуу процессинин инновациялаштыру менен тыгыз байланышта. Е. И. Тануркова жазгандай. "Билим берүүнүн заманбап сапаты илимди жана өндүрүштү маалыматташтыруу процесстерин, байланыштын заманбап каражаттарын чагылдырышы керек, ой жүгүртүүнүн жаңы ыкмаларын, аны алгоритмдештирүүнү, ошондой эле билим берүү процессинин натыйжалуулугун талап кылат" [265, 195-б.]. Жаңы сапаттагы жалпы билим берүүнү камсыз кыла алган процессти, иш-чараны, уюштуруу чыгармачылык мамилени, билим берүү субъекттеринин ортосундагы мамилелерди кайрадан карап чыгууну, олуттуу аракеттерди, ошондой эле материалдык-техникалык чыгымдарды талап кылат дагы, өлкөнүн экономикасы менен тыгыз байланышта. Билим берүүнү

технологиялаштыруу мектепти өнүктүрүүнүн келечектүү багыты катары билим берүү процессинин түздөн-түз катышуучуларынын гана эмес, азыркы коомдун суроо-талаптарын жана мамлекеттин кесиптик билим алууга жөндөмдүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоо деңгээлине, эмгек жана коомдук ишмердүүлүккө, ийгиликтүү социалдаштырууга болгон талаптарын чагылдырат”[265, 197-б]. Ошентип, коомду өнүктүрүүнүн заманбап экономикалык жана социалдык шарттары билим берүүнүн сапатын жакшыртуу маселесин биринчи планга коюп жатат. Билим берүүнүн сапаты, билим берүү чөйрөсүнүн жана адамдын ишмердигинин башка чөйрөлөрүнүн өз ара байланышын мүнөздөйт, педагогикалык системанын ар кандай деңгээлдеринде каралат, ошол эле учурда универсалдуу жана татаал мүнөзгө ээ. Азыркы мектеп жаш муундардын кызыкчылыктарын, жеке мүмкүнчүлүктөрүн, өнүгүү деңгээлин эске алуу менен коомдо ийгиликтүү социалдашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек. Билим берүүнүн салттуу системасы менен адамдын индивидуалдуулугун өнүктүрүүнүн артыкчылыгы, инсандын өзүн-өзү актуалдаштыруусун, өзүн-өзү ишке ашыруусун жана өзүн-өзү өнүктүрүүсүн калыптандыруу ортосунда карама-каршылыктар пайда болуп турат, бул педагогдорду баланын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого жана өнүктүрүүгө, билим берүүнүн оптималдуу шарттарын түзүүгө, анын жаңы сапатына жетишүүгө багытталган билим берүү процессин уюштуруунун ыкмаларын издөөгө, изденүүгө шарт түзөт. Демек, салттуу билим берүү системасынын азыркы шарттарда жаштардын толук мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылышына шарт түзө албайт, ошондуктан тарбия, билим берүү системасында жаңы демократиялык, инновациялык методикаларды колдонуу зарыл. Биз жүргүзгөн иликтөөлөрдүн биринде анкетанын суроолорунун бири: “кандай деп ойлойсуң бүгүн, баарынан мурда, адамга ийгиликке жетүүгө эмне мүмкүндүк берет? (эң көп дегенде 4 вариантты белгилеңиз)”, респонденттердин жооптору төмөндөгүчө берилген эң оболу жакшы билим үчүнчү орунда турат, тааныш билиш экинчи орунда, андан кийин талыкпаган эмгек. Ошентсе да, азыркы өнүгүп келе жаткан коомдо жакшы билим көбүрөөк мааниге ээ болууда. Жогорку билим, сапаттуу билим, тарбия - бул, жашоодо туура чечимдерди

кабыл алууга мүмкүндүк бере алат, ар кандай жашоодо кездешүүчү оор кырдаалдардан чыгып кетүүгө мүмкүндүк берет. Ошентип, постиндустриалдык маалыматтык коомдун заманбап маданиятын өнүктүрүү үчүн сапаттуу билимдин мааниси ар дайым өсүп жатат. “XX кылымдын экинчи жарымындагы жогорку жана университеттик билим берүүнүн негиздерин изилдеген көпчүлүк теорияларда баса белгилегендей коомдогу социалдык-маданий өнүгүүдөгү алдыңкы роль жогорку билим, университеттик билим экендигин белгилеп келди. Жогорку, атайын кесиптик окуу жайлары азыркы коомдун лидери болуп калды. Барган сайын өсүп келе жаткан университеттерди мисалы, мультиверситеттер деп атаган - бул коомдук мамилелерди жана прогрессти уюштуруу үчүн маанилүү ролду ойногон атайын интеллектуалдык шаарчалар, технопарктар, кичинекей мамлекеттер деп заманбап илимий адабияттарда белгилеген.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда экономиканын бардык тармактарында жогорку квалификациялуу адистердин жетишсиздик маселеси курч турат. Таң калыштуусу, квалификациялуу адистердин жетишсиздигинин себеби адам ресурстарынын жетишсиздиги, же бул адистерди даярдаган билим берүү мекемелери эмес, тескерисинче, өлкөдө жумушсуздуктун жогорку пайызы жана билим берүү мекемелеринин ашыкча болушу эсептелинүүдө. Өлкөнүн калкынын жалпы санына карата билим берүү мекемелеринин санынын пайыздык көрсөткүчү дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири. Ошол эле учурда квалификациялуу адистердин жетишсиздигинин негизги себеби болуп бүтүрүүчүлөрдүн окуу жайларында даярдыгынын орточо деңгээлинин азыркы шартка жооп бербегендиги, төмөндүгү эсептелет.

Көз карандысыздык жылдарында мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн арасында жогорку окуу жайларына тапшыргандардын көп пайызы сакталып калган, бул жогорку билимдүү адамдардын жалпы санынын көбөйүшүнө алып келген, ошону менен бирге жогорку билим берүү системасы элитардык, ошол эле учурда сапатуу боло албай калды. Бул негизинен жеке эле кыргызстанда эмес, дүйнөлүк процесс болуп калууда. Бир жагынан дипломдун болушу көпчүлүк

талапкерлер үчүн жалпы белги болуп калган кырдаалда, экинчи жагынан, керектүү билимдин болушуна кепилдик жок, болуп калууда дегенди туюндурат.

Биздин сурамжылоого катышкан респонденттердин 15,5% дан ашыгы талант, жөндөм, кесипкөйлүк адамдын жашоосунда ийгиликке жетүүсүнө шарт түзөт деп эсептешет. Албетте, адамдын ар-намысы жана кадыр-баркы өнүккөн кесипкөйлүк сезимине таянат. Кесипкөйлүк - бул коомдо кабыл алынган стандарттарга жана башка объективдүү талаптарга ылайык татаал адистештирилген ишти компетенттүү жана натыйжалуу аткаруудан турган адамдын өзгөчө сапаты. “Кесипкөйлүк” түшүнүгүндө адамдын татаал иштин структурасын өздөштүрүү деңгээли жана олуттуу натыйжаларга системалуу жетишүү гана эмес, анын өзгөчө, кесиптик мотивациясы, кесиптик умтулуулары, баалуулук багыттары да чагылдырылат. Заманбап инновациялык, маалыматтык коомдо жогорку кесипкөйлүк жаш адамдын инсандыгынын ажырагыс сапатына айланат. Адистештирилген жогорку сапаттагы билимге жана жөндөмгө ээ адамдар, азыркы коомдо орто класстын (таптын) өзөгүн түзүшөт. Орто класс (тап) - бул ар кандай материалдык жана социалдык муктаждыктарды канааттандыруу үчүн жетиштүү туруктуу кирешеси бар адамдардын социалдык тобу десек жаңылышпайбыз. Кесипкөй адам - бул XIX кылымдын экинчи жарымында гана пайда болгон өзгөчө заманбап цивилизациянын кубулушу. Ал эми орто класс (тап) болсо, ал ар кандай коомдун социалдык-саясий туруктуулугунун маанилүү фактору болуп саналат. Андан тышкары, орто класс(тап) эки карама – каршы классты, байларды жана кедейлерди, алардын кагылышуусуна жол бербей турган көпүрө катары калыптанып калган феномен. Орто класс (тап) канчалык көп болсо, социалдык толкундоолор, революциялар, төңкөрүштөр болбойт, коом стабилдүү өнүгөт, ошондуктан жогорку билимдүү жана кесипкөй компетенттүү, өзүнө жана келечегине ишенимдүү орто класс демократиянын жана жарандык коомдун социалдык негизин, өзөгүн түзөт. Европанын, Түндүк Американын, Япониянын өнүккөн өнөр жай демократияларында орто таптын саны калктын 70-80% түзөт.

Кандай болбосун, өз максаттарына жетүү, ар кыл адамдардын кызыкчылыктарын тебелеп болсо дагы максатына жете билүү үчүн бара билүү адамга максатка жакындоого мүмкүндүк берет 11, 6% респонденттерди эсептейт. Бүгүнкү күндө өз максаттарына жетүүдө жана жеке кызыкчылыктарын канааттандырууда жаштардын категориясы түзүлдү. Балким, алар өзүлөрү көп нерсени билишпейт, бирок жүрүм-турум стили каалаган нерсесин алууга даяр экендиктерин билдирет. Ошентип, сапаттуу "билим берүү бул, коомду консолидациялоонун, социалдык өз ара аракеттенүүнү жана өз ара түшүнүшүүнү калыптандыруунун күчтүү куралы, коомдук макулдук институту. Анын ролу – социалдык теңсиздикти азайтуу, жакырчылыкты, жумушсуздукту, улуттук чыр-чатактарды жоюу, социалдык мобилдүүлүктү өнүктүрүү, жашоо сапатын калыптандыруу дүйнө жүзү боюнча кеңири таанылган. Бул социалдык жана улуттук чыңалууларды төмөндөтүүчү көрсөткүчтөр, социалдык туруксуздук жана коомдук өзгөрүүлөр мезгилинде коомдук коомдо жашоо-деңгээлди турукташтыруунун жана сактап калуунун каражаты. ЮНЕСКОнун отчетунда белгиленгендей эл аралык билим берүү комиссиясынын XXI кылымдагы билим берүүнүн төрт негизги максаты аныкталган: коомдо азыркы жаштарды ар кандай топтор менен тил табышып, жашоого үйрөтүү; билим алууга үйрөтүү, иштөөгө үйрөтүү, жашоого үйрөтүү. XX кылымда көпчүлүк алдыңкы өлкөлөр билим берүүнү өнүктүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишти. Мисалы, революцияга чейинки Россияда билим деңгээли 28,4% ды түзгөн, ал негизинен чиркөө-диний(приход) мектебинин 2-4-классы тарабынан берилген жана 1-2% гана билимдүү интеллигенциянын катмары болгон. Бирок Советтер Союзунда дүйнөдөгү эң күчтүү билим берүү тутумдарынын бири түзүлгөн. 1914-жылга салыштырмалуу, билим берүү системасы тандалгандарга гана кызмат кылган, СССРде башталгыч жана орто мектепте окуучулардын саны 10% га көбөйгөн. калктын саны 1964-жылга чейин 3 эседен ашык, ал эми жогорку окуу жайларында калктын тез өсүшүн эске алганда дагы 18 эседен ашык өскөн. 1970-жылдары СССР жалпы милдеттүү орто билим берүү деңгээлине чыккан. Ошол мезгилде СССРдин билим берүү тутумун куруу тажрыйбасы эл аралык деңгээлде

жогору бааланган, айрыкча АКШ ушул сыяктуу өнүгүү деңгээлине кийинчерээк өткөн. Согуштан кийинки жылдары Батыш Европа өлкөлөрүндө да ушундай процесс башталган, бирок ал бир топ жайыраак жүрдү". Кыргызстандагы билим берүүнүн системалуу кризиси өлкө эгемендикти алган 1990-жылдардын башында эле башталган: мектеп окуучуларынын билим сапаты жана педагогикалык кадрлардын квалификациясы төмөндөп, көптөгөн адистиктердин кадыр-баркы төмөндөй баштаган, каржылоонун "калдык принцибинин" терс натыйжалары олуттуу түрдө байкала баштаган. Ошондуктан билим берүү системасында реформалар башталды. Билим берүү системасын жөнгө салууда көптөгөн реформалар жүргүзүлдү. [2], (КР 2006-жылдын 28-декабрындагы N 225, 31-июль 2007-жылдын N 111, 31-июль, 2007-жыл, N 115, 2009-жылдын 20-январындагы N 10, 2009-жылдын 17-июнундагы N 185, 2010-жылдын 15-январындагы N 2, 2011-жылдын 13-июнундагы N 42, 2011-жылдын 8-августундагы N 150, 2011-жылдын 29-декабрындагы N 255) билим берүү мыйзамына толуктоолор киргизилип турду.

Жаңы 2023 – жылы кабыл алынган билим берүү жөнүндө мыйзамда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын артыкчылыктуу стратегиялык багыты экендиги айтылган [2]. Билим берүүнү башкаруунун демократиялык мамлекеттик-коомдук мүнөзү жана билим берүү мекемелеринин автономиясы айтылган. Билим берүү чөйрөсүндө менчиктин жаңы формалары, мамлекеттик эмес сектордун укуктары бекемделди. Мыйзам мектептердин бирдиктүүлүгүн жоюу жана билим берүү тутумун толугу менен мамлекеттен ажыратуу, жарандардын билим берүү муктаждыктарын толук канааттандыруу үчүн билим берүү тандоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатын жарыялады.

Жогорку билим берүү тармагы келип чыккан талапка ыкчам жооп бергенге аракет кылууда. Өлкөнүн дээрлик бардык жогорку окуу жайлары тиешелүү багыттар боюнча даярдыктар ачылып жатат, бирок инженердик-техникалык, IT специалистеринин алган билимдери азыркы талаптарга жооп бере албай жатат. Республикада технологиялык парктар, илимий жаңы лабораториялар жокко эсе. Биз айта кетчү нерсе, топтук талкуулардын катышуучулары айткандай, (юрист -

экономист - менеджер), бардык жогорку окуу жайларында даярдалууда. Ошол эле учурда күчтүү, профессионал финансит, юрист, менеджерлер дагы деле жетишпейт. Мунун менен айта турган көйгөй жогорку окуу жайларда азыркы күндүн талабына жооп бере алган профессионалдарды дарядап жатабы?

Массалык сурамжылоодо суроолордун бири: **"Сиз окууңузду аяктаганда өзүңүздү кайда көргүңүз келет?",** жооптор төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү.

Таблица №2.2.1. **Сиз окууну бүтүргөндөн кийин кай жерде иштегиңиз келет?**

| **Сиз окуунуну бүткөндөн кийин кайда иштегиңиз келет?** | **%** |
|---|---|
| Мамлекеттик ишкана же өндүрүш | 38,7% |
| Жеке ишкана | 9% |
| Чет элдик ишкана | 13,6% |
| Өзүбүздүн үй-бүлөлүк жеке ишкана, бизнес | 17,6% |
| Билбейм | 0,60% |
| Жооп берген жок | 20,7% |
| Бардыгы | 100 |

Жаш респонденттердин жооптору аркылуу социалдык-экономикалык каатчылык, Кыргыз коомунундагы социалдык-ченемдик кээ биз мүдөөлөр жаштардын билим берүү, кесиптик стратегияларына чөйрөсүндөгү турмуштук пландарды ишке ашыруу катары этномаданий фактор да таасирин тийгизерин билүүгө болот.

Билим берүү чөйрөсүндөгү жаштардын идентификациялык стратегиялары белгисиздик, тобокелдик менен мүнөздөлөт, бул социалдык- экономикалык стабилдүүлүгүнүн жоктугунан өзүлөрүнүн алгачкы окуп алган кесиптик профилден алыстоо, белгисиздик, ишенбөөчүлүктөн келип чыгат. Респонденттер көбүнчө салттуу социопрофессионалдык топтордун таасиринен алыс болууга аракет кылып, "бардыгы сыяктуу" өзүн-өзү аныктоо жол-жобосун колдонушат жана ишкерлерге, мамлекеттик ишканалардан өзүн көрө алышпайт. Бирок, азырынча жеке фирма респонденттердин 9% гана жашоо пландарына жана 13,6% өзүнүн үй-бүлөлүк бизнесине кирет. Билим берүү саясатында

институционалдык өзгөрүүлөрдүн логикасы, жаңы уюштуруу формаларын түзүү жана жаңы билим берүү технологияларын киргизүү гана эмес, бала бакчадан баштап, мектеп, колледж, университет жаштарды изденүүгө тарбиялаш керек. Ошондой эле, азыркы жаштардын инновациялык билим берүү стратегияларын, социопрофессиялык интеграциянын жана туруктуу когнитивдик багыттарды калыптандыруунун негизинде жетишилген мамилелерди стимулдаштыруу мүмкүн. Жаштарды “турмуштук жашоого тарбиялоо” таңуулоо схемасы боюнча көзөмөлгө алуу мүмкүн эместиги, ошондой эле жаштардын билим берүү стратегиялары экономикада (билим экономикасында) инновациялык сектордун кеңейиши, анын аймактык мобилдүүлүгүнүн жогорулашы жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине киргизүү менен байланыштуу экендиги талашсыз.

Бул бөлүмдү жыйынтыктоодо: Ааламдашуу шартындагы билим берүү коомдун өнүгүшүндө жана ар бир адамдын жеке мүмкүнчүлүктөрүндө негизги ролду ойноп, өзгөчө мааниге ээ болот. Ааламдашуу дүйнө жүзүндөгү билим берүү тутумдарына терең таасирин тийгизип, аларды жаңы чакырыктарга жана талаптарга ылайыкташууга мажбурлоодо. Бул көрүнүш эл аралык байланыштардын күчөшүнө, билим жана технология менен алмашууга, билим берүү процесстерин стандартташтырууга жана шайкеш келтирүүгө түрткү берүүдө. Ааламдашуунун негизги аспектилеринин бири ЖОЖ студенттердин жана мугалимдердин мобилдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Билим берүү мекемелери англис жана башка чет тилиндеги эл аралык программаларды жана курстарды сунуштоо менен эл аралык студенттерди тартууга жигердүү аракеттер жүрүүдө. Бул маданияттар аралык алмашууга, элдердин ортосундагы түшүнүктү өркүндөтүүгө жана студенттердин дүйнө таанымын кеңейтүүгө өбөлгө түзөт. Натыйжада, ЖОЖ бүтүрүүчүлөрү академиялык билимге гана эмес, азыркы ааламдашкан дүйнөдө алмаштырылгыс болуп калган маданияттар аралык байланыштын баалуу көндүмдөрүнө ээ болушат. Мобилдүүлүк студенттерге чет өлкөлөрдө алдыңкы тажрыйбаларды жана технологияларды үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет, өз өлкөлөрүнө жаңы билим жана тажрыйба менен кайтып келип, өз аймактарынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Ошол эле учурда, ааламдашуу билим берүү тутумдарын стандартташтырууга алып келет. Дүйнө жүзүндөгү университеттер жана мектептер эл аралык стандарттарга жана рейтингдерге шайкеш келүүгө умтулушууда. Бир жагынан, бул билим берүүнүн сапатын жогорулатат жана аны ар кайсы өлкөлөрдүн ортосунда салыштырууга мүмкүндүк түзөт. Ал эми экинчи жагынан, улуттук билим берүү тутумдарынын уникалдуулугун жана маданий өзгөчөлүктөрүн жоготуп алуу коркунучу бар. Ааламдашуу ошондой эле академиялык чөйрөдө эл аралык байланыштын негизги каражаты катары англис тилинин жайылышына түрткү берет, бул тилди билбегендер үчүн маалыматка жетүү дисбалансын күчөтүшү мүмкүн.

## 2.3. Жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына массалык маалымат каражаттарынын тийгизген таасири

Бүгүнкү маалыматтык коомдо, ошондой эле ааламдашуунунун шартында жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында массалык маалымат каражаттары өзгөчө таасир тийгизүүчү фактор катары каралат. Жалпыга маалымат каражаттарынын ролу жөн гана маалымат берүүнүн чегинен чыгып кеткен, демек, бүгүнкү күндө ЖМК коомдогу башкы орду социалдык (идеологиялык) институт, маалымат аркылуу жаштардын дүйнө таанымын калыптандырууда, анын жашоо турмушка багыттарын калыптануу процессине активдүү таасир этет, жүрүм-турум үлгүлөрүн, жалпы эле турмуш философиясын кандайдыр бир деңгээлде калыптандырган активдүү феномен катары кабылдоо абзел. Анткени ааламдашуу жана маалыматтык коом шартында жаңы социалдык чындыктын мүнөздүү белгиси - бул өзгөчө мобилдүүлүк: кесиптик, башкача айтканда, билим алууда, маданий байланыштарды өнүктүрүүдө, маданий, саясий, экономикалык иш чараларды ишке ашырууда, ошондой эле эмгек миграциясынын дүйнөлүк деңгээлде күч алышы, туризмдин болуп көрбөгөндөй өнүгүшү жана маданияттар аралык өз ара мамилелердин калыптанышы менен байланышкан башка иш-чаралар өзгөчө күч алды. Демек, чагылгандай тез өзгөрүп, өнүгүп жаткан коомдук социалдык

процесстерде жаш адамдын өзү, анын коомдогу орду, дүйнөгө жана адамдарга болгон мамилеси жөнүндө туруктуу түшүнүктөрү ар дайым илимий жактан анализденип турушу керек. Д.Беллдин "Маалыматтык коомдун социалдык алкагы" [58, 256-б.], З.Бжезинскийдин "Дүйнөлүк үстөмдүк же дүйнөлүк лидерлик" [64, 255-б.], Г. Блумердин "Коом символикалык интеракция катары" [67, 175-б.], Э.Гидденстин "Токтобогон дүйнө: ааламдашуу жашообузду кантип өзгөртөт" [89, 120-б.], бул эмгектерде негизинен, маалыматтык коом – бул цивилизациянын өнүгүшүнүн жаңы тарыхый фазасы экендиги, анда өндүрүштүн негизги продуктулары маалымат жана билим болуп калаары айтылат. Маалыматтык коомдун негизги өзгөчөлүктөрү: коомдун жашоосунда маалымат жана билимдин ордун жогорулатуу. П.Бергердин "Чындыктын социалдык түзүлүшү: социологиялык билим боюнча трактат" деген эмгегинде анын борбордук концепциясы-социалдык системада өз ара аракеттенген адамдар жана ар кандай топтор убакыттын өтүшү менен бири-биринин иш-аракеттери жөнүндө көз караштардын же психикалык өкүлчүлүктөрдүн системасын түзүшөт жана бул топтор актерлор сыяктуу эле өзүлөрүнүн ролдорун же жакшы, же жаман, же болбосо өтө жакшы ойношот. Билим, тарбия институту адамдын коомдогу ордун аныктоодо эң биринчи орунда турат [61, 203-б.]. З.Бжезинскийдин "Дүйнөлүк үстөмдүк же дүйнөлүк лидерлик" деген чыгармасынын мазмууну же болбосо изилдөө предмети америкалык гегемониянын альтернативалары жөнүндө: күчкө негизделген үстөмдүк же болбосо макулдукка негизделген лидерлик. Ал гегемония менен демократияны парадоксалдуу түрдө дүйнөнү жетектөөнүн эки рычагы катары бириктирип, лидерликти чечкиндүү тандайт. "Саясий системалар: АКШ жана СССР: окшоштуктар жана айырмачылыктар, конвергенция же эволюция" аттуу эмгегинде, мындай дейт, эгерде Европа биригүү процессинде да, кеңейүү процессинде да ийгиликке жетсе жана Россия ошол эле учурда демократиялык консолидация жана социалдык модернизация процессин ийгиликтүү башкарса, анда Россия дагы Европа менен органикалык мамилелерди орнотууга ылайыктуу талапкер болушу мүмкүн [65, 102-б.]. М.Вебердин "Илим мүмкүнчүлүк жана

кесип катары” деген эмгегинде, “Азыркы учурда илимий өндүрүшкө кесип катары мамиле кылуу биринчи кезекте илим мурда билбегендей адистешүү баскычына өткөндүгүнө жана бул жобо мындан ары да улана берээрине байланыштуу деп белгилеген. [75, 16-б.]. Г.Гарфинкелдин “Күнүмдүк иш-аракеттердин көнүмүш негиздерин изилдөө” деген ишинде айтылат: коомдун мүчөлөрү баарлашуу процессинде болуп жаткан нерселердин бардыгына маани берүү менен бирге, активдүү ар кандай иштер менен алектенгендиктен гана социалдык жашоо тартиптүү көрүнөт. Мораль, тарбия, билим берүү институту дагы көптөгөн кылымдар бою негизделип, түптөлүп калган тартиптин нугунда өнүгөт, өзгөрөт [86, 41-б.]. Э.Гидденстин “Токтобогон дүйнө: ааламдашуу жашообузду кантип өзгөртөт” аттуу эмгегинде ааламдашуу процесси аркылуу дүйнө “башкарылбай” гана тим болбостон, жалпысынан көзөмөлдөн чыгып, “колдон чыгып кетти”. Күнүмдүк жашоого ааламдашуу дүйнөлүк масштабдагы окуялардан кем эмес таасир этет. Глобалдык өзгөрүү доорунда тобокелдик түшүнүгү, ааламдашуунун салттуу жашоо образына тийгизген таасири, демократиялык институттардын биздин “качып, жоголуп бара жаткан дүйнөбүздү” көбүрөөк туруктуулукту жана башкарууну камсыз кылуу керектигин белгилейт [89, 80б.]. Э.Тоффлердин “Келечектеги коркунуч” [266, 120-б], А.Тойнбинин “Цивилизация тарых соту алдында” [268, 300-б.], Ф.Фукояманын “Окуянын аягы жана акыркы адам”, эмгектеринде маалыматтын жана акылдын ролу ар тараптуу, психикалык эмгек барган сайын эмгекти физикалык эмгекти алмаштырып келүүдө. Маалыматтык технологиялар, байланыш каражаттары (телекөрсөтүү, радио, факс, электрондук почта) өндүрүштүн ааламдашуусуна өбөлгө түзөт. Маалыматтык коом эркиндиктин жана теңдиктин өсүшүнө алып келди. Билимге, инновацияга, технологияга негизделген экономика корпоративдик иерархиялардын, мажбурлоо жана жалпы контролдоо системасына алып келди. Бирок, 90-жылдардын башында, социалдык шарттардын олуттуу начарлашы байкалды, бул кылмыштуулуктун, социалдык дезорганизациянын деңгээлинин төмөндөшү, ажырашуулардын санын көбөйтүүдө [286, 200-б.]. М. Кастельстин “Маалымат

доору: экономика, коом жана маданият” [169, 608-б.], “Тармактык экономика, ааламдашуу процесстери жана Россия” [170, 18-б.]. Заманбап жашоо-турмушка маалыматтык коомдун тассири жөнүндө көптөгөн окумуштуулар иликтөө жүргүзүүдө. С.О. Жунушова “Заманбап шарттарда Кыргызстандын студент жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн калыптанышында жалпыга маалымдоо каражаттарынын таасиринин өзгөчөлүктөрү” аттуу темадагы макалаларды айтсак болот [132, 38-б.]. Ошентип, жаштардын инсандыгынын калыптанышын жаңы социалдык-маданий чөйрөгө сүңгүп кирген учурдагы ЖМКнын таасири астында алардын өздүк аң-сезиминде (социалдык иденттүүлүгү дагы) белгилүү процесстер менен коштолот. Маселен, ЖМКнын таасиринин негизинде социалдык стереотиптердин өтө тез өзгөрүүлөргө учурашы, баалуулуктар системасынын түп-тамырынан бери өзгөрүшү, турмуштук мамилелердин, жүрүм-турум моделдеринин жаңы нукта өнүгүшү. Бул параграфтын мазмунун ачуу үчүн негизги түшүнүктөргө илимий аныктама берсек: заманбап шарттарда салттуу массалык маалымат каражатттары (басма сөз, радио, телекөрсөтүү, Интернет, социалдык тармактар) башка коомдук институттар менен катар жаштарга социомаданий жактан таасир этүүчү маанилүү агенттер болуп эсептелинет. Белгилеп кетүүчү нерсе бүгүнкү күндө, каада-салттардын, диндин, идеологиянын жөнгө салуучу ролу алсырап, карама-каршылыктарга учуроонун кесепетинен жашоонун приоритеттери (артыкчылыктары), айрыкча жаштар чөйрөсүндө, ошондой эле ааламдашуунун тездик менен күркүрөп жашоого аралашуусу жана маалыматташтыруу, социалдаштыруу институттарын орду алмашып, өзгөрүп, жалпыга маалымат каражаттары алдынкы орунга чыкты. Дал ушул маалыматтык-коммуникациялык чөйрө, салттуу массалык коммуникациянын жаңы түрү – социалдык медиа менен толукталып, социалдашуу процесстерине барган сайын таасир этүүдө. Ошону менен бирге, көп учурда кеп негизинен жаштардын социалдашуусу, социалдык иденттешүүсү жөнүндө илимий чөйрөдө талкууланууда, себеби улуу муундагы адамдар өз баалуулуктарына, салттарына, жашоого көз карашына ишенимдүү көз караштa, аларды тиги же бул нукка буруу өтө татаал. Ал эми жаштар ааламдашуунунун,

маалыматтык коомдун шарапаты менен жашоого, турмушка жалаң эле жакшы, позитивдүү баалуулуктарды кабылдабастан, тескерисинче, кээ бир учурларда Кыргыздын кыртышына туура келбеген, негативдүү “баалуулуктарды” да тез кабылдоодо. Жаңы технологиялар массалык маалымат каражаттарынын түзүмүн өзгөртүүгө шарт түзүүдө, маалыматтарды тез алууга жана пайдаланууга жаңы мамилелерди калыптандырууга, адам баласынын жашоосундагы баалуулуктарды либералдаштырууга алып келди. Тактап айтканда, күнүмдүк жашоо практикасы менен карама-каршы келген жаңы “ийгиликтүү” практикалар, баалуулуктар системасы, көп учурда жашоо, жүрүм нормасы, жаңы модель катары байма-бай ЖМК аркылуу сунушталууда. Жаңы технологияларды активдүү колдонуу менен бирге ар кандай массалык маалымат каражаттары коомдук көзөмөл функциясын ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кыянаттык менен пайдаланып кээ бир учурда медиа адистери гана коомдогу болуп жаткан жашоого, өзгөрүүлөргө, окуяларга өзүлөрүнүн субъективдүү ой-толгоолорун, комментарий беришет жана маалымат агымдарын, таасир этүүчү аудиторияны өзүлөрүнө тартып алган, алардын катмарын негизинен жаштар жана өспүрүмдөр түзөт. Андан тышкары, эгерде телекөрсөтүү, радио жана гезиттер доорунда массалык маалымат каражаттары аркылуу социалдашуу агенттеринин саны өлчөнүп, жеке адамдардын телеканалга, ал тургай гезит беттерине окуусун оңой билип турган болсо, Интернеттин өнүгүшү менен, форумдардын жана блогдордун пайда болушу, ар бир адам өз алдынча, руханий, адеп-ахлактык мамилелердин калыптанышына жана өнүгүшүнө катышууга мүмкүнчүлүк алды [15]. Тактап айтканда, маалыматтык талаанын ченемсиз өсүшү, көбөйүшүнүн натыйжасында ар бир Интернет колдонуучу өз алдынча каалаган маалыматтарды алууга жана ошондой эле таратууга мүмкүнчүлүк алды. Ал маалыматтар жаштардын моралдык-нравалык, адамкерчилик сапаттарына, жашоого болгон көз караштарына, жалпылап айтканда, социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына көбүн эсе терс таасирин тийгизүүдө. Ошентип, массалык маалымат каражаттары тынымсыз кыймылда жана өнүгүүдө, анын натыйжасында ЖМКнын ишмердүүлүгү жаш адамдын

социалдык идентттүүлүгүн калыптандырууга таасир этүүчү чечүүчү факторлордун бири болуп калат.

Жалпыга маалымат каражаттары (ЖМК) же массалык маалымат каражаттары тез арада саясий, социалдык жана руханий чөйрөдө чыныгы бийликке айланууда. Таасир этүүнүн өзгөчө мүмкүнчүлүктөрү менен ЖМК жаштардын дүйнө таанымына таасир этүүдө, ал эми жалпыга бирдей жана ар тараптуу болгондуктан ар бир жаңы муундун социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга активдүү таасир этүүдө.

Жалпысынан, массалык маалымат социалдык мүнөзгө ээ [15], ал кеңири аудиторияга ээ, убакыт жана мейкиндик боюнча жайылып, техникалык каражаттар аркылуу таратылат. Массалык коммуникация өзүнүн универсалдуулугуна жана ар тараптуулугуна байланыштуу азыркы жаштарды жашоо маданиятына, баалуулуктарды калыптандырууга [15], социалдык иденттүүлүгүнүн өнүгүп, өзгөрүшүнө өзгөчө таасир тийгизген фактор болуп калууда.

Маалымат берүү техникасына жана технологиясына ылайык анын негизги каражаттары: басма сөз, радио, телекөрсөтүү ар кандай ролдорду ойноодо. Социалдык коммуникациялардын ичинен Интернет - ачык маалыматтык чөйрөсү өзгөчө орунду ээлейт жана таасири күчтүү болууда. Интернеттин таасири астында коомдук аң-сезим, инсандык баалуулуктардын структурасында өзгөрүүлөр болуп жатат. Интернеттин жаштарга жана жалпы коомго терс жана оң натыйжаларды алып келген эки ача таасирилери өтө эле көп, биринчилерден болуп кыргызстандык, постсоветтик жана чет элдик социологдор активдүү талкуулап жаткан интернетке көз карандылык феномени. Экинчиден, интернетке көз карандылык жаштардын интернетте көп убактысын өткөрүп, өз милдеттерин жана реалдуу көйгөйлөрүн унутуп калганынан көрүнүп турат, компьютерди, телефонду жана интернетти чексиз колдонуу өспүрүмдөр, жаштар үчүн өзгөчө коркунучтуу. Компьютердин мониторунун алдында көбүрөөк убакыт өткөрүү ашыкча визуалдык күчкө алып келет, демек, көрүү, угуу сезимдеринин деформация болушуна алып келүүдө. Тамак сиңирүү көйгөйлөрү,

баш оору жана башка кыйынчылыктар да бар, бир нерсеге көңүлүн толук концентрациялоо, буруугa тескери таасирин тийгизет. Көпчүлүк интернет - сайттар эң темирдей ойлуу адамдардын да көңүлүн өзүнө бат эле бурган жаркыраган, кооз жарнамаларды көрсөтөт, натыйжада, жаштардын көңүлү чар жайыт, көңүл мурункуга караганда көбүрөөк башка пайдасыз жакка бурулат. "Эң коркунучтуу кесепеттердин бири – чыныгы жашоодо эмоционалдык байланыштын үй-бүлө жана достор менен байланыштын дээрлик азайышы, бул бир катар социалдык, психологиялык терс көйгөйлөргө алып келет" [203, 142-б.]. Албетте, интернеттин да оң жактарын айтпай койгонго болбойт, мисалы, ар кандай билим, илимге тиешелүү маалыматтарды алууда көмөк көрсөтөт, жаш муундарды тарбиялоо жана окутуу үчүн баалуу материалдар, маалыматтар камтыган ата-энелер үчүн ар кандай веб-сайттар бар (он-лайн оюндар, он-лайн сабактар, сүрөт тартуу курстары, кол менен ар кандай буюмдарды, тамак жасоо, англис тилин үйрөнүү өңдүү көптөгөн маалыматтарды) көрүүгө, алууга мүмкүндүк берет. Жаштар интернеттин жардамы менен коомдун бардык чөйрөсүнө, жашоосуна катыша алат, бирок, бул көрүнүштүн эки аспектиси бар. Коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнө (саясат, бизнес, маданият ж.б.) коомдук жашоого мөөнөтүнөн мурда катышуу жаш инсандын калыптанышына оң таасирин тийгизет дегенге бардык эле социологдор, психологдор жалпы эле окумуштуулар макул эмес [170; 171, 219-б.]. Жаш инсандын өнүгүүсүнүн ар бир этабы белгилүү бир өз мезгилинде өтүшү керек жана бала көп учурда болуп жаткан окуяларга тиешелүү баа берүүгө абдан даяр эмес экени анык. Бул жагынан алып караганда ар кандай интернет-ресурстарга жана сөз эркиндигине эркин кирүү мүмкүнчүлүгү жаштардын социалдык иденттүүгүнүн калыптанышына тез таасирин тийгизет. Интернет бир байланыш тармагында гана эмес, ар кандай ресурстарга жетүүдө да чоң мүмкүнчүлүктөрдү берээрин да белгилей кетүү керек. Интернеттин өзгөчөлүктөрүнүн бири – кандайдыр бир маалыматты алууда чектөөлөрдүн жоктугу, ошол эле учурда интернет-ресурстарга көзөмөлсүз жетүү жаш муундар үчүн олуттуу потенциалдуу коркунучтарга алып келет. Глобалдык тармак зордук-зомбулукту кубаттоонун ар

кандай формаларын, руханий манипуляциянын ар кандай ыкмаларын, мистицизмди, расизмди, сексизмди жана башка террордук жүрүм-турумду пропагандалоочу көптөгөн ресурстарды камтыйт. Демек, интернет азыркы жаштардын жашоосунда абдан маанилүү ролду ойнойт деп айта алабыз.

Интернеттин таасиринин деңгээлин аныктоо үчүн 2022 - жылы студент жаштардын арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо жана анын жыйынтыктары төмөндө келтирилген. Интернетти студенттердин арасында колдонуу жыштыгын аныктоо жана веб-сайттарга кирүүнүн эң көп таралган себептерин аныктоо үчүн жүргүзүлгөн. Изилдөөгө 18 жаштан 22 жашка чейинки респонденттер, 200 студент тартылган. Анкеталык сурамжылоо изилдөөнүн ыкмасы катары колдонулган. Изилдөө көрсөткөндөй, респонденттердин 96,5% интернетти күнүнө 10 сааттан ашык, ал эми 3,5% гана 4 сааттан аз колдонот. Интернетти колдонуунун эң популярдуу себеби - бул байланыш, бул вариант (95%) тандалып алынган, респонденттердин (5%) үчүн гана бул максат артыкчылыктуу эмес, тескерисинче, анча маанилүү эмес. Экинчи себеби популярдуу маалымат издөө максаты (73%), музыка, кино, китептерди, оюндарды, жана башка сабакка керектүү маалыматтарды жүктөп алуу деп көрсөткөн. Азыр жаштар көбүн эсе тик-токто көбүрөөк өзүнүн убактысын өткөрүп жатат, демек, студенттердин арасында азыр маанилүү болуп келе жаткан интернет-дүкөндөр, тик-ток андан кийнки орунда турат. Эң акыркы бешинчи орунда он-лайн интернет оюндары турат. Негизинен 1995-жылдын башында дүйнө жүзү боюнча интернет колдонуучулардын саны 30 миллиондон аз болсо, 2020-жылдын башында 151 эсеге көп - 4,54 миллиард туруктуу колдонуучу [125,84-б.]. “2-муун” (1996-жылдан кийин төрөлгөндөр) керектөөчүлөрдүн мууну экенин эске алсак, интернеттин негизги колдонуучулары жок дегенде смартфону бар заманбап жаштар эсептелинет. Азыр дүйнөдө 5 миллиарддан ашык интернет колдонуучу бар, башкача айтканда, дүйнө калкынын 63% интернетке кире алат. Муну We Are Social жана Hootsuite компанияларынын катышуусунда даярдалган Global Statshot отчету далилдейт. [https://www.likeni.ru/events/kolichestvo-polzovateley-interneta-v-mire-dostiglo-5-

mlrd-chelovek/]. Акыркы жылдарда интернет колдонуучулардын саны дээрлик 200 миллион адамга 4 пайызга өсүп, 5 миллиард колдонуучу чегине жетти. 2,9 миллиард адам же жер шарынын жалпы калкынын 37% азырынча интернетти колдонбойт, мындай көрүнүш көбүнчө Түштүк Азияда байкалат.

Көпчүлүк колдонуучулар интернетке маалымат издөө (61,2%), достору жана үй-бүлөсү менен байланышта болуу (55,7%) жана жаңылыктарды издөө жана окуу (54,3%) үчүн киришет. Колдонуучулардын 51,3% көңүл ачуучу видео контентти издөө үчүн интернетке киришет. Дүйнө жүзү боюнча алынган маалыматтарга караганда эгер колдонуучулар эң көп кирген популярдуу ресурстардын түрлөрүн эске алсак, анда тизмени чаттар жана мессенджерлер ээлейт дагы интернет колдонуучулардын 95,7% кирип турат. Социалдык тармактар (96,2%), издөө системалары жана веб-порталдар (82,5%) да популярдуу болуп келет.

YouTube дүйнөдөгү эң көп кирген сайт болуп, видеохостинг сайтында 50 миллиарддан ашык колдонуучу сеансы болгон [125, 80-б.]. Орто эсеп менен колдонуучулар сайтта 25 мүнөт өткөрүшүп турат. Интернет колдонуучулардын интернетте өткөргөн орточо убактысы күнүнө 7 жети саатка чейинки убакытты түзгөн. Ошол эле маалда жаш колдонуучулар интернетти бат-баттан ачып турушат. Мисалы, дүйнөлүк статистикада 16 жаштан 24 жашка чейинки кыздар күнүнө орто эсеп менен 8 саатты интернетте өткөрүшөт.

Жаштар арасында интернетке көз каранды болгондордун санынын өсүшү алардын үй-бүлөлүк абалына жана туруктуу жумушунун болушуна байланыштуу. Балдар менен үй-бүлөлүк мамилелер, негизги жумуш, күнүмдүк режим жана интенсивдүү физикалык жана интеллектуалдык стресс түрүндөгү факторлор интернетке көз карандылыктын ыктымалдыгына түздөн-түз таасир этет. Мисалы, интернетке көз карандысыз жаштардын көбү үй-бүлөлүү. Калган 50% интернетке көз каранды бойдок жаштар, демек, үй-бүлөлүк жашоонун жоктугунда интернетке көз карандылык күчөйт - бул дагы негизги факторлордун бири. Интернетке көз карандылык темасы бүгүнкү күндүн актуалдуу темасы жана теориялык, практикалык маалыматтар анын актуалдуулугун дагы бир жолу

тастыктайт. Интернетти узак жана тез-тез колдонуу менен жаштардын реалдуу дүйнө жөнүндөгү ойлору бузулат, баалуулук багыттарынын өнүгүүсү басаңдайт же токтойт. Жаштардын интернеттеги жүрүм-турумуна байкоо салып, жаштар өздөрүнүн белгилүү интернет кумирлери сыяктуу жыйынтыкка ээ болууга умтулуп, моралдык жана этикалык баалуулуктарды унутуп калганын көрүүгө болот. Кошумчалай кетсек, социалдык тармактарда толеранттуулукту унутуп, кемсинткен, уят сөздөр менен комментарий калтырган, адепсиз мүнөздөгү сүрөт жана видеолорду жаштар байма-бай көрүшөт.

Заманбап Кыргыз коомундагы мамлекеттик жаштар саясаты дүйнөлүк интернет жебесин жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды активдүү пайдалануу жана өнүктүрүү аркылуу жаңы маалыматтык коомдун азыркы замандын талаптарына жооп бере турган жаштардын инсандыгын калыптандыруу процессинде эбегейсиз роль ойной алат. Бул этапта, жаңы маалыматтык коомдун калыптанышында, Кыргызстандын жаштары мамлекеттин келечеги жана өнүгүү деңгээли көз каранды болгон негизги ресурс болуп саналат. Мамлекеттик жаштар саясатынын көйгөйлөрүн чечүүгө системалуу мамиленин жардамы менен азыркы заманга ылайыктуу маалыматтык коомдо актуалдуу жана суроо-талапка ээ болгон улуттук жаштар долбоорлорун ишке ашырууга болот. “Интернет” виртуалдык тармагы коомго жана өлкөгө жаштардын, өзгөчө студенттердин социалдык активдүүлүгүн жогорулатууга жана ишке ашырууга жардам берет. Социалдык тармактар, жалпы эле интернет жана анда жарыяланган маалыматтар терс ишенимдерди, баалуулуктарды жана ансыз да калыптанып калган коомдук тартипти бузуучу девианттык жүрүм-турумду пропагандалоо аркылуу жаш муундун социалдаштыруу процессинин бузулушуна алып келиши мүмкүн, бул өз кезегинде мамлекеттеги ички саясий системанын бузулушуна чейин жеткириши мүмкүн. Ошондуктан, жаштар үчүн пайдалуу мазмундагы түрдүү интернет сайттар түзүлүп, анын өндүрүмдүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында мамлекеттик жаштар саясатынын алкагында жаңылануу керек. Интернет мейкиндигин өнүктүрүү жана жаштар саясатын интернет аркылуу

ишке ашыруу жаштар менен өз ара аракеттенүүгө биринчи кезекте көңүл бурууну эске алуу менен маалыматтык коомдун концепцияларын өнүктүрүүнүн негизин түзөт. Ошол эле учурда интернетти күн сайын ашыкча колдонуу, өспүрүм чыныгы жашоонун бар экенин оңой эле унутуп коюшу мүмкүн, анткени интернет адам үчүн коомдун маанилүү тармактарында жардам берүү үчүн, реалдуу жашоону алмаштыруу үчүн эмес, колдоочу иштөө тутуму катары түзүлгөн дүйнө болушу абзел. Мындан тышкары, өспүрүмдөрдүн интернетти жана социалдык тармактарды ашыкча колдонуусу социалдык мамилелердин алмашуусуна жана толук кандуу социалдык мааниге ээ инсандын калыптанышынын бузулушуна, өспүрүмдөрдүн, жаштардын коомдук аң-сезиминин жана жүрүм-турумунун бузулушуна алып келет. Окумуштуулардын иликтөөлөрүнүн негизинде жаштардын психикасынын өзгөчөлүгү, башкача айтканда, бат таасирленүүчүлүгүн, психикалык мобилдүүлүгүн жана толкундануусун, интеллектуалдык мобилдүүлүгүн, акылга караганда эмоциянын басымдуу экендигин белгилешет [27, 152-б.; 301, 312-б.]. Демек, жаш муундун калыптанышы жана өнүгүшүнүн шарттарына мамлекеттик бийлик органдары да, жалпы коомчулук да өзгөчө маани бериши керек. Анткени, дүйнөлүк практикада белгилүү болгондой, жаштарга жетишээрлик көңүл бурулбай калган учурда алар коомго эч кандай пайдасыз, кээ бир учурда дестабилдүү факторлордун субъектиси болуп калат [301]. Натыйжалуу социалдык өз ара аракеттенүүнүн жана коомдун туруктуу иштешинин эң маанилүү шарты болуп саналат. Антисоциалдык жүрүм-турум коомду туруксуздаштырууга жана дезинтеграцияга алып келет. Демек, коом өз мүчөлөрүнүн жүрүм-турумун координациялоо үчүн социалдык жөнгө салуунун жана көзөмөлдөөнүн түрдүү механизмдерин түзөт.

Жаштарды коомго интеграциялоонун негизги механизми – социалдаштыруу экендиги жалпысынан таанылган. Азыркы шарттарда социализация процесси социалдаштыруунун негизги институттарынын функцияларынын жалпы деформациясынын, кээ бир институттарды башкалары менен алмаштыруунун, коомдук контролдун формаларынын жана ыкмаларынын

өзгөрүшүнүн, институттардын калыптанышына максаттуу таасиринин төмөндөшүнүн фонунда жүрүп жатат [83, 96-б.]. Ошону менен бирге социалдашуу процессинде чектөөлөр дайыма боло тургандыгы белгиленет, аны А.И. Ковалева төмөнкүдөй талдоо негиздери боюнча классификациялайт: социалдык (коомдун абалы, социалдаштыруу институттары, табигый таасирлердин мүнөзү ж.б.), типтүү жеке жана топтук (девианттык жүрүм-турум, социалдашуу кризистери, ошондой эле социалдык иденттүүлүк) [175, 119-б.]. Негизги социалдык институттар, мисалы, үй-бүлө, мамлекет, билим берүү, массалык маалымат каражаттары, диний уюмдар жана башкалар социалдык өнүгүүнүн ар кандай механизмдерин колдонуу менен жаштардын иденттүүлүгүнүн калыптанышына активдуу катышат. Ошолордун ичинен, бүгүнкү күндө жалпыга маалымдоо каражаттарынын ролу чоң экени айдан ачык бардык социалдык институттардын иштеши жана жалпы коомду башкаруу процессинде өзгөчө орунду ээлейт. Дал ушул маалымат каражаттары болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат жана коом төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат: баалуулук багыттарын, турмуштук стратегияларды, жүрүм-турум үлгүлөрүн, адаттарды, артыкчылыктарды калыптандыруу боюнча; өсүп келе жаткан жаш муундун социалдашуу процессинин багытына таасир этүүчү коомдук тажрыйбаны берүү аркылуу; социалдык жактан бекитилген жүрүм-турумдун нормаларын, эрежелерин жана үлгүлөрүн жайылтуу; коомдук өз ара аракеттенүүнү жөнгө салуу жана контролдоо боюнча; коомдун мүчөлөрүнүн биримдигин, өз ара көз карандылыгын жана өз ара жоопкерчилигин, иденттүүлүгүн камсыз кылуу (интегративдик функция). Бир катар изилдөөлөрдүн натыйжалары, эреже катары, жаштар өзүлөрүнүн бош убактысынын бир кыйла бөлүгүн массалык коммуникациянын ар түрдүү формаларын пайдаланууга арнай тургандыктарын көрсөтүп олтурат. Совет мезгилинде кино, телевидение, радио жана басма сөз сергек жашоо образын жайылтуунун жана коомго жат жүрүм-турумду айыптоонун күчтүү куралы болгон, бүгүнкү күндө кырдаал кескин өзгөрдү. Жалпыга маалымдоо каражаттары, биринчи кезекте, маалыматтын экологиялык

тазалыгынан маани беришини абзел, анткени таза, такталган, объективдүү, туура маалыматтар гана коомдогу ар кандай катмарлардын, этностордун, группалардын, (топтордун), туруктуу, бакубат жашоосуна алып келет, социалдык мамилелерди жакшыртат. Маалыматтын экологиялык тазалыгы жана массалык маалымат каражаттарынын жоопкерчилиги ар кандай коомдо алдынкы орунда турушу керек [259, 240-б.]. Бирок реалдуу кырдаал базар экономикасынын өнүгүш процессинде анын ичинде калктын турмушунун бардык чөйрөлөрүндө “капиталдын”, “материалдык байлыктын” биринчи орунга чыгышы менен ЖМКлар көбүн эсе коммерцияга айланып калууда. Демек, бул процесстер жаштарды тарбиялоодо, алардын социалдык иденттүүлүгү калыптанышында позитивдүү эле ролду ойнобостон, негативдүү жактары көбүрөөк болуп калууда. Ошондуктан, көптөгөн изилдөөчүлөр, социологдордун ою боюнча заманбап маалымат каражаттарынын терс таасирин зордук-зомбулуктун, агрессивдүүлүктүн, эротиканын жана бекер жашоо образынын чоң агымын көрсөткөн контенттер жаштардын жашоого болгон көз карашына өтө терс таасирин тийгизүүдө. Батыштын жашоо образынын массалык үстөмдүгү, өзүмчүлдүк, ошондой эле биринчи кезекте салттуу маданияттан баш тартуу аркылуу өсүп келе жаткан муундардын жашоого болгон көз карашын, турмуштук баалуулуктарын бузган, деформациялаган контенттердин өтө көп болуп жаткандыгы – терс көрүнүш. Демек, биздин оюбузча белгиленген көйгөйлөрдү чечүү үчүн, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу кыргыз элининин улуттук-маданий, каада-салттарына жана жаштардын арасында адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктарына негизделген үй-бүлө институтун бекемдөөгө ыңгайлуу, патриоттук сезимди калыптандыруу үчүн, мамлекеттик денгээлде төмөндөгүдөй иш-чаралар уюштурулушу керек: “2022-2030-жылдарга Кыргызстан жаштары”, мамлекеттик, республикалык максаттуу программанын иштеп чыгуу жана кабыл алуу, анын алкагында жаштар арасында жарандык-патриоттук, руханий, адеп-ахлактык, кыргыз тилин өнүктүрүү жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды жалпыга маалымдоо каражаттарында калыптандырууга жана жайылтууга байланышкан

маселелерди уюштуруу. “Кыргыз Респулибкасында жаш үй-бүлөлөрдү мамлекеттик колдоо жөнүндө” атайын программа иштеп чыгуу, анда жалпыга маалымдоо каражаттарынын тийиштүү ролун тактап көрсөтүү.

Жыйтыктап айтканда, интернет калыптанып жаткан инсанга кандай таасир этет? Позитивдүү да, негативдүү да, анткени көптөгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй адамзат, анын ичинен өзгөчө жаштар бүгүнкү күндө техногендик кулчулукка кабылышынын, алардын аң-сезимин манипуляциялык практикага баш ийдирүүнүн жана ой жүгүртүү эркиндигин жана убакытты пайдалануу эркиндигин чектөөнүн көзөмөлсүз процессине туш болуп жатканын ырасташат. 18-24 жаштагы жаштардын арасында 50% ашыгы интернет жана социалдык тармактар алардын көп убактысын алып жатканын моюнга алышат дагы, ушул куражтагы жаштар жат жазуу, туура жазуу жагынан өксүк болууда. Заманбап социалдык тармактардын жана порталдардын мазмуну азыркы жаштардын ишенимин гана жаратпастан, чыныгы коркунуч сезимин да калыптандырат. Ар кандай сурамжылоолорго катышкан жаштардын жарымынан көбү айрым сайттарга кирүүгө жарым-жартылай чектөө киргизүүнү же цензуранын чыныгы механизмин иштеп чыгууну сунушташат. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, жаштар маалыматтык манипуляциялар жана жалдоо үчүн идеалдуу топ болуп саналат. Бүгүнкү күндө жаштар үчүн интернет маалымат булагы гана болбостон, альтернативдүү чындыкка айланууда. Жаштар көбүнчө мындай чындыктын “кадимки” жашоого караганда артыкчылыгы жана анын чакырыктарын жана мыйзамдарын сактоо иллюзиясына ээ болуп калышууда. Социалдык тармактар өзгөчө жаштардын инсандыгын, өздүгүн, калыптандырууда чоң роль ойнойт, санариптик доордо жана тынымсыз онлайн баарлашууда бул платформалар баарлашуунун гана каражаты болбостон, өзүн өзү аныктоонун жана өзүн көрсөтүүнүн кубаттуу куралына айланды. Социалдык тармактардын инсандыктын калыптанышына тийгизген таасиринин негизги аспектилеринин бири – бул өзүн тандалган форматта көрсөтүү жөндөмдүүлүгү. Колдонуучулар өз профилдерин түзүү жана түзөтүү, өздөрү жөнүндө сүрөттөрдү жана маалыматтарды жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ, бул аларга башкалар

тарабынан кандай кабыл алынып жатканын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Бирок, бул өзүн-өзү көрсөтүү эркиндигинин да терс жагы бар, интернеттеги имиджин идеалдаштырууну дайыма каалоо чыныгы жана виртуалдык иденттүүлүктүн ортосундагы ажырымга алып келиши мүмкүн. Бул, айрыкча, социалдык тармактардагы башка колдонуучулардын идеалдаштырылган сүрөттөрү менен салыштырганда, нааразычылык жана өзүнө ишенбөөчүлүк сезимдерин пайда кылышы мүмкүн. Социалдык тармактарда өз ара аракеттенүү, ошондой эле баарлашуу жана эмпатия көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Социалдык тармактарда баарлашуу аркылуу жаштар башкалардын сезимдерин түшүнүүгө жана эске алууга үйрөнүшөт, бул социалдык өз ара аракеттенүү жана инсандар аралык дени сак мамилелерди калыптандыруу үчүн маанилүү. Бирок, ошол эле учурда тобокелдиктерди да эске алуу керек, социалдык медиа жаштарды туура эмес жүрүм-турумга, ой-толгоолорго дуушар кылып, ошондой эле көз карандылыкка жана психикалык ден соолукка терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Жыйынтыктап айтканда, социалдык медиа заманбап коомго жана жаштарга терең жана кеңири таасир этүүдө, алардын оң жана терс жактарын таануу жана баса белгилөө, ошондой эле тобокелдиктерди минималдаштыруу жана социалдык медианын оң таасирин күчөтүү боюнча стратегияларды иштеп чыгуу бул платформалардын келечек муундардын кызыкчылыктарына жана жыргалчылыгына кызмат кылуусун камсыздоо үчүн маанилүү кадамдар болуп саналат. Ошондуктан бүгүнкү күндүн талабына ылайык - билим берүү мекемелеринде маалыматтык сабаттуулук курсун киргизүү бардык деңгээлдерде; маалыматтык сабаттуулукту камсыз кылуу боюнча ыктыярдуу коомдук бирикмелерди уюштуруу; билим берүү процессин гумандаштыруу; укуктук сабаттуулуктун деңгээлин жогорулатуу; тобокел тобундагы жаштардын топтору менен иштөө үчүн атайын программаларды иштеп чыгуу; укук коргоо органдарынын ыйгарым укуктарын кеңейтүү үчүн толук кандуу укуктук-нормативдик базаны түзүү.

## 2.4. Жаштардын диний иденттүүлүгүн калыптануу өзгөчөлүктөрү

Диний иденттүүлүк адамзат тарыхындагы эң алганчкы иденттүүлүктүн формасы болуп, адамзатына тиешелүү болгон социалдык, этникалык аң сезимдин өзөгүн түзгөн. Дин адеп-ахлакты жана коомдук жүрүм-турумдун нормаларын аныктоочу, муундан муунга өтүп келе жаткан маданий коддун бир түрү болуп калат. Диний иденттүүлүк социалдык иденттүүлүктүн компоненти катары илимий дискурста "өздүк" категориясынын призмасы аркылуу каралышы керек. Диний иденттүүлүктүн калыптануусу, методологиялык өзгөчөлүктөрү, бул иликтөөдө төмөндөгү заманбап системдик анализ, тарыхый-логикалык метод, салыштырма талдоо методу, структуралык-функционалдык, тобокелдик, конфликтологиялык идеяларына негизделген. Бул багыттар боюнча теориялык булактар катары төмөнкү эмгектер талдоого алынган: Э. Дюркгеймдин "Моралдык тарбия", бул эмгекте динди коомдо өзгөчө орду белгиленет, башка бардык социалдык формаларды пайда кылган адамзаттын эң негизги социалдык институту деп эсептеген, анын аныктамасы боюнча "дин коомдогу бардык маанилүү нерселерге өмүр берди, адамзатка жамааттык аң-сезимдин күчтүү сезимин берген дин болгон [118, 112-б.]. Р. Мертондун "Социалдык теория жана коомдук түзүлүш" аттуу эмгегинде белгилейт, ар бир дин коомдо позитивдүү ролду ойнобойт, биригүү, туруктуулук, тартип деген түшүнүктөр алгачкы диндерге гана мүнөздүү. Эгерде коом көп конфессиялуу болсо, анда ал ар кандай диндердин, топторунун ортосунда чыр-чатактарды жаратышы мүмкүн [222, 873-б.]. К. Поппердин "Ачык коом жана анын душмандары" аттуу эмгегинде белгилейт, биздин цивилизациянын руханий өнүгүүсү дагы деле болсо балалык стадиясында, "адамгерчиликке жана акылга умтулуу" катары кабыл алынат, тең укуктуулукка жана эркиндикке, демек, дин азыркы коомдун өнүгүшүндө өзгөчө орунда турат [244, 31-б.]. Т.Парсонстун "Социалдык иш-аракеттердин структурасы жөнүндө", коом-бул анын мүчөлөрүнүн биргелешкен жашоосун уюштурган ченемдик система. Башка сөз менен айтканда, ар кандай деңгээлдеги социалдык тутумдар бар дейт. Диндин коомдогу ордун жана ролун түшүнүү үчүн Парсонс "социалдык интеграция" деп

атаган жалпы шарттарды жана механизмдерди эске алуу керек. Алгачкы коомдо мындай интеграция коомдук системанын милдети болуп саналат, өнүккөн коомдо дифференциациянын натыйжасында бул функция институтташтырылган деп белгилеген [241, 474-475-б.]. А.Тойнбинин "Цивилизация тарых соту алдында", деген эмгегинде цивилизациянын фундаменталдык негизин жана анын маңызын, андан тышкары, "тарыхты түшүнүү" - бул динде көрүнүп турат деп белгилейт. Цивилизация дин менен тыгыз байланышта, анын өнүгүшүнө, жоголуп кетишине дин түздөн-түз таасир этет [268, 474-б.]. Э.Фроммдун "Эркиндиктен качуу" анда, ал психоанализдин жардамы менен айрым диндерде карама-каршылыктарды табууга болот дейт. Фромм мындай диндерди авторитардык деп атоону сунуш кылат, анткени биринчи кезекте, тоталитардык диндеги адам өзүнө таандык эмес. Аларда адамды кандайдыр бир жогорку күч башкарат деген ишеним үстөмдүк кылат жана бул күч андан баш ийүүнү талап кылат. Кудай канчалык жогору көтөрүлсө, адам ошончолук алсыз көрүнөт [283, 269-б.]. Ю.Хабермастын "Моралдык аң-сезим жана коммуникативдик аракет" деген эмгегинде, жаңы ыкманын алкагында дин деп табияттан тыш нерселерге ишенүү менен шартталган дүйнө таануунун өзгөчө формасы эмес, догматикалык жана моралдык-этикалык нормалардын жана категориялардын, көз караштардын, осуяттардын, ырым-жырымдардын, маданий коддордун жана символдордун идеологиялык жактан бирдиктүү жана институттук жол-жоболоштурулган системасы түшүнүлөт. Башкача айтканда дин инсандын диний ишенимдеринин, анын руханий баалуулуктарынын, көз караштарынын, дүйнөдө бар жана коомдо иштеп жаткан ченемдеринин чагылышын жана жалпыланышын болжолдогон диний чындыктарга ишенимди камтыган дүйнө тааным. Ал илимге "диний девиация" түшүнүгүнүн киргизген. [292, 380-б.], С. Хантингтондун "Цивилизациянын кагылышы" деген эмгегинде анын айтымында келечектеги согуштар өлкөлөрдүн ортосунда эмес, маданияттардын ортосунда болот жана ислам экстремизми дүйнөдөгү тынчтыкка эң чоң коркунуч болот деп айткан [294, 212-б.]. Демек, заманбап коомдо жаштардын диний иденттүүлүгүнүн калыптануу процесси бир катар тышкы факторлордун,

цивилизациянын, маалыматтык коомдун өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды болууда. “Иденттик” термини латын тилинен алынган, башка нерсе менен окшоштук жана байланышты билдирет, ошондой эле коомдук-гуманитардык илимдердин (психология, социалдык философия, маданий антропология, социология) илимдеринин категориясы катары кызмат кылат, индивиддерди жана топторду салыштырмалуу туруктуу, “өзүнө окшош” бүтүндүк, салыштырмалык сүрөттөөдө колдонулат. Иденттик – бул менчик башкача айтканда жаш инсанга башынан эле мүнөздүү нерсе эмес, ал жөнүндө жогорку бөлүмдөрдө, параграфтарда толук ойлор берилген. Ал коомдук өз ара аракеттенүүнүн жүрүшүндө гана түзүлөт, консолидацияланат (же тескерисинче, кайра аныкталат, өзгөрөт). Диний иденттүүлүктүн калыптануу процесси бир катар тышкы факторлордун, социалдык детерминанттардын таасири менен шартталган, алардын ичинен билим берүү, массалык маалымат каражаттары жана үй-бүлөнү кошууга болот. Бул социалдык институттардын ар бири тигил же бул түрдө диний социалдаштыруу, индивидуалдык инсандыкты калыптандыруу функциясын аткарат. Бул жерде диний толеранттуулук менен толеранттуулуктун ортосундагы тең салмактуулук, өзгөчө көп конфессиялуу коомдордо бирдей маанилүү. Биздин оюбузча, жаштардын диний иденттүүлүгү бул – ошол жаш инсан өзүн башка адамдар менен рухий жактан байланыштыруунун (индивидуалдык деңгээлде) жана курчап турган чөйрөгө карата (макросоциалдык деңгээлде) бүтүндөй коомдун ичинде өзүн өзү аныктоонун мүмкүн болгон жолдорунун бири. “Жаш инсандын өзүн бүтүндөй кабыл алуусу аркылуу инсандын инсандыгын аныктоо, жеке адамдын тажрыйбасынын белгилүү бир үзгүлтүксүздүгү катары, өзү менен болгон ички карама-каршылык, бир жагынан, өзүн-өзү башкаруу процесси жөнүндө белгилүү бир түшүнүктөрдү алууга мүмкүндүк берет. Идентификациялоо, ал эми экинчи жагынан, индивидуалдык жана коомдук иденттүүлүк түшүнүктөрүнүн ортосундагы карама-каршылыктарга алып келет. Өзүн-өзү чагылдыруу үчүн адам башкага, топко, коомго муктаж. Диний жана диний иденттүүлүк проблемасы субъекттин инсандыгын кимдир бирөө же башка динге, диний

жамаатка тышкы, социалдык жана коммуникативдик коомчулукка таандык болгон жеке жакындыктын субъективдүү аң-сезиминде бекитет. Ал инсандын диний жамаатта болушу жана алардагы өз ордун аңдап билүү контекстинде түшүнүлөт. Азыркы дүйнөдө ислам, христиан, буддизм, иудаизм, индуизм жана башка традициялык эмес жүздөгөн дин тутумдары жаштардын арасында ар кандай миссионердик иш жүргүзүүдө. Дин, бир жагынан, башында идентификацияны ишке ашырууну камсыз кылган нерсе катары иш алып барат, экинчи жагынан, бул институт, ал аркылуу адам белгилүү бир социалдык шарттарда өзүн идентификациялайт. Идентификациялоо жана социалдашуу процессинде адам диний нормаларга, стереотиптерге, алдын ала жазылган диндин үлгүлөрүнө ээ болот, аңдап билет, диний түшүнүктөрдү, “адаттарды” өзүнө сиңирет. Демек, эгерде биз диний иденттүүлүккө аныктама берсек анда: бул диний аң-сезимдиндин категориясы, жана да жаш инсан өзүн бир конкреттүү диндин өкүлү катары аңдап билет, ошол диндеги баалуулуктарды өзүнүн жеке жашоосунда жетекке алат. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, өлкөнүн ар бир жараны диний жана башка ынанымдарды эркин кармай алат жана эркин тандап алууга, эркин болууга укуктуу [1]. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын үчүнчү Концепциясы (2021-2026-жылдар) ишке ашырылууда [5]. “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди жана диний процесстерди ирээтке келтирүүдө, диний маданияттын калыптанышына, диний позитивдүү иденттүүлүктүн калыптанышына, диний толеранттуулукту калыптандырууда, өлкөдөдо ондогон мыйзаймдык-укуктук база түзүлдү [5, 6, 7, 9,10, 11]. Диний уюмдарды эсепке алуу иретке келтирилди, конфессиялар аралык кеңештин ишмердүүлүгү активдештирилди, диний кызматкерлерди аттестациялоо жана квалификациясын жогорулатуу системасы калыптанды. Динге, дин тутууга болгон жаштардын кызыгуунун тынымсыз өсүшү байкалууда, анын үстүнө калктын басымдуу бөлүгү коом менен инсандын ортосундагы социалдык мамилелердин глобалдык жана социалдык-

экономикалык, руханий жана адеп-ахлактык карама-каршылыктарын дин тутуу призмасы аркылуу талдап, сезип жатат. Бүгүнкү күндө өлкөдөгү жаштардын турмуштук позициясында, көз карашында, ишениминде, алардын динге болгон ишениминде актуалдуу көйгөй күндөн-күнгө өсүүдө. Өлкөнүн жаштарынын дени сак жана инновациялык күч, өлкөнүн келечеги катары карасак, жана да бардык стратегиялык социалдык-экономикалык кайра куруулар, мамлекеттүүлүктү жана коомду өнүктүрүүнүн артыкчылыктары өсүп келе жаткан муундун бакубаттуулугунан көз каранды болот эмеспи. Демек, бүгүнкү күндө жаштардын диний маданияты, диний өзгөчөлүгү жаш муун үчүн карама-каршы келген реакциячыл, бузукулук, зордук-зомбулук, фанатизм жана экстремизмде менен аралашып жатканын белгилеп кетүү керек. Жаштардын азыркы диний маданияты көп кырдуу жана мозаикалуу экенин айтуу керек. 21-кылымдын башында ар кандай чектөөлөр жоголуп, ар кандай мамлекет аралык чек аралар ачылып, жаштар бир жагынан көптөгөн маалыматтар, окуялар, сунуштар менен таанышууга мүмкүнчүлүк алса, экинчи жагынан системалык кризиске учураган жашоо турмушка туш келди. Дүйнөлүк мейкиндикте да, өлкөнүн ичинде да, башка маданият, чоочун ишеним, башка ар кандай баалуулуктар жаштардын арасына чагылгандай тез таркоодо. Ушундай абалда дин, жаштардын белгилүү бир катмары үчүн белгилүү болгон көз караштардын бири жана оор турмуштук тажрыйбадан чыгуунун жолу катары кабыл алынууда. Бул коомдук социомаданий кубулуш отуз жылдан ашык убакыттын ичинде өтө чагылгандай тез таркады. Башкача айтканда, коомдун социалдык-экономикалык жана руханий кризиси жаштардын диний маданиятынын жана диний аң-сезиминин калыптануу процессине өзгөчө таасирин тийгизүүдө. Бүгүнкү күндө замандын талаптарына жооп берген диний билим берүү системасын калыптандыруунун компоненттеринин бири – бул бирдиктүү диний билим берүү мейкиндигин түзүү болуп саналат. Кыргызстанда диний билим берүү мекемелеринин тармагы бар, бирок диний билим берүү системалаштырылган эмес, окуу пландарын иштеп чыгууда артыкчылыктар иштелип чыга элек, мындай учурда Кыргызстан жарандарынын чет элдик диний окуу жайларда

билим алуусу үчүн эркин жүрүүсүнө тыюу салбаган Борбор Азиядагы жападан жалгыз өлкө. Коңшу мамлекеттердин баары – Өзбекстан, Казакстан жана Тажикстан диний окуу жайларда окуган жарандарын дайыма текшерип, мамлекеттин "талаптарына" ал окуу жайы жооп бербесе жарандарын кайра чакыртып алат же болбосо такыр чет элден диний билим алууга жаштарын жөнөтпөй калышты. Практика көрсөткөндөй, Кыргызстандын жарандарынын чет мамлекеттерге диний билим алуу үчүн чыгуусу ар кандай жолдор менен жүзөгө ашырылат: 1). кыска мөөнөттүү туристтик визалар боюнча; 2). жеке чакыруулар; 3). ата-энелердин жана меценаттардын эсебинен; 4). ишенимдүү адамдардын жардамы менен. Бул бир жагынан дин тутуу эркиндиги, мамлекеттик дин саясатынын либералдуулугу боюнча мыйзамдык нормалардын ишке ашырылып жатканын көрсөтөт. Экинчи жагынан, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын талаптары, анда өлкөдө диний билим берүүнү жөнгө салуу жана системага келтирүү нормалары, чет мамлекеттерге кеткен Кыргыз Республикасынын жарандарын өлкөдөн чыгуунун жана каттоонун тартиби белгиленген, бирок ал нормалар сакталбай келет [8]. Бул жарлыкта так жана даана жазылгандай, өлкөдө диний билим берүүнү жөнгө салуу жана иретке келтирүү эрежелерин, диний билим алуу үчүн чет мамлекеттерге кеткен Кыргыз Республикасынын жарандарын өлкөдөн чыгуунун жана каттоонун тартибин белгилеген. Көпчүлүк жаштарыбыз Египет, Түркия, Пакистан, Сауд Арабиясы, Иордания, Сирия, Йемен, Кувейт, Ливия, Иранда диний билим алышат. Булан институту даярдаган отчетуна ылайык, болжолдуу эсептөөлөр боюнча 2004-жылга чейин Кыргыз Республикасынын 600дөн ашык жараны чет өлкөдөн, 2010-жылы 507 студенттен диний билим алышкан. Алардын ичинен 119 гана жаран диний билим алуу максатында өлкөдөн чыгууга Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан уруксат алган, калгандары өлкөдөгү ченемдик укуктук актыларды бузуу жолу менен өлкөдөн чыгып кетишкен. Диний билим алган Кыргыз Республикасынын жарандарынын саны боюнча биринчи орунду Аль-Азхар университети (Каир, Египет) ээлейт, ал бүткүл мусулман дүйнөсүндө белгилүү,

абройлуу болуп эсептелинет. Ал жакта окуган кыргызстандык студенттердин саны 1,5 эсеге өсүү тенденциясына ээ. Эгерде 2004-жылы Аль-Азхарда 185 студент билим алса, 2010-жылы 217 жаштар теологиялык билим алышкан. Кыргызстандан келген студенттердин саны боюнча экинчи орунду Түркиядагы диний окуу жайлары ээлейт, 2004-жылы Кыргызстандан 76 студент Түркияда диний билим алса, 2010-жылы 200гө жакын жаштар билим алышкан. Практика көрсөткөндөй, түрк диний университеттеринин бүтүрүүчүлөрү башка өлкөлөрдөн билим алган өздөрүнүн светтик көз караштары менен айырмаланат. Буга тарыхый жана маданий окшоштуктар, мамлекеттердин светтик принципти кармануусу, тилдердин жакындыгы жана өлкөлөрдүн ортосундагы географиялык ыңгайлашуу шарт түзөт. Окутулган студенттердин саны боюнча үчүнчү орунда Пакистандын ислам окуу жайлары турат, эксперттердин айтуусу боюнча Пакистандын ар кандай түшүнүксүз медреселеринде билим алуу коркунучу тууралуу бир нече жолу эскерткенине карабастан, 2004-жылдан 2010-жылга чейин Кыргызстандан окуган студенттердин саны 51 адамдан 153 адамга чейин көбөйгөн. Сауд Аравия Королдугу кыргызстандык студенттердин саны боюнча төртүнчү орунда турат. 2004-жылдан 2010-жылга чейинки студенттердин саны 43төн 133 адамга чейин көбөйгөн [305, 119-б.].

Эгемендүүлүк жылдарында диний уюмдардын саны миңдеп өстү, бирок канчалык диний мечиттердин, окуу жайлардын, жаштардын аң-сезиминин калыптанышына, диний маданиятынын өсүшүнө, жалпы маданиятына өң таасирин тийгизүүдө, бул башка суроо. Кыргызстандык жаштар негизинен жогорку ислам окуу жайларында билим алышат, Мекке, Мадина жана Эр-Рияд. Белгилей кетсек, азырынча, Билим берүү жана илим министрлигинде да, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында да, айрыкча КМДБда чет өлкөлүк диний окуу жайларда окуган же окуп жаткан жарандар боюнча толук маалымат жок экендиги өтө тынчсыздануугу жаратат. Тактап айтканда, ислам окуу жайларында диний билим берүүнүн сапаты начар материалдык-техникалык базанын, кадрлардын начардыгынан, окутуунун алдыңкы усулдарына көңүл бурулбаганынан жана студенттердин өздөрү

тарабынан сапаттуу билим алууга ынтызарлыктын жоктугунан улам начарлап жатканын айтууга болот. Бул жерде айта кетчү нерсе, ислам окуу жайларын бүтүргөндөрдүн жумушсуздугу сапатка белгилүү бир деңгээлде таасирин тийгизүүдө. Дагы бир көйгөй, диний жана светтик билим берүү ар башка, көп учурда бири - бирине карама-каршы келүүдө. "Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамында диний билим берүү боюнча норма жок [2], бирок логикалык жактан алганда, билим бирдей болушу керек. Диний билим берүүнүн сапаты жана анын расмий статусу боюнча чечилбеген маселелер ислам окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жашоо-турмушуна терс таасирин тийгизүүдө. Дагы бир орчундуу маселе – чет өлкөлүк ислам окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдорун нострификациялоо"[Институционализация мусульманской общины в современном Кыргызстане (1991-2010 гг.// тарых илимдеринин кандидаты деген илимий даражага диссертация, Бишкек -2022]. Ошентип, бүгүнкү күндүн талабына жооп берген диний билим берүүнүн интегралдык системасын иштеп чыгуу үчүн биринчи кезекте КМДБ, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү илим министрлиги биргеликте диний билим берүүнүн концепциясын иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыкты. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында отузга жакын диний конфессиялардын өкүлдөрү болгон 3000 ден ашык диний бирикмелер жана уюмдар өзүлөрүнүн миссионердик иштерин алып барууда. Алардын 2688и (87%) ислам диний уюмдары – мечиттер, фонддор, борборлор, башкача айтканда, алардын ичинен ислам университеттери – 12 болсо, медресенин саны 131 жетти. Өлкөдөгү диний уюмдардын 12%ке жакыны христиан уюмдары: булар православдык жамааттар – 47, элүүнчүлөр – 79, баптист уюмдары – 60, жана 1%ке жакыны башкалар (индуизм, буддизм, бахай). [5;6]. Биздин оюбузча, Кыргызстанда, ошондой эле Борбордук Азияда жаштардын диний маданиятынын калыптанышына төмөнкү факторлор абдан күчтүү таасир берүүдө. Коомдогу карама-каршы стратификация, негизинен жаштардын арасында жумушсуздуктун жайылышы, андан кийин тынымсыз эмгек миграциясы, ага кошумча ислам динин өлкөнүн

ичиндеги жана дүйнөлүк деңгээлдеги саясий күчтөрдүн ар кандай деңгээлде колдонуусу, жаштардын арасында таркатылышы, активдүү миссионердик иштерди уюштуруп келүүсү. Бүгүнкү күндө дингe берилген жаштардын тобу саясатка дагы активдүү катыша баштады, коомдо болуп жаткан ар кандай адилетсиздикти чечүү үчүн шарияттын ар кандай элементтерин киргизүү керектигигин тастыктап, мамлекеттик башкарууга кийлигишүүсүн мисал келтирсек болот.

Ал эми кырдаалдык факторлорго Афганистандагы акыркы жылдардагы окуялар жана ушул күнгө чейин Борбордук Азия республикаларында чоң тынчсыздануу жаратып келе жаткан факторлорду белгилесек болот. Белгилүү болгондой, Сирия, Ливия жана Ирактагы согуштук операцияларда бай тажрыйбага ээ болгон согушчандар, Борбор Азия өлкөлөрүнөн ошол жерлерге барып катышып келген жарандар көптөгөн диний-фанаттык, бандиттик түзүмдөр жана террористтик топтор, Афганистандын аймагынан баш калкалоочу жай тапты. Бул бандалардын арасында Борбордук Азияда жана Фергана өрөөнүндө ислам халифатын куруу боюнча идеологиялык пландар көптөн бери жүрүп келген. Экинчиден, жаңы салттуу эмес диний агымдардын өкүлдөрү негизинен жаш муунга өзгөчө бурушат, алар менен “иштегенге” кызыктар. Эксперттердин пикири боюнча, экстремисттик, деструктивдүү агымдардын катарына тартылгандардын басымдуу бөлүгүн дал ушул ислам дининин өкүлдөрү деп белгилөөдө, ал эми аларды тартуунун негизги каналы социалдык тармактар – интернет. Бүгүнкү күндө интернет аркылуу жаштарды ар кандай жумуштарга чакыруу, орноштуруу жөнүндө маалыматка толгон жана социалдык тармактагы же мессенджерлердеги жеке баракчасына кирүү менен жаш адамдын психологиялык жактан өзүнө багындыруу үчүн атайын аккаунттар аркылуу активдүү иш алып барышууда. Төртүнчүдөн, исламды саясатташтыруу коомдун чечилбеген социалдык-экономикалык көйгөйлөрүнө кийлигишүү, өтө тездик менен жүрүп жатат. Бешинчиден, Кыргызстан эгемендик алгандан бери (20-кылымдын 1991-жылдардан башынан баштап) жалпы өлкө советтик идеологиянын талкаланышы, социалисттик курулуштун

дискредитациясынын, СССРдин таркашы менен ислам дининин кайра жаралышынын контектинде атеисттик саясатынан расмий түрдө баш тартты. Мындан тышкары, диний уюмдарды түзүүгө, ажылыкка, башка конфессиялардын өкүлдөрү үчүн башка храмдарга барууга чектөөлөр алынып, ар кандай мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Динге ишенгендердин басымдуу көпчүлүгү мыйзамдарда бекитилген диний эркиндиктерге – мечиттерге жана храмдарга бекер, байма-бай кирүү, диний окуу жайлардын ачылышы, ажылыкка бекер баруу менен менен коштолуп келе жатат. Отуз жылдан ашуун убакыттын ичинде Борбордук Азия чөлкөмүндө мусулман динин тутакан топтордун лидерлери жана теологдордун белгилүү бир тобу пайда болду, алар исламдын социалдык кайра жаралуусу жөнүндө гана эмес, коомдогу саясий күч катары да коптогон социалдык, экономикалык, саясий маселерди көтөрүп, алардын руханий лидерлери “Исламдын” кайра жаралышын өзгөчө үгүттөп келишүүдө, негизги идея “Ислам халифаты” болуп келе жатат деп жогоруда белгиледик. Коомдогу мындай диний кубулуштар аймактын калкын жана мамлекет башчыларын, мамлекетти башкаруу өтө сергек болууга чакырат, анткени калктын негизги бөлүгү руханий кайра жаралууну таптакыр башка өңүттө түшүнөт. Төмөндө биз ушул коомдук диний процесстерди социологиялык анализ жүргүзүүдө 2022-жылы кыргызстандын студент жаштарынын арасында: “Кыргызстандын студенттик жаштарынын баалуулук багыттары” деген темада жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгын талдап көрсөтүүнү туура деп чечтик, мында өзүнчө блок Кыргызстандын студент жаштарынын диний маданиятына арналган. Илимий талдоо көрсөткөндөй, “бардык диний-экстремисттик уюмдардын мүчөлөрү калк арасында өздөрүнүн үгүт-пропагандалык акцияларынын формаларын жана ыкмаларын өзгөртүшкөн. 2005-жылга чейин алар негизинен баракчаларды жана брошюраларды таратуу менен алектенишкен, ал эми 2005-жылдан кийин алар интернетти көбүрөөк колдонушат, ар кандай электрондук маалымат каражаттары колдонулат, ошондой эле экстремисттик мазмундагы СМС-билдирүүлөрдү, видео-аудио файлдарды жөнөтүү үчүн мобилдик байланыш тутуму колдонулат. Мындан тышкары, өз веб-ресурстары

аркылуу “виртуалдык жааматтар” деп аталган террордук топторду аралыктан жалдоо жана түзүүнүн жаңы тактикасы киргизилүүдө. Бул идеология интернет аркылуу Кыргызстанда да жайылууда.

Таблица № 2.4.1. **Жаш респонденттердин диний ырым-жырымдарды сактоо өзгөчөлүктөрү**

| | **Дайыма** | **Бир айда бир нече жолу** | **Бир жылда бир нече жолу** | **Өмүрүмдө бир-эки жолу** | **Эч качан** |
|---|---|---|---|---|---|
| Мечитке баруу | 26,7% | 5,9% | 21,8% | 23,7% | 21,9% |
| Орозо кармоо | 48,5% | 1,2% | 8,4% | 18,6% | 23,3% |
| Күнүгө беш маал намаз окуу | 21,5% | 1,4% | 13,4% | 22,7% | 41,0% |
| Мечитке жума намазга баруу | 32.2% | 8,9% | 18,3% | 20,1% | 20,5% |
| Куранды окуу жана изилдөө | 12,6% | 5,7% | 10,2% | 31,1% | 40,4% |
| Диний ырым-жырымдарга, майрамдарга катышуу | 19,1% | 0,3% | 28,5% | 29,8% | 22,3% |
| Элдерге исламды пропагандалоо | 28,9% | 19,4% | 9,6% | 3,5% | 38,6% |

Азыр бүткүл дүйнөлүк желеде өтө радикалдуу мазмундагы лекцияларды өткөргөн “интернет-имамдар” көп. Белгилей кетсек, бул социологиялык изилдөө Кыргызстандын студент жаштары арасында, ислам динин тутунгандар арасында 2022-жылы март жана апрель айларында блиц-сурамжылоо аркылуу жүргүзүлгөн. Жалпысынан алганда, бул маселе боюнча алынган маалыматтардын натыйжалары абдан карама-каршы көрүнөт жана туруктуу мониторингди талап кылат.

“Диний иш-аракеттерди үзгүлтүксүз аткарып жатасызбы жана диний ырым-жырымдарга, майрамдарга канчалык көп катышасыз”? деген суроого, негизинен жабык суроо болгондуктан, респондентке ислам management диниңде каралган эң кеңири тараган аракеттерди жана ырым-жырымдарды сунуш кылдык. Ал эми жооптор ушинтип бөлүштүрүлдү.

Белгилей кетсек, изилдөөдө бул суроо ислам динин тутунган студенттерге багытталган дагы, жалпысынан алганда, бул маселе боюнча алынган маалыматтардын натыйжалары абдан карама-каршы жыйынтыктарга ээ болдук жана бул көйгөй туруктуу мониторингди талап кыла тургандыгына ынандык. “Диний иш-аракеттерди үзгүлтүксүз аткарып жатасызбы жана диний ырым-жырымдарга, майрамдарга канчалык көп катышасыз?” деген жабык суроого, респондентке ислам дининде каралган эң кеңири тараган иш-аракеттерди жана ырым-жырымдарды сунуш кылдык. Ал эми жооптор таблицада көрсөтүлгөндөй бөлүштүрүлдү. Респонденттердин 26,7% мечитке үзгүлтүксүз келет, 5,9% айына бир нече жолу, жылына бир нече жолу 21,8%, 21,9% мечитке эч качан барышкан эмес. Акыркы мезгилде жалпысынан жаштар, студент жаштар мечитке көп зыярат кыла баштаашты. Бул жерде айта кетчү нерсе, эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстанда 2811ден 3000 чейинки сандагы мечиттер курулган. 2008-жылы Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин жана диний кырдаалды иликтөө боюнча парламенттик комиссиянын чечимине ылайык, өлкөнүн дин кызматчыларын масштабдуу аттестациялоо жүргүзүлгөн. Алсак, төмөндө № 2.4.2. таблицада көрсөтүлгөн КМДБ системасында иштеген 2062 имамдын ичинен аттестацияга 1346 адам катышкан, бул имамдардын жалпы санынын 68% түзөт. Аттестацияга 716 дин кызматчысы (32%) катышкан эмес. Жалпылап айтканда, 982 имам текшерүүдөн өттү, бул аттестациялангандардын жалпы санынын 72,9% түзөт. Республика боюнча биринчи категорияны – 79 имам (5,8 %), экинчисин – 173 имам (12,8%), үчүнчүсүн – 763 имам (56,6%) алышты, шарттуу түрдө -282 имам (20,9%) аттестациядан өтүштү, 89 имам (6,6%) аттестациядан өткөн жок. 8 дин кызматкеринде шектүү диний көз караштар аныкталды. Демек, Кыргызстанда диний элитанын калыптана элек, диний

окутуучулардын өзүлөрүнүнүн билими терс карама - каршылыктар менен байланышкан [Ислам маданияты. – 2008. – 27 мая. – С.2.]. Албетте, Кыргызстанда исламдын таркашынын өзгөчөлүгү жаштардын массалык аң-сезимине, жашоосуна ислам динин активдүү киргизүү болуп саналат.

Таб. № 2.4.2. **Дин кызматчыларын аттестациялоонун натыйжалары**

| № | Казыяттар | Дин кызматчыларынын жалпы саны | Аттестацияга катышты | Аттестациядан өттү | Аттестацияга катышкан эмес | Себептери | | Категория боюнчааттестацияланган | | | Шарттуу аттестациядан өткөн | Аттестациядан өтпөгөн | Шектүү диний ишеними |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Кечиримдүү | Кечиримсиз | I | II | III | | | |
| 1. | г. Бишкек | 86 | 75 | 72 | 11 | 6 | 5 | 23 | 25 | 24 | 2 | 1 | |
| 2. | Чүй облусу | 236 | 194 | 131 | 42 | 12 | 30 | 15 | 23 | 93 | 48 | 8 | 7 |
| 3. | Иссык-Көл | 129 | 91 | 47 | 38 | 9 | 29 | 3 | 8 | 36 | 32 | 12 | |
| 4. | Талас | 107 | 86 | 33 | 21 | 7 | 14 | 3 | 4 | 26 | 45 | 8 | |
| 5. | Нарын | 138 | 95 | 62 | 43 | 13 | 30 | - | 6 | 56 | 26 | 7 | |
| 6. | Ош шаары | 63 | 46 | 40 | 17 | 3 | 14 | 8 | 2 | 30 | 5 | 1 | 1 |
| 7. | Ош облусу | 573 | 376 | 295 | 196 | 21 | 175 | 16 | 43 | 236 | 54 | 42 | |
| 8. | Джалал-Абад облусу | 487 | 232 | 178 | 255 | - | 255 | 3 | 26 | 149 | 47 | 7 | |
| 9. | Баткен облусу | 243 | 151 | 124 | 92 | 10 | 82 | 8 | 26 | 113 | 23 | 4 | |
| **Мамлекет боюнча бардыгы:** | | **2062** | **1346** | **982** | **716** | **81** | **634** | **79** | **173** | **763** | **282** | **89** | **8** |

Бүгүнкү күндө ислам коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, өзгөчө саясатта жана коомдун экономикалык жашоосунда барган сайын күчөгөн таасирин улантууда.

Кыргызстандын жаңы тарыхында эгемендүүлүк жылдарында ислам бир жагынан коомдун белгилүү бир бөлүгүнүн табигый руханий муктаждыктарын

ээрчип, экинчи жагынан, эл арасында жигердүү миссионердик иштерди жүргүзүп, жаңы кыймылдуу күч менен жанданды. Кыргызстанда жайылып жаткан азыркы ислам Дининде ар кандай багыттар бар, алардын арасында жөнөкөй салттуу исламдан баштап ар кандай реакциячыл агымдар пайда болуп, таркатылып диний аң-сезимдин ар кандай формалары менен түрдүү жааматтын ишмердүүлүгүнүн ортосунда идеологиялык атаандаштык, кээде деструктивдүү мүнөздө атаандаштык менен өнүгүүдө. Исламдын динин тутунган лидерлеринин, жамааттардын башчыларынын ортосунда күчтүү таасир үчүн, калктын, өзгөчө жаштардын массалык аң-сезимине ээ болуу, өзүнө буруу үчүн тынымсыз күрөш жүрүп жатат. Бүгүнкү күндө мечит жөн кана намаз окуучу гана жай болбостон, ар тараптуу билим берүүнүн, коомдук активдүүлүктүн борборуна айланышы керек, бул үчүн руханий лидерлер жаштар менен иштешип, ар бир мечит маданияттын, тазалыктын, жаңы билим, инновациялык окуу куралдар менен жабдылып коомдук активдүүлүктүн очогуна айланышы керек. Жаштардын диний маданиятын, диний иденттүүлүгүн позитвдүү калыптанышында мечиттердин ролу өтө чоң болушу керек. Чындыгында коомдо мечиттердин иштешинин айланасында диний элитанын өздөрүнүн жана диний лидерлердин жалпысынан диний интеллектуалдык маданиятынын төмөндүгүнөн улам жаштар мечитке барганда карама-каршы, реакциячыл, кээде татыксыз билимдерди, насыяттарды алышат деген карама-каршы пикирлер коомдо, эл арасында байкалууда. Жаштар диний мекемелерде карама-каршы, ишенимсиз, кээде илимий эмес реакциячыл билимдер, маалыматтар менен куралданып, башка диний конфессиялардын өкүлдөрүнө өкүмчүл, агрессивдүү, чыдамсыз, толеранттуу эмес мамиле кылышууда. Мындай абал коомчулукту жана илимий чөйрөнү кооптондурат, анткени өлкөдө кайсы темада болбосун жана канчалык объективдүү, мазмуну ар тараптан текшерилген, лекциялар окулуп, ошол эле учурда диний уюмдардын имамдарынын, руханий лидерлеринин ортосунда баарлашуулар кандай денгээлде жүргүзүлүп жатканына мониторинг, иликтөөлөр такыр жүргүзүлбөйт. Жаштардын арасында орозо кармоо жылдан жылга өсүүдө. Бул абдан динамикалуу, тез өсүп

жаткан көрсөткүч, анткени жыл сайын орозо кармаган жаштардын, өспүрүмдөрдүн саны өсүүдө, кээде мектептерде, төмөнкү класстарда да орозо кармоо процесси жүрүп жатат. Биздин оюбузча, орозо өсүп жаткан организм үчүн олуттуу сыноо, анын үстүнө айылдык мектептерде окуучулардын басымдуу көпчүлүгүнүн тамак-ашы ансыз деле витаминдерге бай эмес, демек, бул баланы бат чарчоого, ар кандай ооруларга чалдыгып калуусуна түрткү болот. Бул маселе боюнча медицина тармагындагы илимпоздордун пикирлери көптөн бери эки лагерге бөлүнгөн: кээ бирлери орозо кармоону организмди токсиндерден тазалоо убактысы деп эсептешсе, башкалары диний каада-салттарды урматтоо деп эсептешсет, башкалары бул боюнча катуу чектөөлөрдү сактоо керек деп айтып келет.

Корутунду жана сунуштар: Кыргызстанда студенттердин социалдык иденттүүлүгүн калыптандырууга баалуулук багыттарынын таасирин анализдөөгө арналган изилдөө өзгөчөлүктөрү төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууну шарттайт. Бүгүнкү жашоо шарттарда жаштардын баалуулук багыттары тынымсыз терең илимий талдоого муктаж, ошондой эле жаштарды руханий жана адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо атайын мамлекеттик программалар болушу шарт. Мамлекеттин жана саясий системанын артыкчылыктуу милдети, биздин оюбузча, улуттук баалуулуктар системасын актуалдаштыруу болуп саналат. Рухий-адептик тарбия мамлекеттик билим берүү саясатынын эң маанилүү приоритети (артыкчылыгы) болуп калууга тийиш.

Кыргызстандын келечеги, биринчи кезекте, азыркы жаштар үчүн кандай баалуулуктар артыкчылыктуу болорунан көз каранды. Эгерде бүгүнкү күндө мамлекеттик түзүмдөр өздөрүнүн руханий баалуулуктарын өндүрүп, өстүрүүгө киришпесе, бүгүнкү күндө жаштардын арасында диний күйөрмандардын бир тобу пайда болуп, ал жаштардын катмары өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүгүн, иденттүүлүгүн жогото башташат. Мындай өзгөрүш Кыргызстандын улуттук кызыкчылыгына туура келбейт, бирок диний миссионерлер жаштар арасында үзгүлтүксүз үгүт иштерин жүргүзүп келечекте андай жаштарды геосаясий оюндардын курмандыгына чалуу коркунучу келип чыгууда. Мамлекеттин жана

жалпы жаштардын багыты “жаштар жашоосуна либералдык баалуулуктарды натыйжалуу ишке ашыруу менен улуттук тамырларды сактоо мыйзамы” болушу керек, Кыргызстан мамлекетинин кичинекей, бирок бай тарыхы ошондой иш-чараларга муктаж. Демек, эң биринчи кезекте жаштарды каптаган руханий-адептик кризистен чыгуу негизги милдеттердин бири. Студенттик жаштардын дени сак потенциалы жалпы жыргалчылыкка, жарандык жоопкерчиликке, өзүмчүлдүккө каршы патриоттуулукка чакырууга багытталышы керек. Руханий, демек, бүтүндөй социалдык кризисти жеңүүнүн аныктоочу багыттары билим берүү, окутуу жана тарбиялоо болуп саналат, жаштарда маданий мурастарга сый мамилени калыптандыруу болуп саналат, мында шарттар өлкөнүн өнүгүшүнүн эң маанилүү фактору болуп кала бермекчи.

Диссертациялык иликтөөнүн жыйынтыгынын натыйжасында өлкөнүн мамлекеттик дин саясатын уюштурууда жана ишке ашырууда, ошондой эле КМДБ системасында бир катар иштерди уюштуруу керектигин көрсөттү.

Дин чөйрөсүндөгү мыйзамдык, укуктук ченемдик-базаны өркүндөтүү, ички жана тышкы кызматташуунун артыкчылыктуу багыттарын аныктоо менен мамлекеттик-ислам мамилелери боюнча ырааттуу саясатты иштеп чыгуу. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы, диний билим берүүнүн алкагында светтик (сабактар) дисциплиналар болушу керектигин эске алуу менен “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык диний билим берүү жөнүндө жоболорго өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизилсе жакшы натыйжа бермек. Мыйзам чыгаруу базасынын чабалдыгы светтик жана диний билим берүүнүн ортосундагы чектердин белгилүү бир бузулушуна алып келет, диний билим берүү мекемелерин андан ары активдештирүү менен изилдөөнү талап кылган дүйнө тааным көйгөйлөрүн жаратат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, КМДБ ата мекендик жаштарды окутууну улантуу үчүн артыкчылыктуу, коопсуздукту жаратпаган (Россия, Түркия, Өзбекстан, Египет) өндүү чет өлкөлүк диний окуу жайлардын

маалымат базасын түзүү зарыл. КМДБ мусулмандарды координациялоочу жана жөнгө салуучу диний уюм катары өлкөдө жашаган бардык этностордун өкүлдөрүн түзүшү керек.

Заманбап талаптарга ылайык ислам билим берүү системасын реформалоо, ислам билим берүү мекемелеринин окуу пландарын жана программаларын стандартташтыруу, милдеттүү аккредитациялоо жана лицензиялоо жүргүзүү зарыл. Диний чөйрөдө болуп жаткан процесстерди такай талдап, мониторинг жүргүзүү үчүн эксперттик коомчулук бардык деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүнү күчөтүшү керек. Бул үчүн КМДБнын вертикалдык-горизонталдык жөнгө салуу системасынын күчтүү жана негативдүү жактарын, дин кызматкерлеринин билим деңгээлин, ошондой эле диний окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн социалдык адаптациясын изилдөө боюнча социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү максатка ылайыктуу.

Мамлекеттик илимий-изилдөө мекемелери КМДБ менен бирдикте системалуу негизде жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда кеңири чагылдырылган диний жана улуттук коопсуздук маселелери боюнча семинарларды, тренингдерди байма-бай өткөрүп турушу зарыл жана азыкы кундун талабына ылайык болуп саналат.

Диний маданият жана жаштарга билим берүү, диний экстремизмге, фанатизмге жана терроризмге каршы күрөшүү, ошондой эле жаштар арасында диний толеранттуулук маданиятын калыптандыруу маселелерине түздөн-түз байланышкан темаларды ар тараптуу изилдөөнү жүзөгө ашыруу максатында Борбордук Азиянын, КМШ өлкөлөрүнүн эксперттик жана илимий коомчулуктарынын өкүлдөрүнүн илимий-практикалык кызматташтыгын активдүү жөнгө салуу керек учурдун талабы болуп саналат. Конфессиялар аралык мамилелер предметине социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, жаштардын маданий турмушундагы азыркы диндин ролун, ошондой эле “жаштардын диний иденттүүлүгү”, “дин жана мамлекет” сыяктуу темаларды изилдөөнү жөнгө салуу, анткени мындай иштер бул диний кырдаалга байланыштуу айрым көйгөйлөрдүн курчтугун жоюуга жана иштелип чыккан

теориялык принциптерди максималдуу түрдө чындыкка жакындатууга жардам бермек. Экстремисттик жамааттардын ишинин коркунучтуулугу жана деструктивдүүлүгү жөнүндө маселелерди дайыма чагылдыруу боюнча ЖМКнын ишин активдештирүү керек. Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап жатып, өлкөдөгү жана региондогу азыркы кырдаал жаштардын деструктивдүү топтору тарабынан жасалган кылмыштар жаатында жалпы жана атайын алдын алуунун натыйжалуу чараларынын комплексин иштеп чыгуу жолу менен мамлекеттердин жана анын компетенттүү органдарынын токтоосуз кийлигишүүсүн талап кылат. Өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу иштеринде жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун башкы факторлорунун бири - бул жаштардын жогорку диний маданияты.

# 3-БАП
# ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫТАНЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА КООПСУЗДУК КОНТЕКСТИНДЕ ИЗИЛДӨӨ

## 3.1. Заманбап Кыргыстанда жаштарынын экономикалык жана миграциялык коопсуздук өзгөчөлүктөрү

Негизине бул диссертациялык иликтөөнүн негизинде Кыргызстандагы 1990 – жылдан баштап 2005 - жылдарда төрөлгөн жана өз өлкөсүнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө, саясий кайра курууларга, базар мамилелеринин калыптанышына ошондой эле коомдо жаны баалуулуктардын пайда болушуна күбө болгон инсандардын катмары түзөт. Кыргызстанда калктын 35% ашыгын жаштар түзөт. Мындай маалыматты улуттук статистика комитетинин отчетунан көрсөк болот. Кыргызстанда жаштардын арасында 14 жаштан 35 жашка чейинки республиканын жарандары жана жарандыгы жок адамдар бар экенин жаштар саясаты мыйзамынан билсек болот. 2023-жылдын башында Кыргызстанда жаштардын саны 2 миллион 439 миң адамды түзгөн. Жарымынан көбү (50,1%) эркектер. Аялдар, кыздар – 1 млн 218 миңди түзөт [https://stat.gov.kg/ru/]. “Жаштардын эң көп үлүшү Бишкек жана Ош шаарларында, эң аз үлүшү Чүй жана Баткен облустарында”, - деп берилет улуттук статистикалык комитетти отчетунда. Биздин өлкөнүн ичиндеги жаштарга стратификациялык, демографиялык мүнөздөмө берүүдөн мурда жалпы эле Бүгүнкү күндө Борбордук Азия өлкөлөрүндө коомдун олуттуу бөлүгүн жаштар түзөт. Кыргыз Республикасынын өкмөтү 2020-2030-жылдарга жаштар саясатынын концепциясын иштеп чыкты, бул стратегиялык документ болуп саналат жана жаштарды өнүктүрүүдө мамлекеттин алдында турган милдеттерди аныктоо, мамлекеттик саясаттын максаттары, артыкчылыктары жана инструменттери негизделген. Жаштар саясаты жаатында укуктук-мыйзамдык базанын толук иштелип чыгышына карабастан, жаш муундарды экономикага, коомго аралаштырууда ар кандай мамлекеттик деңгээлдеги

добоорлор жокко, эсе, ал эми бир жолу өткөрүлүүчү долбоорлорду каржылоо жагынан бир катар көйгөйлөр бар. Концепцияда айтылгандай бүгүнкү күндө жаштардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрү, көйгөйлөрү мамлекет тарабынан изилденип, кылдат көңүл бурууну талап кылат деп айтылган. Азыркы күндө жаштардын арасында миграциялык оң балансты түзүү же болбосо иш миграциясын азайтуу үчүн жетиштүү шарттар иштелип, каралып башталды. Бүгүнкү күндө ар кандай иш-чараларга карабастан, жаш муундардын, жаш үй-бүлөлөрдүн арасында миграциясынын деңгээли жогору бойдон калууда. Бул миграциялык баланста жаштар, биздин өлкөгө караганда чет өлкөдө жашоону жана өзүн-өзү көрсөтүүнү каалагандардын саны басымдуу экенин көрсөтүп турат. Мындай абалдын себептери болуп инновациялык потенциал (123-орун), рыноктун көлөмү (121-орун), компаниялардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү (119-орун), инфраструктуранын абалы (113-орун) көрсөткүчтөр боюнча өлкөнүн позициясы саналат. Жаштар аз айлык акы төлөнүүчү жумуштарга баргысы келбейт, себеби андай жумуш орундары аларга күнүмдүк жашоосун татыктуу уюштурууга ээ болууга мүмкүндүк бербейт. Бул эмгек рыногунун өтө эле мамлекетте тардыгына жана жалпы абалына, жаштардын эмгек тажрыйбасынын жана ыктарынын жетишсиздигине, ошондой эле квалификациянын эмгек рыногунун учурдагы керектөөлөрүнө туура келбегендигине байланыштуу. Ошону менен бирге бардык курактык топтордо эркектердин иш менен камсыз болуу көрсөткүчү аялдардын жумушка орношуу көрсөткүчүнөн жогору. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында жаштардын арасында жумушсуздуктун деңгээли бардык курактык топтордун арасындагы жарандарга караганда кыйла жогору. Биздин социологиялык иликтөөбүздө негизинен "**Бүгүнкү жаштарды арасында негизги турмуштук түшүнүктөр кайсы"?.** Бул суроо аркылуу биз, жаштар өзүнүн жашоо-турмушунда кайсы түшүнүктөрдү орчундуу, жашоо стратегиясында колдонот деген таризде берилген. Баса белгилеп кетүүчү нерсе, жаштар коомдук теңдик 33,5% жана ошондой эле социалдык калыстык 42,5% белгиледи.

Диаграмма № 3.1.1. “**Бүгүнкү жаштарды арасында негизги турмуштук түшүнүктөр кайсы”?**




Демек, бүгүнкү жаштарды негизинен коопсуздук 32,7% - бул жерден эң биринчи биздин оюбузча экономикалык коопсуздук маселеси кооптондурат. Бул глобалдуу өзгөрүүлөр улуттук экономикаларга олуттуу из калтырып, алардын өз ара көз карандылыгынын тереңдешин алдын ала аныктайт. Ишканалардын чет элдик керектөөчүлөр менен өз ара аракеттенүүсүнө катышкан интеграциялык процесстердин натыйжасында тыгыз кооперативдик өндүрүштүк байланыштар түзүлүп, бул ишканалар (субъекттер) бири-бири толуктап турат. Ааламдашуу шартында интеграциялоо процесстеринин системасы социалдык-экономикалык турмуштун бардык спектрин камтыйт. Эң алгач сөз улуттук, мамлекеттик кызыкчылыктын биринчи орунда турушу керектиги ошондой эле экономикалык интеграциянын таасири астында айрым улуттук экономикалардын өз ара көз карандысыздыгын чыңдоо бүгүнкү күндүн өзөктүү көйгөйү болуп кала берет. Экономикалык интернационалдаштыруу - бул

мамлекет тарабынан көзөмөлдөнүүчү процесс, ал көбүнчө өндүрүш секторунда, мисалы, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү колдонуу аркылуу ишке ашат жана өнүгүүсү мамлекеттик программаларды жана стратегиялык демилгелерди ишке ашыруунун алкагында пландаштырылган ишмердиктин багыттарын камтыйт. Ааламдашуу улуттук экономикалардын бирдиктүү дүйнөлүк экономикалык системанын, башкача айтканда глобалдашкан экономиканын бир бөлүгү болуп калышына алып келет. Ошондуктан жаштарды биринчи кезекте өлкөнүн экономикалык коопсуздугу тычсыздандырат. Ар бир өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн эң маанилүү рычагдарынын бири, албетте, коомдун эң маанилүү стратегиялык жана инновациялык ресурсу болуп эсептелинген жаштарды иш менен камсыз кылуу.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда биз жогоруда белгилегендей жаштардын жумушсуздугу спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ жана жогору бойдон калууда. Жаштар арасындагы жумушсуздук – жаш муундун социалдык абалынын эң маанилүү көрсөткүчү болгон маргиналдык жумушсуздуктун бир түрү. Эмгек рыногунда жаш муун шарттуу түрдө үч категорияны камтыйт: 16 жаштан 19 жашка чейинкилер; 19-24 жаш; 24-28 жаш. Биринчи группага кирген, жалаң гана орто жалпы билими бар жаштар эмгек тажрыйбасынын жоктугунан өзгөчө аялуу катмары болуп саналат. Эреже катары, биринчи жаш курактагы (16-19) жаштар көбүн эсе расмий түрдө жумушка катталбайт. Алар негизинен кооптуу жумушта иштешет, квалификацияга ээ эмес жана эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү эмес, азыркы күндө Кыргызстанда ушул курактагы иш издеген жаштарга өтө татаал, себеби ал катмарды көбүн эсе контрактык негизде окуу жайларда билим алып жатка жаштардын тобу түзөт [17]. Жеке эле атайын орто окуу жайлардын, университеттердин студенттери эмес, бүгүнкү күндө мектеп окуучуларынынын арасында дагы көпчүлүгү, келечекте (54%) башка өлкөлөрдү көрүп, окуп, иштеп Кыргызстанга кайтып келүүнү каалашат, бирок ар бир алтынчы (6,5%) өлкөдөн биротоло көчүп кетүүгө даяр. А. Табалдиева атындагы социологиялык лабораториянын 2023- жылдагы изилдөөсүнө таянсак төмөндөгү маалыматтарды алсак болот.

Диаграмма №3.1.2. **Эгерде сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз?**




Изилдөө процессинин жүрүшүндө "Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз? Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз?" деген суроолордун жоопторун карай турган болсок, Кыргызстандын жарандыгын тандайм дегендер - 55,7%ы бул менин мекеним, келечекте Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө өз үлүшүмдү кошкум келет. Жаштардын, ал тургай орто жаштагы үй-бүлөлөрдүн арасында АКШ жарандыгын тандап алууну белгилегендердин 38,5% - "сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү" жана 35,8% - "калктын жашоо деңгээли жогору болгондугу үчүн" деген ойлорго токтолгон. Өзбекстандын жарандыгын алууну каалагандардын жогорку көрсөткүчү 20,0% - "турмуш-тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү" жана мен улутум боюнча өзбекмин, келечекте тарыхый мекениме кетсем деген оюм бар деп эсептешет. Түркия Республикасынын жарандыгын тандамакмын дегендердин 25,8% "калктын жашоо деңгээли жогору" жана 24,7% - "сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү" себебин белгилешет. Ал эми Россияга 29,2%ы – "турмуш тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү" жана 25,0% "калктын жашоо деңгээли жогору болгондугу үчүн". Казакстан Республикасын 21,8% "туугандары жашагандыгы" жана 18,2%ы

“тили, маданияты жактан жакын болгондугунан” деген. Ал эми башка өлкө дегендер - 24,6% калктын жашоо деңгээли жогору деп эсептешет. АКШ, Батыш, Чыгыш Европа жана кээ бир Азия өлкөлөрүндө дүйнөдөгү эң мыкты орто мектептер жана жогорку окуу жайлары бар. Кыргызстандын университеттеринин дипломдору чет өлкөлүк жумуш берүүчүгө эч нерседен кабар бербейт, керек болсо Россиянын университеттери дүйнөгө таанымал эмес. Андан тышкары келечекте балдардын ден - соолугу жана коопсуздугу балдардын бакубаттуулугун камсыздоонун, баалоонун негизинде жаш үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгүнун арасында миграциялык маанай өтө актуалдуу бойдон калууда. Балдардын бакубат жашоосу үчүн ден - соолуктун жана коопсуздуктун маанилүүлүгүнө таянуу менен бул көрсөткүчтөр үч компонент боюнча бааланган: жаңы төрөлгөн балдардын ден - соолугунун абалы; профилактикадан өткөн бир жаштан 2 жашка чейинки балдардын пайызы эмдөөлөр боюнча маалыматтар; балдардын жана өспүрүмдөрдүн кырсыктарынан же жаракаттарынан өлүмдүн деңгээли, бул көрсөткүчтөр боюнча биринчи беш орунду Скандинавия өлкөлөрү менен Голландия ээлейт экен. Эл аралык эмгек уюмунун акыркы маалыматтарына караганда, милиондогон жаштар жумушсуз, дагы көбү аз квалификациялуу же аз акы төлөнүүчү жумуштарда иштешет, мындай абал өнүккөн өлкөлөрдө да, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө коркунучтуу деңгээлге жетти. Маселен, Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан мамлекеттик программалар жумушсуздардын санынын төмөндөшүнө азырынча толук жооп бере албайт. Ошол эле учурда, эл аралык эмгек уюмунун эксперттеринин божомолуна ылайык, Кыргызстандагы жаштардын арасындагы жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүш үчүн өлкөдө миграциялык саясаттын концепциясынын негизинде иш алынып баруда. Өлкөнүн миграциялык саясаты эң артыкчылыктуу багыттардын бири болуп саналат жана мамлекеттик органдардын ишинин багыттарын түзөт. Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жана тышкы саясаттын бир бөлүгү - бул туура жүргүзүлгөн миграциялык саясат.

Бүгүнкү күндө жогорку билим алуу ийгиликке жетүү үчүн маанилүү капитал катары кабыл алынууда жана жаштар бул мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып жатышат. Жеке эле билим алуу үчүн эмес иштөө, өзүнүн профессионалдык карьерасын калыптандыруу үчүн жаштар көп учурда башка өлкөлөргө жашап иштөөнү каалашат. Билим алуу үчүн башка өлкөгө кетүү дайыма эле мекенине кайтуу менен байланышпайт. Билим алып, иштеп жаткандардын, башкача айтканда, иш берүүчүлөр үчүн маанилүү болгон компетенцияларга ээ болгондордун тобунда дээрлик ар бир үчүнчү жаш адам диплом алгандан кийин жашаган жерин алмаштырууну пландаштырат.

Таблица №3.1.1. **Эмне себептен ал өлкөнү тандамак элеңиз?**

| **Эгерде Сизде каалаган мамлекеттин жарандыгын тандап алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда кайсы өлкөнү тандап алат элеңиз?** | **Калктын жашоо деңгээли жогору** | **Сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү** | **Турмуш-тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү** | **Бул менин мекеним** | **Туугандарым жашайт** | **Тили, маданияты жактан жакын** | **Тынч, бейпил өлкө/ Спокойная, стабильная** | **Башка** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| АКШ | 35,8% | 38,5% | 12,2% | 2,0% | 1,4% | 2,0% | 2,0% | 6,1% | 100% |
| Өзбекстан | 17,5% | 12,5% | 20,0% | 15,0% | 7,5% | 10,0% | 10,0% | 7,5% | 100% |
| Түркия | 25,8% | 24,7% | 16,5% | 7,2% | 4,1% | 10,3% | 6,2% | 5,2% | 100% |
| Кыргызстан | 14,0% | 10,9% | 7,2% | 55,7% | 4,3% | 2,6% | 3,0% | 2,3% | 100% |
| Орусия Федерациясы | 25,0% | 19,4% | 29,2% | 4,2% | 1,4% | 11,1% | 4,2% | 5,6% | 100% |
| Казакстан | 12,7% | 10,9% | 14,5% | 14,5% | 21,8% | 18,2% | 5,5% | 1,8% | 100% |
| Башка өлкө | 24,6% | 21,2% | 20,3% | 4,2% | 2,5% | 4,2% | 13,6% | 9,3% | 100% |
| Жалпы | 20,5% | 18,2% | 12,9% | 29,4% | 4,5% | 5,2% | 4,9% | 4,4% | 100% |

Бүгүнкү күндө жогорку, сапаттуу билим алуу ийгиликке жетүү негизинен, манилүү капитал катары кабылданууда жана жаштар бул мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланууда. Ошол эле учурда, билим алуу үчүн башка регионго, мамлекетке баруу ар дайым эле үйгө кайтууну шарттабайт. Социологиялык иликтөөнүн жыйынтыктары тастыктап тургандай, башка өлкөнүн жарандыгын

тандап алууну каалагандар негизинен эле аталган өлкөлөрдүн билим, экономикалык, коопсуздук жактан Кыргызстандан бир топ жогору экендигин белгилешет. Мисалы “калктын жашоо деңгээли жогору, турмуш - тиричиликти оңдоо мүмкүнчүлүгү” – жооптору азыркы учурда коомдук жашоодо экономикалык кризистердин маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырат, тагыраак айтканда, жарандар экономикалык кризистерден чыгуунун жолу катары башка өлкөнүн жарандыгын алууну тандашат. Кээ бир сурамжылоого катышкан студенттер төмөндөгүдөй жооп беришет. Маселе, көйгөй университетте эмес, адамдын жетилүү өзүнүн даражасында. Анын өзүнүнүн жашоо стратегиясында, артыкчылыктарында жана максаттарга жетүү жолунда. Мисалы: мен аң-сезимдүү эле түрдө дарыгер болууну чечтим, IT, специалисти болгум келет, андыктан сөзсүз түрдө эле чет өлкөдө эмес, бизде дагы сапаттуу билим алса болот деп жооп бергендер кездешет. Азыр онлайн курстарды дүйнөнүн төрт бурчунан алса болот деген дагы жаштар аз эмес. Жеке мен үчүн баалуулуктардын арасында ден - соолук биринчи орунда турат.

Кыргыз Республикасынын миграциялык саясатынын негизинде, жарандардын башка өлкөлөрдө мыйзамдуу жана коопсуз жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгү жолдору иштелип чыгып, каралып келүүдө. Азыр бул маселе мамлекетте расмий түрдө жаш жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборлору тарабынан ишке ашырылууда. Биздин социологиялык иликтөөнүн жыйынтыктары тастыктап тургандай, башка өлкөнүн жарандыгын тандап алууну каалагандар негизинен эле аталган өлкөлөрдүн билим, коопсуздук жана экономикалык жактан Кыргызстандан бир топ жогору экендигин белгилешет. Эгерде мурда эмгек миграциянын географиясы чектелүү болсо, бүгүн кыргызстандык жаштардын мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк. Бул убакытка чейин биздин жарандар дүйнөнүн чектелген гана өлкөлөүндө мыйзамдуу түрдө иштей алышчу. Бирок акыркы жылдарда расмий ишке орношуу географиясы жыл сайын кеңейүүдө. Перс булуңундагы өлкөлөрдөн баштап, Улуу Британияга, Германияга, Японияга жана Венгрияга, Балтика өлкөлөрүнө, Польшада жумушка орношуу иштери кенири жүргүзүлүүдө. Министрлер кабинети Улуу

Британиядан жана башка өлкөлөрдөн кайтып келгенден кийин биздин жарандар өздөрүнүн бизнес демилгелерин баштоо үчүн капитал жана тажрыйба менен кайтып келишүүдө, алардын ишке болгон тажрыйбасы жогорулайт деп үмүт кылууда. Бул келечекте жалпы Кыргызстандын экономикасын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизет, алып карасак, чет жерде иштеп жүрүп тажрыйба топтоп, Кыргызстанга кайтып келгенден кийин өзүнүн бизнесин ачуу үчүн жаңы технологияларды алып келген биздин эмгек мигранттарынын бир нече мисалдары бар. Мисалы, биздин бир нече жаш иш мигранттарыбыз Кореяга барып, пластик терезе, эшик чыгарган заводдордо иштешкен – бул биринчи толкундагы эмгек миграттары болгон, натыйжада мекенге кайтып келип, эшик жана пластикалык терезелерди чыгарган завод ачышты, техниканы өздөрү менен кошо алып келишти. Дагы бир эле мисал: биздин эмгек мигранттарыбыз мекенине кайтып келип, мрамор устундарын жасап жатышат, ошентип, жаштар чет өлкөгө чыгып иш тажрыйбасын топтогону кыргызстандын экономикасынын негизги келечеги, жаштар арасында ишкердикти өнүктүрүүнүн негизги булактарынын бири болуп саналат.

Диаграмма №3.1.3. **Эмне себептен ал өлкөнү тандайт элеңиз?**




Санариптик технологиянын жайылышы жана анын натыйжасында алыстан, аралыктан иштөө жана окуу мүмкүнчүлүктөрү кээ бир учурларда

жаштардын алыскы өлкөлөргө көчүп кетүүсүнө тоскоол болгон фактор болушу мүмкүн, бирок бул көрүнүн, миграцияны түп тамырынан бери өзгөртө албайт.

Демек, орто билим деңгээлиндегилер башка өлкөнүн жарандыгын тандоо себеби, башка мамлекеттердин калкынын жашоо деңгээли жогору, ал эми биздин өлкөдө төмөн деген пикирди карманышат. Атайын орто жана жогорку билимдүүлөр биринчиден, өз өлкөбүздү тандайт, андан кийинки себеп сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү болгондугун белгилешет. Коом ар дайым динамикада болуп турган система. Ал эми лонгитюддук иликтөөнүн негизинде, тактап айтканда мектептеги жогорку класстын окуучуларынан баштап, студенттердин арасында интервалы катары акыркы 3 жылдагы болуп жаткан коомдук өзгөрүүлөргө жаш жарандардын жарандардын пикири кандай? Ушул негизде сурамжылоодо “Биздин өлкөдө акыркы үч жылда коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кандай баалайсыз?” суроосу берилген. Акыркы 3 жылдагы “социалдык өзгөрүүлөргө эки көрсоткүчтү карап көрсөк: 77,1%ы - “оң”, 20,4%ы – “терс”, 2,5%ы - “болгон жок” деп эсептешет. Маданий жаатtagы өзгөрүүлөр боюнча респонденттердин жообу: 59,1%ы – “оң”, 36,2%ы – “терс” жана 4,7%ы – “болгон жок” экендигин билдиришкен .

Диаграмма №3.1.4. **Кыргызстанда акыркы 3 жылда коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кандай баалайсыз?**




Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, жарандардын жооптору боюнча өлкөдөгү акыркы жылдарда болуп жаткан өзгөрүүлөргө

карата “терс” жана “болгон жок” деген пикирлерге салыштырмалуу “оң” пайыздык көрсөткүчтөр жогору. Улуттук статистикалык комитет 2024-жылдын июнь айында Кыргызстандын экономикасы 560 млрд сомго жеткенин (алдын ала баалоо боюнча), өсүш 8,1% түзгөнүн билдирди. “Кумтөр” ишканасын эсепке албаганда өсүш 9,9% ды түздү. Негизинен, биринчи жарым жылдыкта орчундуу өсүш курулуш тармагында байкалган, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу +48,5%. Дүң жана чекене соода 21% га, айыл чарба 3,3% га өстү. Бирок, ошол эле учурда өнөр жай продукциясынын көлөмү төмөндөп, июнь айында эле 1% га өскөн. Ички дүң өнүмдүн өсүшү өндүрүш, кызмат көрсөтүү жана товарлар тармагындагы салыктардын эсебинен болду. Мындай жакшы маанайдын эл арасында болушу төмөндөгүчө аныктасак болот. Ал эми 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча калктын жан башына ИДП (ички дүң продукциянын) саны - 1 969 АКШ долларына жетти, бюджеттин кирешеси кыйла өстү, көмүскө экономиканын үлүшү кескин төмөндөп жатат. Негизинен, фискалдык эрежелерди өз ордуна келитрүү, рационалдуу акча-кредит саясатын жүргүзүү жана экономикалык реформаларды күчөтүү аркылуу макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу азыркы күндүн талабы. Паракорлук жана мыйзамсыз каржылык агымдар менен күрөштү катуу жүрүүдө. Экономикалык өсүшкө күчөтүү максатында чакан жана орто ишкерликти колдоо механизми иштелип чыгат деп күтүлүүдө. Фискалдык системаны өркүндөтүүнү, бюджеттин ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылууну улантуу зарыл". “Камбар - Ата -1” жана “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун ири курушуну башталаар алдында турат. Жакын арада Кыргызстандын жана бүтүндөй Борбордук Азиянын энергетикалык мейкиндиги алдыга жылат, өзгөртөт. Өлкөдө салык мыйзамдары жөнөкөйлөштүрүлүп, ишкерлер үчүн жагымдуу шарттар түзүлө баштады. Жарандардын өлкөдө экономикалык, социалдык позитивдүү иштер кандайдыр бир деңгээлде прогресс болуп жатат деген пикирде экендигин тастыктайт. 2024 - жылы август айында Кыргызстанда президенттин катышуусунда Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгын белгилөөнүн алкагында бир убакта 40 өнөр жай жана

60 социалдык объектилер ачылды. Жаштардын ишкердиги өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн эң келечектүү багыттарынын бири болуп саналат, бул иш жүзүндө жалпы экономиканын потенциалы түзөт. Чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө жаштарды тартуунун маанилүүлүгү керектигин Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун, саясий партиялардын жетекчилери жана көп сандаган коомдук ишмерлер, эксперттер дайыма белгилеп келет. Алар өз сөзүндө жаштардын ишкердиги мамлекеттин социалдык-экономикалык саясатынын маанилүү артыкчылыктарынын бири экенин дайыма белгилешет. Жаш ишкерлерди колдоо үчүн шарттарды жана алардын ишмердүүлүгү үчүн зарыл кепилдиктерди түзүүгө көңүл буруу жаш адамдын өзүн-өзү ишке ашыруусуна өбөлгө түзөт. Статистикалык маалыматтарга анализ жүргүзсөк, жаңы эки тенденцияны байкоого болот, биринчиси, өз бизнесин ачууга умтулган жаштардын саны көбөйүүдө, экинчиси, биринчи жылы иштеп баштаган жаңы ишканалардын саны күндөн-күнгө жогору болушу – бул жакшы тенденция. Бирок алардын андан ары иштеп, өнүгүп кетиши үчүн, көбүнчө жаш ишкерлерди жумушка тартууну жана өнүктүрүүнүн учурдагы уюштуруучулук-экономикалык механизминин натыйжалуу иштешин мамлекет тарабынан көзөмөлдөө менен шартталган. Коомдо жаштардын ишкердигин өнүктүрүү, шыктандыруу жана жайылтуу керек, анын демилгелүүлүгү, ийкемдүүлүгү жана жаштардын тобокелчиликке баруу жөндөмдүүлүгү менен байланышкан өзгөчөлүктөрүн дайыма илимий изилдөө керек. 1). Жаштардын ишкердигин өнүктүрүүгө тоскоолдук негизги факторлорду белгилеп кетсек – көбүн эсе ишкерликти баштоо, каржылоо үчүн баштапкы капиталдын жана күрөөнүн жоктугу. 18 жаштан 35 жашка чейинки чейинки респонденттердин 42,8%, ишкерлик менен алектенген иштери, материалдык базасы, финансалык каражаттары жетишсиз болгон себебинен бизнесининин токтотулушуна алып келгенин белгилешет. Ал эми потенциалдуу 56,5 % ишкерликти пландаштырып жүргөн, ниети пландары бар жаштар, материалдык-финансалык жетишсиздиктен алдыга койгон бизнес-долбоорлору ишке ашпай келет. 2). Бизнести жүргүзүүдө билимдин, жөндөмдүн, тажрыйбанын жоктугу,

потенциалдуу ишкерлердин 54,2%, бизнеске барууга ниеттенип, бирок бизнес-пландар, тажрыйбанын, билимдин жоктугунан улам жаштар ишкердик кылуудан коркушат. Бүгүнкү күндө көптөгөн жаштар өз бизнесин ачууну, бизнес жүргүзүүнү ойлоп келишет, бирок ага батына албагандар көп, иш баштоону талдоонун, анализдөөнүн негизинде ишкердикти баштоодон мурда товарларды өндүрүүдөн жана сатуудан, кызматтарды көрсөтүүдөн, жумуштарды аткаруудан системалуу түрдө киреше алууга багытталган тобокелдүү экономикалык ишмердүүлүк катары мүнөздөөгө болот. Жаштар креативдүү ойчул, амбициялуу жана дүйнөнү өзгөртүүгө, тобокелчиликке барууга жана жөн эле пайда табууга даяр. Бул социалдык топ коомдун эң активдүү бөлүгү болгондуктан, ал жашоодогу ар кандай өзгөрүүлөргө тез реакция кылып, алардын оң жактарын эффективдүү кабыл алат.

Жаштардын арасында ишкердиктин калыптаныш феномени илимий коомчулук тарабынан жигердүү иликтенип келүүдө жана аны ишкерлердин жаш курагына байланыштуу өзгөчөлүктөргө карап мамиле кылуу керек деген туура аксиома. Маселен: А.В. Иванова, бизнесте жаңы баалуулуктарды түзүүгө багытталган динамикалык процесстин контекстинде жаштардын ишкердигин изилдеп, менеджменттин бул секторуна кирүү үчүн жаштардын жаш курагы 35 жашка чейин болушу керек экендигин көрсөтөт. Көптөгөн илимпоздор жаштардын өзгөчө сапаттарын белгилеп, жаш куракты 30 жашка чейин кыскартып, жаштардын бул тобу жаңычылдыкка,инновацияга өзүн эркин, оюн ишке ашырууга жана социалдык адаптацияга көбүрөөк ыктаарын баса белгилешет [148, 24-б.]. Ошондуктан, көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, жаштардын арасында ишкердикти өнүктүрүү жана жарандардын бул категориясын ишкердикке тартуу бүгүнкү күндүн маанилүү милдети болуп саналат. Белгилей кетсек, жаштардын ишкердиги экономикалык өнүгүүнүн кыймылдаткычы күчү болуп, чакан жана орто бизнес аркылуу мамлекеттик бюджетти толтурууга, ошондой эле инновациялык идеяларды ишке ашырууга мүмкүндүк болот. Кыргыз Республикасында жарандардын бакубаттыгын арттырууга багытталган 2026-жылга чейин мамлекетибизди өнүктүрүүнүн

улуттук программасы, 2040-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында, өлкөдөгү бизнес-чөйрөнү анализдөөдө төмөндөгүдөй тыянакка келген: “Чакан жана орто бизнеске карата жеңилдетилген салыктар, жеткиликтүү каржылоо жана жөнгө салуунун жагымдуу режими улуттук бизнести анча чоң эмес масштабда иштөөгө түртүүдө. Борбордук Азия чөлкөмүндөгү өлкөлөрдүн ар түрдүү көйгөйлөргө, анын ичинде сууну пайдалануу, энергетика, көзөмөлсүз миграция жана өзгөчө чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо маселелерине карата ар кандай көз караштары жана бирдиктүү мамиленин жоктугу өлкөнүн улуттук коопсуздугунун кызыкчылыктарына, экономиканын чөлкөмдө интеграция болушуна ар кандай коркунуч келтирүүдө, анын натыйжасында калк арасында көптөгөн жоготууларга алып келген ири чек ара жаңжалдары келип чыгууда. Акыркы маалыматтык коомдун күч алып өнүгүшүндө “мээнин агышы” “утечка мозгов” сыяктуу маселеге көбүрөөк көңүл бурулууда. Бул термин көбүнчө жогорку квалификациялуу жумушчу күчүнүн миграциясы деп түшүнүлөт.

Дүйнөдөгү “мээлердин” агымынын кеминде 2/3 бөлүгү Америкага таандык, АКШда адистердин арасында иммигранттардын үлүшү 57% түзөт дагы, анын ичинде инженерлердин жана компьютер адистеринин 40%, университеттерде жана колледждерде техникалык илимдер тармагында иштеген мугалимдеринин саны өтө эле көп. Бул өлкөдө бир “орточо” гуманитардык илимпоз тартуу үчүн 235 миң доллар, инженер 253 миң доллар, дарыгер 646 миң доллар пайда табышат. Натыйжада, бир гана билим берүү жана илимий иштерди жүргүзүүдө АКШ экономикасы 15 миллиард доллардан кем эмес пайда таап турат.

Азыркы жаштарда төмөндөгүдөй касиеттер бар - көпчүлүк жаштар кесиби боюнча иштебей, бирок ошол эле учурда жакшы киреше табууну каалашат. Мындай көрүнүш жаштардын эмгекке болгон стимулдары жок болгондуктан болуп жатат. Жаштардын көйгөйлөрү дайыма курч болуп келет, мамлекеттик жаштар уюмдары, эреже катары, кезектеги шайлоолор жакындаган учурда түзүлөт, шайлоо иштери өткөрүлгөндөн кийин жаштардын социалдык

көйгөйлөрүн тез эле унутуп коюшат. Рыноктук мамилелердин шартында жаштардын иш менен камсыз кылуу маселеси жаңы талаптарды алдыга коет. Коопсуз экономика, коопсуз ишкердикти уюштурууда чөлкөмдө биздин өлкөнүн экономикалык портретин карасак, төмөндө:

Таблица № 3.1.2. **Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү негизги экономкалык көрсөткүчтөр**

| Көрсөткүчтөр | **Ички дүң продукциянын** | **Орточо жашоо узактыгы** | **Адамдык өнүгүү индекси** | **Ымыркайлардын өлүмүнүн көрсөткүчү (өлгөндөр/1000** | **Жумушсуздуктун деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргызстан | 1944,0 | 70,2 | 111 | 29,27 | 2,1 |
| Казакстан | 8536,0 | 70,2 | 80 | 24,15 | 4,9 |
| Өзбекстан | 3086,1 | 73 | 109 | 21,92 | 5,5 |
| Түркменистан | 5326,1 | 69,7 | 97 | 42,34 | 3,9 |
| Тажикстан | 1314,0 | 67,6 | 122 | 38,51 | 2,1 |

Жаштардын көптөгөн катмары өз өлкөсүнө пайдалуу болууну каалашат, өзү жактырган иштери менен алектенүүнү, өз эмгеги үчүн татыктуу эмгек акы алууну каалашат, тилекке каршы, жеке эле кыргызстанда эмес, чөлкөмдөгү жаштардын көбү эмгек миграциясында. Ушул күндөрдө дагы таланттуу жаштардын көпчүлүгү социалдык - экономикалык ылайыктуу шарттарды издеп, өлкөдөн чыгып кетүүгө аргасыз болушат. Заманбап дүйнөнүн жаштары турмуштук мамилелердин туруксуздугу, өндүрүштүк стажы жана иш тажрыйбасынын жоктугу, демек, кесиптик статусунун салыштырмалуу төмөндүгү менен мүнөздөлөт. Эл аралык экономикалык мамилелердин геосаясаясий ретроспективасында Борбордук Азия биринчи кезекте, чийки сырье аймагы катары эсептелинет. Булар: мунай, газ, көмүр жана баалуу металлдар. Айта кетүүчү нерсе, бүгүн аймакта (чөлкөмдө) айыл чарба динамикалуу өнүгүп жатат. Демек, айыл чарба продукцияларынын экспорту

өсүүдө. Регионалдык (чөлкөмдүк) контекстте, жогорку экономикалык көрсөткүчтөр Казакстанга таандык. Аймактын территориясынын көпчүлүгү, экономикасы дагы башкача айтканда чөлкөмдүн территориясынын жарымынан көбү Казакстанга таандык. Андан кийин, экономикалык көрсөткүчтөрдүн кийинки өлкөсү Өзбекстанды белгилөө керек, анткени республика бүгүнкү күндө динамикалуу өнүгүп жатат. Дүйнөлүк экономикада Өзбекстан пахта өндүрүү экспорту боюнча үчүнчү орунду ээлейт. Өлкөдө баалуу металлдардын запастары бар, уран рудасын иштелип чыгууда, минералдык жер семирткичтер жана ошондой эле өндүрүштүн көп тармактары өнүгүүдө. Жогорку сапаттагы текстиль, механикалык инженерия, автомобиль өнөр жайы тез өнүгүүдө. Аймактын экономикалык көрсөткүчтөрүндөгү кийинки өлкө Түркмөнстан. Түркмөнстандын аймагында мунай, жаратылыш газы, йод, бром жана башка минералдарга бай. Жан башына ИДП $ 53,26,1 түзөт. Экономикалык көрсөткүчтөрдүн төртүнчүсү – Кыргызстандын экономикасынын болуп саналат дагы, өлкөнүн негизги тармактары айыл чарбасы, тоо-кен өнөр жайы, алтын казып алуу жана кызмат көрсөтүү сектору, акыркы жылдары туризм биздин экономиканыны негизин түзөт. Өлкөдө минералдар, мисалы, сымап, уран, вольфрамдын бар экендигин геологдор изилдеп чыгышкан. Жумуш орундарынын жетишсиздигинен, калктын кээ бир эмгекке жарамдуу жана репродуктивдүү катмарлары Россиядагы эмгек мигранттары, ошондой эле постсоветтик мейкиндиктин башка өлкөлөрүндө, ошондой эле чет өлкөдө иштешүүдө. Товарларды экспорттоо жагынан Кыргызстан дүйнө жүзүндө 95 орунду ээлейт (1,42 млрд), экспорттун жарымынан көбү (49%) алтынды, андан кийин башка баалуу металлдар (4,8%) жана кургатылган буурчак (3,9%), жана башка айыл чарба продукциялары болуп саналат. Акыркы орунда - Тажикстан, бул өлкө экономика жалпысынан айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө негизделген. Өлкө минералдык ресурстарга бай: таш көмүрү, алюминий, баалуу жана жарым баалуу металлдар жана таштарга бай. Тажикстан гидроресурстун бай запастары бар, ал аймактын бардык суу ресурстарынын 55% түзөт.

Эгерде интеллектуалдык миграция жөнүндө анализ жүргүзсөк, анда көпчүлүк учурда жаштар миграциясы жакшы билими бар жаштардын өз өлкөсүнөн сырткары чыгып, ошол жерде калууга аракет кылуусу менен байланыштуу. Эң оор абал дал ушул “акылдын агышы” менен, чет өлкөгө чыгуу процесси - бул жогорку квалификациялуу миграция. Эреже катары, жаш адамдар, билим алуу үчүн бакалавр, магистр, аспирант, стажер статусунда узак убакыт бою чет өлкөдө болуп, андан кийин алардын көпчүлүгү чет өлкөдө калып калат. Башкача айтканда, чынында, кыргыз жарандыгын алып, узак убакыт бою чет өлкөдө жашап атышат, документалдык мүнөздө убактылуу болгонуна карабастан, бул-туруктуу миграция, анткени алар отурукташууга мүмкүнчүлүк издешет. Бул көйгөйдөн Кыргызстандын региондору жабыркап келүүдө, анткени ал 18-35 жашка чейинки жаштардын саны жылдан жылга азайып баратат.

2023-жылдын февралында биз Кыргызстандагы жана Россиядагы студент жаштардын миграциялык маанай көйгөйлөрүн изилдөө боюнча салыштырмалык социологиялык сурамжылоо жүргүздүк. Социологиялык сурамжылоо онлайн режиминде “Студент жаштардын миграциялык маанайлары”, деген темада жүргүзүлдү. Биргелешкен социологиялык сурамжылоодо кыргыз тараптан 930 респондент 14-29 жаш аралыгындагы туш келди тандоо боюнча сурамжыланган, респонденттердин жаш курагы орточо жашы 20 жаш. Россияда сурамжылоого 750 студент 15 жаштан 29 жашка чейинки жаштардын өкүлдөрү катышты, сурамжылоого катышкандардын орточо жашы 19 жаш. Сурамжылоого катышкандардын эң чоң үлүшү 76,3% жогорку окуу жайларынын студенттери. Этникалык курамы боюнча Кыргыз респонденттеринин абсолюттук көпчүлүгүн кыргыздар түзөт - 95,2%, 3,1% - орустар, 1,5%-өзбектер, 0,2%-башка улуттар. Россиялык респонденттердин этникалык курамына тиешелүү (өзүн-өзү аныктоо боюнча суроолор жаралды), таң калыштуусу, бул суроо сурамжылоонун көптөгөн катышуучулары үчүн кыйынчылыктарды жаратты. 53,6% орустар, 10,4% башка элдердин өкүлдөрү (армяндар, башкырлар, калмактар, немистер, татарлар, түркмөндөр ж.б.), 24%

“славян”, “европалык” деп жооп беришкен, 12% болсо бул суроого жооп беришкен эмес, же сызык коюшкан, бул респонденттер өздөрүнүн этникалык таандыктыгын (иденттүүлүгүн) аныктай алышпайт дегенди түшүндүрөт. Анкетадагы эң маанилүү суроолордун бири - потенциалдуу жаш мигранттарды аныктоо жана аларды кайсы себептер миграцияга түрткү кылууда экендигин аныктоо.

Диний курамы боюнча сурамжыланган орус жаштарынын чоң үлүшү өздөрүн православдык конфессия деп эсептешет (66,9 %), 6% га жакыны атеисттик көз карашты карманышат, калгандары башка ишенимдерди тутушат. Кыргызстандык жаштарга келсек, сурамжылоого катышкандардын 94,3% өздөрүн ислам динине, 2% ы православ динине таандык деп эсептесе, 3,8% башка динди карманаарын белгилешкен.

Таблица № 3.1.3. **Сиз үчүн, өлкөдөн чыгып кетүү чечимине эмне себеп болушу мүмкүн?** (Кыргызстандык студенттер)

| № | Жооптордун варианттары: | Саны | % |
|---|---|---|---|
| 1 | Коопсуздук жана жакшы жашоо | 438 | 18,8 |
| 2 | Сапаттуу жана жеткиликтүү билим алуу | 285 | 12,2 |
| 3 | Стабилдүү экономика | 303 | 13,0 |
| 4 | Карьеранын кеңири мүмкүнчүлүктөрү | 471 | 20,2 |
| 5 | Жумушка алуунун адилеттүү шарттары | 237 | 10,2 |
| 6 | Өнүккөн жана жеткиликтүү медицина | 216 | 9,3 |
| 7 | Маданий баалуулуктар менен байланышуу мүмкүнчүлүгү | 150 | 6,4 |
| 8 | Жергиликтүү мен барган мамлекетте калктын сылыктыгы | 159 | 6,8 |
| 9 | Жооп берүү кыйын | 72 | 3,1 |

Сурамжылоого катышкандардын эки тобуна тең (Кыргызстандык, Россиялыктарга жаштарга) төмөнкүдөй суроо бердик: “Сиз үчүн, өлкөдөн чыгып кетүү чечимине эмне себеп болушу мүмкүн”? Жооптордун бир нече варианттарын белгилөө керек болчу. 3.1.3. - таблицада Россиялык

респонденттердин жооптору, 3.1.4. – таблицада Кыргызстандык репонденттерди жообу берилген.

Бул маселе боюнча россиялык респонденттерден 2331, кыргызстандыктардан 2201 жооп алынган. 1 жана 2-таблицадан сурамжылоого катышкан эки тайпада тең өлкөдөн чыгуу чечимине эки позиция таасир тийгизери көрүнүп турат.

Таблица № 3.1.4. **Сиз үчүн, өлкөдөн чыгып кетүү чечимине эмне себеп болушу мүмкүн?** (Россиялык студенттер)

| № | Жооптордун варианттары | Саны | % |
|---|---|---|---|
| **1** | Коопсуздук жана жакшы жашоо | 463 | 21 |
| **2** | Сапаттуу жана жеткиликтүү билим алуу | 346 | 17,1 |
| **3** | Стабилдүү экономика | 306 | 15,1 |
| **4** | Карьеранын кеңири мүмкүнчүлүктөрү | 395 | 19,5 |
| **5** | Жумушка алуунун адилеттүү шарттары | 228 | 11,2 |
| **6** | Өнүккөн жана жеткиликтүү медицина | 154 | 7,6 |
| **7** | Маданий баалуулуктар менен байланышуу мүмкүнчүлүгү | 147 | 7,2 |
| **8** | Жергиликтүү мен барган мамлекетте калктын сылыктыгы | 95 | 4,7 |
| **9** | Жооп берүү кыйын | 67 | 3,3 |

Биринчиси-бул башка өлкөлөрдө болгон кеңири карьералык мүмкүнчүлүктөр (20,2% орустарда жана 19,5% Кыргызстандыктарда, бул абдан өкүнүчтүү, анткени сурамжылоого катышкан жаштардын саны келечекте өз өлкөлөрүндө карьера куруу мүмкүнчүлүгүн көрүшпөйт. Экинчи позиция - коопсуздук жана жакшы жашоо (россиялык респонденттерде - 18,8%, кыргызстандыктарда - 21%). Балким, жаштар күнүмдүк жашоонун коопсуздугун биринчи кезекте туруктуу экономика жана саясий туруктуулук менен байланыштырышат, бул биздин мамлекеттердин чыныгы турмушунда байкалбайт. Кыргызстандык жаштардын үчүнчү позициясы - сапаттуу жана

жеткиликтүү билим (17,1%), ал эми орустар үчүн туруктуу экономика билим берүүнү төртүнчү орунга жылдырды. Постсоветтик Кыргызстанда жана Россияда жогорку мектепти реформалоо процессиндеги жаңылыктардын бири- билим берүүнү коммерциялаштыруу, бир жагынан, жогорку окуу жайларын бюджеттик каржылоонун кескин кыскарышы мамлекеттик эмес сектордун тез өнүгүшүнө жана эки өлкөнүн мамлекеттик университеттеринде акы төлөнүүчү орундардын көбөйүшүнө алып келди. Экинчи жагынан, Кыргызстанда да, Россияда да жогорку билим берүү системасы акыркы он жылдыктарда билим берүү кызматтарына туруктуу жогорку суроо-талапты канааттандыруу үчүн көптөгөн ашыкча адистерди даярдоо бул кыска убакыттын ичинде айрым багыттардын ашыкча өндүрүлүшүнө алып келди, ошол эле учурда экономиканын кайсы гана тармагы болбосун жогорку квалификациялуу адистер жетишпейт.

Бул социологиялык сурамжылоону өткөрүүгө даярдык көрүүдө биз мурунку ушул иликтөөгө окшош изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын изилдедик. ООНдун маалыматы боюнча дүйнөдөгү эл аралык эмгек мигранттарынын саны бир жылда чейин 169 миллион адамга жеткен. Жаштардын арасындагы миграциянын негизги мотиви жакшы билим алуу каалоосун, анткени мекенибизде билим берүү системасындагы абал жаштарды канааттандырбайт деп түшүнүшөт изилдөөгө катышкан жаштар. Мисалы, Кыргызстанда эмгек рыногу абдан начар, Россияда абал бир топ жакшы. Бирок мындай көрүнүш Россиянын жаштары да өз өлкөсүнөн чыгып кетип жатышат. Анткени жаштардын арасындагы өтө көп учураган миграция - бул бүткүл дүйнөлүк жаштарга тиешелүү көрүнүш. Дүйнөдө 15 жаштан 29 жашка чейинки адамдардын үчтөн биринен көбү эмиграция жөнүндө ойлонушат, башкача айтканда жалпы дүйнөлүк миграция тенденциясы жаштар арасында абдан популярдуу. Дүйнө жүзү боюнча орточо алганда, кыздар менен эркектердин 20% жакшы жашоо издеп чет өлкөгө кетүүнү каалашат. Бул тууралуу эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) жаштарды жумушка орноштуруу боюнча жаңы баяндамасында айтылат.

Кыргызстанда сурамжылоого катышкан, жаш респонденттеринин жоопторун карасак, биз негизинен өз анкетабызда респонденттерге социалдык көйгөйлөрдүн көбүрөөк варианттарын (16 позиция) сунуштадык. Белгиленген суроого жоопутун үч вариантын тандап алышты.

Таблица №3.1.5. **Бүгүнкү күндө кыргыз жаштарын биринчи кезекте кандай маселелер тынчсыздандырат деп ойлойсуз?**

| № | Жооптордун варианттары | Саны | % |
|---|---|---|---|
| 1 | Сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн аздыгы | 405 | 43,5 |
| 2 | Келечектеги кесипти тандоо үчүн кесиптик багыт берүү боюнча маалыматтын жетишсиздиги | 308 | 33,1 |
| 3 | Тажрыйбанын жоктугунан жумушка орношуу көйгөйлөрү | 348 | 37,4 |
| 4 | Карьералык өсүш үчүн чектелген шарттар | 200 | 21,5 |
| 5 | Эмгек миграциясы | 126 | 13,5 |
| 6 | Финансалык жетишсиздиктер | 303 | 32,6 |
| 7 | Туруктуу жашаган жердин (үйдүн) жоктугу | 104 | 11,2 |
| 8 | Начар медициналык тейлөө | 108 | 11,6 |
| 9 | Начар экология | 186 | 20 |
| 10 | Маданий эс алуу жана саякат мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишсиздиги | 68 | 7,3 |
| 11 | Өлкөдөгү саясий тирештин дайыма кур болуп турушу | 74 | 8 |
| 12 | Жаш муундарда патриоттук сезимдин жоктугу | 114 | 12,3 |
| 13 | Жалгыздык | 36 | 3,9 |
| 14 | Жашоо максаттарын ишке ашыруудагы кыйынчылыктар | 145 | 15,6 |
| 15 | Келечекке ишенимдин аздыгы | 206 | 22,2 |
| 16 | Жооп берүү кыйын | 39 | 4,2 |

Алынган жыйынтыктар жогорку № 3.1.5. таблицада келтирилген. Респонденттердин жооптору төмөнкүдөй маанайды көрсөттү: эгерде Кыргызстандын респонденттери өлкөнүн жаштарын түйшөлткөн басымдуу

көйгөй катары өздөрүнүн мекенинде жакшы, сапаттуу билим алуу мүмкүн эместигин белгилешсе (43,4%), анда россиялык жаштар биринчи орунга экономикалык көйгөйлөрдү - финансылык кыйынчылыктарды жана билим алгандан кийин ишке орношуудагы көйгөйлөрдү (37,3%) аныкташкан. Кыргызстанда сурамжылоого катышкан жаштардын жарымы чет өлкөдө билим алууну каалашат.

Эксперттер жаштар арасындагы жумушсуздуктун деңгээлинин өсүшү экономикалык өсүштүн басаңдашы менен көп байланыштуу деп эсептешет, айрыкча чийки затты экспорттоого багытталган өткөөл экономикадагы өлкөлөрдүн жаштары, “COVD-19” кесепеттеринен, ошондой эле вирус келечекте өзүн кандай алып жүрөрү боюнча белгисиздиктен улам эмгек рыногун калыбына келтирүү боюнча алгачкы, оптимисттик божомолдор өзүн актабаганын белгилейт. Чындыгында, эгемендүүлүк жылдарында өлкөдө дүйнөнүн мыкты университеттеринде сапаттуу билим алган жаштардын чоң тобу пайда болду. Алар Кыргызстанда да, бүткүл дүйнө боюнча да ийгиликтүү эмгектенип жатышат. Бул факт жаштарды чет өлкөдө жакшы жана сапаттуу билим алууга, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты, чет өлкөдө студенттик тажрыйбаларды уюштурууну, биргелешкен изилдөө долбоорлорун, студенттер жана окутуучулар үчүн алмашуу программаларын, студенттер үчүн атайын программаларды жигердүү өнүктүрүүгө түрткү берет.

Сурамжылоодон алынган маалыматтар бизди жогорку билим берүүнү интернационалдаштыруу келечеги күчөйт деген ойго түрттү. Ошондой эле кесиптик көндүмдөр түздөн-түз университетке гана эмес, студенттин өзүнүн аракетине да көз каранды экенин белгилей кетүү керек. Негизи, бүгүнкү күндө өлкөнүн көпчүлүк жогорку окуу жайлары студенттерге практика үчүн чет өлкөгөлөргө чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Бул үчүн биргелешкен жайкы мектептер уюштурулуп, жаштарга кесиптик билимдерин жана жөндөмдөрүн практика жүзүндө өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Россиялык жаштарга келсек-сурамжылоого катышкандардын 34% чет өлкөдө билим алуу каалоосун билдиришкен жана 28% бул жөнүндө ойлонушат. Кыргызстандын жаштары

үчүн мааниси боюнча экинчи көйгөй (сурамжылоого катышкандардын 37, 4%) – экономикалык, тажрыйбанын жоктугунан ишке орношууга байланыштуу. Бүгүнкү күндө өлкөдө жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу маселеси курч бойдон калууда. Биздин оюбузча, бул иш берүүчүлөр менен бүтүрүүчүлөрдүн өз ара аракеттенүү темасы терең талданбай жана системалаштырылбагандыгына байланыштуу. Кийинчерээк көптөгөн бүтүрүүчүлөр эмгек акынын аздыгынан, карьералык өсүү келечегинин жоктугунан адистиги боюнча иштегиси келбейт.

Сурамжылоого катышкан кыргыз жаштарынын 33,1% келечектеги кесипти тандоого маалыматтын жетишсиздиги таасир этерин белгилешти. Респонденттердин 32,6% каржылык кыйынчылыктарды тынчсыздандырган көйгөй катары белгилешкен. Кыргызстанда эмгекке жарамдуу калктын жарымынан көбү миграциясында жүрүшөт, бул көрүнүш Кыргызстандагы аз эмгек рыногуна байланыштуу экени талашсыз. Россияда болсо, өлкөдөгү жаштардын мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк, бирок респонденттер эмгек рыногунда түзүлгөн жана өлкөнүн азыркы социалдык-саясий абалына нааразы экендигин белгилешкен. Демек экономика өнүксө миграция өзгөчө жаштардын арасында азаят. Өзүнүн келечегине белгисиздикти кыргызстандык респонденттердин 22,2% жана россиялык респонденттердин 16,6% белгилешкен.

Сурамжылоого катышкандардын эки тобунда тең өлкөнүн келечегинин абройуна тынчсыздануу бар, бул түшүнүктүү көрүнүш, анткени эгемендүүлүк жылдарында биздин өлкөлөрдө жаңы коомдук карама-каршылыктардын тобу пайда болду. Көпчүлүк учурда жаштардын келечекке болгон өз алдынчалыгы бийликтин жогорку жактагы коррупциянын бийик деңгээлинен кооптонгодугун белгилешет, мыйзам иштебеген өлкөдө келечек болбойт. Бул, албетте, жаштар үчүн олуттуу психологиялык көйгөйгө айланууда, анткени бул көрүнүштөр “туура эмес” жана ар кандай тобокелдиктерге карай кыймыл катары кабыл алынат.

Салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүндө буга чейин бала кандай болсо да жогорку билим алышы керек деп эсептелген, азыр ата-энелер балдарын конкреттүү бир

кесип тандоосун каалашат. Ошол эле учурда, өзүнөн-өзү жогорку билим алуу социалдык топтордун бардык мүчөлөрүнүн адекваттуу социалдык позицияны ээлешине кепилдик бербейт. Бирок, бүгүнкү күндө абал өзгөрүүдө жана кыргыз үй-бүлөлөрүнүн көпчүлүгү балдарына эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон кесиптерге ээ болушун каалашат, ата-энелердин, балдардын кесип тандоо боюнча маданияты күндөн-күнгө өсүүдө. Азыркы күндө, кыргыз жаштары ата-энелеринин пикири менен макул болуп, жумушчу кесиптерге ээ болуп, бир кесиптин ээси болушууда. Карьералык өсүшкө келсек, жаш респонденттер эмгек чөйрөсүндөгү ийгилик, кесипкөйлүк жана карьералык ийгилик студенттик жылдарда окууга болгон мамиледен түздөн-түз көз каранды экенин түшүнүшөт. Жаштар үчүн эң маанилүүсү, практика көрсөткөндөй, жумуштун алгачкы жылдары: ийгиликтүү жумушка орношуу, тажрыйбаны өркүндөтүү, андан кийин өзүнүн мобилдүүлүгү. Дал ушул карьеранын башталышында жаш муун ар кандай көйгөйлөргө, карама-каршылыктарга көп туш болуп, акыры чечилгис болуп, кесиптик чөйрөдө өнүгүүгө мүмкүнчүлүк бербей турган учурларды жаштар көп учурда белгилешет. Заманбап шарттарда жаштар арасында сергек, толеранттуу жашоо образын жана башка позитивдүү баалуулуктарды жактоону калыптандырууга, үй-бүлө институтун бекемдөөгө, ата-эненин кадыр-баркын жогорулатууга, балалуу үй-бүлөлөрдү социалдык жактан колдоо чаралары, өлкөнүн миграциялык саясаты жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатууга багытталган иш-чараларды, кампанияларды жарандык коом институттарынын катышуусу менен өткөрүү керек.

Масштабдуу эмгек миграциясы ар кандай социалдык демографиялык топтордун жүрүм-турумун өзгөртүп, жашоонун жаңы стилин, жүрүм-турум үлгүлөрүн, нормаларын жана баалуулуктарын калыптандырат. Жалпысынан миграция жаштарга жардам берет, анткени чет өлкөгө чыгуу менен алар жаңы билимге ээ болуу мүмкүнчүлүгү жана көндүмдөрдү кабылдашат. Жаңы, актуалдуу билим алган жаштардын мекенге кайтып келүүсү, өлкөнүн потенциалдуу өнүгүшүнө жол берет, анткени жогорку квалификациялуу, билимдүү мигранттардын интеграциясы, биздин өлкөнүн ичинде пайда болот.

Эмгек мигранттары дагы чет өлкөдөн жаңы технологияларды үйрөнүп келишүүдө, алар адамдар менен мамиле түзүүдө дагы ийкемдүү болуп, коммуникациялык көндүмдөрдү кабылдап келишүүдө. Миграциялык чөйрөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр андан кийин бүтүндөй коомго жайылат. Эмгек миграциясы жумушсуздуктун деңгээлин, социалдык жөлөк пулдарга чыгымдарды кыскартууга, жумушсуздарды кайра окутууга, алар үчүн коомдук жардам берүү, алардын үй-бүлөлөрүнө жардам көрсөтүү жана башка чет өлкөлөрдө иштеп жүргөндө эмгек мигранттары өз квалификациясын жогорулатып, баалуу өндүрүштүк жана уюштуруучулук жөндөмдөргө ээ болушат. Бул жагдай Кыргызстан үчүн өзгөчө актуалдуу, анткени Кыргыз улутундагы калктын басымдуу бөлүгү жумушчулук квалификациялык деңгээли төмөн. Дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе, эмгек мигранттарынын акча которуулары чет өлкөлүк валютанын Кыргызстандагы олуттуу булагы болуп саналат. Алар калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга, республиканын төлөм балансын жакшыртууга, улуттук валюта - сомдун позициясын байкаларлык күчөтүүгө өбөлгө түзүп келүүдө. Эмгек мигранттарынын акча которууларынын көлөмү Кыргызстандын мамлекеттик бюджетинин киреше бөлүгү менен салыштырууга болот. Эмгек мигранттарынын республикага которуулары өлчөмү боюнча расмий донордук жардамдан да, чет өлкөлүк тикелей инвестициядан да жогору турат.

Корутунду жана сунуштар: Жүргүзүлгөн изилдөө көрсөткөндөй, жеке эле Кыргызстанда эмес Борбор Азия өлкөлөрүнүн жаштарынын массалык эмгек жана билим берүү, алуу үчүн миграциясы орто жана узак мөөнөттүү келечекте региондун (чөлкөмдүн) өлкөлөрүнүн демографиялык, социалдык, экономикалык, технологиялык өнүгүүсүнө таасир этүүчү маанилүү фактор болуп калат, алардын адамдык капиталынын сапаты терс жана кээ бир учурларда позитивдүү деп белгилөөгө болот: Жакынкы келечекте негизги кабыл алуучу өлкө Россия Федерациясы, Казахстан, Перс булуңундагы өлкөлөр, Турция, Корея, АКШ, Батыш, Чыгыш Европа өлкөлөрү болуп кала берет. Жаш курагы боюнча 25-29 жаштагы жаштар эң көп өлкөдөн чыгып кетүүдө, башкача

айтканда, жаштардын биз көрсөткөн бөлүгү кайтарылгыс миграция учуроодо. Ошондуктан өлкөдө статистикалык эсепке алуу системасы күчөтүлүшү керек. Чыгып жаткан адамдар гана каттоого алынат, мамлекет тарабынан каржыланган окууга бара жаткан жарандар эсепке алынууда. Бул жетисиз, анткени өзүнүн жеке акчасы, финансалык мумкунчүлугу менен кеткен мигранттардын эсеби жок, аларды толук каттабайт. Жеке каражаттарынын эсебинен билим берүү миграциясына кетип жаткан миграциялык эсепке алуу системасы иштелип чыга элек. Окуунун географиясы, окуган сабактары жана алган сабактары жөнүндө канча адам, кандай илимий даражага татыктуу болду, ыйгарылды так маалымат жок. Ушудай маалыматтардын бардыгы так, даана болуп жаштардын миграциялык процесстерин жөнгө салуу практикасы иштелип чыгышы керек.

### 3.2. Демократиялык баалуулуктардын жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышына тийгизген таасири

Бүгүнкү заманбап Кыргыз коомдун өнүгүүсүндөгү өзгөчө тенденциялар (багыттар) (ааламдашуу, маалыматташтыруу, “ачык коомдун” генезиси) негизинен эле мамлекет институтун олуттуу модернизациялоону, анын саясий-укуктук системасынын (жашоосунун) көбүрөөк ачыктыкка, ой-пикирлерге көп, бай болушун камсыз кылууну талап кылат. Азыркы жаштардын жашоо-турмушундагы өзөктүү социалдык өзгөрүүлөрдүн, ошондой эле олуттуу карама-каршылыктардын түпкү маңызын түшүнүү “баалуулуктар”, “баалуулуктар багыттары”, “алардын калыптануу механизмдери, факторлору” илимий түшүнүктөрдүн мазмунун теориялык жана практикалык талдоосуз мүмкүн эмес. Баалуулук деген эмне? Баалуулукту изилдөөгө болгон кызыгуу байыркы маданиятта, андан кийин орто кылымдарда жана азыркы мезгилде өзгөчө мааниге ээ болуп, “чынчылдык", “бакубатчылык”, “сулуулук”, “чындык”, “идея”, “аныктык”, “мыйзам”, жана башка түшүнүктөрдүн синоними катары колдонулуп келген. Жаштардын баалуулуктарын тарыхый-социологиялык иликтөөдө, салыштырууда, азыркы жаштар коомго караганда өзүнө көбүрөөк көңүл бурат, өзүмчүлдүк, ал керектөө коомуна мүнөздүү болгон баалуулуктар

жана жаш адам- бүгүнкү күндө өз муктаждыктарын канааттандыруу көндүмдөрүнө, адаттарына ээ. Белгилүү болгондой, баалуулуктар жаш муундарды тарбиялоо, ошондой эле адамдардын таанып-билүү процесстерине жана жүрүм-турумуна таасир этүүчү турмуштук тажрыйбалар аркылуу калыптанат эмеспи.

Ошентип, азыркы жаш адамдын турмушундагы “баалуулуктар”, “баалуулуктар багыты” улут жана бүтүндөй адамзат үчүн бириктирүүчү уютку, өзгөчө адат болуп саналат. Мисалы, жаштар либералдык баалуулуктарга оңой эле көнүшөт, мында коомдо жана экономикада ар кандай аракеттердин башталышы жана максаты инсандын кадыр-баркы, эркиндиги жана жоопкерчилиги болуп эсептелет. Азыркы социологиялык адабияттарда, маданий багыттарды пайдалануу менен, 73 улуттук маданияттын эмпирикалык материалдарынын маалыматтарын талдоонун негизинде өзгөчө эмпирикалык карта түзүлгөн, анда төмөнкү маданий багыттар: европалык, англисче сүйлөгөн, Латын Америкасы, Конфуцийдин таасири менен Түштүк Азия, Африка, жана Орто Чыгыш өлкөлөрү. XX кылымдын 80-жылдарынан бери дүйнөдө демократия, адам укуктары, мыйзамдын үстөмдүгү, бийликтин ачыктыгы анын элге болгон мамилеси, бийлик бутактарынын бөлүнүшү жана алардын ортосундагы тең салмактуулук сыяктуу идеяларын жайылтып жана өнүктүрүп келе жаткан ааламдашуу процесси жүрүп жатат. “Цивилизациялардын алмашуусу, (кагылуушусу) эмгегинде Сэмюэл Хантингтон, атап айтканда, Япония, Түркия, Түштүк Корея, Сингапур, Тайвань, Малайзия жана башка батыш эмес коомдор прогресске жетишүү үчүн жөн эле “модернизация” аркылуу эмес, башкача айтканда объектти (мамлекеттин) институттарын жаңыртуу, аны жаңы талаптарга жана нормаларга, техникалык шарттарга, сапат көрсөткүчтөрүнө шайкеш келтирүү, ааламдашуунун продуктусу катары “батышташтыруу” менен айкалыштыруу аркылуу келди [294, 143-б.]. Бул экономика, саясат, билим берүү жана маданият жаатында батыш европалык же англо-америкалык жашоо образын карызга алуу, батыш баалуулуктарын жайылтуу дегенди билдирет. Эгерде биз жаштардын демократияны, укуктук

мамлекеттин маңызын кандай түшүнөөрүн карасак, жаш муундун оюу боюнча бүгүнкү күндө коомдо мыйзамдуулук орногондо гана, жарандар мыйзамдын үстөмдүгүн таануу, баш ийүү орногондо бакубатчылык, жаштар менен улуу муундун ортосунда бири-бирин толук түшүнүү жараларын белгилешет. Төмөндө №3.2.1. сүрөттө (диаграммада) көрсөтүлгөндөй, азыркы учурда биз, укуктуу мамлекетти куруп жатабыз, бирок ошол эле учурда мыйзамдуулукту сыйлабагандардын саны өтө эле жогору.

Диаграмма № 3.2.1. **Сиздин оюңуз боюнча, эмне себептен жаштардын арасында мыйзам бузуулар көбүрөөк кездешүүдө?**




Биз белгилегендей салттуу үй-бүлө институтунун абройю өтө эле ылдыйлап калды, анткени сурамжылоого катышкан жаштардын 18,8% үй-бүлөдө тарбия жок деген тыянакка келишкен. Кандай гана коом болбосун дүйнөлүк социалдык өзгөрүүлөрдүн абалында турат, кыймылдаткыч күч технологиялык өнүгүүгө байланыштуу ишке ашырылып жаткан инновациялык технологиялар жана институтционалдык өзгөрүүлөр тез болуп жатат. Ал эми болуп жаткан өзгөрүүлөр дүйнөлүк экономиканын циклдик өнүгүүсүнүн негизги тенденцияларын жана анын инновациялык компонентин чагылдырат. Ильиных С. А. белгилегендей: инновацияларды демилгелөө, иштеп чыгуу, киргизүү жана баалоо процесстерине, инсандын, уюмдардын, коомдук турмуштун бүтүндөй чөйрөлөрүнө коомчулуктун катышуусу менен байланышкан көйгөйлөр өзгөчө

актуалдуулукка ээ болот [156, 86-б.]. Инновациялык инсанды өзгөчө социалдык тип катары калыптандыруу, инновацияларды ийгиликтүү иштеп чыгуу жана киргизүү гана эмес, күнүмдүк турмуштагы жаңылыктарга оңой ыңгайлашуу, социалдык өзгөрүүлөргө ийкемдүү мамиле кылуу маселеси барган сайын актуалдуу болуп баратат. Баарынан мурда, инновациялык коомдо инновациялык инсандык типтин пайда болушу жогорку интеллект жана инсандын тездик менен өзгөрүп жаткан социалдык чөйрөгө тез жана оңой көнүү жана таасир этүү жөндөмүнүн аркасында мүмкүн болот [156, 88-б.]. Жаш инсандын бул жөндөмдүүлүгү биологиялык гана эмес, башкача айтканда тубаса, ошондой эле социалдашуу процессинде көбүрөөк калыптанат. Биздин изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоо менен, билим берүү Кыргызстандагы жаштарынын баалуулуктар структурасында маанилүү орунду ээлейт экендигине дагы бир жолу ынандык, сапаттуу билим алуу аркылуу жашоодогу чоң максаттарына жетүү куралы катары кабылданат - эмгек рыногунда өз ордун табуу, карьера куруу, жыргалчылыкка жетишүү деген сыяктуу.

Дүйнөлүк салттык демократиялык саясий режим бул стратегиялык милдетти чечүүгө көбүрөөк көмөктөшкөн, ошол эле учурда демократия бир катар терең карама-каршылыктар, системалуу көйгөйлөр менен да мүнөздөлөт, алар кылымдар бою өзүнүн натыйжалуу чечилишин таба элек. Жыйырманчы кылымдын экинчи жарымында башталган коомду демократиялаштыруу процесстери жашоонун түп-тамырынан бери өзгөрүшүн, негизги структуралык институционалдык элементтерге олуттуу таасирин тийгизди. Бүгүнкү күндө жаштар туура эмес маалыматтын жайылышы, популизмдин гүлдөп өсүшүнө жана климаттык кризис коркунучу сыяктуу бир катар татаал чакырыктарга туш болууда. Дүйнө жүзүндөгү демократиялык коомдор чыр-чатактар, климаттын өзгөрүшү жана экономикалык туруксуздук, ар кандай чыр-чатактар коркунучуна туш болууда. Жаштар экологиялык коркунучтарга терең тынчсызданышууда. Эл аралык демократия күнү дүйнө жүзү боюнча демократиялык баалуулуктарды бекемдөөнүн маанилүүлүгүн эскертип,

демократиянын идеалдарына ылайык келген келечекти түзүүдө ар бир жарандын жигердүү катышуусун колдоо зарылдыгын баса белгилейт.

Диаграмма №3.2.2. **Кыргызстан 5 жылдан кийин........**




Өлкөнүн экономикасынын азыркы убакта өсүү темпи глобалдык шарттарга карабастан жогорулоодо. Эл аралык каржы институттарынын маалыматы боюнча, Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан реформалар өзүнүн оң жемишин берүүдө. Коомдогу адамдардын ишенимдин табиятын изилдөө илимий жана практикалык зор кызыгууну жарат. Экономикада ишеним чоң роль ойнойт, ансыз инвестиция болбойт, ишеним экономикалык көз караштан алганда өтө маанилүү фактор экени айдан ачык жана аны толугу менен негизги экономикалык, социалдык категория катары кароого болот. Кыргыз коомундагы улуу муундун өкүлдөрүнүн жашоо, нарктык багыттары толук калыптанган жана алар, эреже катары, совет доорунда калыптанган идеологиялык мамилелердин таасиринде болгон катмар. Жаштардын социалдык чындыктын ар кандай көрүнүштөрүнө байланышкан турмуштук идеялары, тескерисинче, активдүү калыптануу фазасында. Кыргызстандагы жаштардын баалуулуктар системасын жана маданий багыттарын калыптандыруу динамикасын изилдөө жана кайрылуу, өзгөчөлүгү фактологиялык материалдарды талдоонун негизинде жаштардын баалуулуктарынын приоритеттеринин (артыкчылыктарын) мазмунун, ошондой эле аларга таасир этүү ыкмаларын изилдөө жана жаш муун өз жашоосунда туш болгон турмуштук

оор кырдаалдарды чечүүгө көмөктөшүү менен шартталган. Кыргызстандагы жаштардын баалуулуктар системасын жана маданий багыттарын калыптандыруу динамикасын изилдөө жана кайрылуу, өзгөчөлүгү фактологиялык материалдарды талдоонун негизинде жаштардын баалуулуктарынын приоритеттеринин (артыкчылыктарын) мазмунун, ошондой эле аларга таасир этүү ыкмаларын изилдөө жана жаш муун өз жашоосунда туш болгон турмуштук оор кырдаалдарды чечүүгө көмөктөшүү менен шартталган.

Таблица № 3.2.1. **Сиз үчүн эң маанилүү болгон жашоо максаттарын жана мамилелерин тандаңыз** (бир нече жооп тандоосу, 3кө чейин):

| № | Жооптордун варианттары (3кө чейин): | Саны | % |
|---|---|---|---|
| | Жакшы үй-бүлө куруп, балалуу болууну каалайм | 316 | 41,6 |
| | Заманбап талаптарга жооп берген билим алуу жана өз өлкөмүн өнүгүшү үчүн пайда алып келүү | 358 | 47,1 |
| | Жогорку маяналуу жана кызыктуу жумушка орношууну | 244 | 32,1 |
| | Өзүмдүн жеке менчик үйүм болсо | 140 | 18,4 |
| | Өзүмдүн бизнесимди ачсам | 271 | 35,7 |
| | Молчулукта жашап, өз каалоолорумду ишке ашырсам | 279 | 36,7 |
| | Башка адамдарга жакшылык кылуу | 157 | 20,7 |
| | Жалпыга таанылуу, атактуу болуу | 39 | 5,1 |
| | Бийликке жетүү, башка адамдарды жетектөө мүмкүнчүлүгү | 46 | 6,1 |
| | Коомдо жогорку кызматты ээлөө | 76 | 10,0 |
| | Өзүң менен гармонияда жашоо | 184 | 24,2 |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй жаштардын жашоодогу максаттарынын ирерархиясын карап көрсөк, респонденттердин жооптору төмөнкүдөй түрдө бөлүштүрүлгөн: сурамжылоого катышкандардын - 47,1% заманбап талаптарга жооп берген билим алууга жана өлкөбүздүн өнүгүшү үчүн пайда алып келүүгө даяр. Учурда коом тынымсыз өзгөрүүлөргө учуроодо жана барган сайын инновациялык, билим, чоң маалыматтар, инновацияларды

үзгүлтүксүз түзүү жана керектөө коомунун өзөгү катары мүнөздөлөт. Жогорку маяналуу жана кызыктуу жумушка орношууну-32,1%; Өзүмдүн бизнесимди ачсам - 35,7%; Башка адамдарга жакшылык кылуу - 20,7%. Ушуга байланыштуу муундардын баалуулук чөйрөсүндө белгилүү айырмачылыктар байкалат. Жаш муундар арасындагы жүргүзүлгөн иликтөөлөр кызыктуу жана маанилүү, анткени жаштар өздөрүнүн учурдагы абалын жана болгон мүмкүнчүлүктөрүн абсолюттук табигый абал катары кабыл алышат, ал эми алардын ата-энелери үчүн кадимкидей көрүнгөн нерселердин көбү жаш кезинде таптакыр мүмкүн эмес болгон.

Белгилүү болгондой, учурда дүйнө жүзүндө глобалдык маалыматтык коомдун калыптанышы жүрүп жатат жана бул процесске барган сайын бүт дүйнө мамлекеттери катышууда. Ошону менен бирге Кыргызстан жогорку деңгээлдеги узак мөөнөттүү өнүгүү стратегиясына таянып, маалыматтык системаларды өнүктүрүүдө жана калктын илимий жана интеллектуалдык потенциалы жогору өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кошулуу максаттарын ишке ашырууда. Коомчулуктун аң-сезиминин деңгээлин жогорулатуу жана маалыматтык технологияларды өнүктүрүү жаштардан терең билимге жана жаңы жөндөмдүүлүктөргө ээ болууну, өзгөрүүлөргө ыңгайлашууну кепилдеген жана коомдо өзүнүн татыктуу ордун ээлөөсүнө мүмкүндүк берүүчү кеңири дүйнө тааным жана конкреттүү ой жүгүртүүнү талап кылат. Жаштардын арасындагы “Сиз өлкөнүн жараны катары эмне менен сыймыктанасыз”? Ар бир улуттун анын коомдук бүтүндүгүн, өнүгүүсүнүн өзөгүн түзгөн ой-максат, идеяларын жаран катары ошол коомго тиешелүүлүгүн чагылдырган социалдык сыймыктануу феномени бар. Коомдо жарандар өлкөнүн жараны катары эмне менен сыймыктанат? Бир катар өлкөлөрдө маалыматташтыруу процесстеринин тездеши адамдын өзүнүн, өзгөчө жаштардын маалыматтын чоң көлөмүн алуу, иштеп чыгуу, өздөштүрүү жана пайдалануу каражаттарын жана ыкмаларын натыйжалуу пайдаланууга толук даяр эместигин көрсөтүп турат. Жаштардын интернетке кызыгып жатканын билген чабуулчулар муну абдан чеберчилик менен колдонушат. Бүгүнкү күндө мындай аракеттердин чыныгы маңызын,

алардын терс узак мөөнөттүү кесепеттерин түшүнүү жана мындай коркунучтардын алдын алуу биринчи кезекте жаштар үчүн өзгөчө мааниге ээ. Азыркы ааламдашкан дүйнөдө жаштардын аң-сезимине терс таасирин тийгизген элементтер пайда болуп жатканына кайдыгер карай албайбыз. Ар кандай идеологиялык коркунучтар, маалыматтык чабуулдар өсүп келе жаткан муундун аң-сезимине олуттуу зыян келтириши мүмкүн. Эми бул агрессивдүү коркунучтардан жаш муундарды коргоого көңүл буруу негизги максаттардын бири.

Диаграмма № 3.2.3.

**Сиз өлкөнүн жараны катары эмне менен сыймыктанасыз”?**




Заманбап дүйнө жаштары социалдык - экономикалык, маданий процесстерди өзгөртүүгө, калыптандырууга активдүү катышууда, бул процесс Кыргызстан жаштарына дагы тиешелүү. Кыргызстандын жаштарынын социалдашуусуна, коомго активдүү аралашуусуна ар кандай социалдык

институттар оң жана терс таасирин тийгизүүдө. Өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр жаңы муундагы жаштар үчүн коомдогу алардын ордун калыптандыруудагы кыйынчылыктар менен сезилип турат. Активдүү жаштардын социалдашуусуна таасир этүүчү көйгөйлөрдүн бири бул бирдиктүү билим берүү идеологиясынын жоктугу. Мамлекет, коом, үй-бүлө тарабынан жаштарды тарбиялоодо бирдиктүү стратегиянын жоктугу маселеси өзгөчө актуалдуу бойдон калууда.

Бул социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, 88,4% биринчи кезекте мамлекетибиздин – эгемендүүлүгү менен, ал эми 85,2%ы – байыркы тарыхыбыз, каада-салт, нарк, маданиятыбыз менен сыймыктанат. Бул сыймыктануу перспективалары жарандарыбыздын улуттук иденттүүлүгү жана аны чагылдырган мекенчилдик сезимдери алдыңкы орунда тургандыгын көрсөтөт. 80,4%ы - кооз жаратылышыбыз, 79,1% - элге эмгеги сиңген инсандар менен, 77,3% - мамлекетибиздин символдору менен (герб, гимн, туу), 76,8%ы – элдин ынтымагы менен, 76,1%ы – диний баалуулуктардын коомдогу ордун белгилешкен.

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн кээ бир күчтүү мамлекеттери өздөрүнүн улуттук кызыкчылыктарын көздөп, ааламдашуу процессине үстөмдүк кылууга аракет кылууда. Буга байланыштуу студенттердин жана жаштардын маалыматтык керектөө маданиятын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Мамлекет башчысы С. Жапаров социалдык, руханий жана билим берүү тармагында өзгөчө системанын негизинде ишти жолго коюу боюнча маанилүү демилгелерин көтөрүп келет: - маданияттын ар тармагына, жаштардын музыкага, живописке, адабиятка, театрга жана искусствонун башка түрлөрүнө кызыгуусун арттыруу, таланттарды өнүктүрүү; - жаштардын физикалык өнүгүүсү, алардын жөндөмдүүлүктөрүнүн спорттук чөйрөдө көрүнүшү үчүн зарыл шарттарды түзүү; - жаштар арасында компьютердик технологияларды жана Интернетти натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу; - жаштардын руханий-нравалык жактан тарбиялоодо системалык иштерди жүргүзүү, китеп окууну кеңири жайылтуу. XX кылымдын экинчи жарымы - бул адамдын жашоосунун жана ишинин

дээрлик бардык чөйрөсүнө кирген маалыматтык системалардын жана телекоммуникациялык технологиялардын өнүгүү мезгили, ошондой эле маалымат мейкиндигинин ааламдашуу доору. Кыргыз Республикасында “Санарип аймак” негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин автоматташтыруу жана маалыматтык коомду түзүүнүн техникалык жана технологиялык базасын иштеп чыгуу; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жеке жана юридикалык жактардын натыйжалуу жана туруктуу өз ара аракеттенүүсү, анын ичинде сапаттуу кызматтарды, ошондой жана зарыл болгон маалыматтарды тоскоолдуксуз жана өз убагында алуу үчүн; коррупциялык факторлорду четтетүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында ачыктыкты камсыз кылуу; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймагындагы калкты жана үй чарбаларын талаптагыдай эсепке алуу; шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү мезгилинде шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүүдө маалыматтарды чогултууну жөнөкөйлөштүрүү. Биринчиден, бүгүнкү күндө биз илим менен техниканын, заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жаңы бийиктиктерине күбө болуудабыз, алар ар кайсы мамлекеттердин ортосундагы чек араларды ачып, кызматташтыкты жана интеграцияны өнүктүрүүгө чоң салым кошуп жатат. Бирок мындай жетишкендиктер ошол эле учурда чоң каржылык мүмкүнчүлүктөрү бар айрым саясий күчтөрдүн долбоорлорун ишке ашыруу үчүн идеологиялык курал катары колдонулуп жатканын унутпашыбыз керек. - ар бир адамдын маалыматты эркин алууга жана жайылтууга конституциялык укугун ишке ашыруу, маалыматтык ресурстарга эркин жетүүнү камсыз кылуу; - мамлекеттик органдардын маалыматтык системаларынын, тармактык жана аймактык маалымат системаларынын, ошондой эле юридикалык жана жеке жактардын маалыматтык системаларынын базасында Кыргыз Республикасынын бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүү, бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп саналат. Мамлекеттик маалыматтык ресурстарды түзүү, маалыматтык системаларды түзүү жана өнүктүрүү, алардын

шайкештигин жана өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу; а) заманбап маалыматтык технологиялар каражаттарын өндүрүүнү уюштуруу; б) маалыматтык технологияларды өнүктүрүү; в) программалык продуктыларды өндүрүүнү өнүктүрүүнү стимулдаштыруу; г) ишкердикти колдоо жана стимулдаштыруу, инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү шарт. Өзгөчө ачык маалыматтык системанын шарттарында инсандын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык, психологиялык коопсуздугуна байланышкан маселелерди чечүүнүн мааниси жогорулайт.

Негизинен жаштар, өзүлөрүнүн психофизиологиялык өзгөчөлүгү боюнча басма сөздө, телевидениеде, радиодо, социалдык тармактарда айтылгандарга, көргөн нерселерине чын ыкластан, ишенимдүү карап турат. Сырттан бизге каршы иштеген маалымат-аналитикалык борборлор да ушундан пайдаланып калууга аракет кылып жатышат.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшүнүн натыйжасында дүйнөдө бүткүл адамзаттын, анын ичинде кыргыз элинин руханиятына терс таасирин тийгизе турган түрдүү идеологиялык коркунучтар пайда болду. Ааламдашуу жакшы жактары менен катар бир катар олуттуу көйгөйлөрдүн жана коркунучтардын да пайда болушуна шарт түздү. Алардын келип чыгышына жана аларды жеңүү жолдоруна жараша глобалдык көйгөйлөр үч топко бөлүнөт: Биринчи топ - бул адамдар уюшкан коомдун табияты менен байланыштырган көйгөйлөр, башкача айтканда, региондогу өлкөлөрдүн ар түрдүү кызыкчылыктарынын комплекси менен (мисалы, Чыгыш-Батыш, Түштүк-Түндүк, өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көйгөйлөрү) башкача айтканда, эл аралык социалдык, экономикалык, саясий, маданий процесстерде жана мамилелерде конфликттерди пайда кылгандар. Экинчи топко адамдын жана ал таандык болгон коомдун системасында пайда болгон мамилелерди мүнөздөгөн көйгөйлөр кирет. Үчүнчүсү “коом – жаратылыш” системасынын ичиндеги мамилелерден келип чыккан көйгөйлөрдү камтыйт. Ааламдашуу шартында коопсуздук сапаттык жактан өзгөрүүдө. Күрөштүн фронту бардык жерде болгондуктан, жөн гана коргонуу жетишсиз. Маалымат ар

кандай коргоочу тоскоолдуктардан оңой өтүп, коомдук аң-сезимге сиңет. Ошентип, “маалымат коопсуздугу” – бул адамга, жаранга, мамлекетке кызмат кылган маалымат мейкиндигин коргоо. Муну туура жана толук түшүнүү үчүн “маалымат мейкиндиги” деген эмне экенин андап билишибиз керек. Бир нерсе жөнүндө алынган маалымат толук же кыска, калыс же бир тараптуу, оң же терс, кызыктуу же кызыксыз, актуалдуу же эскирген, пайдалуу же пайдасыз дегендей айтсак болот. Ал эми чыныгы маалыматты жалган маалыматтан ажырата билүү терең билимди жана тажрыйбаны талап кылат. Айрыкча белгилей кетүүчү нерсе, акыркы убакта Кыргызстандын улуттук коопсуздугуна шек келтирген коркунучтардын алкагында маалыматтык коркунучтардын тобокелдиктери көбүрөөк байкала баштады. Бул коркунучтар акыркы жылдарда так, даана байкала баштады. Кыргызстанда маалыматтык коопсуздук ички жана тышкы деп бөлсөк болот. Ички коопсуздук жеке, коомдук жана мамлекеттик коопсуздук болуп бөлүнөт. Маалыматтык коопсуздуктун көптөгөн тармактары бар: саясий, экономикалык, маданий, экологиялык, укуктук, техникалык, социалдык жана башка көптөгөн жашоонун тармактарын өзүнө камтыйт. Кыргызстандын тышкы маалыматтык коопсуздугу глобалдык, континенталдык жана аймактык коопсуздуктан турат. Буга саясий, экономикалык, маалыматтык жана башка тышкы структуралардын биздин өлкөгө тийгизген таасири кирет. Кыргыз Республикасынын тышкы байланыштар жаатындагы маалыматтык саясаты эки негизги бөлүктөн турууга тийиш: биринчиден, анын тышкы саясатын маалыматтык камсыздоо; экинчиден, маалыматтык коопсуздук жаатындагы эл аралык кызматташтык. Өз кезегинде маалыматтык чабуул – бул жаш адамга, уюмга, мамлекетке багытталган таасир, анын негизги максаты – жаш муундардын, уюмдун жана мамлекеттин нормалдуу жашоо образын бузууга көмөктөшүүчү саясий жана социалдык топторду түзүү. Негизи бул социалдык-психологиялык көрүнүш. Адистердин айтымында, 21-кылымда, бир катар өлкөлөр жана уюмдар мындай маалыматтык чабуулдарды жасап, башка мамлекеттердин коопсуздугуна коркунуч жаратып, мыйзамсыз операцияларды (жүрүштөрдү) жасашат, мисалы, ишмердүүлүгү маалыматтык жана

маалыматтык мүнөздөгү ар кандай уюмдарды каржылоо үчүн бир өлкөдөн экинчи өлкөгө ири суммадагы акча каражаттарын которуу, коомго психологиялык таасир этүү, башкача айтканда маалыматтык-психологиялык согушту жүргүзүү.

Өсүп келе жаткан жаш муундун аң-сезиминде идеологиялык боштукка жол бербөө, дүйнөдө болуп жаткан саясий, экономикалык жана маданий процесстердин маңызын жана түпкү себебин терең түшүнүү, жаштарды болуп жаткан окуялар тууралуу ишенимдүү маалыматка туура тарбиялоо зарыл. Эң башкысы, дүйнө таанымына жана жарандык позициясына ылайык жайгаштыруу. Жогоруда айтылгандардын негизинде Кыргызстанда өсүп келе жаткан жаш муундарды патриоттук духта, жигердүү турмуштук позицияда жана билимге умтулуу менен тарбиялоо боюнча кеңири иш-чаралар дайыма жургүзүлүшү шарт.

Ааламдашуу - бул дүйнө жүзү боюнча экономикалардын жана коомдордун интеграциясынын күчөшү менен тез жүрүп жаткан дүйнөлүк процесс. Ааламдашуу бүгүнкү күндөгү адамзаттын тарыхындагы сөзсүз түрдө болгон көрүнүш, ал дүйнө товарлардын жана продукциялардын, маалыматтын, билимдин жана маданий баалуулуктардын алмашуусунун натыйжасында бири-бири менен тыгыз байланышта болуп жаткандыгынан турат. Ааламдашууну токтотуу мүмкүн эмес, ал мамлекеттердин, коомдордун жана жеке адамдардын пайдасына же зыянына гана колдонулушу мүмкүн. Андыктан маалыматтык технологияларды эффективдүү жана пайдалуу колдонуунун жолдорун ойлонуу зарыл. Учурда маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу – бул компьютердик тармактардын жана инфраструктуранын коопсуздугун камсыз кылуу гана эмес, бирдиктүү маалымат мейкиндигин коргоо. Учурда маалыматтык согуштун шартында болуп жаткан саясий процесстердин маанисин жана түпкү себебин терең түшүнүү, айланада болуп жаткан окуялар тууралуу так маалымат алуу, шаар тургундарына жана биринчи кезекте жаштарга ар кандай маалыматтык чабуулдун негизи кандай экенин өз убагында түшүндүрүү зарыл.

Таблица №3.2.2. **Илимий китепкананын бүгүнкү күндүн талабына жооп бере алабы?**

| Илимий китепкананын жалпы абалы | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Сиз кайсы бөлүмдө окуйсуз? | таптакыр канааттандырбайт | канааттандырбайт | орто | канааттандырат | толук канааттанды-рат | Жалпы |
| Бакалавриат | 1 | 2 | 7 | 12 | 2 | 24 |
| | 4.2% | 8.3% | 29.2% | 50.0% | 8.3% | 100.0% |
| Адистик/спец иалитет | 3 | 11 | 68 | 84 | 39 | 205 |
| | 1.5% | 5.4% | 33.2% | 41.0% | 19.0% | 100.0% |
| Магиструра | 6 | 9 | 90 | 98 | 41 | 244 |
| | 2.5% | 3.7% | 36.9% | 40.2% | 16.8% | 100.0% |
| Ph.D | 1 | 2 | 5 | 3 | 3 | 14 |
| | 7.1% | 14.3% | 35.7% | 21.4% | 21.4% | 100.0% |

Жогоруда № 3.2.2. таблицада көргөзүлгөндөй, магистранттар 35,7% орто канагаттануу менен китепкананын ишин баалаган, бул деген сөз өтө төмөнкү көрсөткүч. Маалымат алуу жана таратуунун укуктук механизмин жана маалыматтык-коммуникациялык чөйрөнү түзүү жана жөнгө салуу максатында биздин өлкөдө ондогон мыйзам актылары, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, ондогон токтомдор, кабыл алынган, бир катар улуттук программалар иштелип чыкты.

Коомдун стратегиялык ресурсу катары жаштардын социалдык коопсуздугун камсыз кылуу, мындай шартта өзгөчө милдетти - өлкөнү сактоо жана өнүктүрүү, анын тарыхын жана маданиятын улантуу - өзгөчө актуалдуу болуп калат. Бирок, акыркы он жылдыктарда технология, коммуникациялар, илим, транспорт жана өнөр жай сыяктуу тармактардагы болуп көрбөгөндөй жетишкендиктердин аркасында бул глобалдык интеграциянын темпи алда канча тезирээк жана таасирдүү болуп калды.

Ааламдашуу адамзаттын өнүгүүсүн тездетип, анын кесепети болгону менен, ага ыңгайлашуу татаал процесс жана олуттуу көйгөйлөрдү жана кыйынчылыктарды жаратат. Мындай тез өзгөрүү темпи коркунучтуу болуп калышы мүмкүн жана көпчүлүк өлкөлөр аны көзөмөлдөө же башкаруу үчүн күрөшүп жатышат. Белгилүү болгондой дүйнөлүк рынокто негизги оюнчулардын ролу биринчи кезекте өнөр жайы өнүккөн өлкөлөргө таандык, ал эми өнүгүп келе жаткан өлкөлөр экинчи орундарды ээлешет. Учурдагы дүйнөлүк кырдаалды талдоонун негизинде, ааламдашуунун артыкчылыктарынын негизги оюнчуларына экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөр айланып баратат деп айта алабыз. Ааламдашуу учурунда пайданы адилетсиз бөлүштүрүүдөн улам, экономикалык теңсиздиктен келип чыккан аймактык, улуттук жана эл аралык чыр-чатакты туудурган жаңы коркунучтар пайда болууда. Жаңы теңсиздик деп аталган нерсенин экономикалык мааниси өнүккөн өлкөлөр инновацияларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, адамдык капиталды жакшыртуу жана өнүгүүнүн постиндустриалдык этабына мүнөздүү тейлөө чөйрөсүн кеңейтүү аркылуу кошумча өсүш импульстарын алат, ал эми өнүгүп келе жаткан, анын ичинен кичинекей, географиялык жактан анча ыңгайсыз жайгашкан өлкөлөрдүн, анын ичинде Кыргызстандын экономикасы салттуу, көбүнчө эскирген, жаратылыш ресурстарын өндүрүү жана экспорттоо аркылуу ишин улантууда. Ушуну эске алуу менен биз ааламдашууну өлкөнүн өнүгүүсүнүн артыкчылыктарынын негизинде дүйнөлүк мейкиндикке интеграциялоону камсыз кылган белгилүү бир жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысы катары толук айта алабыз. Себеби бизге, Кыргызстанга окшогон чакан өлкөлөрдүн келечеги ар кандай татаал шарттарга туш болууда. Интеграциянын инструменттери тигил же бул мамлекеттин ички жана тышкы саясатына жараша олуттуу түрдө өзгөрүшү мүмкүн. Бул дүйнөлүк экономиканын карама-каршылыктарынын азыркы тенденциялары улуттук экономикалык кызыкчылыктарды ишке ашыруунун натыйжасы болуп саналат дегенди билдирет. Ушуга таянып, биз моюнга алышыбыз керек, жакынкы келечекте

адамзат коомчулугу теңсиздикке туруштук бере албай, социалдык жарылуулар менен толкундоолордон кутула албайт.

Ааламдашуунун эң маанилүү өзгөчөлүгү жана анын зарыл шарты катары экономиканын ачык-айкындыгынын жогорулашы бир катар карама-каршы натыйжаларды алып келет. Өлкөлөр ортосундагы ар кандай тоскоолдуктардын кыскарышы менен эл аралык эмгек бөлүштүрүлүшү оптималдашылып, масштабдуу үнөмдөөлөр, чыгымдардын төмөндөшү жана инвестициялардын агымынын көбөйүшү менен коштолгондо, социалдык өнүгүүнүн бир калыпта эместигинде чагылдырылган стратификациянын жаңы формалары пайда болууда.

Ал эми  ички рыноктордун глобалдык шарттардан көз карандылыгынын күчөшү менен шартталган, ички керектөөдөн кыйла ашкан көлөмдө өндүрүшкө мажбурлоо, бул белгилүү бир аймак, тармак жана өлкө үчүн экономикалык коркунучтун деңгээлин олуттуу жогорулатат. Дүйнөлүк рынокко көз карандылыктын күчөшү бир катар жөнгө салуучу функциялардын улуттук деңгээлден мамлекеттер аралык деңгээлге өтүшүнө шарт түзөт. Бул, бир жагынан, дүйнөлүк кризистердин кесепеттерин жумшартууга мүмкүндүк берсе, экинчи жагынан, мамлекеттер аралык өз ара аракеттенүүдөн келип чыккан коркунучтардын масштабын жогорулатуу менен улуттук экономикалык эгемендүүлүктүн деңгээлин төмөндөтөт. Мындай шарттарда пайда болуп жаткан экономикалык коркунуч жөнүндөгү ойлор аны жеңүүнүн жаңы формаларын иштеп чыгууну талап кылат. Ааламдашуунун алгачкы этаптарында мамлекеттердин экономикалык кызыкчылыктарында эл аралык рынокко чыгуу жана дүйнөлүк процесстерге интеграциялануу мүмкүнчүлүгү үстөмдүк кылса, бүгүнкү күндө алдыңкы өлкөлөр өздөрүнүн позицияларын бекемдөөгө жана гүлдөп-өнүгүүнү жогорулатууга умтулуп, ошону менен глобалдашуудан негизги пайдаларды алууну көбөйтүүдө. Мындай кырдаалда артта калган мамлекеттер түпкү макроэкономикалык пропорциялардын бузулушуна жана улуттук экономиканын көз карандысыздыгын жоготконго чейин кайтарылгыс түзүмдүк өзгөрүүлөргө алып келген тышкы көз карандылыктын өсүшүнө каршы турууда

өз кызыкчылыктарын көрүшөт. Мындай өлкөлөр үчүн ички рынокту көзөмөлдөө, зыяндуу жана айлана-чөйрөнү булгоочу өндүрүштөрдү өз аймактарында жайгаштырууга каршы туруу, улуттук продукцияларды жана бренддерди коргоо жана башкалар барган сайын кыйын болуп баратат. Ааламдашуунун терс таасиринин болушу өнүгүп келе жаткан өлкөлөр обочолонуу жолуна түшүшү керек дегенди билдирбейт, бул экономикалык коопсуздук чөйрөсүндө бирдей олуттуу көйгөйлөр менен байланышкан. Бул бир эле учурда улуттук экономиканын өсүшүн стимулдаштыруу менен бирге экономикалык коопсуздукка коркунучтарды жана коркунучтарды азайта турган компромиссти издөөнү талап кылат. Ошол эле учурда глобалдык коркунучтар экономикалык жактан күчтүү мамлекеттер үчүн да бар.

Ааламдашуунун терс таасиринин болушу өнүгүп келе жаткан чакан өлкөлөр обочолонуу жолуна түшүшү керек дегенди билдирбейт, бул экономикалык коопсуздук чөйрөсүндө бирдей олуттуу көйгөйлөр менен байланышкан. Бул бир эле учурда улуттук экономиканын өсүшүн стимулдаштыруу менен бирге экономикалык коопсуздукка коркунучтарды жана тобокелдерди азайта турган компромиссти издөөнү талап кылат. Ошол эле учурда глобалдык коркунучтар экономикалык жактан күчтүү мамлекеттер үчүн да бар. Экономикалык коркунучтарды талдоодо глобалдык атаандаштык сыяктуу маанилүү проблеманы көз жаздымда калтырууга болбойт. Келечекте өлкөбүздө жаштар эл аралык атаандаштыкка туруштук берсе десек, алардын билим алуусун ар тараптан колдоп, жаңы инновациялык, эл аралык деңгээлдеги көндүмдөргө үйрөтүү зарыл. Төмөндө биз азыркы күндө кыргызстандагы жаштардын билим алуудагы мүмкүнчүлүктөрүнүн индексин бердик. Эң негизгиси макроэкономикалык саясатты ишке ашырууда, эл аралык соодада жана илимий-техникалык кызматташтыкта коркунучтун деңгээлин төмөндөтүү. Бул реалдуу кирешелерди көбөйтүүнүн, чогуу алгандагы суроо-талаптын көлөмүн көбөйтүүнүн жана экономикалык өсүшкө жетишүүнүн негизинде өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүшүн жана алардын жарандарынын жашоо деңгээлинин жогорулашын камсыз кылат.

Таблица № 3.2.3. **Кыргызстан жаштарынын билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн 2017-2022 -жылдардагы индекси**

| Индикатор | 2017-жылдагы маанилер | 2022-жылдагы маанилер | Өзгөрүү | 2022-жылдагы, башка методика менен алынган маанилер |
|---|---|---|---|---|
| Билим деңгээлинин индекси | 76,2 | 69,3 | -6,9 | 69,3 |
| Окуусун улантууга мүмкүнчүлүгү бар жаштардын үлүшү | 47,3 | 66,7 | +19,4 | 66,7 |
| Жаштардын жалпы санына карата орто кесиптик билим берүү системасындагы окуучулардын саны (18–22 жаш) | 11,6 | 14,0 | +2,4 | 14,0 |
| Жаштардын жалпы санына карата жогорку кесиптик билим берүү системасындагы студенттердин саны (18–22 жаш) | 22,5 | 32,9 | +10,4 | 32,9 |
| Билим алуу маанилүү болгон жаштардын үлүшү | 76,8 | 86,6 | +9,8 | 86,6 |
| Мамлекеттик чыгымдардагы билим берүүгө кеткен чыгымдардын үлүшү | 18,2 | 23,3 | +5,1 | 23,3 |
| Билим берүүнүн сапатына канааттанган жаштардын үлүшү | 71,5 | 45,7 | -25,8 | 45,7 |

Эл аралык PISA системасы ар кайсы өлкөлөрдө 15 жаштагы окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалайт. Бул тестирлөө үч жылда бир өтүп, билим берүү системасындагы өзгөрүүлөрдү жана билим берүүнүн сапатын баалоого мүмкүндүк берет. Сынакка жетимиштен ашык мамлекет катышууда. Мониторинг билим алууда математикалык жана табият таануу сабаттуулугун текшерет, билимди жашоодо колдоно билүүсүнө басым жасалат. Бул сынакта биздин өлкө акыркы орундарды алып келүүдө. Экономиканын өнүгүшүндө так

илимдердеги ачылыштар  чоң көмөкчү экени талашсыз. Ошондуктан билим берүү системасында дүйнөлүк стандарттрга туура келген лабораториялар менен жабдылуусу керек.  Бүгүнкү күндө иштеп жаткан эл аралык экономикалык уюмдардын ичинен өзгөчө орунду Дүйнөлүк соода уюму (ДСУ), Дүйнөлүк банк (ДБ), Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), Эл аралык реконструкциялоо жана өнүктүрүү үчүн банк ээлейт. (РӨБ), ал кирешени кайра бөлүштүрүүнүн, начар өнүккөн өлкөлөргө жеңилдетилген кредит берүүнүн, рыноктун масштабын аныктоонун, стандарттарды жана тарифтерди белгилөөнүн жана башкалардын негизинде дүйнөлүк экономикалык процесстерди жөнгө салат. Акыркы жылдардагы окуяларды эске алуу менен, бул уюмдар дүйнөдө алдынкы позицияны ээлеп турган мамлекеттердин тобунун таламдарында таламдарын талашып,  көп убакытта  ошолордун кызыкчылыгы үчүн иштеп келет.  Ушуну эске алуу менен бүгүнкү күндө жаңы, альтернативалуу эл аралык институттар пайда болуп, өнүгүп жатат, алардын ичинен Евразия экономикалык биримдиги (ЕАЭБ) сыяктуу уюмдарды бөлүп көрсөтүү керек. Өлкөбүздүн экономикалык өнүгүүсү бардык эл аралык уюмдар менен жигердүү кызматташууну болжолдойт, бирок эл аралык экономикалык санкциялар жана Россиянын өкмөтү кабыл алган жооп чаралары учурунда ЕАЭБ алкагында өз ара аракеттенүүгө кызыгуу байкаларлык өсүүдө. Мындан тышкары, улуттук эмгек рыногун коргоо максатында мүчө мамлекеттердин мыйзамдарында белгиленген чектөөлөр колдонулбайт. Эл аралык экономикалык уюмдардан тышкары, Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) дагы бул чөйрөдө иш алып барат, ал экономикалык эмес уюм болгондуктан, глобалдык масштабдагы экономикалык көйгөйлөрдү, өзгөчө жакыр өлкөлөргө жардам көрсөтүүгө байланышкан маселелерди чечүү менен алектенет. БУУнун компетенциясына ошондой эле стандартташтыруу, мүчө-өлкөлөрдүн калкын азык-түлүк жана дары-дармек менен камсыздоо, эмгек рыногун өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо жана билим берүүнү жакшыртуу жана башкалар боюнча глобалдык маселелер кирет. БУУнун дүйнөдөгү эл аралык потенциалын жана таасиринин деңгээлин эске алуу менен, экономикалык коопсуздукту камсыз кылууда бул уюмдун ролуна жогору баа берүү мүмкүн

эмес. Бул жерде өзгөчө орунду инновациялык өнүгүү ээлейт, ал эл аралык сооданын товардык курамында билимди көп талап кылган, жогорку технологиялык продуктылар, заманбап кызматтар жана маалыматтык технологиялар үстөмдүк кылган шарттарда чарба жүргүзүүчү субъекттердин атаандаштык артыкчылыктары менен байланышкан. Финансылык жана маалыматтык агымдардын масштабдуу кыймылынын шарттарында глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк келип түшкөн маалыматты тез иштетүү жана мамлекетке болгон экономикалык коркунучту минималдаштыруу максатында анын жаңы көлөмүн түзүү мүмкүнчүлүгү менен аныкталат.

Өнүккөн өлкөлөр финансылык, маалыматтык жана адам ресурстарынын татаал айкалыштарын пайдаланганда, алардын экономикалык коопсуздугунун даражасы жогорулайт; ошону менен бирге алар менен башка өлкөлөрүн ортосундагы ажырым өсүүдө. Бул ички жана аймактык туруксуздукка алып келип, жаңжалдардын, анын ичинде куралдуу кагылышуулардын жана террордук чабуулдардын коркунучун жаратат. Муну акыркы жылдардагы окуялар тастыктаса болот.

Корутунду жана сунуштар: глобалдык демократия прициптери биздин жашообузга сүңгүп кирүүдө, жаштардын баалуулуктарды тандоосу жүрүм-турумдарын коопсуздуктун контекстинде изилдөө актуалдуулугун дагы да болсо жогорулайт. Бул татаал көрүнүш (процесс), дайыма иликтөөнү талап кылат, ошол эле учурда жетиштүү деңгээлде жана ар тараптуу чагылдырыууну талап кылат. Кыргызстанда коомдук турмушунун жана дүйнөлүк коомчулуктун бардык аймактарында азыркы учурда болуп жаткан өзгөрүүлөр сөзсүз эле бизге чейин топтолгон теориялык жана методологиялык материалдардын негизинде жаңы изилдөөлөрдү алып келет. Социология илиминин талабы боюнча, жаштардын баалуулуктар системасы белгилүү иерархия менен системалаштырылат. Жаштардын инсандык калыптанышына үй-бүлөлүк, социалдык жана кесиптик чөйрө, жалпы билим деңгээли, коомдук активдүүлүк, социалдык абал, келечектеги адистин жашоо пландары, кесиптик карьеранын келечеги, дүйнөдөгү болуп жаткан кубулуштар, маалыматтык коомдун

өзгөчөлүгү жана башка факторлор таасир этет. Заманбап жаштар экстремалдык шарттарда социалдашып, өзүлөрүнүнүн иденттүүлүгүн кабылдап жатышат, социалдык-экономикалык түзүлүштөгү терең өзгөрүүлөр, жаш адамдардын баалуулук аң-сезиминин кризисине алып келди. Коомдун ар кандай таптарга бөлүнүшү, бай менен кедей адамдын ортосундагы ажырымдар күчөп турган шартта жаштардын баалуулуктары калыптанууда. Демек, заманбап баалуулук конфликттери негизги социалдык конфликттер менен шартталган, алардын ичинен негизгилеринин бири байлар менен кедейлердин ортосундагы конфликт болуп саналат. Социалдык бөлүнүү тутумундагы адамдардын абалы алардын баалуулук артыкчылыктарынын мүнөзүн шарттайт, алардын тигил же бул баалуулук багыттардын пайдасына тандоосу олуттуу деңгээлде аларда болгон моралдык принциптердин мүнөзү менен аныкталат. Жаштардын арасында актуалдуу болгон баалуулуктарды аныктоонун натыйжасы төмөндөгүдөй десек туура болот: эң биринчиден ден-соолук, сергек жашоо образы, спорт, туризм, баңгизатсыз жашоо; престиждүү билим алуу жана кесипкөйлүк; кызыктуу жумуш (жашоонун мааниси жана акча табуунун каражаты катары) жана мансап, карьера; эркиндик (бардык нерседе, жалпысынан эркиндик); адилеттүүлүк жана коопсуздук; өзүн-өзү ишке ашыруу (“индивидуалдуу болуу”, “коомдо татыктуу социалдык абалга ээ болуу”, “ийгиликтүү адам болуу”, “жашоодо ийгиликке жетүү”, “кесипте ээ болуу”, “өз оюн, ниеттерин жана максаттарын ишке ашыруу” ж. б.); көз карандысыздык; чынчылдык; тең укуктуулук; чет өлкөгө чыгуу, кетүү. Жалпылап айтканда жаштардын баалуулуктар системасында саясий баалуулуктар (жана “демократия” белгилүү бир баалуулук катары) актуалдуу деп белгиленбейт. Акча (материалдык байлык, финансылык камсыздоо, өз жашоосунун ыңгайлуулугу); үй-бүлө (жеке бакыт, сүйүү, балалуу болуу); баарлашуу (жакын достору менен) жана бош убакыт (оюн-зоок, саякат, чыгармачылык); пайдалуу байланыштар (таанышуу); ден - соолук, белгилүү болгондой, демократиялык режимде гана инсандын өз алдынча өнүгүүсү үчүн максималдуу шарттарды түзүү, негизги укуктар менен эркиндиктерди камсыз кылуу мүмкүн. Кыргызстан жаштары жарымынан көбү демократия түшүнүгүн

саясий укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашыруу менен байланыштырышат. Учурда дүйнөлүк деңгээлде болуп жаткан ааламдашуу процесстери бүткүл адамзаттын жана айрыкча анын ичинен жаштарга өзүн-өзү онүктүрүү үчүн болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Биринчи кезекте, бүгүнкү күндө биз ар кайсы өлкөлөрдүн ортосундагы чек араларды ачып, кызматташтыкты жана интеграцияны өнүктүрүүгө чоң салым кошуп жаткан илим менен техниканын, заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жаңы бийиктиктерине күбө болуп жатабыз. Бирок мындай жетишкендиктер ошол эле учурда чоң финансылык мүмкүнчүлүктөрү бар айрым саясий күчтөрдүн долбоорлорун ишке ашыруу үчүн идеологиялык курал катары колдонуларын да унутпашыбыз керек. Жаштардын позитивдик социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышында өзгөчө көңүл буруу керек. Заманбап Кыргызстандагы коомдук өнүгүүдө социалдык, руханий-агартуу тармагында ишти жөнгө салуу боюнча - жаштардын музыкага, живописке, адабиятка, театрга жана искусствонун башка түрлөрүнө кызыгуусун арттыруу, таланттарды калыптандыруу; жаштардын дене-бой жактан өнүгүшү, алардын спорт чөйрөсүндө жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү, илимге кызыгуусуна шарт түзүү, жаштар арасында компьютердик технологияларды жана Интернетти натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу; - жаштардын маданиятын жогорулатуу боюнча системалуу иштерди уюштуруу, китеп окууну кеңири жайылтуу керектиги актуалдуулугун күчөтөт.

### 3.3. Кыргызстандагы жаштар кыймылынынын өнүгүшү жаш муундун жарандык иденттүүлүгүнүн калыптандыруунун негизги фактору катары

Бүгүнкү күндө жарандык иденттүүлүк, адатта, коомчулукка (бир конкреттүү коомго) таандык болуу сезими катары түшүнүлөт, ал эми анын алып жүрүүчүлөрү этникалык тегине, диний көз караштарына карабастан, өзү жашаган мамлекет менен бирдейлештирилген (чогуу сезген, туюнган) адамдардын тобу деп эсептелет. Ошентип, “жаштар кыймылы деген түшүнүк,

илимий талдоо категориясы катары, биздин көз карашыбызда, жаштар маданиятынын көрүнүштөрүнүн көп түрдүү формаларын жана ыкмаларын камтыйт”[36, 63-б; 49, 120-б.; 80, 140-б.; 122, 7-б.]. Кеңири мааниде алганда, бул жаштардын өнүгүүсүнүн объективдүү жана субъективдүү процесстеринин жыйындысы, жаштардын социалдык активдүүлүгүн ишке ашыруу ыкмасы, социалдык субъективдүүлүктүн көрүнүшү. Тар мааниде алганда, жаштар кыймылы өз кызыкчылыктарын ишке ашырууга, социалдык иденттүүлүгүн издөөгө, акыры алардын муктаждыктарын канааттандырууга багытталган жаштардын массалык же топтук иш-аракеттеринин жыйындысы катары каралышы мүмкүн. Жаштар кыймылы өзүнө күчтүү инновациялык, маданий жаратуу потенциалын камтыйт. Акыркы отуз жылдан ашык мезгилде кыргыз коомунун бардык чөйрөлөрүндө түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр болду. Жалпылап айтканда, ар бир тарихый кырдаалда, экономикалык, саясий, идеологиялык шартка жараша жаштардын жүрүм-туруму, баалуулуктары, маданияты, социалдык иденттүүлүгү, аң-сезими калыптанат [122, 8-б.; 130, 207-б.; 132, 80-б.]. Төмөндө биз, орус окумуштуусу В. Радаевдин XX кылымдын башынан XXI жаштарга берген мүнөздөмөсүн келтирелик. Бүгүнкү күндө коомдук кыймылдар олуттуу трансформацияланып, жаңы түргө ээ болушту. Көптөгөн “жаңы” коомдук кыймылдардын арасында жаштардын жаңы баалуулуктарын калыптандырууда чоң мааниге ээ болгон жаштар кыймылдарын белгилей кетүү керек. “Коомдук кыймылдарды изилдөөнүн алгачкы ыкмаларынын бири жамааттык жүрүм-турум парадигмасы болгон. Ал 60-жылдарга чейин АКШнын илимий чөйрөсүндө үстөмдүк кылган” XX кылымдагы жана массалык тоталитардык кыймылдарды түшүндүрүү үчүн колдонулган. Коомдук, айрыкча жаштар кыймылдары социалдык чыңалууга реакция катары пайда болгон жаштардын топторунун коомго каршы жүрүм-турум позициясынан позициясы катары каралган. “Бул теориянын негизи Чикаго мектебинин 50-60-жылдары үстөмдүк кылган социалдык-психологиялык парадигмасы болуп саналат. Бай коомдордо коомдук кыймылдардын сектору чоңураак, алар тар максаттуу реформатордук мүнөзгө ээ”[168, 34-б.; 195; 201,

109-б.; 214, 5-б.; 215, 25-б.]. Өнүккөн өлкөлөрдө жаштардын кыймылдары жетиштүү деңгээлде өнүккөн, алар алар ар кандай максаттуу реформатордук мүнөзгө ээ, ал эми өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө кеңири максаттары бар радикалдуу, кээ бир учурда саясатташкан жаштар кыймылдары менен мүнөздөлөт. Өнүккөн коомдордо бош убакыт рационалдуу колдонулат жана акча ресурстары ар кандай иш-чара өткөрүүгө жетиштүү болуп саналат дагы демөөрчүлүк мүмкүнчүлүгү чоң. Ошол эле учурда жаңы кыймылдарды уюштурууга мүмкүнчүлүк берген финансылык фонддор дагы жетиштүү. Ч. Тилли кризистик теорияларды жокко чыгарган тезисти түзгөн: модернизация масштабдуу структуралык өзгөрүүлөрдүн процесси катары жамааттык иш-аракеттерге таасир чоң этет. Башкача айтканда, “индустриялаштыруу”, “урбанизация”, “медианы өнүктүрүү” жаштардын кыймылдарынын иш-аракеттердин пайда болушуна, иштешине таасир этпейт. Тескерисинче, бул процесстер жаңы уюмдардын түрлөрүнүн жаралышына өбөлгө түзөт [215, 28-б.]. Азыркы этапта жарандык коомдун элементи катары жаштар кыймылдары маанилүү ролду ойнойт. Азыркы учурда Кыргызстанда жаштар кыймылдары өнүгүүнүн төмөнкү этаптарынан өтүштү. 1-этап, совет мезгилиндеги жаштар кыймылдары. Мындай кыймылдар коммунисттик партиянын (комсомол, пионер уюму, октябряттар) алкагында болгон. 2-этап, формалдуу эмес жаштар кыймылдары (80-жылдардын аягы - 90-жылдардын башы), кайра куруу мезгилинде бейрасмий жаштар идеологиясы калыптанып, алардын арасында жаңы түзүлгөн жаштар бирикмелери (хиппилер, рокерлер, панктар жана башкалар). 3- этап, “жаңы” жаштар кыймылдары (90-жылдардан тартып) бүгүнкү мезгилге чейин) калыптанууда. Бул деген сөз көз карандысыз жаштардын кыймылдарынын пайда болушу жана жаштар коомдо өзүн көрсөтүүгө даяр, жаңы долбоорлорду өз алдынча ишке ашыра алат дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан азыркы жаштардын кыймылдардын мыйзамдык-укуктук базасын дайыма учурдун талабына ылайык чыңдоо керек дегенди түшүндүрөт. Мамлекетте “Кыргыз жараны концепциясынын негизинде этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан,

өлкөбүздүн Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны [18]. “Кыргыз жараны” деген этномаданий таандыктыгын сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин келечекте жаратуу деген келечектүү документ. Азыркы күндөгү жаштар уюмдары, жаштар кыймылдары 90-жылдардын башынан бери билим берүү мекемелеринен тышкары иштеп өз алдынча долбоорлорду ишке ашырып келүүдө, жаштар кыймылынынын өнүгүшү жаш муундардын жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышындагы **негизги фактору деп эсептейбиз.**

Таблица № 3.3.1**. Кыргызстандагы диний уюмдардын санынын өлкөнүн көз карандысыздык мезгилиндеги өсүү динамикасы**

| | Ислам диний уюмдарынын саны | Христиан диний уюмдарынын саны | Башка диндердин уюмдарынын саны |
|---|---|---|---|
| 1991 г. | 39 | 25 | 0 |
| 2006 г. | 1619 | 343 | 14 |
| 2014 г. | 2362 | 378 | 14 |
| 2021 г. | 2930 | 404 | 14 |
| 2023 г. | 2968 | 402 | 12 |
| 2024 г. | 2970 | 402 | 12 |

Азыркы күндө жаштардын кыймылынын өнүгүшүндө коомдо орун алган социалдык жана руханий карама-каршылыктарга салттуу эмес диний чөйрө, кыймылдар активдүү киришүүдө. Социологдордун айтуусу боюнча салттуу диндерге салыштырмалуу жаңы диний кыймылдар социалдык жана руханий жактан ийкемдүү экендигин белгилешет. Өздөрүнүн окууларын трансформациялоо жөндөмдүүлүгү жогору болгондуктан, алар тышкы чакырыктарга тезирээк жооп берүүгө, активдүү миссионердик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү болушат. Учурда биз диний чөйрөдөгү инновация менен салттуулуктун классикалык тирешүүсүнө кептелдик. Кыргыз Республикасында саясий эгемендик өкүм сүргөндөн баштап жүздөгөн диний кыймылдар жаштарды өзүлөрүнүн катарына тартууда. Жогоруда № 3.3.1. таблицада

көрсөтүлгөндөй азыркы күндө диний кыймыл өтө өнүгүүдө. Бул диний кыймылдардын жаштардын жашоосуна, аң-сезимине, турмуштук баалуулуктарына тийгизген таасири жөнүндө 2-баптын, төртүнчү бөлүмүндө толук берилди. Андан кийин гуманитардык илимдеги заманбап коомдук жаштар бирикмелеринин классификациясы төмөнкүдөй көрүнөт: “бирикменин формасы боюнча: клубдук-эс алуу түзүмдөрү, формалдуу эмес, саясий, диний бирикмелер (секталар); кызыкчылыктар багыты боюнча: укук коргоо, маданий-спорттук, экстремисттик; үстөмдүк кылган баалуулуктар боюнча: романтикалык-эскаписттик, идеалисттик-оюн-зоок, радикалдык-деструктивдүү; максаттуу топ боюнча: студенттик, мектептик жана башка болуп бөлүнөт [235, 478-б.; 251]. КМШнын жаш жарандарынын саясий активдүүлүгүнүн өсүшү, айрыкча СССР кулагандан кийин, заманбап коомдук социалдык-экономикалык жаңылануунун шарапаты менен жаңы көз карандысыз уюмдардын жана кыймылдардын пайда болушу шартталды. Кыргызстандын соңку тарыхында 80-жылдардын экинчи жарымы көптөгөн формалдуу эмес коомдук түзүлүштөрдү – салттуу эмес, альтернативалуу уюмдарды жана кыймылдарды түзүү менен белгиленди, алар расмий тутумдардын алкагынан тышкары, жарандардын өздөрүнүн демилгесине гана таянып жана расмий статуска умтулбастан аракеттеништи. Алардын иш-аракеттери алгач негизинен жергиликтүү, маданий-агартуу, экологиялык мүнөздө болгон, бирок бара-бара расмий эмес кыймылдын саясатташуусу менен өзгөчөлөнгөн.

Советтик Кыргызстанда жыйырманчы кылымдын 1960-жылдарынан тартып кыргыз жаштарынын айылдан шаарга кетиши күчөп, турак-жай маселесин жыйырма, отуз жыл ичинде кескин курчуп келген. Ошол кездеги бийлик түзүмдөрү көп жылдар бою шаардыктардан турак-жайга муктаж болгон жаштардын үй куруу үчүн жер тилкелерин берүү өтүнүчүн четке кагып келген. Акыры бийликтин мындай жүрүм-туруму социалдык жарылууга алып келип, 1989-жылдын апрель-июнунда Фрунзенин айланасындагы бош жер тилкелеринин жаштар өз алдынча басып алуусу башталган. “Бийлик жер басып алуучуларга каршы өнөктүк жүргүзгөн (ММКларда аларды “басмачылар” деп

аташкан), ошондой эле административдик чараларды колдонушкан. Бул жаштарды өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн “Ашар”, “өз ара жардамдашуу”, “куруучулардын биримдиги”, “Көк-Жар” жана башка уюмдарды түзүүгө мажбур кылды. Бийликтин кысымы күчөгөн сайын бул уюмдарды саясатташтыруу күчөдү. Алар Балтика боюндагы “элдик фронттор” менен байланыш түзүп, алардан саясий күрөштүн тажрыйбасын алып, 1990-жылдын январь-февралында бир катар оппозициялык митингдерди уюштурушкан. Февраль-апрель айларында жаштар өкүлдөрү республикалык компартиянын лидери А.Масалиев менен бир нече жолу ачык талкууга чыгып, анда экономикалык реформалар жана экологиялык абалды жакшыртуу боюнча талаптарды коюшкан. Буга катар эле 1990-жылдын жазында республиканын айрым аймактарында улуттук – демократиялык маанайдагы “Асаба” (“Туу”), “Атуулдук демилге” (“Жарандык демилге”) жана башка саясий уюмдар пайда болгон . Кыргызстанда учурда 300 дөн ашуун жаштар уюму жана 46 жаштар борбору бар, заманбап шарттарда жаштардын коомдук кыймылдарын, бирикмелерин жана уюмдарын жалпы түрүндө төмөнкүдөй типтерге бөлүүгө болот: 1) саясий мүнөздөгү – бул өлкөнүн саясий турмушуна активдүү катышуу максатында жаштардын биргелешкен ишмердүүлүгүнүн негизинде түзүлгөн жаштардын коомдук уюмдары, кыскасы, жалаң гана саясий кызыкчылыктарды көздөгөн коомдук уюмдар. Мындай жаштардын саясий уюмдары туруктуу мүчөлүк, структуралуулук, тартиптүүлүк жана жоопкерчилик, жалпы максатка жетүү үчүн ар түрдүү каражаттарды колдонуу менен мүнөздөлөт. Алар лидерден, анын орун басарларынан – жакын жактоочулардан, активдүү жана пассивдүү мүчөлөрдөн турат. Кыргызстанда мындай жаштар уюмдарынын урааны жаштарды демократиялык, социалдык адилеттүү коомду куруу процесстерине саясий жактан тартууну максат кылат. Мындай жаштардын саясий уюмдары бийликке келүүгө умтулушат, саясий турмушка активдүү жана максаттуу катышышат. Аларда саясий программа, тыкан уюштуруу түзүмү жана кесипкөй кадрлар аппараты болуп, активдүү иштерди алып барышат. Ар кандай акцияларды системалуу түрдө жүргүзөт, өкмөттүк жана башка мамлекеттик структуралардагы конкреттүү саясатчыларды

колдойт, мамлекеттик кызматтарга өз талапкерлерин сунуштайт, саясий чечимдерди иштеп чыгууга жана кабыл алууга таасир этет.

Коомдун саясий жашоосунда жаштардын "саясий социалдашуу" процесси боюнча бирдиктүү илимий түшүнүгү жок, саясий социалдашуу-инсандын коомдо болгон жана саясий функцияларды жана ролдорду натыйжалуу аткарууга мүмкүндүк берген саясий баалуулуктарды жана ченемдерди өздөштүрүү процесси, ошону менен коомдун жана саясий системанын сакталышы колдоого алынат. Ар кандай коомдордогу саясий социалдашуу процесси ушул коомго жана мамлекетте болгон саясий режимге мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен уюштурулат. Социалдаштыруу агенттеринин курамына мамлекеттик институттар жана жарандык коомдун өкүлдөрү - коммерциялык эмес уюмдар: кызыкчылыктар боюнча клубдар, коомдук бирикмелер, балдар жана жаштар кыймылдары жана уюмдар кирет. Бул бирикмелердин, уюмдардын алкагында жаштар, эреже катары, социалдык мамлекеттин идеологиясынын негизинде бийлик үчүн күрөшөт. Идеологиялык принциптерде ашынган оңчул же өзгөчө солчул маанай үстөмдүк кылган айрым айырмачылыктар бар. Коомдук-саясий багыттагы саясий кыймылдардын арасында башкаруучу партиялардын жаштар канаттары да белгилүү. Туруктуу жана келечекте аймактарда, шайлоо процесстерине активдүү катышкан "Ата - Мекен", "КСДП", "Республика", "Ата -Журт", "Замандаш", "Эмгек", "Ак-Шумкар", "Мекен Ынтымагы", "Мекенчил", "Ынтымак", партияларынын жаштар канаты активдүү иштеп келишүүдө. Саясий эмес мүнөздөгү жаштар уюмдары – булардын максаттары мамлекеттик бийликти жеңип алуу же аны жүзөгө ашырууга түздөн-түз катышуу эмес. Алар негизинен социалдык кызыкчылыктарды колдоого (билдирүү) жана бириктирүү (жарандардын талаптарын мамлекеттик саясаттын альтернативаларына айландыруу) боюнча адистешкен. Көбүнчө алар стихиялуу түрдө, коомдогу кырдаалга стихиялуу реакциянын натыйжасында пайда болот дагы мындай уюмдар - экологиялык, маданий мүнөздөгү демилгелерди колдойт. Экологиялык коомдук кыймылдардын жана уюмдардын тармагы региондордо кеңири жайылган

көрүнүш,  алсак, Ысык-Көл облусунда мындай жаштардын ондон ашык уюму бар. Борбор калаадагы эң активдүү адамдарды кошсо болот, жаштарды сергек жашоо чакырган "жаштар баңгизаттарга каршы", "жаштардын укуктук сабаттуулугуна көмөктөшүү", "ВИЧ/СПИДдин, кургак учуктун жана гепатиттин таралышына каршы аракеттенүү", "баңги заттарды колдонгон жаш аялдардын, мурдагы соттолгондордун, ВИЧ менен жашаган секс-кызматкерлердин жана алардын балдарынын чөйрөсүндө билим берүү иштерин" уюштуруу менен алектенген жаштар уюмдары. Алардын иш-аракеттери негизинен чет элдик донорлор тарабынан каржыланат. Ошентип, Кыргызстанда, жаштар кыймылынын чөйрөсүндө түзүлгөн кырдаал бир жактуу эмес. Бир жагынан, азыркы жаштар өз алдынчалуулуктун, практикалык жана мобилдүүлүктүн өсүшүн, өз тагдыры үчүн жоопкерчиликти, сапаттуу билим алууга жана кесиптик билим алууга болгон кызыгуунун кескин жогорулашын айырмалашат. Кыргызстан жаштары эл аралык жаштар коомчулугуна, жалпы дүйнөлүк экономикалык, саясий жана гуманитардык процесстерге интеграциялануугa умтулушат. Азыркы Кыргызстандагы жаштардын социалдык иденттүүлүгүн калыптануу  процессинде жаштар кыймылын изилдөөдө  Кыргызстандын окумуштуулары негизинен 1991-жылдан кийинки коомдук жаштар уюмдарынын ишмердүүлүгүндөгү иш-чараларды изилдегендигин көрсөттү. Демек, азыркы жаштар кыймылынын көйгөйлөрүнө жана бүгүнкү жана эртеңки элитанын калыптанышына тийгизген таасирине арналган көптөгөн эмгектер жаралды.  Ал эмгектердин көбү эмпирикалык базанын кемчиликтери (көйгөй боюнча документтердин жана материалдардын жоктугу же жеткиликсиздиги) жана азыркы жаштар бирикмелеринин өзгөчөлүктөрүн толук анализөөгө мүмкүнчүлүк болбой жаткандыгын айгинелейт.  Ошондуктан, биздин эсептөөлөр боюнча бул изилдөө 300дөн ашуун жигердүү иштеп жаткан жаштар уюмдары бар десек болот. Кыргызстандын жаштарынын социалдык иденттүүлүгүн калыптандыруу процессинде жаштардын социалдык-саясий активдүүлүгүнүн көйгөйлөрүн изилдөө төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

Жаштардын саясий активдүүлүгүнө таасир этүүчү факторлор жана азыркы Кыргызстандагы жаштардын саясий социалдашуусунун өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр болуп саналат: XXI кылымдын башында коомду демократиялаштыруу толкунунда жаштардын коомдогу саясий активдүүлүгү, коомду башкарууда монополизмге жол берген жок, бирок ошол эле учурда нукура демократиялык түзүмдөрдүн калыпнауу процесси аягына чыга элек. Кыргызстан көз карандысыздык алган мезгилинден бери жаштар иш жүзүндө маанилүү саясий чечимдерди кабыл алуудан четтеп калган, алар саясий процесстерге активдүү катышуусуна социалдык жактан жөнгө салынбагандыгы, жарандык активдүүлүктү тарбиялоо боюнча мамлекеттин максатка багытталган ишинин жоктугу, саясий маданияттын төмөн деңгээли тоскоол болуп келүүдө. Бүгүнкү күндө кыргызстандык жаштардын өнүгүүсү эки жактуу мүнөзгө ээ, бир жагынан ал башка өнүккөн өлкөлөрдүн, АКШнын, батыш Европа мамлекеттеринин, Россиянын жана Казакстандын, Кытайдын, Түркиянын жаштарынын баалуулуктарына жана социалдык статустарына басым жасайт, ал эми акыркы мезгилде, Перс булуңундагы өлкөлөрдүн баалуулуктарына жана социалдык статустарына басым жасай баштады, бирок экинчи жагынан – экономикалык, саясий факторлордун жана кыргыз коомунун каада-салттарынын таасири дагы баалуулуктардын калыптанышына таасир берет. Жаштар арасында өзүн-өзү уюштуруу процесстери жай жана бирдей эмес, бытыранды жүрүп жатат, өзгөчө айыл жерлеринде, донорлор жана мамлекеттик сектор менен иштөө тажрыйбасы аз, коммерциялык эмес уюмдар түрүндөгү мамлекеттик эмес уюмдар аз иштейт, активдүү эмес. Ошентип, Кыргызстандын жаштарынын арасында бардык маанилүү баалуулуктарды өзүнө камтый турган жарандык коомчулуктун алгылыктуу жана адекваттуу моделине суроо-талап бүгүнкү күндө абдан зор, мындай модель бир нече өлчөмдү камтышы мүмкүн: саясий, жарандык, идеологиялык, диний, үй-бүлөлүк, туугандык жана этикалык, социомаданий (жана субкультуралык, субмаданияттык) болуп кете берет. Концепция болуп, толук иштелип чыккан жана кандайдыр бир конструкция түрүндө берилген жалпы жарандык кыргыз иденттүүлүгүнүн моделдери

жөнүндө сөз кылуу али эрте экенин белгилей кетсек болот. Өлкөнүн саясий жетекчилиги жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун маанилүүлүгүн түшүнүү менен, аны калыптандыруу үчүн мезгил-мезгили менен иш-аракеттерди жасап келет. Эксперттер белгилегендей, мамлекет тарабынан мунун себептери, бир жагынан этникалык көп түрдүүлүктү башкаруу (2010-жылдагы кайгылуу окуялардан кийин саясий күн тартибине кайрадан келе баштаган) жана көбөйүү менен байланышкан көйгөйлөр, диний радикализмдин таасири күчөшүнөн келип чыгууда. Ар кандай изилдөөлөр көрсөткөндөй, саясий элитанын өкүлдөрүнөн турган топтор жалпы жарандык иденттүүлүктү курууда жоопкерчиликти алууга даяр эмес, анткени алар коомду консолидациялоочу жана эң оболу жаштар топторун бир бүтүнгө мобилизациялай турган өлкөнүн мындай жагымдуу имиджинин бүгүнкү күндө түзө алган жок. Колдонуудагы ченемдик укуктук актыларда (анын ичинде саясий документтерде, ошондой эле мыйзамдарда) иденттүүлүк түшүнүгү сейрек кездешет. Анын үстүнө мыйзамдардагы жана ченемдик укуктук актылардагы “улуттук иденттүүлүк” жана “жарандык иденттүүлүк” түшүнүктөрүн айырмалоо өтө кыйын. Биздин илимий изилдөөнүн предметине актуалдуу болгон “иденттик” түшүнүгү туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы (2017-жылга чейин), элдердин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы сыяктуу документтерде кездешет. Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат, Улуттук коопсуздук концепциясы, “Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” жана “Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын тереңдетүү боюнча чаралар жөнүндө” жарлыктар жана жарандык патриотизмди калыптандыруу, “Кыргыз Республикасындагы жарандык-патриоттук тарбия жөнүндө” Мыйзам жана башка актыларда кездешүрүүгө болот. Өлкөнүн бүткүл көз карандысыз өнүгүшүнүн жүрүшүндө саясий элита тарабынан “өздүк” түшүнүгүнүн мазмуну тынымсыз өзгөрүп турган.

Кыргызстандын жаштарынын баалуулук багыттарын изилдөө көрсөткөндөй, Кыргызстандын түштүк аймактарында үй-бүлө, этностук,

динчилдик, гендердик өзгөчөлүктөр басымдуулук кылат. Ошол эле учурда түндүктө жаштар өздөрүн классификациялаган абстракттуу жана жалпы категориялар кеңири таралган, биринчи кезекте “адам” категориясы жөнүндө сөз болуп жатат, андан тышкары билимге чоң маани берилет. Азыркы Кыргызстандагы үй-бүлө этникалык баалуулуктарды калыптандыруучулардын бири болуп саналат. Ааламдашуу  шартында этникалык салттуу иденттүүлүк жана укуктук баалуулуктардын таасири олуттуу сыноолорго дуушар болууда. Кээ бир учурларда салттуу жашооо ченемдерди  жана баалуулуктар жок болуп кетүүгө дуушар болууда. Натыйжада, жеке адамдар же социалдык топтор кандайдыр бир ыңгайсыздыкты сезип, атүгүл светтик көп улуттуу тенденцияларга каршылык көрсөтүшөт. Мындай көрсөткүчүтүн индикатору болуп кээ бир формалдуу ченемдер эсептелет (мисалы, паспорттогу улуту деген сызык, ал жакында эле алынып салынган). Кыргыз Республикасындагы саясий жана коомдук ишмерлер улуттук иденттүүлүк жөнүндө сөз кылганда, алар негизинен этникалык таандыкты билдирет. Натыйжада, кээ бир этникалык жамааттар жана азчылыктар “автономдошуу” коркунучуна дуушар болушат, анткени аларды ресурстарды толук бөлүштүрүү же чечим кабыл алуу процессине киргизүү мүмкүн эмес. Мындан тышкары, коом ортосунда гендердик жана жынысы  боюнча татаал жана тең эмес мамилелер бар, бул да көйгөйлүү кырдаалдарды жаратат. Кыргыз аялдарынын азыркы абалы аялуу абалда. Аялдарга патриархалдык салттар катуу таасир эткен аймактарда алардын радикалдуу диний уюмдарга катышуусуна негиз бар. Жарандык коомчулук бардык башка иденттүүлүктөрдүн жыйындысынын бир түрү болуп саналат. Ал жаштардын өз мамлекетине тиешелүүлүгүн, анда иштелип чыккан эрежелерди жана нормаларды баса белгилейт. Мамлекеттик башкаруу канчалык ийгиликтүү болсо, маданий өзөк ошончолук туруктуу жана күчтүү, жана экономика, өндүрүш күчтүү болсо,  психологиялык, эмоционалдык жана башка муктаждыктар ошончолук канааттандырылат.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгүн таануудан четтеп кетүүсүнө биздин реалдуулукта кандай негиздер бар: биринчиден, бул улуттук,

консолидациялоочу идеянын өзүн калыптандыруунун жоктугу. Бул жерде маселе мамлекет жана жарандык коом Кыргызстанды өнүктүрүү боюнча миссияларды, максаттарды, аларга жетүү жолдорун жана коом тарабынан түшүнүктүү жана кабыл алынган баалуулуктарды түзбөй жатканында. Социалдык реалдуулукта көп идентификаторлордун так иерархиясынын жоктугунан жарандык коом өнүкпөйт экен. Жарандык иденттүүлүктүн светтик концепциясы коомдо үзүлгөн фрагменттерде берилип жатат. Инсандын же коомдун категорияларынын өз ара байланышы эмне маанилүүрөөк экенине – адамдын керектөөлөрүнө коомдун же анын топторунун муктаждыктарына так жооп бербейт. Ушуга байланыштуу, мыйзамсыз диний уюмдар тарабынан сунушталган структураланган, жөнөкөйлөтүлгөн баалуулуктар жана эң ырааттуу окшоштук модели жаштар үчүн эң жагымдуу жана алгылыктуу көрүнөт. Анын үстүнө, алардын теократиялык халифат сыяктуу мамлекетти куруу образы мыйзамсыз диний окуулардын таасирине кабылган жаштар үчүн абдан кызыктуу, ал тургай адилеттүү көрүнөт. Экинчиден, адамдын же социалдык топтун позициясын өзгөртүүнүн эффективдүү социалдык механизмдери жок. Жаштар коомдун социалдык структурасына кошулганын сезишпейт, аларды кызыктырган социалдык лифттер (тепкичтер) алар үчүн жабык, алар өз жамааттарында чечим кабыл алуу процессине жетиштүү деңгээлде катышпайт, жергиликтүү бийлик чечимдерди кабыл алууда аларды укпайт же муктаждыктарын өз алдынча чечмелешет. Экономикалык туруксуздук жана товарлардын жана ресурстардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү, өзүн өзү жашаган коомчулук менен таанууга кызыгуунун жоктугун жаратат. Биздин оюбузча, бул негизги терс себептер азыркы Кыргызстандын шартында эң маанилүүлөрдүн бири болуп саналат.

Экономикалык ресурстардын бирдей эмес же адилетсиз бөлүштүрүлүшү жаш адамды чечим кабыл алуудан, анын жыргалчылыгын жогорулатуудан жана ишкердик өнүктүрүүдөн алыстатат. Жакырчылык жана технологиялык артта калуу жумушсуздукту жана аз акы төлөнүүчү эмгекти пайда кылат. Мындай шартта жаштардын, өзгөчө айыл жеринде жана айрым аймактарда, алардын

экономикалык абалын жакшыртууну убада кылган радикалдуу диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө кызыгууга чоң мүмкүнчүлүк бар. Жаштарды дин аркалуу улам өз жамааттарына тартуу менен экономикалык туруктуу жамааттар түзүлөт. Жаштарды ар кандай террористтик иштерге, согушууга көмөктөшүүгө тартышат, ошол эле учурда жаш адамдарды жалдоодо алар өлүмгө учураса алардын үй-бүлөлөрү жыргалчылыкта жашаарын, өзгөрүшү убада кылынат. Көпчүлүк мыйзамсыз диний уюмдар жетиштүү финансылык ресурстарга ээ болушу мүмкүн, анткени алар эл аралык булактардан абдан көп каржыланат. Андан кийин, мамлекеттик билим берүү системасы жана жарандык билим бүгүнкү күндө жарандык иденттүүлүктүн толук калыптанышында анча чоң эмес роль ойнойт. Жалпысынан орто кесиптик билим берүү системасы эскирген материалдык-техникалык лабораториялардан жана эскирген окутуу ыкмаларынан жапа чегип келет. Ишкерлер, жалпы эле кызыкчылыктын жоктугунан, кадрларды даярдоого инвестиция салууга даяр эмес.

Жогорку билим берүү системасы да жаштардын карама-каршылыктарга бай социалдашуусунан жапа чегип келет. Ресурстардын чектелүүлүгүнөн жана жарандык коомдун өнүгүүсүнө бирдиктүү көз караштын жоктугунан жарандык иденттүүлүктүн дүйнө таанымы калкка сиңирилбей жатат. Мунун көрсөткүчү жаштардын укуктук сабатсыздыгы. Элге билим берүү жана жарандык билим берүү тутумунун фонунда, өзгөчө аймактарда, радикалдуу диний уюмдардын диний билим берүүсү кабыл алуу көз карашынан алганда абдан жөнөкөй жана кызыктуу көрүнөт. Алардын окутуусу мамлекет туш болгон оор кырдаалдын себептерин жөнөкөй эле түшүндүрүп, учурдагы кырдаалдан чыгуунун так жана эффективдүү көрүнгөн чечимдерин сунуштайт. Ошентип, жарандык иденттүүлүктүн эффективдүү моделин калыптандыруу боюнча иш комплекстүү болуп, бирдиктүү коомчулукту, жарандык билим берүү жана элге билим берүү системасын түзүү процессин, ошондой эле ишкердик үчүн шарттарды жана ресурстарды калыптандыруучу факторлорду тийиштүү башкарууну камтышы керек. Бул өз ара байланышкан иштер менен шайкештик жаштарды уюштурууга,

мамлекетке каршы жана мыйзамсыз тенденциялардын ролун төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

Ошентип, бүгүнкү күндө жаштардын менталитети калыптанган социомаданий мейкиндик, бүтүндөй маалымат мейкиндиги көбүнчө ааламдашуу процесси менен аныкталат. Адамзат цивилизациясынын өнүгүшүнүн азыркы этабы дүйнөлүк процесстердин тез ылдамдашы, эл аралык турмуштун жогорку динамикасы, элдердин жана мамлекеттердин өз ара байланышынын жана өз ара көз карандылыгынын чыңдалышы менен мүнөздөлүүдө. Белгилүү немис социологу У. Бек мындай деп жазат: "Бир дагы өлкө же өлкөлөр тобу бири-биринен обочолонуп кете албайт. Экономикалык, маданий, саясий өз ара аракеттенүүнүн ар кандай формалары бири-бири менен кагылышат" [54, 383-б.]. Англиялык социолог Э.Гидденс ааламдашуу бир процесс эмес, бир катар процесстердин татаал айкалышы экенин белгилейт. "Алар карама-каршы, ал эмес ар кандай багытта өнүгөт. Көпчүлүк адамдар ааламдашуу – бул бийликти жана таасирди жөн эле жергиликтүү жамааттардын жана мамлекеттердин колунан тартып алып, эл аралык деңгээлге өткөрүү деп эсептешет. Суверендүү мамлекеттер мурда ээ болгон экономикалык ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн жоготуп жатышат. Мындай ааламдашуу тескери натыйжага алып келет" [89, 78-б.]. В.Г.Федотова, В.А.Колпаков, Н.Н. Федотова өңдүү окумуштуулардын айтымында ааламдашуу – бул "соңку жыйырма жылдыкта бирдиктүү дүйнөлүк рыноктун калыптанышынан (башкача айтканда глобалдык масштабда либерализмдин жеңиши), бүткүл дүйнөлүк маалыматтык ачыктыктан (Интернет), жаңы технологиялардын пайда болушунан турган социалдык өзгөрүү процесси деп эсептешет. Маалымат технологиялары, ошондой эле адамдар менен улуттар ортосундагы глобалдык маданий байланыштардын өсүшү" [97, 706-б.]. Ааламдашуунун башкы фактору билим берүүнү, илимди жана маданиятты өнүктүрүү болуп саналат дейт, Г.С. Таскаев: ааламдашуу бир катар тенденцияларды аныктайт: "дүйнөлүк идеологиянын өнүгүшү, дуйнөлүк тартипти орнотуу үчүн курч күрөш жүрүүдө, эл аралык уюмдардын санынын жана таасиринин капыстан өсүшү, улуттук мамлекеттердин суверенитетинин

начарлашы, тран эл аралык корпорациялардын пайда болушу жана өнүгүшү, эл аралык сооданын өсүшү, интенсивдүү массалык миграция жана көп маданияттуу жамааттардын пайда болушу, планетардык маалымат каражаттарын түзүү жана батыш маданиятынын дүйнөнүн бардык аймактарына жайылуусу" [264, 111-б.]. Дүйнөдө социалдык-маданий өзгөрүү болду деп жыйынтык чыгарсак болот, заманбап ааламдашуунун негизги параметрлери төмөнкүдөй өз ара көз карандылыктарды камтыйт: экономикалык, саясий, маалыматтык, коммуникациялардын глобалдашуусу, маданий ааламдашуу, коопсуздук жагынан өз ара көз карандылык, жалпы экологиялык коркунучтар. Тарых көрсөткөндөй, патриотизмсиз күчтүү, эркин мамлекетти түзүү мүмкүн эмес. Демек, патриоттук тарбия ар дайым өлкөнүн руханий, саясий жана экономикалык кайра жаралышынын, анын мамлекеттик коопсуздугунун булагы жана каражаты катары каралат [162, 115-б.]. Азыркы кыргыз коому өнүгүүнүн татаал этабын башынан өткөрүп жатат. Жаштарды террордук, экстремистик уюмдар өз катарына тартууну дайыма көздөп келишет. Патриотизм түшүнүгү улуттук аң-сезимдин негизги конструкцияларынын бири болуп саналат, андыктан ага экстремисттик сезимдер оңой тарбияланат. Көбүнчө патриотизм же ачыктан-ачык спекуляциянын же үстүртөн идеологиялык чечмелөөлөрдүн объектисине айланат [162 119-б.]. Жаштардын патриотизмге болгон мамилесинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо максатында биз борбор шаарыбыздагы жаштардын арасында 2021-жылы сурамжылоо жүргүздүк. Өлкөнүн калкын жалпы жарандык негизде консолидациялоо – Кыргыз мамлекетинин туруктуу өнүгүүсүнүн өзөгү. Кыргыз жаштарынын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу, анын калыптануу даражасы, жарандык идентификация процессинин факторлорун жана механизмдерин талдоо маселелери бүгүнкү күндө да илимий изилдөөлөр үчүн актуалдуу бойдон калууда. Заманбап кыргыз коому дагы эле бир катар трансформация жана модернизация процесстерин баштан кечирүүдө, анын натыйжаларынын бири көпчүлүк изилдөөчүлөр жана эксперттер тарабынан жазылган жарандык иденттүүлүктүн кризиси. Кыргыз мамлекетинин калкынын тилектештигинин жана консолидациясынын актуалдуу

маселесине байланыштуу жарандык иденттүүлүктүн структурасында патриотизмди талдоо өзгөчө мааниге ээ. “Патриоттуулук” жана “Жарандык иденттүүлүк” категорияларын талдоодо социологиялык теориянын негизги принциптерин колдонуу илимий изилдөөлөрдүн изилдөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, бул түшүнүктөрдү алардын өз ара байланышында жана социалдык көрсөткүчтөрдөн көз карандылыгында кароого мүмкүндүк берет. Бул тизмеден көрүнүп тургандай, жаштар жашоодо үй-бүлөлүк баалуулуктарга жана ден-соолукка эң биринчи байлык катары эсептейт. Жаштар материалдык баалуулуктарга, анын ичинде үй-бүлөлүк бакубаттуулукка жетишүүнүн каражаты катары жогору бааланат. Жаштардын мындай материалдык жана финансылык багыты түшүнүктүү: азыркы жаш муун өзгөрүү доорунда төрөлдү жана алардын балалыгы бүткүл постсоветтик мейкиндик үчүн оор жылдарга туура келди. 90-жылдардын балдары ата-энелеринин кантип рыноктук жашоо-шартка адаптацияланганын, түзмө-түз өз көздөрү менен көрүп калды, себеби негизги муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн минималдуу акча табууга аракет кылып жатканын жетиштүү көрүшү керек болчу. Эсте калган ошол жылдардагы кыйынчылыктар азыркы жаштарды стабилдүүлүккө, жетүү каражаты катары акчага умтулууга мажбурлайт.

Адеп-ахлактык баалуулуктар азыркы жаштардын негизги баалуулуктарынын тизмесине дээрлик кирген эмес, ал эми руханий жана маданий баалуулуктар акыркы саптарды ээлейт. Бул жаштардын баалуулуктар системасын биринчи кезекте жашоодогу ийгилик критерийлери менен шайкештештирүүсүнө байланыштуу. Адал жашаган жашоо, таза абийир, жөнөкөйлүк сыяктуу түшүнүктөр тилекке каршы экинчи планга өтүп баратат. Ошентип, заманбап жаштардын баалуулуктар системасы салттуу баалуулуктардын аралашмасы болуп саналат: үй-бүлө, ден - соолук, экономикалык, материалдык, диний коопсуздук жана ийгиликке жетүү менен байланышкан баалуулуктар, акча, көз карандысыздык, өзүн-өзү ишке ашыруу болуп чыкты. Алардын ортосундагы баланс дагы эле туруксуз, бирок, балким,

жакынкы он жылдыктарда анын негизинде коомдун баалуулуктарынын жаңы туруктуу системасы түзүлөт.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу проблемасынын актуалдуулугу жарандык коомду куруунун зарылчылыгы, ошондой эле мектеп окуучуларынын жана студенттердин, жалпы эле жаштардын көп маданияттуулукка карай өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн билим берүү социалдык-педагогикалык кырдаалдын өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Жаштардын жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы көп кырдуу адеп-ахлактык идеялардын системасын, сөз эркиндигин өздөштүрүүнүн негизинде көп маданияттуу коомдун жараны катары инсандын өзүн-өзү аңдоосунун натыйжасында, өзү жашаган коомдун активдүү куруучусу, жана ошол коомдун бүтүндүгүн камсыз кылууга багытталган нормалардын жана баалуулуктардын негизин камтыйт.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы төмөнкү структуралык компоненттерди түзүүнү камтыйт: 1) когнитивдик – жаш жаран өзү жашаган коомдогу бийликти, саясий партиялардын ишмердигин, алардын стратегиялык программаларын, коомду уюштуруунун укуктук негиздерин, коомдук-саясий окуяларды аңдап-билүү процессиндеги укуктук аң-сезим саналат; 2) эмоционалдык - баалоочу (коннотативдик), коомдук-саясий окуяларга өзүнүн мамилесинин болушу, өз көз карашын жана баасын так талаша билүү; 3) баалуулукка багытталган (аксиологиялык) - башка адамдардын укуктарын сыйлоо, сабырдуулук, өзүн-өзү сыйлоо, ар бир адамдын эркин жана жоопкерчиликтүү тандоо укугун таануу, коомдук турмуштун кубулуштарын кабыл алууга жана талдоого даяр болуу; 4) жүрүм-турумдук башкача айтканда окуу учурунда, жумушта, жашаган жеринде жана башка ушундай коомдук турмушка катышуу. Белгилүү орус окумуштуусу А.А.Леонтьевдин айтуусу боюнча: “өзүнүн этностук тобуна өз элине таандык болуу сезимдери, өзүнүн улуттук каада-салттарын жана өз элинин тарыхын сүйүү жана урматтоо, өзүнүн улуттук тилин жана улуттук маданиятын өздөштүрүүгө умтулуу; көп улуттуу кыргыз коомуна таандык болуу сезими, улуттук патриотизм менен байланышкан; маалыматтык коомдо, глобалдык экономика шартында дүйнө

коомчулугуна (жана анын бир бөлүгү катары) таандык болуу сезими, өз элинин жана өзүнүн көп улуттуу өлкөсүнүн тагдыры үчүн гана эмес, бүткүл дүйнө үчүн жоопкерчилик сезими” [199, 35-б.].

Ошентип, жарандык иденттүүлүктү белгилүү бир коомдук-саясий контекстте адамдын белгилүү мамлекеттик коомчулук менен өз ара байланышынын же иденттүүлүгүнүн аң-сезимдүү процесси катары кароо максатка ылайыктуу. Азыркы учурда жарандык иденттүүлүк биринчи кезекте өлкөнүн кызыкчылыктарынын айланасында консолидация фактору катары туура каралып жатат, ошондуктан анын жарандардын аң-сезиминде жана жүрүм-турумунда тамырлануу даражасы саясий жана руханий консолидациянын, ошондой эле жаңылануунун кепилдиги болуп саналат. Ошондуктан жарандык иденттүүлүктү, анын ичинде жаштардын эң билимдүү жана өнүккөн бөлүгүн – студенттерди өнүктүрүү маселесин чечүүгө көмөктөшүү, университеттин билим берүү мейкиндигинде жарандыкты калыптандыруунун эффективдүү технологияларын аныктоо жана жогорку мектеп мугалимдеринин бул багыттагы кесиптик компетенттүүлүгү. Жаштардын саясий активдүүлүгү жөнүндө айта турган болсок, ал, эреже катары, өзүнүн турмуштук проблемаларын чечүүгө жана келечектеги мамлекеттик маанилүү милдеттерге катышууга багытталган.

Ушул контексте заманбап студенттердин граждандык иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессин анализдеп көрсөк - жаштардын коомдук активдүүлүгү кандайдыр бир саясий же башка коомдук уюмга мүчөлүк менен байланышпайт. Маселен: студенттердин 1%дан ашпаганы саясий партияга таандык экенин айтышса, 10%га жакыны коомдук уюмдар менен байланышы бар экенин айтышат. Бул түшүнүктүү, анткени аздыр-көптүр активдүү саясий партиялардын жаштар канаты такыр иштебей калды акыркы күндөрдө. Ал эми студенттердин коомдук бирикмелеринин иш-аракети максаттарына жетүүдөгү биримдиктин жоктугу, аморфтук уюштуруу түзүмдөрү, студенттик жаштардын анча-мынча камтылышы, жасалган иштердин эпизоддуулугу менен айырмаланат.

Демек, жаштардын граждандык иденттүүлүгүнүн калыптанышында карама-каршы көрүнүштөр көп. Бирок жаштардын арасында алар ар кандай

ресурстарга жетүү үчүн  ар кандай атаандаштык күчөп баратат, ошол жаш муундардын арасында  коомго, саясий иштерге активдүү катышуу үчүн аракеттери  бар  (мисалы, акыркы мезгилде белгилүү бир консолидациялоочу орган - жаштар парламенти, жаштар коомдук палатасы жана башка ушул сыяктуу  жаштардын кызыкчылыктарын коргогон  уюмдарды уюштуруу аракеттери.  Жаштар  уюмдардын коомдо активдешүүсү ар кандай жаштар бирикмелеринин бири-бирине ыңгайлашуусуна, кызматташуунун жаңы формаларын издөөгө шарт түзөт. Алар акырындык менен бүгүнкү күндө иш-чараларды координациялоо, тажрыйба алмашуу, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу эң натыйжалуу натыйжаларга жетүүгө болорун түшүнүп жатышат.

Студенттер үчүн иш-аракеттин өзгөчө түрү катары баарлашуу, бири -бири менен тыгыз байланышта болушу  өзгөчө мааниге ээ. Коммуникация жаш инсандын өзүн-өзү актуалдаштыруусуна баа жеткис жардам берет. Жаш инсан өзүн-өзү  түшүнө алса, өз мүмкүнчүлүктөрүн баалай алса  жана башкалар менен байланышта гана өзүнүн  муктаждыктарын ишке ашыра алат. Студенттик жылдарда жаш адамдын инсандыгы үчүн курдаштары менен баарлашуу эң маанилүү жана актуалдуу фактор болуп саналат. Курдаштары менен баарлашууда жаш муундун  көз караштары, кызыкчылыктары, дүйнө таанымы, бири-бирин байытуу жагынан жакындыкка умтулат. Достор менен баарлашуу процессинде ал пикирлеш адамдарды, кызыктуу досторду табууга чечкиндүү боло алат. Студенттик коомчулукта баарлашуу өзүн-өзү ишке ашырууда жана өзүн актуалдаштырууда, студенттин инсандыгын өзүн-өзү аныктоодо баа жеткис жардам берет. Жаштар жогорку курстарда өмүрлүк өнөктөш издөө менен байланышкан интимдик жана жеке мамилелердин алдыңкы сабына чыгышат. Ошондой эле студент үчүн өзүн-өзү таануунун жана өзүн-өзү ырастоонун маанилүү чөйрөсү мугалимдер менен баарлашуу процесси болуп саналат. Студенттер компетенттүүлүктү, кесипкөйлүктү, патриоттуулукту, гуманизмди жана чынчылдыкты баалайт, алар мугалимдердин өз жөндөмдүүлүктөрүн жана жөндөмдөрүн баалоосуна өтө сезимтал болушат жана аларды келечектеги

мүмкүнчүлүктөрдү баалоо катары кабыл алышат. Мугалимдер жана насаатчылар жогорку курстарда студенттин жашоосунда маанилүү ролду ойной башташат, ар кандай байланыштар практикага багытталган чөйрөгө таасир эте баштайт. Кийинки көйгөй – билим берүүнүн жалпы сапаты, билим берүү системасы, анын ааламдашуу процессинин заманбап чакырыктарына канчалык шайкеш келиши жана жаштардын билимге болгон мамилеси. Белгилүү болгондой, жаштар эбегейсиз интеллектуалдык потенциалдын жана чыгармачылык үчүн өзгөчө жөндөмдүүлүктөрдүн алып жүрүүчүлөрү болуп саналат.

Инсан жаш кезинде билимге, жаңы тажрыйбага жана жөндөмдүүлүктөргө оңой ээ болот, чыгармачылык ишмердүүлүккө, эвристикалык гипотезаларды түзүүгө мүмкүн. Демек, азыркы илим менен техниканын прогресси биринчи кезекте жаштар менен байланыштуу. Жаштар илим менен техниканын ар кандай тармактарында интеллектуалдык ишмердүүлүктүн эң татаал ыкмаларын өздөштүрүү болуп саналган билимди жана анын жогорку формаларын кабыл алуу үчүн ачык. Жаштар өздөрүнүн жалпы билим деңгээлин жогорулатууну социалдык прогресстин маанилүү шарты деп эсептешет. Жаштардын баалуу сапаты – алардын улуу муундарга салыштырмалуу билим деңгээли инновациялык тажрыйбаларга бай. Заманбап дүйнөдө жаштардын баалуулугу билим берүүнүн жана кесиптик даярдоонун кеңейишинен улам өсүп жатат. Бүгүнкү күндө жогорку билим берүү жооптуу миссияны аткарып, өлкөнүн өнүгүүсүнүн негизги улуттук артыкчылыктарынын бири болуп саналат. Өлкөдө жогорку билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы өлкөнүн Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамынын жоболоруна негизделген жана туруктуу, өмүр бою билим берүү жана билимди ааламдаштыруу концепцияларын эске алуу менен түзүлгөн. Асанова У.А. “Билим – бул адамдын төрөлгөнүнөн өзүнүн жашоосунун акыркы күнүнө чейинки прогрессивдүү линиясы” деп жазат [39, 218-б.]. Ошентип, жаңы шарттарда коомдун ийгиликтүү иштешинин маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп ааламдашуу жана рынок мамилелеринин талаптарына жооп берген жаңы адистерди даярдоо саналат.

Корутунду жана сунуштарегизинен билим берүү системасы интегралдык баалуулуктун өзөгүн түзөт жана билим, илим, инновация аркылуу жаштар кыймылы өнүгөт. Кыргыз Республикасынын биримдигин жана бүтүндүгүн чыңдоо, мамлекеттеги элдеринин ортосундагы достук мамилелерди сактоо жана өнүктүрүү; Кыргызстанда жашаган этностордун улуттук маданияттарын жана тилдерин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, ар кандай улуттагы жана рассалардагы адамдарга, алардын маданиятына жана каада-салттарына гумандуу, урмат-сый менен мамиле кылуу; билим процессинде айкалыштыруу улуттук, граждандык, патриоттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды пропагандалоого ылайкташкан жаштардын уюмдарынын келечеги бар. Жаштар кыймылы өзүнө күчтүү инновациялык, маданий чөйрөнү жаратуу потенциалын камтыйт. Акыркы отуз жылдан ашык мезгилде кыргыз коомунун бардык чөйрөлөрүндө түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр болду. Жаштардын арасындагы коомдук кыймылдар олуттуу трансформацияланып, жаңы түргө ээ болушту. Бүгүнкү күндүн талабы - бул жаштарды белгилүү идеологиянын алкагында тарбиялоо керек, анткени, ал процесс өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуучу негизги факторлордун бири. Элдик каада-салттар, үрп-адаттар, реалдуулуктан улам пайда болгон жаңы баалуулуктар жаш кыргызстандыктардын турмушундагы жана ишмердүүлүгүндөгү азыркы учурдун талабы. “Мен Кыргызстандын жаранымын” деген инсанды тарбиялоо, ар бир жаш адам өз мекенинде өзүн патриот катары сезиши үчүн, Кыргызстандын келечеги, модернизация процесстеринин маанисин, жаштар аңдап билиши керек. Жаштардын инициативалары мамлекет тарабынан колдоого алынып турушу керек. Эртең татаал жана ар түрдүү тармактарга иштей турган жаштарда чыныгы дүйнө, сый-урматка негизделген дүйнө тааным калыптанышы мыйзам ченемдүү көрүнүш болушу керек. Жаштарга жаңы шарттарга көнүүгө гана эмес, ошондой эле, эң негизгиси, аларды демократиялык, либералдык баалуулуктардын маңызын аңдап түшүнүүгө мамлекетте шарт түзүлүшү керек.

# 4-БАП

# КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНУУ ПРОЦЕССИНДЕ МАМЛЕКЕТТИК ЖАШТАР САЯСАТЫНЫН ОРДУ

## 4.1. Кыргызстанда жаштарды коомдук-саясий турмушка тартуунун мыйзамдык-укуктук негиздери

Кыргыз Республикасынын Конституциясы жаштардын коомдук саясий турмушка тартылуусунда негизги түздөн-түз колдонулуучу документ болуп саналат [1]. Көз карандысыздык жылдарында Кыргызстанда жаштар саясатын жүзөгө ашыруу үчүн укуктук - ченемдик документтер негизинен түзүлүп келе жатат [2; 3; 4; 12; 13; 16; 18; 19; 23; 24]. Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин кепилдейт, жаштар чөйрөсүндөгү саясатты ишке ашырган мамлекеттик бийлик органдары бул иштин айрым принциптерин кармануга тийиш: биринчиден, мамлекет адистештирилген органдар аркылуу ишке ашырылуучу мамлекеттик башкаруунун административдик-укуктук механизмин түзөт, жаштардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат; экинчиден, мамлекет жаштарга төрөлгөндөн баштап белгилүү бир жашка чейин колдоо көрсөтүүнүн артыкчылыгын түшүнөт, бул колдоо социалдык, маданий, руханий жана дене-бой жактан өнүгүүдө көрсөтүлөт; үчүнчүдөн, мамлекет жаштарга билим алууда, жумуш издөөдө, өз ишин (ишкерликке, бизнес) түзүүдө жана башка учурларда жардам берет; бешинчиден, мамлекет жаштар мамлекеттик жана коомдук турмуштун негизги чөйрөлөрүндө иш процессинде алардын конституциялык укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруусу үчүн жеке жоопкерчилик тартышы үчүн укуктук механизмди түзөт; алтынчыдан, регионалдык, аймактык жана коммуналдык ар кандай баскычтарында бирдиктүү мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт; жетинчиден, мамлекет жаш адамга үй-бүлө курууга, коомдук маанилүү демилгелерди ишке ашырууга, белгилүү өлчөмдөгү социалдык кызматтарды алууга шарт түзөт. Мамлекетибизди өнүктүрүүнүн

азыркы этабында жаштарга жана жаш муунга карата мамлекеттин саясаты чөйрөсүндө мыйзам актыларынын кеңири базасы түзүлдү. Ошентип, мамлекеттик жаштар саясатын жүзөгө ашыруунун негизги принциптери мыйзам менен белгиленген, мамлекет менен жаштардын мамилелери аныкталган, жаштар бирикмелеринин эркин өнүгүшүнө кепилдик берилет, жаштардын өзгөчө укуктук статусу, алардын негизги милдеттерин ишке ашыруунун кепилдиктери да аныкталат. Учурда Кыргызстанда болжолдуу эсеп менен алганда 500 гө жакын жаштар жана балдар уюмдары иштейт. Бул жерде айта кетүүчү нерсе формалдуу эмес жаштар уюмдары жана кыймылдары боюнча статистиканы камтыбайт, алар да өз иш-аракеттеринде абдан активдүү.

Учурда Кыргыз Республикасында 2020-2030-жылдарга жаштар саясатынын концепциясы иштелип чыкты – бул стратегиялык документ болуп саналат, ал документте жаштарды өнүктүрүүдөгү чакырыктар, максаттарды, приоритеттердин бардыгы иштелип чыкты [4;16]. Жаштардын коомдогу активдүүлүгү COVID-19 күчөп турганда Кыргызстадын жаштары дүйнөдө болуп көрбөгөндөй , ыктыярчылар топторун уюштуруп, элге, мамлекетке колдоо көрсөтүү үчүн өзгөчө кырдаалдарда иш алып барышты. Кырдаалдын өзгөчөлүгүнөн, курчтугунан улам, жаштар өлкөдөгү волонтердук кыймылдын негизин түзүп, ар кандай багыттар боюнча жардам уюштурушту (гуманитардык жардам берүү, медициналык персоналга көмөктөшүү, психосоциалдык жардам көрсөтүү, балдарга, муктаж үй-бүлөлөргө жардам уюштуруу). Жаштар кыймылдары тууралуу маалыматтар акыркы учурда жетишсиз жана көбүнчө жаштар, алардын конкреттүү кыймылга же уюмга таандыктыгы жөнүндө эч кандай конкреттүү маалыматты бербейт.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде белгиленген эмгек рыногунда жаш адамдын кызыкчылыгын коргойт [17]. Мамлекет тарабынан жаштарга төмөнкүдөй кепилдиктер каралган: жумуш орундарын ээлөө; мамлекеттик кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө биринчи жумуш ордунун кепилдиги; жашы жете электердин эмгек акысы жумуш убактысынын кыскартылган узактыгы менен бирдей жана башка бир катар жоболор

бекитилген. Өлкөбүздүн ар бир жаш жараны келечектеги кесипти, окуу жайды, өз күчү менен жөндөмүн колдонуу менен тандап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, көрүлгөн чаралардын аркасында жыл сайын окуу жайды аяктагандан кийин биринчи жумуш ордун алган бүтүрүүчүлөрдүн саны өсүүдө. 2006-2008-жылдарга жаштарды өнүктүрүүнүн "Жаштык" улуттук программасы жана анын базасында түзүлгөн "Кыргызстан жаштары" программасы иштелип чыгып, ишке ашырылды [21; 22]. Бирок бул эки программа тең жакшы жыйынтык бере алган жок. Бүгүнкү күндө жаштарды коомдук активдүүлүккө тартууда эл аралык Кызыл Жарым коому жаштардын арасында ар кандай иштерди алып барат, калкка ар кандай багытта жардам көрсөткөн гуманитардык уюм катары, 7 облустук, 1 шаардык жана 38 райондук филиалдары бар, алар өлкөдөгү эң биринчилерден уюштурулган гуманитардык уюм болуп саналат. Төрт негизги багытта иштейт: саламаттыкты сактоо, өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүү жана жооп кайтаруу, социалдык жактан аярлуу топторго жардам берүү, уюштуруучулук өнүгүү жана эл аралык мамилелер. БУУнун Балдар фонду жылына бир же эки жолу ЮНИСЕФтин 16 жаштан 80 жашка чейинки ыктыярчылар тобуна кабыл алууну жарылайт. Волонтерлордун ишмердүүлүгү мектептерде профилактикалык иштерди жүргүзүүгө жардам берүү, мектептерде зордук-зомбулуктун алдын алуу, мектеп окуучуларын пандемия жана өзгөчө кырдаалдар мезгилиндеги аракеттер жөнүндө агартуу кампанияларын колдоо, иммунизациялоо боюнча кампанияларды илгерилетүү, балдардын укугун коргоочу катары иш алып баруу болуп саналат.

Кыргызстан социалдык мамлекет катары жаштарды колдоого, өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары жаштардын потенциалын ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу социалдык-экономикалык шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттик мүнөздөгү ар кандай иш-чараларды көрүп жатат. Кыргыз мамлекети бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен жаштардын активдүү демилгелерин мамлекеттик колдоонун натыйжалуу механизмдерин түзүүгө аракет кылууда, кээде бир учурда жаштарга терс таасирин тийгизген ааламдашуунун терс таасирлеринен жаштарды коргоо чараларын көрүп,

жаштардын өткөн, азыркы жана келечектеги кыргызстандын мамлекеттүүлүккө, социалдык-жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандырып жаткандыгын белгилей кетүү керек. Азыркы учурда кыргызстандын мамлекеттик органдары тарабынан жаштарды социалдык жактан колдоо, алардын билим алуусу жана тарбиялоосу жаатындагы коомдук мамилелерди майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салуучу көптөгөн ченемдик укуктук актылар кабыл алынган. Аталган ченемдик документтердин жыйындысы кыргыз мамлекетинин жаштардын укуктарын коргоонун заманбап эл аралык концепциясына көп жагынан шайкеш келген активдүү жаштар саясатын жүргүзүүсү экендигин билдирет. Мамлекеттик жаштар саясатынын өнүгүү деңгээли анын укуктук-ченемдик жактан камсыздоосунан шартталат. Жаштар саясатынын фундаменталдуу негиздери болуп: “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы”[2], “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө мыйзамы”[3], “Кыргыз Республикасынын 2020-2030-жылдарга Жаштар концепциясы”[4], “2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы”[5], “Кыргыз Республикасынынын тышкы миграциясы жөнүндө мыйзамы”[8] жана башка көптөгөн мыйзамдарга таянуу менен жаштардын арасында ар кандай иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жаштардын жашоо турмушуна тиешелүү бир катар башка мыйзам актылары, токтомдор, жарлыктар иштелип чыккан, чыгууда. Бирок, ал мыйзамдардын ишке ашыруунун натыйжалуулугу башка дагы экономикалык, социалдык факторлор менен байланышкан. Республиканын региондорундагы жаштардын салыштырма салмагы бирдей эмес жана Нарын облусунда 27,9% дан Ош шаарында 36,1% га чейинкини түзөт. Кыргызстанда жаштардын үчтөн экиси айыл жеринде жашашат. Жаштардын саясий укуктары саясий катышууну өнүктүрүүнүн, жаш кыргызстандыктарды мамлекеттик иштерге активдүү катыштырууга ар кандай иш-чаралалар жүргүзүлүүдө. “Мамлекеттик жаштар жөнүндөгү мыйзам” Кыргызстанда жаштар үчүн мамлекеттик колдоо уюштуруу жана жаштардын коомдогу укуктук орундарын белгилейт. Аталган мыйзам актысы

жаштардын, жаштар бирикмелеринин иштеши, алардын калыптанышы жана өнүгүшү, жаштардын укуктарын жана кызыкчылыктарын мамлекеттик жана коомдук коргоо үчүн шарттарды түзүү максатында мамлекеттик бийлик органдары тарабынан көрүлүүчү чараларды аныктайт [3]. Жалпысынан алганда, жаштарды ар тараптан колдоого багытталган конкреттүү мамлекеттик чараларды аныктайт, алардын катарына маалыматтык камсыздоо, жаштар үчүн кадрларды кесиптик даярдоо, мамлекеттик органдар, жаштар тарабынан иштелип чыккан долбоорлорду колдоо, жаштар уюмдары жана бирикмелери уюштурган иш-чараларды комплекстүү каржылоо болуп саналат. Жогоруда биз, белгилеген, аталган юридикалык документтерде жаштар саясатын жүргүзүүгө базалык мамилелер аныкталган, жаштардын потенциалын өнүктүрүүнүн стратегиялары жана негиздери бекитилет, таланттуу жаштарды мамлекеттик колдоо чаралары иштелип чыккан, билим берүү, дене - тарбия жана спорт, квалификациялуу жаш адистерди даярдоо, жаштарды ийгиликтүү кесиптик ишке ашыруу үчүн илимий базаны түзүү чөйрөсүндө мамлекеттик жаштар саясатынын негизги багыттары белгиленет. Бирок ошол эле учурда жаштардын социалдык-демографиялык топ катары мамлекеттик жаштар саясатын жүзөгө ашырууга жана мамлекеттин иштерин башкарууга катышуусун негиздеген мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын жетишсиздиги туралуу белгилеп кетүү зарыл, азыркы учурда мамлекеттик жаштар саясатын жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар кыргыз коомунда жаштардын укуктук абалын камсыз кылууга арналган бирдиктүү мамлекеттик мыйзам иштелип чыгышы зарыл. Ааламдашуу күч алып, маалыматтык коом өнүгүп, постиндустриалдык коомдун шартында жаштар мамлекеттин жана саясий партиялардын жаштар саясатынын объектисинин позициясына канагаттанбайт, бул түшүнүктүү көрүнүш жана жаштар өздөрүнүн саясий субьективдүүлүгүн талап кылууда барган сайын активдеше баштады. Кыргызстандагы жаштар кыймылдарын, алардын социалдык-саясий жана социалдык-экономикалык процесстерге катышуу деңгээлин, идеологиялык өзгөчөлүктөрүн, жалпысынан диний жамаат жана айрым диний топтор менен

болгон мамилесин, ошондой эле алардын коомдук-саясий кырдаалга тийгизген таасири сыяктуу көйгөйлөргө арналган илитөөлөр байма-бай өткөрүлүүдө. Бирок ошол эле учурда ал иликтөөлөрдөгү практикалык сунуштар көп учурда эске алынбай келет. Кыргызстанда жаштар кыймылдарынын жана жаштардын коомдук процесстерге катышуу практикасынын салмактуу көп түрдүүлүгү бар. Ошентсе да, жаштар жөнүндө маалыматтарды чогултуу процесстери, алардын демилгелеринин маңызы, муктаждыктары жана керектөөлөрүн канааттандыруу жана демилгелерди ишке ашыруу практикасы, жаштар чөйрөсүндөгү иштин реалдуу абалы жөнүндө маалыматтар акыркы учурда басаңдап кеткен. Жаштар көп түрдүүлүк түшүнүгүнүн алкагында уюшулушкан, бул Кыргызстандагы демократиялык процесстердин түздөн-түз натыйжасы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин маалыматы боюнча өлкөдө 500 жакын жаштар уюму катталган. Бул көрсөткүч кыймыл активдүүлүгүнүн реалдуу көрсөткүчтөрүнөн бир нече эсе көп, ошондой эле формалдуу эмес жаштар уюмдары жана кыймылдары боюнча статистиканы камтыбайт, алар да өз иш-аракеттеринде абдан активдүү. Кыргызстанда болуп өткөн революцияларда жаштарды курал катары тажрыйбалуу саясатчылар колдонуп келди, азыркы күндө жаштар түшүнүп калды, алар мындан ары ар кандай саясий акцияларда чоңдордун, улуу муундун өкүлдөрүнүн аларды пайдаланышынына жол беришпейт деп ишенебиз, алардын колундагы марионет болгусу келбейт. Ошондуктан бүгүнкү күндө көптөгөн активист жаштар саясаттан алыстай баштады, ушул контексте өткөн чакырылыштардагы Жогорку Кеңештеги депутаттардын жаш өзгөчөлүгүн талдоо көрсөткөндөй, парламентте ар кандай курактагы топтор бар, бирок салыштырмалуу көпчүлүгүн (43%) 38-50 жаштагылар түзөт. Экинчи орунда 51-60 жаштагы депутаттар (33%), 35 жашка чейинки курактык квотадан өткөн жаштар 13% түзүп келген. Жаштарды коомдун активдүү мүчөсү катары социалдаштырууда, мыйзамдык-укуктук база жана мамлекеттик жаштар саясаты айкалышта болушу абзел. Бир жагынан, жаштар саясаты-бул жаш муундун социалдашуусуна жана социалдык өнүгүүсүнө таасир этүү максатын көздөгөн мамлекеттин, саясий партиялардын,

коомдук бирикмелердин жана социалдык мамилелердин башка субъекттеринин иши деп түшүнсө болот. Экинчи жагынан, жаштар саясаты  бул саясий турмуштун тигил же бул субъектисинин жаштарга карата идеяларынын, иш-чараларынын, мекемелеринин, кадрларынын тутуму, алардын максатын жаштардын өзүнүн саясий багытын колдоо деп түшүнөбүз.

Жаштар саясатынын субъекттери ар кандай коомдук күчтөр болушу мүмкүн, Кыргызстандын мисалында  саясий партиялар жана коомдук уюмдар укуктук мүмкүнчүлүктөр менен чектелген, бирок баалуулуктар жана идеалдар аркылуу жаштардын аң-сезимине таасир эте алышат [13; 14]. Мамлекет, тескерисинче, укук тутумуна таянат, бирок баалуулуктар жана идеалдар тутуму аркылуу таасир этүү мүмкүнчүлүгү аз. Мамлекеттик жаштар саясаты  - бул жаш адамдын өзүн-өзү ишке ашыруусу жана жаштар бирикмелерин, кыймылдарын жана демилгелерин өнүктүрүү үчүн укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук шарттарды жана кепилдиктерди түзүүгө багытталган мамлекеттин иш-аракети. Конкреттүү тарыхый, социалдык жана саясий шарттарга жараша, жаштар саясаты концепциясы жана ишке ашыруу ыкмалары боюнча олуттуу айырмаланышы мүмкүн. Ошого карабастан, мамлекеттик жаштар саясаты көп мамлекеттерде коомдук саясий кубулуштун окшоштугунун айрым параметрлерин аныктоого мүмкүндүк берген айрым өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт. Мамлекеттик жаштар саясаты деген түшүнүк - бул өткөн кылымда пайда болгон көрүнүш деп белгилейт, орус окумуштуусу В.А. Луков [205, 79-б.], мунун үч негизги себеби болгон. Биринчиден, бул коомдук-саясий көрүнүш мурда калыптана алган эмес, анткени жаштар социалдык өнүгүүнүн жетиштүү “өзгөчө”  продуктусу болуп саналат. Адам жашоосундагы ортоңку баскыч катары жаштык жөнүндө сөз кылууга азыркы учурда, заманбап (индустриалдык) коомдордун калыптанышы менен  шартталды.  Экинчиден, Батыш Европа өлкөлөрүндө социалдык-саясий күрөштөрдө XIX кылымда жаштардын орду өзгөчө болгон. Ушундай тарыхый объективдүү коомдук  өзгөрүштөрдөн кийин ар кандай мамлекеттердин жаштардын  көйгөйлөрүнө көңүл буруусу күчөй баштаган. Бул жагдай Европа өлкөлөрүнүн мамлекеттерин  жана өкмөттөрүн

жаштарга өзгөчө көңүл бурууга жана бул чөйрөдө “козголоңчул” маанайдын өсүшүнө жол бербөө чаралары  жөнүндө ойлонууга мажбур кылган. Мисалы, 1839-жылы Пруссияда заводдордогу жаш жумушчулардын эмгегин жөнгө салуу кабыл алынган,  бул иштер  менен катар кедей-кембагалдарга христиандык жардам чаралары көрүлүп, жашы жете электерди көзөмөлдөө системасы иштелип чыккан.  Андан кийинки коомдук өнүгүүдө, жаштарга кам көрүү жана аларды көзөмөлдөө идеялары коомдун жаш мүчөлөрүнө жардам берүү концепцияларында пайда боло баштаган.  Өлкөбүздөгү жана чет өлкөлөрдөгү жаштардын көйгөйлөрүнө илимий коомчулуктун да, мамлекеттердин да кызыгуусунун жаңы айлампасы 1960-жылдардан баштап катталган. Биздин оюбузча, мындай көрүнүшкө себеп,  согуштан кийинки мезгил Европа өлкөлөрүнө, Советтер Союзуна гана эмес, экинчи дүйнөлүк согушта жоготуулары  азыраак болгон АКШга да таасирин тийгизген жаңы социалдык шарттарды жаратты. Бул шарттар мурда болуп көрбөгөндөй сапаттык жактан айырмаланган. Биринчиден, согуштан кийинки жылдарда экономиканы калыбына келтирүү өнөр жайдын тез өнүгүшүнө түрткү болду, бул өз кезегинде мамлекеттик деңгээлде жогорку квалификациялуу кадрларга болгон муктаждыкты жаратты.

Бүгүнкү  күндө саясий элитанын түп тамырынан бери өзгөрүшүнүн, жаштарга карата  камкордуулуктун жаңы шарттары жаралган учурда  гана жаштардын арасынан эң жөндөмдүү менеджерлер, уюштуруучулар, келечектеги журт башчылары, жөн гана коомдогу патириот адамдардын жаңы мууну  менен жаңыланышы мүмкүн. Бул келечектеги элитаны калыптандыруучу институттарды жана элитанын өзүнөн мындай институттарды колдоону талап кылат.  Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн  активдүүлүгүнө, позитивдүү маанайда болушунда, биз аларга: Сиз үчүн жашоодогу эң негизги түшүнүктөр кайсы?,  деген суроого төмөндөгүдөй жооп алганбыз.

Диаграмма № 4.1.1. **Сиз үчүн жашоодогу эң негизги түшүнүктөр кайсы?,** деген суроого төмөндөгүдөй жооп алганбыз.




Негизинен, жаштар, бүгүнкү күндө партриоттуулукту туу тутат, бул абдан жакшы баалуулук, социалдык калыстык, коомдук тартип болсо, жаштар өзүн толук өзүлөрүн ишке ашыра алат, коомго жигердүү пайдасы тийет. Элита саясаттын негизги функциясы коомдун өнүгүүсүнүн үзгүлтүксүздүгүн жана жаңылануусун камсыз кылуу экенин түшүнүшүбүз шарт. Социалдык лифт системасынын жоктугу, толук иштелип чыкпагандыгы элитанын жаңылануусуна жол бербейт. Демек, эч кандай “кадрдык резерв”, “премьер-министрлердин резервдик тизмеси”, “резервдик жаштар өкмөттөрү” олуттуу өзгөрүүлөргө алып келбей жатат. Жалпысынан саясий элитаны эки чоң топко бөлүүгө болот: мамлекеттик кызматкерлер (бюрократтар) жана депутаттар (саясатчылар), Кыргызстанда жогоруда биз белгилеген эки топто тең толук

кандуу жаңылануу системасы жок. Бул өзгөчө жогорку эшелонго тиешелүү, ал жерде ротация үзгүлтүккө учурап, кырдаалга жараша болот, бир орун бош болуп калды, демек, алмаштырууну шашылыш түрдө издеп калышат. Ошол эле учурда тигил же бул адамдын жогорку кызматка дайындалышынын негизги партиялардын тизмесине кирүүсүнөн, ошол партиянын лидерлеринин маанайына көз каранды. Ушундай негативдүү көрүнүштөрдүн кесепетинен саясатта жаркын, таланттуу жаштар көз жаздымында калып келүүдө.

Кыргызстанда эгемендүүлүк жылдарында жаштар менен системалуу түрдө бир дагы ведомстволук, министирлик иш алып барган жок, айталы дегенибиз отуз жылдан ашык убакыт ичинде мамлекеттик жаштар органдарынын түзүмүндөгү өзгөрүүлөр өтө эле көп болду. Тактап айтканда төмөндөгү өзгөртүүлөрдү белгилөөгө болот:

2004-жыл, КРнын Туризм, Спорт жана жаштар саясаты боюнча мамлекеттик комитетинин алдындагы Жаштар иштери боюнча департаменти.

2005-жыл, КР Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы "Жаштар иштери боюнча департамент".

2007-жыл, КР Өкмөтүнө караштуу Дене тарбия жана спорт, жаштардын иштери жана балдарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин "Жаштар иштери боюнча департаменти".

2009-жыл, КР Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин алдындагы "Жаштар иштери боюнча департаменти".

2010-жыл, КР Убактылуу Өкмөтүнүн "КР Жаштар иштери боюнча министрлигин түзүү жөнүндө" Декрети (№26, 26.04.2010).

2012-жыл, Кыргыз Республикасынын "Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги" (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 20-февраль 2012-жыл №122).

2013-жыл, Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги (КР Өкмөтүнүн токтомдорунун редакциясында 3-декабрь 2012-жылдын № 810, 24-январь 2013-жыл № 32, 22-апрель 2013-жыл № 212).

2024-жыл, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги.

Корутунду жана сунуштар: Бул бөлүмдө каралган көйгөйлөр жаштарды коомго активдүү аралашуусунда мыйзамдык-укутук базаны жана жаштар менен иш алып барган министрликтин отуз төрт жылдын ичинде кандай өзгөрүүлөргө туш болгонуна тарыхый анализ жүргүздүк. Негизинен өлкө жетекчилери биринчи жана кийинки президенттер, жаштардын көйгөйлөрүнө кайдыгер карабагандыгын белгилей кетүү керек. Отуз жылдан ашуун мезгил ичинде тиешелүү жаштар саясатын ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу аракеттери көрүлүп келди, ошону менен бирге көпчүлүк учурда мамлекеттик бийлик түзүмүнүн жаш кыргызстандыктарга болгон камкордугу көбүнчө кагаз жүзүндө калып, сөз менен айтылып, бул багыттагы чыныгы ишмердүүлүгүнө дал келбей калган. 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын жаңы Концепциясында артыкчылыктуу багыттар так көрсөтүлгөн. Жаштар азыркы учурда мамлекетти өнүктүрүүнүн стратегиялык ресурсу болууда, алар эбегейсиз социалдык-экономикалык, маданий, чыгармачыл жана илимий потенциалга ээ деп белгиленет. Мамлекеттик жооптуу чечимдерди иштеп чыгууга жана кабыл алууга жаштардын тең укуктуу катышуучу катары активдүү катышуусун кеңейтүү жөнүндө белгиленген. Жаштар саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча иш-аракеттерди координациялоонун иерархиясын жана механизмдерин түзүү, анын ичинде конкреттүү милдеттерди аткаруу үчүн жеке жоопкерчиликти конкреттүү структураларга жүктөө. Жаштар тууралуу маалыматтарды чогултууну жакшыртуу, улуттук статистика комитети жана башка ведомстволор аралык маалыматтарды алмашууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүү керектиги так айтылган. Мындай маалымат алмашуу билимдеги кемчиликтерди аныктоого багытталат жаштардын муктаждыктарын өз убагында аныктайт, алардын көйгөйлөрүнүн приоритеттерин аныктайт.

Негизинен, мамлекеттик жаштар саясатынын максаты жаштардын ийгиликтүү социалдашуусу жана өзүн-өзү натыйжалуу ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзүү, жаштардын потенциалын өнүктүрүү жана аны өлкөнүн

инновациялык өнүгүүсүнүн кызыкчылыктарында пайдалануу болуп саналат. Тез өзгөрүп, өнүгүп жаткан дүйнөдө, кандай гана мамлекет болбосун, анын жаштары стратегиялык артыкчылыктар негизги алып жүрүүчүсү болуп өнүгүүнүн инновациялык потенциалын натыйжалуу алып жүрүүчүсү, катышуучусу болгондо андай коом өнүгө алат. Мамлекеттик жаштар саясаты, мыйзамдык-укуктук нормалары, жарандык коомдун институттары, коомдук бирикмелер жана жаштар уюмдары коомдо, дүйнөдө болуп жаткан чакырыктарга жооп бере алгандай даярдыктарды камсыз кылышы керек.

Жыйынтыктап айтканда, жаштарды социалдык практикага тартуу жана аны өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо, жаштардын илимий, чыгармачыл жана ишкердик активдүүлүгүн колдоону камсыз кылуу - бул иштер мамлекеттик деңгээлде уюштурулушу керек. Жаштардын коомдогу жашоо маселелеринин (ден соолук, спорт, билим берүү, турак-жай, эс алуу, эмгек, карьера, коомдук турмуш, үй-бүлө, эл аралык мамилелер, башка чет өлкөлөрдө жашап, иштеп жаткан жаш мекендештердин жашоосу), мамлекеттик көзөмөлдү талап кылат. Коомдук жашоонун бардык спектри боюнча маалымдоо системаларын жана социалдык агартуу программаларын өнүктүрүү керек. Жаштарга маалыматтык-консалтингдик жардам көрсөтүү, актуалдуу маалыматты издөөдө, колдонуу, айылдык жана алыскы райондордо жашаган жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн теңдештирүүчү атайын долбоорлорду иштеп чыгуу, жаштар үчүн түзүлгөн шарттар жана берилүүчү мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу. Жаштарды эмгекке жана экономикалык ишмердүүлүккө, анын ичинде эмгек бирикмелеринин, студенттик отряддарды жандандыруу жана ага жаштарды тартуу, жаштардын эмгек биржаларын жана жаштарды иш менен камсыз кылуунун башка формаларын өнүктүрүүнүн инновациялык жолдорун издөө, жаштарды эмгекке максималдуу ийкемдүү тартуу үчүн укуктук-ченемдик базаны өркүндөтүүнүн жана анын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуунун натыйжалуу моделдерин жана формаларын өнүктүрүү. Жаштардын региондор аралык жана эл аралык өз ара аракеттенүүсүн

колдоо (тематикалык слеттер, жайкы, кышкы лагерлер жана фестивалдар, илимий-практикалык жана бизнес-конференциялар, дискуссиялык клубдар, пленэрлер), Кыргыз элинин түпкү маданий баалуулуктарын жана дүйнөлүк маданияттын баалуулуктарынын өздөштүргөнгө көмөктөшүү, жаштар ишкердигин, анын ичинде экономиканын инновациялык секторлорунда колдоо программаларын ишке ашыруу керектиги - ал эми бул иш-чаралардын бардыгы күчтүү мыйзамдык-укуктук базанын негизинде жана атайын материалдык-финансалык колдоонун негизинде ишке ашат.

## 4.2. Кыргызстанда жаштарынын саясий, укуктук иденттүүлүгүнүн калыптаныш өзгөчөлүктөрү

Саясий, укуктук иденттүүлүк жаш инсандын саясий аң-сезиминин анын жүрүм-турумун жана анын коомдогу социалдык ар кандай топтор менен өз ара аракеттенүүсүн, мамиле түзүүсүн аныктоочу көрсөткүчү болуп саналат. Жеке адамдын иденттүүлүгүнүн жалпы элементи катары саясий иденттүүлүк этникалык, расалык, аймактык, улуттук, жарандык, улуттар аралык, диний, конфессиялык, кесиптик, гендердик жана иденттүүлүктүн башка түрлөрү менен өз ара аракеттенет. Саясий иденттүүлүк - бир жагынан жаштардын саясий системага, институттарга жана процесстерге болгон мамилесин калыптандыруучу, экинчи жагынан саясий технологиялардын таасири астында пайда болгон татаал коомдук көрүнүш [37, 6-б.; 93, 135-б.; 109, 47-б.]. Саясий иденттүүлүк мамлекеттеги жана коомдогу саясий процесстердин мүнөзүнө жана динамикасына түздөн-түз таасир этет. Жаштардын саясий процесстерге катышуусунун мүнөзү көптөгөн факторлор менен шартталган, мында жаштардын саясий маданияты жана бүтүндөй коом өзгөчө ролду ойнойт. Жаштар социалдык жактан бир тектүү эмес, алар ар кандай социалдык катмарларда жашаган окуучулар, студенттер, жумушчулар, ишкерлер, шаар жана айыл тургундары. Жаштардын ар кандай категориялары бири-биринен кызыкчылыктары жана муктаждыктары, интеллект жана билим деңгээли, материалдык абалы, стили жана жашоо образы боюнча түп-тамырынан бери айырмаланат. Жаштардын демократиялык саясий маданиятты кабыл алуусунун

деңгээлинин бүгүнкү күндө төмөндүгү - бул бардык мамлекеттердеги жаштардын коомдук-саясий процесстерден өзүн-өзү четтетүүсүнүн себептеринин бири болот дагы, бул бүткүл дүйнөлүк процесс. Эгерде мамлекеттин келечектүү социалдык топторунун бири бийлик – саясий мамилелер системасына кирбесе, коом жарандык, ал эми мамлекет-социалдык жана укуктук боло албайт. Америкалык окумуштуу Г. Алмонд [31] коомдун саясий системасын изилдеп, анын негизинде саясий маданияттын эки деңгээлин аныктаган: институтционалдык жана функцианалдык. Саясий маданият бүткүл адамзат маданиятынын белгилүү бир компоненти катары аны маданияттын башка түрлөрүнөн айырмалап турган белгилүү бир структуралык элементтерди камтыйт деп белгилеген. Ошентип, саясий маданиятты саясий психологияга, саясий аң-сезимге, идеологиялык компонентке жана башкаларга бөлүүгө болот. Биринчиси адамдын саясатка болгон эмоционалдык мамилесин, анын саясий жүрүм-турумуна таасир этүүчү ченемдердин жана баалуулуктардын, мамилелердин белгилүү бир системасын камтыйт. Бул мазмунга жараша ар кандай саясий маданияттын өкүлдөрүнүн жүрүм-турумунун, катышуусунун тиешелүү стереотиптери, ченемдери жана эрежелери, саясий дүйнө таанымы калыптандырат, камтыйт. Саясий аң-сезим дагы саясий маданияттын эң маанилүү көрүнүшү, ал адам үйрөнгөн саясий баалуулуктарды камтыйт, коомдук системанын кандайдыр бир деңгээлде анын идеологиялык тенденцияларын аныктайт. Мындан тышкары, ал жеке адамдын саясат жөнүндө, саясий система жөнүндө, анын институционалдык, функционалдык жана башка системалары жөнүндө топтолгон билимдеринин жыйындысын камтыйт. Мунун бардыгы адамдын саясий өкүлчүлүктөрүнүн тутумун калыптандырат, бул ага өз пикирин калыптандырууга, коомдук жашоону багыттоого жана айрым маданий баалуулуктарды кабылдоого, же терс карашына мүмкүндүк берет. Голландиялык окумуштуулар Хьюнкс жана Хиспурс Алмонд түзгөн саясий типологияны өркүндөтүп, аны жаңы идеалдуу типтер менен толукташты, алардын арасында: жарандык катышуучу маданият (civic participant culture); клиенттик маданият (client culture), протестик маданият (protest culture),

автономдук (autonomous) маданият жана байкоочулар маданияты (spectator culture) [31]. Жаштардын саясий социалдашуусу бул - жаш муундун саясий жактан калыптануу процесси, саясий баалуулуктары, ишенимдери жана көз караштары, жалпы саясий маданияты болуп саналат. Заманбап Кыргызстанда жаштар коомдун келечеги болгондуктан алардын саясий маданияты келечекте өлкөнүн саясий багытын аныктайт. Саясий иденттүүлүктүн калыптанышын изилдеген окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү дүйнөдөгү болуп жаткан иденттүүлүк кризисин анализдөөдөн өзүлөрүнүн иликтөөлөрүн башташат. Маалыматтык коомдо, ар тараптуу, көп деңгээлдүү инсандардын өз ара көз карандылыгы, карым-катнаштары барган сайын белгисиз, бүдөмүк жана өзгөрмөлүү болуп баратат. "Ал жүрүм-турумдар, тездик менен өсүп жаткан маалымат агымдарынын таасирине дуушар болушат, маалыматтык технологияларды, айрыкча Интернетти кеңири колдонуу, социалдаштыруу чөйрөсүн жана саясий социалдашуу агенттери карым-катнашты, байланышты өзгөртөт" [247, 86-б.]. Жаштардын виртуалдык социалдашуусу бир катар факторлордон жана себептерден турат, бул процессти шарттоочу, биринчиден, интернет-тармагындагы баарлашуу ар кандай аралыкты басып өтүү мүмкүнчүлүгү менен байланышкан оперативдүүлүктүн жогорку даражасы менен мүнөздөлөт. Экинчиден, Интернет аркылуу баарлашуу анонимдүү мүнөзгө ээ жана анын натыйжасында белгилүү бир деңгээлде артыкчылыктарга ээ, анткени бул баарлашуунун өзгөчөлүгү жаштардын ар кандай физиологиялык кемчиликтерин, сүйлөөдө, баарлашууда болгон жетишпегендиктерин компенсациялоого, алардын социалдык статусундагы мүмкүн болгон айырманы четтетүүгө, жаш курактык айырмачылыктарын жок кылууга толук мүмкүнчүлүк берет. Үчүнчүдөн, азыркы реалдуу дүйнөдө социалдашуу чөйрөнүн факторлорунун стресс - ийкемдүүлүгүнүн туруктуу өсүшү байкалгандыктан, интернет жаштар тарабынан "реалдуу эмес" деп кабыл алынган виртуалдык мейкиндик коркунуч алып келбейт, стресс жаратпайт дегенди түшүндүрөт.

Заманбап коомдук жашоо турмушта 2000-жылдардын башынан бери жеке компьютерлерди жана уюлдук телефондорду, кийинчерээк

коммуникаторлордук, планшеттик компьютерлерди, нэтбуктарды кеңири жайылтуу жаштар коомчулугунда виртуалдык байланышты өнүктүрүүнүн маанилүү фактору болуп калды. Америкалык изилдөөчү С. Беннетт жаштардын саясий социалдашуусун изилдөөнүн актуалдуулугун “саясий социалдашуу теориясы пайда болуп, гүлдөп турган учурда изилденген “BabyBoomers”, муунунун “DotNets” муунунан кескин айырмаланышын белгилеген, алардын өнүгүшүнүн башкы фактору интернет мейкиндигинин кеңири тарашы деп белгилеген” [333, 2-б.]. Бүгүнкү күндө социалдык тармактардын интернет технологиялар жаштар арасында кеңири жайылды. Коомду маалыматташтырууну өнүктүрүүнүн азыркы этабында мындай технологиялык жетишкендиктер жаш муундун жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп калды, алар мектеп жашынан баштап ар түрдүү маалыматтарды издөө үчүн активдүү колдонулууда (жаш муундун арасында социалдык тармактарды колдонуучулардын пайызы 98% ды түзөт). Социалдык тармактар катышуучуларынын белгилүү бир кызыкчылыктары боюнча байланыш тутумун уюштурууга мүмкүндүк берген интернет-сервис. Социалдык медиа, социалдык аянтча болуу менен, социалдашуунун жана социалдык мамилелердин салттуу формаларын трансформациялоо чөйрөсү болуп саналат, мында - коммуникативдик мейкиндикти мүмкүн болушунча кеңейтүүдө жаңылануудa. Интернеттин социалдык сервистеринин катышуучулары (Вконтак-те, Одноклассники, Фейсбук, Инстаграм, Вайбер Вотцап сыяктуу) аларды баарынан мурда бош убакыттын түрү катары баарлашуу үчүн же билим берүү материалдарын жана кулактандырууларды жайгаштыруу максатында баарлашуу үчүн колдонушат. Албетте, социалдык тармак, коммуникативдик функцияны аткарып, жаңы виртуалдык байланыштар аркылуу жаш адамдар аралык өз ара аракеттенүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет, чындыгында бардык географиялык чек араларды жок кылат. Социалдык тармактар (тез кабарлашуу сервистерин, форумдарды, чаттарды камтыган) ар кандай тематикалар жана багыттар боюнча маалымат алмашууга мүмкүндүк берет, ошону менен интеллектуалдык жөндөмдөргө жана жалпысынан мотивациялык чөйрөгө

өнүктүрүүчү таасирди ишке ашырат. Интернет аркылуу баарлашуу көбүнчө анонимдүүлүк касиетине ээ болгондуктан натыйжада жаш адамдын инсандыгын, өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн байытат. Бирок, он-лайн анонимдүүлүк чыныгы инсанды “бүдөмүктөтүп”, виртуалдыкка толук дал келүү үчүн жеке идеалдуу образды түзүүгө түрткү бериши мүмкүн.

Кыргызстандагыдай эле дүйнөдөгү өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө да 35 жашка чейинки адамдар калктын жарымынан ашыгын түзөт дагы – аларды жаштар деп белгилешет. Дүйнө жүзүндөгү социологиялык изилдөөлөрдө жаштар көбүн эсе саясий иштерге формалдуу катышат, шайлоо сыяктуу саясий уюшкандыктарга, улгайган жарандарга караганда пассивдүүрөк деген түшүнүк калыптанып калган. Бирок, кыргыз коомунда жаштар саясий ар кандай өнөктүктөргө активдүү катышып келет. Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жана ЮНИСЕФ U-Report платформасын 2021-жылы ишке киргизди. Ал платформанын негизинде Кыргызстан жаштары Интернет аркылуу ар кандай социологияык иликтөөлөргө катышып, дүйнөдө болуп жаткан саясий процесстерге өзүлөрүнун оюн билдире алышат. Бул платформанын Кыргызстан U-Report глобалдык платформасын ишке киргизген 89 өлкө болуп, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен 2-орунга ээ болду. Жаш активисттер WhatsApp жана онлайн социалдык медиа мессенджерлери аркылуу U-Report платформасына жазылып, сурамжылоолорго катышып, өздөрүнүн жана коомчулуктун жашоосу үчүн маанилүү болгон маселелер боюнча өз пикирин билдире алышат. Сурамжылоолордун натыйжалары дароо веб-сайттарда чагылдырылат. U-Report программасынын жардамы менен өлкөнүн эң алыскы аймактарында да жаштарга социалдык маанилүү жана пайдалуу маалыматтарды жеткирүүгө болот. Сурамжылоолордун жыйынтыгы өспүрүмдөр менен жаштардын жана бардык кызыкдар тараптардын, анын ичинде өкмөт менен кандай диалог үчүн колдонулушу мүмкүн экендигин аныктоого болот. Кыргызстандын өспүрүмдөрү жана жаштары азыр U-Report платформасын өздөрү жана өлкөдөгү башка куурактагы жарандар үчүн маанилүү болгон маселелер боюнча ой бөлүшүү жана туруктуу

өнүгүү үчүн биргелешип аракеттенүүгө шыктандыруу үчүн колдонуп жаткан 89 өлкөдөгү 17 миллион жаштарга кошулууда - бул деген сөз Кыргызстандагы жаш муундун өкүлдөрү дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөгү жаштарындай эле инновациялык саясий социалдашуу процессине активдүү катышууда дегенди түшүндүрөт.

Акыркы жылдарда дүйнө элдери жаштардын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий процесстерди өзгөртүүгө активдүү катышуусуна күбө болууда. Аны түшүнсө болот, себеби заманбап жаш муундун тагдыры оор кырдаалда: жашоо философиясынын бат өзгөрүүсүнө, баалуулуктардын алмашылышына, жүрүм-турум стереотиптеринин бузулушу, негизги коомдук-саясий, экономикалык институттардын ролунун жана функцияларынын өзгөрүшүнө туш келди. Бул жерде белгилеп кетүүчү нерсе П. Бергер [61] жана Н. Лумандын [208, 100-б.] айтуусу боюнча жаш адам алгачкы социалдашуусу үй-бүлө, өзүн курчаган топ менен байланышса, экинчи саясий социалдашуу, дүйнөдө болуп жаткан тышкы процесстер менен инсандын кызыгуусу, катышуусу болуп саналат. Ошондуктан заманбап жаштардын кандайдыр бир тобу дүйнөдө болуп жаткан саясий процесстер менен кызыктар болуп, ошол эле учурда чөлкөмдөгү, өлкө ичиндеги саясий кубулуштарды аңдоосу, түшүнүүсү, салыштыруусу аркылуу активдүү же пасивдүү саясий социалдашуу процесси жаштардын арасында жүрүп турат. Саясий социалдашуу, саясий маданият менен тыгыз байланышкан.

Дж. Мид [224, 90-б.], Ч. Кули [190, 312-б.], тарабынан иштелип чыккан символикалык интеракционизм түшүнүгүнө ылайык, саясий социалдашуу бул, айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүү процесси эмес, инсандын жеке кабылдоосу менен байланышкан бирок коомдук көзөмөл менен жүрүп турган өзгөчө процесс. Саясий кабылдоонун өзөгү - белгилүү үлгүлөргө негизделген жүрүм-турумдар болуп эсептелинет. Коомдук-саясий аң-сезим, жаштардын саясий процесстердеги жана революциялык өзгөрүүлөрдөгү ордун дайыма чагылдырып турат, Кыргызстандагы жаштардын саясий социалдашуусуна бүткүл дүйнөдөгүдөй эле ар кандай социалдык институттар оң жана терс

таасирин тийгизүүдө. Республикада болуп жаткан өзгөрүүлөр жаңы муун үчүн коомдо өзөдөрүн саясий жактан табуусу дагы ар кандай кыйынчылыктар менен коштолууда. Жаштар менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын кызматташуу механизминин басаңдап жана бирдиктүү саясаттын жоктугунан татаал көйгөйлөр жана кыйынчылыктар жаралууда. Жаштардын саясий социалдашуусуна тескери таасир эткен себептердин бири – бирдиктүү тарбиялык идеологиянын жоктугу себеп болуп жатат десек болот. Жаштарды саясий тарбиялоодо, жаштардын саясий социалдашуусунда мамлекеттин, коомдун жана үй-бүлөнүн бирдиктүү стратегиясынын жоктугу өзгөчө актуалдуу бойдон калууда. Заманбап кыргыз коомчулугунда тарбия, билим берүү боюнча идеологиянын жетишсиздиги байкалууда: анткени жаштарга эмнени үйрөтүү жана кандай тарбиялоо керек? Кантип дүйнөдөгү жаштарды тарбиялоодогу позитивдүү тажрыйбаларды өзүбүзгө сиңире алабыз? Жаштардын саясий социалдашуусунда дүйнөдө кандай позитивдүү практикалар бар? Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, Д. Истондун жана Г. Алмонддун саясий системалар теориялары жарандардын саясий турмушка катышуусунун маанисин аныктоо үчүн принципиалдуу мааниге ээ экендигин белгилеп кетүү керек [31, 122-б.]. Алар граждандардын саясий турмушка катышуусун демократиялык саясий системанын эффективдүү иштешинин жана өзүн-өзү кайра жаратуусунун эң маанилүү кепилдиги катары тааныйт. Д. Истондун теориясында бул идея саясий системанын социалдык чөйрө тарабынан чөйрөдөн келип чыккан талаптарга адекваттуу жооп кайтаруу реакциясында көрсөтүлгөн колдоо концепциясында кыйыр түрдө кездешет. Г. Алмонд саясий системаны талдоодо структуралык-функционалдык мамилени колдонуп, саясий социалдаштырууну жана жарандарды саясий өнөктүктөргө катышууга тартууну, кызыкчылыктардын бириктирилишин, бири-биринен көз каранды экендигин түздөн-түз белгилеген [31, 134-б.]. Демократиянын маңызын изилдеген азыркы теорияларында саясий аралашуу, кызматташуу көйгөйлөрүн изилдөө саясий социалдашуунун маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Жаштардын саясий жашоого активдүү катышуусунун оптималдуу чаралары жана формалары, аларды ар кандай

иштерге тартуунун институттары жана технологиялары жөнүндөгү маселелерди изилдөөгө негизинен, төмөндөгүдөй ыкмалар бар: демократиянын теорияларын элитарлык, плюралисттик жана катышуучулук деп бөлүүдө борбордук пункттардын бири болуп калды, демократиянын маңызын аныктоого арналган эмгектердин биринде саясий режимдин демократияга баа берүүнүн маанилүү критерийи катары саясий катышуу жана жарандарды саясий турмушка тартуу көйгөйлөрүн карайт.

Биздин оюбузча жаштардын саясий активдүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоочу факторлорду эки топко бөлүүгө болот [187, 156-б.]. Биринчи топ объективдүү факторлордон турат дагы, алар төмөнкүлөрдү камтыйт: курактык мүнөздөмөлөр (саясий аң-сезимдин туруксуздугу, тигил же бул социалдык топтун социалдык-статусу жана социалдык-психологиялык өзгөчөлүгүнө байланыштуу манипуляцияга жогорку ийкемдүүлүк, саясий тажрыйбанын жоктугу); туруксуз каржылык абал (азыркы убакта жаш кесипкөйлөрдүн, жаш муундун арасында жумушсуздуктун болушу, эмгекке жарамдуу калктын арасында кесиптик карьеранын башталышында кирешенин аздыгы); саясий режимдин авторитардык түрү, ал эми Кыргызстанда уруулук мамилелердин, тууганчылык, достук байланыштын (бюрократизм, мамлекеттик бийлик тутумунун ачык эместиги); социалдык-экономикалык өнүгүү фазасынын өзгөчөлүгүн айта кетсек болот.

Экинчи топ субъективдүү факторлордон турат, анын ичинде: мамлекеттик бийлик институттарына ишенимдин даражасы; келечекке болгон ишенимге тийгизген таасири; жашоодон канааттануу даражасы; саясатка кызыгуунун бар же жок болушу мүмкүн. Шайлоо активдүүлүгүнүн мотивдери: кырдаалды жакшы жакка өзгөртүүгө умтулуу, кабыл алынган чечимдер үчүн өзүнүн жоопкерчилигин сезүү сыяктуу факторлорунан турат.

Жаштар үчүн саясат иш-аракеттин эң маанилүү тармагы эмес, бирок жаш муундун өкүлдөрү өзүнүн жеке жашоосуна жана профессионалдык өзүн-өзү ишке ашырууга көбүрөөк кызыкдар. Мындан тышкары, шайлоо пассивдүүлүгү менен бул жагдай көзөмөлдөнбөй калды. 2003-2020-жылдары постсоветтик

мейкиндикте революциялар биринин артынан бири болуп өттү. Миңдеген адамдар саясий режимди тынчтык жолу менен өзгөртүү үчүн массалык нааразылык акциясына чыгышты, бул окуялар белгилүү бир өлкөгө мүнөздүү болгон түрдүү символдор – түстөр, өсүмдүктөрдөн улам "түстүү революциялар" деп аталып калган. Маселен, 2004-жылы Украинадагы кызгылт сары ыңкылап ошол кездеги Виктор Януковичтин оппоненти Виктор Ющенконун шайлоо алдындагы үгүт плакаттарынын өңүнөн улам ушундай атала баштаган. Янукович шайлоодо жеңди, бирок эл аны президент катары көргүсү келбей, шайлоонун жыйынтыгын бурмалап жатат деп айыптады.

2005-жылы кыргызстандагы революцияда Аскар Акаевди кызматтан кетиришкен, үч мөөнөттөн кийин ал төртүнчү мөөнөткө өлкөнү предиденттик тактыда калгысы келген. Ал учурдагы Кыргыз коомунун жашоосуна тарыхый анализ жүргүзсөк, А. Акаевдин алгачкы президенттик мөөнөтү келечектүү, өлкөдө демократиялык баалуулуктар күч болуп Кыргызстан демократиянын аралчасы деп аталган. Президенттик ишмердүүлүгүнүн биринчи, экинчи мөөнөтүндө парламентке отчет берип, өлкөнү ачык башкарды. Бирок он беш жыл ичинде А.Акаев Конституцияны да төрт жолу өзгөртүп, өзүнө министрлерди, башкы прокурорду, улуттук банктын жетекчисин дайындоо укугун ыйгарган. 2003-жылы Конституцияга акыркы өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин ага бийликти узурпациялоо боюнча айып тагылган. Акыркы тамчы 2005-жылдын февралындагы парламенттик шайлоо болду, ошол учурда оппозиция тарабынан революцияны уюштурууда өлкөнүн ар кайсы региондорунан жаштар аябай колдонулду. 2005-жылдагы бийлик алмашкандан баштап кыргызстандыктар, өзгөрүүлөрдү, реформаларды күтүштү. Салыштырсак, жоогазын революциясы, Апрель революциясынан айырмаланып, коркунучтуу кан төгүлбөй өттү. 2005-жылы өлкөдөн качып кеткен А. Акаевдин жолун кайталабайм деп убада берген Курманбек Бакиев эки жолу президент болуп шайланган. Ал иниси Жаныш Бакиевди мамлекеттик күзөт кызматынын башчылыгына, уулу Максим Бакиевди жаңыдан түзүлгөн өнүктүрүү, инвестиция жана инновациялар боюнча борбордук агенттиктин (ЦАРИИ) директору кылып

дайындады. Оппозиция Бакиевдердин үй-бүлөсүн оппоненттерин жоюуну алар үчүн көнүмүш көрүнүшкө айланды деп айыптады. Чынында эле бул аралыкта ЖК депутаттары Жыргалбек Сурабалдиев, Баяман Эркинбаев, Санжар Кадыралиев, Тынчтыкбек Акматбаев, каскадер Үсөн Кудайбергенов, Улуттук олимпиада комитетинин жетекчиси Раатбек Санатбаев, журналист, Геннадий Павлюк өңдүү 30дан ашык саясатчы жана коомдук ишмерлер өлтүрүлгөн. Ошондой эле президенттик аппараттын экс-жетекчиси Медет Садыркулов, стратегиялык изилдөөлөр институтунун директору Сергей Слепченко дагы өлтүрүлдү. Апрель ыңкылабына чейин өлкөдө электр энергиясына болгон тариф эки эсеге көтөрүлүп, ар бир уюлдук байланыш үчүн 60 тыйындан алууну чечкен. 11-мартта “Азаттык” радиосунун Кыргыз Республикасындагы кеңсеси жабылды, ушул жана башка жагдайлар Бакиевдин бийлигине нааразычылыкты күчөттү. 2010-жылдын 17-мартында Бишкекте элдик курултай, 6-апрелде Нарында жана Таласта митинг болуп, митингчилер облустук акимчиликтин имараттарын басып алып, элдик бийлик орногондугун жарыялашкан. Ошол күндөрү Бишкекте, Таласта, Ошто оппозиция лидерлери кармала баштаган. 7-апрелде аларды бошотуу талабы менен чыккан демонстранттар Бишкектеги Ак үйдү басып алып, президентти иштен кетиришкен. Курманбек Бакиев жана анын жакындары, аларга жакын бир катар чиновниктер өлкөдөн качып кетишкен. Жогорудагы биз айткан эки революция болгон маалыматтардын жыйындысынын негизинде биз Кыргыз жаштарынын коомдук-саясий активдүүлүгүнүн натыйжасында болуп өттү.

Жаштарга ар кандай убадаларды берүү менен алардын күчү менен масштабдуу окуяларды биздин өлкө башынан өткөрдү, ошол эле учурда жаштардын ой максаттары, талаптары ошол кездеги бийлик төбөлдөрү тарабынан аткарылган жок. Бир аз саясий партиялар өзүлөрүнүн жаш канаттары аркылуу Жогорку Кеңешке депутаттыкка бирин-экин жаштарды алып келишти. Саясий лидерликтин сапаты, саясий элита, саясий чечимдер жана башка жаштардын тынымсыз активдүүлүгү эмес, саясий процесске мезгил-мезгили менен тартылышы менен аныкталат.

Өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна көңүл бурбаган, активдүү катышкысы келбеген Кыргызстан жаштарынын негизги аргументтери бар. Алар көп жолу улуу муундагы саясатчыларга алданып калышты. Бирок, бул аргументтер акыркы жылдары өзгөрүп дагы башка түстөр менен болело баштады. Эгерде мурда жаш респонденттер көбүнчө өздөрүнүн катышуусунун пайдасыздыгына (29,1%) жана квалификациясынын жетишсиздигине (27%) даттанышса, учурда басымдуу аргумент саясий чөйрөгө принципиалдуу түрдө кызыгуунун жоктугу (38%) болуп саналат. Улам барган сайын жаштарды рационалдуу баалуулутар кызыктыра баштады, анткени Кыргызстанда мындан аркы карьералык өсүү перспективалары бар коомдук-саясий уюмдардын, жүздөгөн саясий партиялар бар болсо дагы алардын бирине да ишенич арттыра алышпайт (19%), татыктуу лидерлер (7%), саясатты “ыплас бизнес” деген ишеним (2011-жылы 3%, 2007-жылы 6%), 2021-жылы 12%. Бирок, жаштардын өлкөнүн саясий турмушуна кайдыгер мамиле жасоонун калыптанып калган тенденциясы жөнүндө да, азыркы жаш муундун саясаттан алыстап кетишине көптөгөн факторлор таасирин тийгизип келет.

Бүгүнкү күндө Европалык эксперттердин пикири боюнча, жаштар коомдун социалдык-саясий чөйрөсүнө азыраак энергия жумшап жатышат. Кайсы гана деңгээлде жергиликтүү же борбордук болобу жаштарды азыркы коомдун системалуу мамилелерине тартуу боюнча коомдук-саясий уюмдардын иш-аракеттери натыйжасыз болууда. Бул дүйнөлүк тенденция, жаштардын активдүүлүгү, алардын жарандык жана турмуштук позициясы, мамлекеттик чечимдерди кабыл алууга катышууга умтулуусу улуттук коопсуздуктун ачкычы экени айдан ачык. Бирок, ар кандай деңгээлдеги шайлоолорду өткөрүү практикасы акыркы мезгилде жаш шайлоочулардын активдүүлүгү төмөндөп баратканын көрсөтүүдө. Эреже боюнча шайлоого 50 жаштан жогорку курактагы шайлоочулар үзгүлтүксүз катышат. Ошол эле учурда аялдардын активдүүлүгү эркектердикине караганда болжол менен 5% жогору. Орто жана улуу муундагы адамдардын шайлоого катышуу каалоосу, эреже катары, жарандык позицияда калыптанган, өткөн жылдарда тарбияланган жоопкерчилик менен байланыштуу.

Саясий ишмердүүлүк жөнүндө сөз кылып жатып, анын эки түрү болушу мүмкүн экенин белгилей кетүү керек: саясий ишмердүүлүккө катышуу (партияга мүчөлүк, үгүттөө, өзүнүн саясий карьерасы) жана саясий процесске катышуу (шайлоого катышуу жана маалыматтуу добуш берүү). Калктын саясий активдүүлүгүнүн жана кайдыгерлигин эң ачык жана айкын көрсөткүчү шайлоого катышуу болуп саналат. Көпчүлүк саясат таануучулар жана социалдык психология боюнча адистер калктын жаштар сыяктуу белгилүү бир бөлүгүнүн шайлоодогу жүрүм-турумун талдап, төрт түрүн бөлүп көрсөтүшөт: салттуу тип (конформист), протесттик түрү, рационалдуу түрү, апатикалык (эч нерсеге катышкысы келбеген) түрү. Саясий ишмердүүлүктүн мотивдери: ата-эне үлгүсү, адат, "башкаларга окшош" болууну каалоо жана нааразылык түрү. Саясий активдүүлүктүн мотивдери: учурдагы кырдаалга нааразычылык, жаштык максимализм, көңүл бурууга умтулуу.

Жаштардын саясий аң-сезимине, маданиятынына коомдогу социалдык турмушту маалыматташтыруунун кесепеттери, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын күнүмдүк турмуштагы ролунун жогорулашы, социалдык коммуникацияларды виртуалдаштыруу чоң таасирин тийгизип жатканын эске алуу керек. Мындай шарттарда улуттук жана мамлекеттик жалпы же окшош баалуулуктарга, мамилелерге жана принциптерге ээ болгон саясий коомчулукту түзүү боюнча адекваттуу чараларды табуу зарылчылыгы менен коштолууда. Бул маселе бардык постсоветтик өлкөлөргө, анын ичинде Кыргызстанга да тиешелүү. Ошол эле учурда жаштарды саясий иш-чараларга активдүү катышышы бүгүн өтө актуалдуу. Жаш шайлоочулардын шайлоодон четтөөсүнө таасир этүүчү саясий пассивдүүлүктүн негизги факторлору болуп укуктук нигилизм, укуктук сабатсыздык, бийликке ишенбөөчүлүк. Жаштардын активдүүлүгү, алардын жарандык жана турмуштук позициясын калыптандыруу, мамлекеттик чечимдерди кабыл алууга катышууга умтулуу - бул улуттук коопсуздуктун ачкычы экенин эске алып, жаштардын саясий жана укуктук маданиятын калыптандыруу боюнча иш-чаралардын комплексин иштеп чыгуунун актуалдуулугун эске алуу керек. Кандай гана

билим берүү мекемеси болбосун, өзүнүн лидерлери, көйгөйлөрү, ой-пикирлери жана каалоолору бар мамлекеттин миниатюралык үлгүсү экенин эске алып, шайлоо процессине катышуу жана системалуу саясий тарбия мектептен эле башталышы керек, окуучулар арасында өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүү, ошону менен катар жаштарды коомдук турмушка катышууга даярдоо. Бул мамлекеттик түзүлүш, шайлоо системасы, жарандардын укуктары жана милдеттери жөнүндө коомдук-саясий билимдерди гана эмес, ошондой эле саясий иш-аракеттин жана жүрүм-турумдун көндүмдөрүн да өздөштүрүү болуп саналат. Бир катар мектептеринде жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, мектеп окуучуларынын класстан тышкаркы иштерге катышуусу канчалык жогору болсо, алар өкмөттүн, партиялардын, жарандык институттун ишмердүүлүгүнө ошончолук эрте кызыгып башташат. Маселен, кийинки жылдарда жаштардын партияларын жана парламенттерин түзүү сыяктуу жаштар менен иштөөнүн мындай формалары солгунлап бара жатат; жаштардын өз алдынча башкаруусунун уюштуруу формасы катары, ал коомдо жаш жарандардын мыйзамдуу таламдарын жана укуктарын билдирүүнүн, аны өнүктүрүү маселелеринде алардын пикирин эске алуунун социалдык механизмдерин калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн мыкты салттарына негизделген. Бул бир жагынан жаштарды мамлекеттик иштерди башкарууга тартуунун мүмкүн болуучу формаларынын бири болсо, экинчи жагынан шайлоо процессин окутуунун мектеби.

Кыргыз Республикасындагы улуттук мамлекеттик курулуштун азыркы этабы мамлекеттик деңгээлде маанилүү документтердин кабыл алынышы менен белгиленди, алар 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясы [23], Кыргыз Республикасында билим берүү жөнүндөгү жаңы мыйзамы өңдүү документтерде жаштардын заманбап коомдогу орду толук көрсөтүлгөн. Билим берүү мыйзамынын бүткүл маңызы билимди, илимди өркүндөтүү зарылдыгына негизделген окутуунун жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга арналган. Баары мектепке чейинки куракта башталат ошондуктан билим берүүнүн тепкичи болгон бала бакчадан баштап жогорку

кесиптик билим берүү системасын дүйнөлүк стандарттарга жеткирүүгө көңүл буруу [2]. Негизинен, жаштарды саясий актвдүүлүккө тартуунун себептери төмөндөгү мамлекеттик деңгээлдеги, коопсуздук көйгөйлөрүн контролдоо, чечүү үчүн чакырык болушу керек. Кыргызстандын эгемендүүлүгү, шаарлар, айыл аймактары экономикалык жаңылануууда, ошондой эле улуттар аралык жана конфессиялар аралык ынтымактын, бардык жарандар үчүн укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигинин, экономикалык өнүгүүнүн, улуттук коопсуздуктун, жалпы тарыхтын, маданияттын жана тилдин символу катары, ошол баалуулуктарды сактап калуу. Аталган баалуулуктар кыргызстандык жаштардын инсандыгын калыптандыруу жана аларды саясий социалдаштыруу боюнча иштердин жүргүзүлүп жаткан багыттарын аныктайт.

Советтер Союзунда 29 жашка чейинки жаштар (октябрь, пионер, комсомол) уюмдарынын мүчөсү болуп, конкреттүү иш-чараларга активдүү катышкан. Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик жаштар саясатына ылайык, жергиликтүү аткаруу бийлик органдары жаштар уюмдары менен тыгыз кызматташып, аймактык жана республикалык жаштар форумдарын өткөрүп турса жакшы жыйынтык болмок. Бирок мындай иш-чаралар азыркы убакта эпизодикалык түрдө өткөрүлүп келүүдө. Мамлекеттик жаштар саясатынын күн тартибиндеги маселелердин чөйрөсүндө билим берүү, саламаттыкты сактоо, иш менен камсыз кылуу, ишкердик, маданият жана укук тармагындагы көйгөйлөр өтө көп. Өлкөнүн окуу жайларында саясий жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн толук изилденип, системалашырган эмес. Жаштардын саясий жана диний уюмдардын кызыкчылыгында чар жайыт аралашып жүрүүдө. Диалог өз ара түшүнүшүү жана дүйнө таанымдын ар кандай түрлөрүн өз ара байытуу адамдын мамилелерин мүмкүн болушунча шайкеш келтирүү, анын табигый жана коомдук процесстер дүйнөсү менен өз ара аракеттенүүсү, ага адам болууга жардам берүү, башка адамдар менен тилектештик сезимин табуу жана дүйнөнүн жана адамзаттын тагдыры үчүн жоопкерчиликти сезүүнү калыптандыруу болуп эсептелинет. Бирок, диалог өз ишенимдеринен, принциптеринен жана турмуштук багыттарынан баш тартуу же карама-каршы

позицияларды, мамилелерди жана түшүндүрмөлөрдү алып салуу дегенди билдирбейт. Кеп дүйнө таанымдын ар кандай типтеринин тынчтыкта, жанаша жашоосу, дүйнө таанымдын кандайдыр бир түрүнүн монополиясынан баш тартуу, башкача ой жүгүртүү үчүн куугунтуктоо, ар бир адамдын башкалардын көз карашына, ишенимине жана ой жүгүртүүсүнө карата сый мамилесин калыптандыруу идеологиясы, философиясы коомдо өкүм сүрүшү керек.

Дин жаштарды тарбиялоодо абдан күчтүү фактор бойдон калууда, светтик мүнөздөгү адеп-ахлактык жана идеологиялык баалуулуктардын жана идеалдардын ыдырашы, социалдык-экономикалык кырдаалдын жана жаңы үмүттөрдү жана турмуштук багыттарды табуу жаштарга оор болууда. Динчилдик, атеисттик салттарда тарбияланган ата-энелерине караганда жаштарга көбүрөөк мүнөздүү болууда.

Негизинен, жаштардын саясий социалдашуусу, саясий, диний маданиятын көтөрүүдө алардын улуттук өзгөчөлүгүн калыптандыруу боюнча иштер кураторлук сааттарды, коомдук ишмерлер менен жолугушууларды өткөрүүнүн, мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында коомдук-саясий сабактарды окутуунун алкагында күчөтүү зарылдыгы келип чыгууда. Жаштардын аз бөлүгүндө саясатка аң-сезимдүү мамилеси жана өлкөдө болуп жаткан окуяларга таасир этүү каалоосу бар, бул үчүн алар заманбап маалыматтык технологияларды жана социалдык Интернет тармактарын таасир этүүчү курал катары колдонушат. Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда жаштарынын басымдуу бөлүгү саясий партияларга жана коомдук бирикмелерге мүчө эмес, жаштардын 13,3% системалуу түрдө волонтердук ишмердүүлүк менен алектенет. Жаштардын 48,4% жаштардын өлкөнүн саясий турмушуна катышуусу шайлоодо добуш берүүдөн турат деп эсептейт, ал эми саясий катышуунун башка формаларында респонденттердин пикири боюнча жаштар олуттуу роль ойнобойт. Саясатка кызыгуунун, саясий активдүүлүктүн жана катышуунун төмөн деңгээли жаштардын азыркы коомдогу болуп жаткан көп кубулуштарга пессимисттүү көз караште экендиги экенин байкаса болот. Саясат жана саясий турмуш жаштардын олуттуу бөлүгү

үчүн фон чөйрөсү болуп саналат, бул бир жагынан алып караганда табигый көрүнүш, анткени бул куракта негизги көңүл окууга, үй-бүлөгө, жумушка жана карьерага бурулуп, жаштар базар экономикасы шартында өзгөчө рационалдуулукка үйрөнүп жатат.

Корутунду жана сунуштар: Жаштардын коомдогу саясий турмушка активдүү катышуусуна көмөк көрсөтүү механизмдерине төмөндөгү иш-чараларды сунуш кылынат: 1) ар тараптуу каналдар байланыштар; 2) жаштар кеңештери жана башка расмий түзүмдөр; 3) биргелешкен долбоорлор; 4) социалдык жана санариптик өз ара аракеттенүү; 5) социалдык тармак; 6) он-лайн инструменттер жана платформалар аркылуу байланыштар. Жаштарды саясий турмушка тартууга багытталган иш-чаралар: блогерлерди, актёрлорду, ырчыларды жана башка пикир жаратуучу лидерлерин тартуу, ошол форматтагы адамдар менен форумдарды уюштуруп туруу.

Жаштардын саясий социалдашуусуна интернеттин орду өзгөчө болууда, Интернет расмий маалымат каражаттарынын таасирин алсыратып жатат жана ошол эле учурда башаламан, көзөмөлсүз саясий маалымат агымынын таасирин күчөтүүдө. Мындай коомдогу терс процесстерге байланыштуу расмий эмес булактардан алынган маалыматтардын агымын мамлекеттик органдар тарабынан контролдоо проблемасы күндөн-күнгө актуалдуу болуп келүүдө. Ар кандай социологиялык сурамжылоого катышкан Интернет колдонуучу жаштардын өздөрү ондогон сайттарды жана социалдык тармактарды бөгөттөөнү негиздүү, керектүү чара деп эсептешет; интернетти активдүү колдонуу тобокелдиктеринин арасында мыйзамга каршы, этикага жатпаган жана зыяндуу маалыматтарды камтыган материалдарды анын ичинен зордук-зомбулукту, агрессияны, фашизмди пропагандалоону ошондой эле фейк маалыматты жайылтууну камтыган маалыматтарды чыгаруучу контенттик коркунучтарды белгилесек болот. Ошондой эле, мисалы, коркунучтуу террористтик же экстремисттик ишке тартуу катары байланыш тобокелдиктерди, бөлүп көрсөтүүгө болот. Мындай шартта жаштарга өзгөчө көңүл буруу зарыл, анткени дал ушул курактык топ интернеттин активдүү

колдонуучулары болуп саналат. Ал эми жаштар билим берүү процессине көбүрөөк тартылгандыктан, азыркы коомдун шартында билим берүү системасынын ролунун өзгөрүшүнө көңүл буруу керек. Сапаттуу билим демократиялык идеалдарга, улуттук кызыкчылыктарга шек келтирген саясий ишенимдерди четке кагууну күчөтүү керектигин далилдеди, билим жөндөмдүүлүктү жогорулатат же рационалдуу саясий дискурстарга катышуу жөндөмүнүн белгисиздигин төмөндөтөт, билим саясий альтернативаларды туура баалоого жардам берет. Билим берүү – бул адамдардын негизги укугу, сапаттуу билим берүү маданияттар аралык диалогго көмөктөшөт жана коомдо биримдикке шарт түзөт, диний жана тилдик көп түрдүүлүктү урматтоону күчөтөт.

## 4.3. Кыргызстан жаштарынын бакубаттуулугун жана өнүгүүсүнүн индексин анализдөө

Жаштардын социалдык-экономикалык, саясий, маданий процесстердеги активдүүлүгүн, ошондой эле алардын келечекте элитанын, күчтүү профессионалдардын катарына кошулуу мүмкүнчүлүгүн изилдөө бүгүнкү күндө чоң кызыгууну туудурат. Өсүп келе жаткан муундун эң негизги милдети – өлкөнүн келечеги, тарых менен маданияттын уландысы, жаңы муундарды кайра жаратуу үчүн жоопкерчилик деп түшүнсө болот. БУУнун башкы Ассамблеясынын резолюцияларынын биринде баса белгиленгендей: бардык дүйнө өлкөлөрдө жаштар өнүгүүнүн негизги адам ресурсу да, социалдык өзгөрүүлөрдүн, экономикалык өнүгүүнүн жана технологиялык прогресстин башкы агенти да болуп саналат. Бүткүл коомдун өнүгүү багыты жаштардын жоопкерчиликтин бул чарасын аңдап билүүсүнө жараша болот, 2005-жылдагы март жана 2010-жылдагы апрель окуяларында жана Кыргызстандын түштүгүндө болгон июнь трагедиясында жаштар уюмдарынын ролу өзгөчө жогорулады. Азыркы шарттарда жаштар кыймылынын коомдун саясий системасынын иштешине, саясий институттардын калыптанышына жана акырында саясий чечимдерди кабыл алуу жана ишке ашыруу процессине тийгизген таасиринин

байкаларлык өсүшү көрсөк болот. XXI кылымдын жаш шайлоочулардын шайлоодон четтөөсүнө таасир этүүчү саясий пассивдүүлүктүн негизги факторлору болуп укуктук нигилизм, укуктук сабатсыздык, бийликке ишенбөөчүлүк болуп кала берет деп жогруда белгиледик. Андан ары өлкөдөгү экономикалык жашоого кайрылсак анда, дүйнөлүк экономикада ар тараптуу инновациялар башкача айтканда өнөр жай жана айыл чарба, транспорт жана байланыш, медицина жана билим берүү тармактарына таасирин тийгизүүдө. Нано, био, жана телекоммуникациялык технологияларды, гендик инженерияны колдонуу менен байланышкан жаңы технологиялык тартипке өтүү процесстери жүрүп жатат. Ошол эле учурда социалдык дүйнө тартибинде алдыда келе жаткан жылыштардын белгилери пайда болуп, күнүмдүк турмуштун жаңы моделдеринин жана практикасынын пайда болушуна салым кошууда. Натыйжада, дүйнөлүк тартип жана геосаясий кырдаал өзгөрүүдө, эл аралык мамилелердин жана дүйнөлүк цивилизациялардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн башка конфигурациясы пайда болууда. Коомдук түзүлүштөрдүн жана мамилелердин тынымсыз татаалдашы, кеңири автоматташтыруу жана компьютерлештирүү, маалымат агымдарынын токтобостон өсүшү, ааламдашуу тенденцияларынын күчөп жана карама-каршылыктуу маани-маңыз менен толукталышы жүрүүдө. Келечектин экономикасы кандай болот? Кандай революциялык технологиялар пайда болот жана алардын пайда болушу эмнеге алып келет? Экономикалык өнүгүүнүн мүнөзү жана негизги тенденциялары кандай болот? Экономикалык өсүштүн жаңы моделине өтүү үчүн канча убакыт талап кылынышы мүмкүн? Бул өз кезегинде келечектеги Кыргызстандын экономикасынын инфраструктурасы, негизги өзгөчөлүктөрү жана мүнөздөмөлөрү боюнча ар түрдүү көз караштардын кеңири спектринин пайда болушуна шарт түздү. Кыргызстандын шартында: 1. интенсивдүү өнүгүп жаткан экономика – жаңы рыноктук тармактарды өздөштүрүү аркылуу эмес, иштеп жаткан тармактардын сапатын жогорулатуу аркылуу алдыга жылуу; 2. санариптик экономика, мында маалыматтарды өндүрүү, иштетүү, сактоо, берүү жана пайдалануу боюнча технологиялар жана

мамилелер үстөмдүк кылышы керек; 3. социалдык багыттагы экономика, анда адам потенциалы коомдун негизги байлыгы жана экономикалык өсүштүн негизги максаты катары таанылышы керек; 4. билимди көп талап кылган инновацияларды үзгүлтүксүз түзүүнү жана ишке ашырууну камсыз кылууга жөндөмдүү “инновациялык экономика” башкача айтканда илимий ачылыштарды жаратуу үчүн илимге, билимге өзгөчө көңүл буруу менен жаңы технопарктарды, заманбап илимий лабораторияларды жабдуу, ал иштерге жаштарды тартуу.

Кыргызстандын жаштарынын бакубатчылыгынын индекси 2022-жылга тогуз көрсөткүч боюнча иштелип чыккан [16]. Анда жаштардын: коомдо катышуусу, активдүүлүгү, экономикалык абалы жана мүмкүнчүлүктөрү, билим берүү, маданият, ден-соолук, маалыматтык - коммуникациялык технологиялар, коопсуздук жана корголгондук, үй-бүлө жана экология. Төмөн маани: 0–0,494; орто маани: > 0,494–0,607; жогорку маани: > 0,607–0,671; кыйла жогору маани: > 0,671–0,810; абдан жогору маани: > 0,811–1

Тандалып алынган тармактар боюнча жаштардын абалы дүйнөлүк стандарттарга канча туура келет?, кайсы тармактарга көңүл буруу керек”, деген суроо жаралат. Өзүңүздөр көргөндөй жаштарга негизинен көбүрөөк көңүл бурулушу кретиги төмөнкү индексте айкын көрүнүп турат : жарандык катышуу - 0,41; экономикалык мүмкүнчүлүктөр - 0,48; билим берүү жана илим - 0,47; маданият - 0,15; ден - соолук - 0,5; коопсуздук жана коргоо – 0,63; үй-бүлө - 0,53; экология – 0,45 [16]. Эгерде биз, жаштардын “Жарандык катышуу” чөйрөсүнүн жалпы субиндексин карап көрсөк 0,41 түзгөн, бул деген сөз төмөнкү, ылдыйкы көрсөткүчтү түзөт деп түшүнүүгө болот. Маңызы жана мааниси боюнча жарандык катышуу – бул жаш инсандардын коомдук-саясий иштерге болгон ынтызарлыгы, ошол ишмердүүлүккө жетишүү мүмкүнчүлүктөр, катышуу иштерининин механизимдери, коомдук иштерге катышууда жаштардын канагаттануусу. Жаштарды өлкөнүн саясий турмушуна активдештирүү зарылдыгын дүйнөлүк тажрыйба тастыктады. Демократиясы өнүккөн өлкөлөрдө саясий катышуу институттарынын чөйрөсү кыйла кеңири: коммуналар,

ассамблеялар, жаштар борборлору, жаштар кеңештери жана ар кандай мектептер. "Кыргызстан, албетте, жаштар кыймылынын өнүгүүсү боюнча өнүккөн өлкөлөрүнөн артта калды, бирок бул процесс, өзгөчө революциялардан кийин, азыртадан эле күч алып, өзүнүн эң активдүү фазасына кадам таштоодо. Бирок, бул этап ата мекендик саясат таануда жалпы кабыл алынган мезгилдүүлүктү карманып, төрт мезгилге бөлүүгө болот жаштар уюмдарынын көп жылдык калыптануу жана өнүгүүсү менен коштолгон:

1) 80-жылдардын аягы - 1994-жыл - келип чыгуу мезгили;

2) 1995- жылдан 2005- жылдары – эки этапта өткөн калыптануу мезгили;

3) 2005-жылдан 2010 - жылга чейин;

4) 2010- жылдан 2020 - жылга чейин;

5) 2020-жылдан бүгүнкү күнгө чейин. Белгиленген мезгилдин айрым үлгүлөрүн кененирээк талдап көрөлү. Биринчи мезгил (80-жылдардын аягы - 1994-жыл). СССР ыдырагандан кийин жаштар негизинен өз алдынча калып, аларды эч ким караган эмес. Ошондуктан кээ бир активдүү жаштар 1991-1993-жылдары комсомол уюмунун ордуна пайда болду. Бул топтордун бардыгын жарандык коомдун институттары деп атоого болбойт, бул алардын бүдөмүктүгү, аздыгы үчүн гана эмес, ошондой эле саясий ориентациясынын төмөндүгү – мындай топтордо жеке өзүн-өзү ишке ашыруу тенденциясы көбүнчө эс алуу чөйрөсүндө (роккерлер, байкерлер, көчө жарыштары; биринчи түнкү клубдардын пайда болушу менен - бий аянтчасынын күйөрмандары жана башка жаштар топторунун пайда болушу менен шартталат. Алардын негизги өзөгүн абройлуу университеттердин биринчи жана экинчи курстарынын студенттери жана атайын окуу жайлардын жогорку класстарынын студенттери жана биринчи жеке менчик элиталык окуу комплекстери: "Илим", "Светоч", "Еврей мектеби", эреже катары, байлардын балдарынан турган. 90-жылдардын башындагы формалдуу эмес бирикмелердин ичинен коомдук бирикмелерден тышкары ("Жашылдар", "Кыргызстандын флора жана фаунасын коргоо коому") асоциалдык (хиппилер, панктар, рокбиллилер), бирикмелер болуп бөлүнгөн.

Өлкөбүздүн аймагына ар кандай диний агымдардын, анын ичинде деструктивдүү агымдардын кириши, Бишкекте формалдуу эмес жаштардын топтору – готтор жана сатанисттер – өздөрүнүн стили жана жашоо образы пайда кылганга жетишти, бирок ушул сыяктуу формалдуу эмес жаштар уюмдары, биздин оюбузча, жаштар менен мамлекеттин ортосундагы мурда түзүлгөн коомдук байланыштарды бузууда зор роль ойноду. 80-жылдардын аягында – 90-жылдардын башында жаштардын активдүүлүгүнүн көрүнүшүнүн жаңы уюштуруу механизмдеринин пайда болушу мурунку байланыштар эскирип, өз функцияларын аткарбай калгандыгынын маанилүү көрсөткүчү болгон. Жогору жактан таңууланган эмес, атаандаштыкка жөндөмдүү, табигый түрдө пайда болуп келе жаткан жаштар бирикмелеринин пайда болушунун фактысынын өзү атаандаштык фонду түздү, бул комсомолдордун санынын азайышына негизинен шарт түздү. Формалдуу эмес сапта 90-жылдардын башында алгачкы саясий жаштар кыймылдары пайда боло баштаган, көпчүлүк изилдөөчүлөр алардын морттугун жана начар уюшкандыгын белгилешет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы, вертикалдуу бийлик структурасын куруу, жаштар саясатын калыптандыруу аракеттери негизинен жаш муундун жарандык активдүүлүгүн жогорулатууга багытталган жаштар кыймылын жандандырды. Өлкөдө биринчи студенттик жана мектептик парламенттер жана коомдук бирикмелер пайда болгон: “Жаңы Кыргызстан” (Кожомкулов А.А.); ОО Жаштар коомдук уюму, “ТВ-КЛУБ” (Перекрестова М.А.); Кыргызстан жаштар партиясы (Бакиев А.); “Өлкөнүн жаш лидерлери” коомдук бирикмеси (Марипов Б.А.); “Кутадгу билик” коомдук жаштар фонду (Жаныбаев А., Сариев К.). 1990-1994-жылдары орус тилдүү калктын массалык түрдө көчүп кетишине байланыштуу жана башка улуттардын өкүлдөрү Кыргызстандан чыгып кеткендиктен, республиканын биринчи Президенти А.Акаев мигранттардын агымын токтотуу саясатын баштаган: ал саясаттын негизинде 1992-жылы Кыргызстан элдеринин ассамблеясы түзүлдү. 1993-жылы Кыргыз-Орус Славян университети ачылган, улуттук диаспоралардын ишмердүүлүгүн стимулдаштырууга багытталган бир катар

коомдук иш-чаралар иштелип чыккан жана кабыл алынган. Бул толкунда улуттук азчылыктарды колдогон көптөгөн жаштар кыймылдары пайда болгон: “Кыргызстандын немис жаштары” коомдук уюму (Томпошев Б.); “Корейлер” диаспоралык жаштар кыймылы (Син Г.А.); “Украина” диаспоралык жаштар кыймылы (Кузьменко С.); “Еврейлер” диаспоралык жаштар кыймылы (Полек Ж.); “Крыница беларус жаштарынын маданий борбору” коомдук уюму (Миронова Н.А.); Жаштар борбору “Интергельпо” (Чернова Ж.Б.).

Жаштар кыймылынын өнүгүүсүнүн экинчи этабында 90-жылдардын экинчи жарымында жана 2000-жылдын башында өлкөдө жаштар лидерлерин, кыймылдарды жана жарандык-саясий багыттагы уюмдарды тарбиялоо боюнча эл аралык гранттык программалардын активдешине байланыштуу пайда болгон, алар: “Биздин кылым” жаштар кыймылы (Айтбаева Ч.); - Кыргызстан студенттер союзу (Сатаров Д.); “Ураан” жаштар кыймылы (Мурсабеков И.); “Кыргызстандын жаш лидерлер кеңеши” (Тойчиев Д.); “Чүй областынын жаштар кеңеши” (Джунушалиев А.); “Жаш Ордо” жаштар демилгелери борбору (Майчинова Г.); “Өзгөртүү” демократиялык билим берүү борбору (Тилешалиев Н., Тажыбай А.); “Өлкөнүн жаш лидерлери” коомдук бирикмеси (Марипов Б.А.); “Ак Ордо” элдик жаштар кыймылы (Төлөбаева Н.А.); “Жаштардын укук коргоо тобу” (Лисицына М.Е.); Жаштар кыймылы “Алеко”(Мамасалиев А.).

2005-жылдагы революциянын алдында дагы эки партия пайда болгон – “Кел-Кел” тынчтык каршылык көрсөтүүнүн жарандык өнөктүгү (Мамасалиев А., Айтбаева Ч.) жана “Бирге” жаңы жаштар кыймылы (Шайхудинов Т., Батыралиева Н., Зейлюк С. ). Бул кыймылдардын көптөгөн мүчөлөрү 2005-жылдын 24-мартындагы массалык нааразылык митингдерине жана Ак үйдү басып алууга активдүү катышкан, Кыргызстанда жаштар кыймылынын максаттуу саясий активдешүүсүнүн башталышы алардын ишмердүүлүгү менен байланыштуу. Бул эки кыймылдын ишмердүүлүгүн талдоого кененирээк токтоло кетели.

“Бирге!” элдик жаштар кыймылы, 2005-жылдын февраль айында жаштарды демократиялаштыруу процессине тартуу жана Кыргызстанда

автократиятиялык көрүнүшкө жана адам укуктарынын бузулушуна каршы тынчтык митингин уюштуруу боюнча бейформал топ катары ишмердүүлүгүн баштаган. Бул уюм 2005-жылдагы революцияны даярдоого активдүү катышкан: кыймылдын активисттери эки айдын ичинде эле Жаштар форумун (“Кел-Кел” биргелешкен), Бишкектик студенттер үчүн “Демократия жана жаштардын саясий катышуусу” деген темада бир катар семинарларды өткөрүшкөн. “Бирге – коркунучка каршы!” акциясы, Аксы окуясы боюнча жаштар үчүн коомдук угуулар, революциядан кийин “Бирге” жаштарга жарандык тарбия берүү боюнча бир катар иш-чараларды улантып келген. 2005-жылдын май айында “Кыргызстан революциядан кийинки жаштардын саясий катышуусунун мүмкүнчүлүктөрү” семинары жана “Конституцияны реформалоо боюнча рекомендацияларды иштеп чыгуу” боюнча тегерек столу болуп өткөн. Бишкектик студенттер үчүн, Бирге активисттер! 2005-жылдагы парламенттик жана президенттик шайлоолордо жана Жогорку Кеңешке кошумча шайлоолордо добуш берүү процессине мониторинг жүргүзүүгө катышып, башка бейөкмөт уюмдар менен биргеликте өзбек качкындарынын укуктарын коргоо боюнча иштерди жүргүзгөн, алар менен диалог түзүүгө аракет кылган. “Кел-Кел” жаштар уюму негизинен 2005-жылдагы ыңкылапка чейин Бишкекте бир катар митингдерди уюштурууга, борбор калаанын Биринчи Май райондук ички иштер бөлүмү тарабынан 30 активисттин кармалышына байланышкан жаңжалдын активдүү катышуучулары болгон. Ошентип, “Кел-Кел” жаштар уюму, “Ата-Журт” саясий партиясынын шайлоо алдындагы блогунун колдоосуна ээ болду. Бирок, көпчүлүк учурда бул кыймыл чоң колдоочуларынан көз карандысыз иш алып барды деп айтсак двгы болот. 90-жылдардын аягы - 2000-жылдардын башында олуттуу топту кесиптик мүнөздөгү уюмдар да көрсөткөн: - “Кыргызстандын жаш юристтери” (Самсалиева Ч.); - “Волонтерлор лигасы” (Тулпар Б.); - “Амити” чыгармачыл жаштар фонду (Маленкулов А.); - “Бишкек жаштардын философиялык коому” коомдук уюму (Алманбетова Г.И.). “Бинго” уюму 2004-жылы демилгелүү жаштарды колдоо жана өнүктүрүү максатында

жарандык коомдо жана демократиялык кайра курууларда алардын өсүшүнүн максималдуу натыйжаларына жетүү үчүн түзүлгөн уюм болгон.

Жаштар уюмдарынын палитрасында кайрымдуулук уюмдарынын кеңири чөйрөсү пайда болду: "Жаштардын демилгелерин колдоо фонду" (Романов Б.); "Молстрем" социалдык кызматтары (Мураталиев А.Б.); "Жаштарды өнүктүрүү корпусу" (Иванов А.); "Муун" колдоо борбору, оор өспүрүмдөр менен иштөө (Эгембердиева Э.). Көрүнүп тургандай, жаштардын жарандык-саясий активдүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн экинчи мезгилинин экинчи этабы белгилүү бир туруксуздук жана таламдардын чачырандылыгы менен айырмаланган. Ошол эле учурда, 90-жылдардын башына салыштырмалуу, 2000-жылга карата саясий басымдын жогорулашы менен мүнөздөлгөн. 20-кылымдын 90-жылдарынын башында комсомол жана пионерлер уюмдарынын өкүлдөрү болгон жаштар кыймылынын структураларына жана идеологиясына монополия бузулганын, ал эми 2000-жылдардын башында республикада мамлекеттик жаштар саясатына начар багытталган жаштар бирикмелеринин көп векторлуу түзүмү калыптанып калган.

Кыргызстанда жаштар кыймылынын өнүгүүсүнүн үчүнчү мезгили (2005-2010) март ыңкылабынан кийин дароо эле башталган. Дал ушул мезгилден баштап саясатчылар аздыр-көптүр активдүү жаштар уюмдарын саясий күрөштө пайдалануу үчүн өз тарабына тарта башташты деп ойлойбуз. Ошентип, 2005-2007-жылдары Кыргызстандагы онго жакын алдыңкы саясий партиялар өздөрүнүн түзүмдөрүндө жаштар филиалдарын түзүшкөн, алар ички партиялык документтерге ылайык, жаштар канаты же жаштар комитеттери болуп саналат. 2005-жылы "Ата-Мекен" жана "Кыргызстандын Жашылдар" партиясы, 2006-жылы "Жаңы Кыргызстан" жана "Ар-Намыс" партиялары, 2006-жылы Кыргызстан социал-демократиялык партиясы (КСДП), "Ак" – Шумкар" жана "Кыргызстандын Жашылдар" партиясы жаштар канаттарын түзгөн. Ал эми "Ак жол" партиясы 2007-жылдагы парламенттик шайлоонун алдында жаштар канатын түзгөнгө жетишти. Белгилүү болгондой, 2009-жылы өлкөдө 105 партия каттоодон өтүп, алардын жарымынан көбүнүн жаштар канаттары болгон.

Саясий партиялардын жаштар канаттары Кыргызстандын саясий аренасынын көрүнүктүү катышуучуларына айланды. Бир катар алдыңкы оппозициялык партиялардын жана мурдагы бийликтеги “Ак жол” партиясынын жаш мүчөлөрү 2007-жылдагы парламенттик шайлоого, ошондой эле 2008-жылдагы жергиликтүү бийликке шайлоолорго активдүү катышкан. Оппозициялык партиялардын жаш активисттери бир катар демонстрациялардын, флешмобдордун, петициялардын жана кыймылдардын уюштуруучулары же катышуучулары болушкан. Алар Кыргызстандын Эл аралык Валюта Фондуна жана Дүйнөлүк Банктын HIPC демилгесине кошулуусуна каршы жарандык коом уюмдарынын демилгеси менен “Анти-Hipic” кыймылын уюштурушкан. Жаштар уюмдары 2007-жылдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгын бурмалоого каршы “Мен ишенбейм” акциясынын, 2008-жылы Ботаникалык бактан турак жай курууга жер тилкелерин берүүгө каршы акциянын, “220” акциясынын активдүү катышуучулары болгон. 2010-жылдагы электр энергиясына тарифтердин көтөрүлүшүнө каршы иш-чаралар жана башка ушул сыяктуу окуялардын уюштуруучулары болгон. Жаштардын “чоңдор” саясий партияларына катышуусу төмөнкү параметрлер боюнча өтө жемиштүү экенин белгилей кетүү керек: 1) Биринчиден, жаштар улуу муундардан өзүн-өзү уюштуруунун, чечим кабыл алуунун, өз пикирин коргоонун тажрыйбасын үйрөнүшөт. 2) Экинчиден, кандайдыр бир кыйынчылыктар жана коркунучтар болгон учурда жаштар улуулардын жардамына таянууга акылуу. 3) Үчүнчүдөн, партиянын идеологиясы менен таанышуу жаштардын дүйнө таанымына ээ болууга жана алардын ишмердүүлүгүнүн багытын аныктоого мүмкүндүк берет. Ошону менен бирге, саясий партиялардагы жаштар канаттарынын ишмердүүлүгү партия лидерлеринен көз каранды экенин, анын натыйжасында жаштар көбүнчө өз иш-аракеттеринде чектелгендигин белгилей кетүү керек.

“Үчүнчү толкун” деп аталган жаштар кыймылынын дагы бир айырмачылыгы, революциядан кийинки дээрлик бардык жаштар уюмдары өз ишмердүүлүгүн негизинен борбор калаанын жаштарынын арасында өнүктүрүшкөн, башкача айтканда алардын ишмердүүлүгү көбүнчө Бишкек жана

Чүй облусу менен чектелет, аймактарда өкүлчүлүгү начар болуп келген. Себеби, мамлекеттик бийлик борбордук бийликтин колунда ашыкча топтолуп, жергиликтүү бийликке дайындоо боюнча саясий чечимдер да борбордо кабыл алынып турган. Ошондуктан партиялар добуш берүү үчүн алардын колдоосун алуу үчүн шайлоо алдында гана аймактарда иштерин жүргүзгөн.

Жаштар кыймылынын өнүгүшүндөгү төртүнчү этап 2010-жылдагы Апрель революциясы жана андан кийинки Оштогу июнь окуялары жаштар кыймылын активдештирүү үчүн жаңы горизонтторду ачты – өлкөдө калыптанып калган революциялык салт боюнча көптөгөн жаңы жаштардын саясий кыймылдары жана партиялары пайда болуп, өлкөнү башкарууга активдүү катышуу жана кабыл алуу процессине таасир этүү болуп саналат. Ошентип, революциядан кийин эле “7-апрель” (Бекитаев М.) жана “Апрель” (Токобаев Д.) окшош аталыштар менен жаштар кыймылдары пайда болгон. Бул кыймылдардын негизги идеясы - бийликке жаңы, коррупцияланбаган жарандарды алып баруу үчүн аянтча түзүү. Ошентип, “7-апрель” жаштар уюмунун программалык документинде “демократиялык, бакубат мамлекетти түзүү жана республиканы жалган реформаторлордун, бийликти узурпациялоочулардын жана псевдопатриоттордун үстөмдүгүнөн тазалоо” негизги милдети болуп саналат деген чакырыктар коюлган. Дагы үч уюм: “Каганат” (Асаналиева Н.), “Ак Санат” (Байгазиев Б.), “Айкөл Эл” (Байсалов Э.) – өз программаларында тигил же бул формадагы документтер Кыргызстанда мамлекеттик жаштар саясатынын демилгелерин ишке ашырууда өз ара аракеттенүүнү жана келечектүү жаштарды саясий жана мамлекеттик органдарга тартуу үчүн кадр саясатынын натыйжалуу системасын киргизүү боюнча мамлекеттик жана коомдук аракеттерди колдоону көрсөтөт.

2012-жылдын аягында жүргүзгөн социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыгына ылайык, Кыргызстанда болгон жаштар кыймылдарын төмөнкү категорияларга бөлүүгө болот жана алар төмөнкүчө мүнөздөлөт: 1). Профессионалдык кызыкчылыктарга негизделген кыймылдар: бул бирикмелердин алкагында жаштар кесиптик кызыкчылыктардын негизинде

биригет,  эң көрүнүктүү ассоциациялар: АКШ бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы (Кыргызстандагы Америка университеттеринин бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы), “Республиканын менчиги” бейөкмөт уюму, “Бишкек бизнес клубу”, “Кыргызстандын жаш юристтери” бейөкмөт уюму, “Либералдык жаштар клубу”. Солчул жана ультра солчул идеяларды пропагандалоочу партиялардын арасында (бул алардын идеологиялык платформасынын туруксуздугун көрсөтүп турат), эң көрүнүктүү партиялар болуп “Эркин Эл”, “Улуттар Биримдиги”, ошондой эле “Кыргызстан Жаштар Кеңеши” коомдук бирикмеси  формасында катталган жаштар кыймылы болгон. Бул бирикмелердин ишмердүүлүгү шайлоо укугуна ээ 18 жаштан 28 жашка чейинки курактагыларга багытталган. Чындыгында “Тоскоолдуктарсыз жашоо үчүн” партиясынан башка бардык партияларда көп тармактуу электораты жок болгон. Борбордук жана солчул-борборчул партиялардын шайлоо алдындагы үгүт иштерине кайрылууларынын практикасына таянсак, алардын электораты калктын кирешеси орточо деңгээлден төмөн социалдык жактан аялуу катмары болуп саналат. Шайлоочулардын диверсификациясы катары каралышы мүмкүн болгон башка идентификациялар белгиленген эмес. Шайлоочуларга кайрылуулардагы айырма жалаң идеологиялык, же “инсандын саясий тазалыгы” принциптерине негизделген, бул кыргыз коому үчүн дагы эле маанилүү.

2) Маалыматтык-коммуникациялык бирикмелер (социалдык тармактар же башка коммуникация ресурстары аркылуу түзүлгөн формалдуу эмес жаштар бирикмелери) болуп,  бул бирикмелердин расмий каттоосу же түзүмү жок, бирок, эреже катары, кырдаалдык лидерликти түзгөн активдүү лидерлердин жетиштүү саны бар. Бул түрдөгү эң көрүнүктүү бирикме “Дизель” интернет-форумунун катышуучулары болуп саналат. Ушундай эле көз караштa каралышы мүмкүн болгон башка маанилүү маалымат аянтчалары болуп “Кыргыз Республикасынын Интернет-Парламенти”, “Мекенчилер”, “Жарандык коом жана Кыргыз Республикасынын Парламенти”, “Шаардык Кеңеш” жана башка топторду атасак болот,  Facebook тармагы. Бул топтордун бардыгында бирдей жашоочулар бар деп айтууга болот, аларды бир бирикме катары кароого болот.

3) Кайрымдуулук кыймылдары: жалпысынан өлкөнүн экономикалык абалынын жаңылоого, жакшыртууга активдүү катышкан кайрымдуулук кыймылдарынын өсүшүнө алып келди. Жаштарды идеологиялык принциптер боюнча бириктирген кайрымдуулук уюмдары (кайрымдуулукка берилгендик жана социалдык адилеттүүлүктүн зарылдыгына ишенүү) катталган. Мындай кыймылдардын арасында жаштардын “Help Age International” уюмунун (балдарды жана кароосуз калган карыларга кам көрүү), “Жашоо укугу” кароосуз калган жаныбарларды коргоо кыймылынын, активисттердин айрым топторунун иш-чараларына катышуусу. Балдар үйлөрүнө гуманитардык жардамды чогултуу жана жеткирүү, карылар үйлөрүнө, ошондой эле социалдык жактан аялуу топторго жекече жардам көрсөтүү. Бул иш-чарага 14 жаштан 19 жашка чейинки жаштар катышып келген.

4) Диний бирикмелер: Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин каттоо маалыматтары боюнча Кыргызстанда ар кандай диний агымдардын жана агымдардын өкүлү болгон ар кандай диний уюмдар иштейт, Христиан жана башка протестанттык агымдардын өзүнчө статистикасы жалпыга жеткиликтүү эмес. Кандай болгон күндө дагы, бардык иштеп жаткан уюмдар өздөрүнүн ишмердүүлүгүнө жаштардын кыйла көп бөлүгүн тартууда. Эреже катары, диний баалуулуктарга берилгендик жаштардын коомдук ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнө катышуусун жана башка коомдук бирикмелерге катышуусун жокко чыгарбайт.

Кыргызстанда тоталитардык секталардын жактоочулары өзгөчө болуп саналат, алар: Иса Машаяктын Акыркы Замандагы Ыйыктардын Чиркөөсү (мормондор), Шри Чинмой культу, Долнара Ханнонг культу, Фалунгун культу, Сатанисттер, “Биригүү чиркөөсү” (Муна сектасы), Иегованын Күбөлөрү-Илиниттер, Хизб-ут-Тахрир, Жайшул Махди өкүлү болгон радикал салафизм, ошондой эле псевдо-мусулман Ахмадия уюмунун жактоочулары бул уюдардын ишмердүүлугүнө жаштардын бир кыйла бөлүгү активдүү катышып келген.

Спорттук бирикмелер, эреже катары, идеологиялык багытка ээ эмес. Ошол эле учурда алар жаштардын бош убактысын, ишке ашпай калган

мүмкүнчүлүктөрүн багыттоо функциясын абдан ийгиликтүү аткарып жатышат. Спорттук секциялар жана клубдар бар, алардын иши идеологиялык аянтча менен коштолгон. Изилдөөлөргө ылайык, мындай спорттук бирикмелер жалпы сандын 3% дан ашпаганын түзөт. Бул бирикме формалары кылмыштуу, диний же криминалдык-саясий багытка дагы аралшып калышат.

5) Жаштардын илимий коомчулуктары: жаштардын аз пайызы илимий коомдордо туруктуу иштешет. Аларды ЖОЖдордогу жаш окумуштуулардын кеңештери, ар кандай эксперттик топтор, жогорку билим алгандан кийин инсандардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу мектептери түзөт. Заманбап жаштардын илимге киришин, аралашуусун аныктаган мотивациялары жана баалуулуктары окумуштуулардын орто жана улуу муундарынын өкүлдөрүнүн мотивацияларынан анча деле айырмаланбайт. Биринчиден, бул өзүн-өзү өнүктүрүүгө, кесиптик жана жеке өсүүгө умтулган жаштардын тобу. Илим менен алектенүүнү тандоодо ички когнитивдик мотивация чоң роль ойной турганы айдан ачык. Ички мотивациянын артыкчылыктуулугу чыгармачыл адамдарга мүнөздүү, муну психологдор далилдеген.

6) Билим берүү мекемелери: билим берүү жана тарбиялоо менен бирге идеологиялык функцияны да аткарган эң күчтүү жана ар тараптуу уюм десек туура болот. Изилдөөчүлөр белгилегендей, мектептерде жана ЖОЖдордо ВИЧке жана баңгиликке каршы күрөшүүгө багытталган социалдык демилгелер дайыма ишке ашырылып келүүдө. Орто, атайын орто жана ЖОЖдун субъекттери тарабынан жүргүзүлүп жаткан кампаниялар кеңири сынга алынганына карабастан, алар жаштардын арасында баалуулуктар системасын калыптандыруунун ажырагыс булагы болуп саналган коомдук акцияларга катышуу жана уюштуруу тажрыйбасынын кубаттуу потенциалына ээ.

7) Кызыкчылык клубдары жана жаштардын чыгармачыл бирикмелери: жаштардын катышуусунун бул чөйрөсүндө Кыргызстандын КВН кыймылы, “Тамашоу”, республика боюнча иш алып барган жаштар театрлары, белгилүү музыкалык жанрдын күйөрмандары үчүн клубдар, көркөм студиялар, клубдар жана башкалар. Союз таркап, балдар-өспүрүмдөр, жаштардын эс алуу

мекемелерин өнүктүрүүгө мамлекеттик каражаттарды салуунун олуттуу кыскарышынын кесепетинен жаш өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугунун өсүшүнө жол ачты. Жаш муундарды тарбиялоонун натыйжалуулугун, эс алуу чөйрөсүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатуунун ар кандай каражаттарын издөөдө ышкыбоздук бирикмелерге, кызыкчылыктар боюнча клубдарга, жашаган жеринде ар кандай иш-чараларды уюштуруу болуп саналат. Социомаданий чөйрөдө көптөгөн изилдөөчүлөр белгилеген маанилүү фактор-бул жаштардын ар кандай иш-чараларга кошулушу. Айыл жерлеринде жаштардын ар кандай топторунун чыгармачыл демилгелерин колдоо жана дем берүү жүзөгө ашырылып турушу керек.

Жогоруда айтылгандарды жалпылап айтсак, жаштардын жарандык коомго салым кошууга умтулуусу чоң деп айтсак болот. Бирок, алар өз жөндөмдүүлүктөрүн толугу менен көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк алуу үчүн күрөшөт. Мындан биз жаштардын саясий катышуусуна уюштуруучулук, өзүн-өзү уюштуруучулук, мамлекеттик жана өкмөттүк эмес жөнгө салуу, саясатка болгон кызыгууну калыптандыруу жана саясий жана жөн гана коомдук иштерге көндүмдөрдү калыптандыруу зарыл деген тыянак чыгарууга болот. Мына ушуга байланыштуу жаштарды саясий ншке даярдоо проблемасы келип чыгат.

Кыргызстандын саясий турмушуна жаштардын катышуусунун жана жалпы эле мамлекеттик жаштар саясатынын калыптаныш процессин анализдеп, биз кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарсак: 1. Жаштардын мамлекетке, жарандык коомго салым кошууга умтулуусу күчтүү. Бирок, алар өз жөндөмдүүлүктөрүн толугу менен көрсөтүүгө мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. 2. Жаштар уюмдары өздөрүнүн идеологиялык платформасын толук консолидациялабаган жана мүчөлөрүнүн күчтүү жана кеңейтилген базасын түзө элек болгон Кыргызстандагы саясий партиялардын өнүгүүсүнүн азыркы этабын чагылдырат. Саясий партиялар жана алардын жаштар канаттары, жаштардын муктаждыктарына жана көйгөйлөрүнө (мисалы, билим берүү, ишке орношуу) жооп бере албайт. 3. Лидерликке багытталган партияларда жаштар бутактары партия лидерлеринин директиваларына, көз караштарына, ошондой эле аларды

каржылоого абдан көз каранды. Натыйжада партиялардын саясий кеңештеринде аз өкүлдөрү болгон жаштар уюмдарынын мүчөлөрүнүн иш-аракетинде жана пландарында өз алдынчалуулугу чектелүү.

Негизинен, мамлекеттик жаштар саясатынын максаты жаштардын ийгиликтүү социалдашуусу, өзүнүн коомдогу социалдык иденттүүлүгүн таап, ага ынанып жана эффективдүү өзүн-өзү ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзүү, жаштардын потенциалын өнүктүрүү жана аны өлкөнүн инновациялык өнүгүү кызыкчылыгында пайдалануу болуп саналат. Мамлекеттик жаштар саясаты жарандык коом институттары, коомдук бирикмелер жана жаштар уюмдары жалпы эле жаштар кыймылы менен жигердүү өз ара аракеттенүүнүн негизинде ишке ашырылуучу өлкөнүн инновациялык өнүгүүсү үчүн зарыл социалдык шарттарды түзүүнү, мамлекеттин ишинин өз алдынча багыты катары каралууга тийиш. Жаш муундарды коомдук практикага тартуу жана аларды өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо, жаштардын илимий, чыгармачылык жана ишкердик ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү. Коомдогу жаштардын турмушундагы маселелердин (ден - соолук, спорт, билим берүү, турак-жай, эс алуу, жумуш, карьера, коомдук турмуш, үй-бүлө, эл аралык мамилелер, жаштардын турмушу) бардык комплекси боюнча маалыматтык системаларды жана социалдык билим берүү программаларын активдештирүү. Анткени маалыматтык коом жаштар үчүн комплекстүү иш чараларды талап кылат. 2020-2030-жылдарга жаштар саясатынын концепциясы иштелип чыкты. Бул концепцияда жаштардын Кыргыз коомундагы жашоосу ар тараптан анализденип, тоскоолдуктар, артыкчылыктар, тобокелчиликтер келтирилген. Шаардагы, айылдагы, алыскы аймактардагы, студент жаштар, жаш-үй-бүлөлөр, спорт, эл аралык байланыштагы приоритеттүү иш-чара, программаларды иштеп чыгуу үчүн баардык мисалдар келтирилген. Биздин оюбузча, жаштар менен иш алып барууда чет өлкөлүк тажрыйба жакшы колдонулушу керек. Европа Биримдиги жана Европа Кеңеши тарабынан ишке ашырылып жаткан жаштар программасынын жетишкендиктерин мисалга алсак туура болот. Дүйнө жүзүндө жаштар

саясатынын улуттук концепциялары ишке ашыруунун окшош формаларына жана ыкмаларына ээ, бирок ага карабастан, биздин өлкөдөгү кемчиликтер эмнеде? Жаштар саясаты жаатында мамлекет менен жарандык коом түзүмдөрүнүн тең укуктуулугун айтып кетүү керек. Биздин өлкөдө жарандык коомдун өкүлдөрүнө карата ар кандай көз караштар бар. Коомдун кээ бир катмарлары жарандык коомдун өкүлдөрүнө ишенбөөчүлүк менен карашат, себеби алардын коомдогу ар кандай иш-чараларын чет өлкөлүк спонсорлор колдогондуктан аларга ишенбөөчүлүк менен дагы мамиле кылышат. Маселен Германия, Франция, Скандинав өлкөлөрүндө социалдык-экономикалык процесстерди жөнгө салуу системасы өнүккөн – бул өлкөлөрдө мамлекет жаштар саясатынын артыкчылыктуу багыттарын аныктоодо жана аны ишке ашырууда өкмөттүк эмес уюмдар менен тыгыз иш алып баруу алдыңкы орунда турат. Бул өлкөлөрдүн тажрыйбасын изилдөө менен биз Кыргызстанда жаштар саясатынын стратегиясын фундаменталдуу аспектилерин баса белгилей алабыз. 1) Жаштар саясатын - улуттук, региондук жана жергиликтүү деңгээлде структуралаштыруу. Бул система Германияда жакшы иштелип чыккан, ал жерде жаштар саясаты Конституциянын жана “Жаштар менен балдарга жардам берүү жөнүндө” жана “Жаштарды коргоо жөнүндө” федералдык мыйзамдардын, ошондой эле жаштар жана балдар саясаты боюнча жылдык федералдык пландын негизинде ишке ашырылат. Германияда үй-бүлө иштери, улгайган жарандар, аялдар жана жаштар министрлиги федералдык деңгээлде жаштар саясатын иштеп чыгууга жооптуу. Францияда жаштар саясатын иштеп чыгууга, Жаштар иштери, спорт жана коомдук уюмдар министрлиги жооптуу. Министрликтин жер-жерлерде жаштар саясатын ишке ашыруу үчүн жооптуу аймактык жана ведомстволук башкармалыктары бар, алар жаштар менен пландуу иштерди аткарышат. Жаштарга маалыматтык-консультациялык жардам көрсөтүү, айыл жана алыскы аймактарда жашаган жаштарга тиешелүү маалыматтарды издөөдө, колдонууда жана жайылтууда мүмкүнчүлүктөрдү теңдеген атайын долбоорлорду иштеп чыгуу, жаштардын алар үчүн түзүлгөн шарттар жана мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалыматка жетүүсүн камсыз кылуу керек.

Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстанда жаштар саясатын ишке ашыруунун ченемдик укуктук базасы калыптанып келе жатат. Жаштарды өнүктүрүүнүн улуттук “Жаштык” программалары жана анын негизинде 2006-2008-жылдарга түзүлгөн “Кыргызстан Жаштары” программасы иштелип чыгып, ишке ашырылган. “Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейинки мамлекеттик жаштар саясатын өнүктүрүү концепциясы”, 2020-2030-жылдарга “Жаштар саясатынын концепциясы” “Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө”, “Билим берүү жөнүндө мыйзам”, “Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдары иштелип чыккан жана кабыл алынган. “Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, биздин республикада жаштар 14 жаштан 35 жашка чейинки Кыргыз Республикасынын жарандары жана жарандыгы жок адамдар болуп саналат. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, жаштар өлкө калкынын 31%га жакынын түзөт. Балдар 50,5%, кыздар 49,5% түзөт. Республиканын региондорунда жаштардын үлүшү бирдей эмес жана Нарын облусунда 27,9%дан Ош шаарында 36,1%ды түзөт. Жаштардын үчтөн экиси айыл жеринде жашайт.

Жаштардын саясий укуктары - жаш кыргызстандыктарды мамлекеттен четтетүү фактыларын жоюу, саясий катышууну өнүктүрүүнүн маанилүү шарты болуп саналат. Илимий адабияттарда саясий укуктар менен эркиндиктердин өтө кеңири жана эки ача классификациясын берилет. Бул классификацияны тактоого эксперттер, биринчи кезекте, төмөнкү эки ыйгарым укуктарды аныктоо экенин белгилей кетүү керек: өкүлчүлүктүү жана тике демократиянын ар кандай формалары аркылуу мамлекетти жана анын органдарын уюштурууга жана ишине катышууга ыйгарым укуктар (шайлоо укугу, кайрылуу укугу); коомдун турмушуна жигердүү катышууга ыйгарым укуктар (сөз, басма сөз, чогулуш эркиндиги, биригүү укугу). Бул укуктардын баалуулугу – алар жаш адамдын, коомдун жана мамлекеттин ортосундагы байланышты чыңдоого шарт түзүүдө. Жаштар өзүн мамлекеттин жана коомдун бир бөлүгү катары таануу менен өзүнүн саясий кызыкчылыгына жана ага жетүү максатына ээ боло алат. Акыркы

жылдары жаштардын саясий укуктарын жана эркиндиктерин институтташтыруунун белгилүү контурлары байкала баштады. Шайлоодо жана референдумда эркин билдирүү, ошондой эле мамлекеттик органдарга шайлануу укугу сыяктуу конституциялык укуктар өзгөчө орунду ээлейт. Саясий укуктар менен эркиндиктердин арасында сөз эркиндиги маанилүү орунду ээлейт. Жаштардын азыркы мууну, мурунку муундан эң оболу идеологиялык плюрализмдин шартында тарбияланганы менен айырмаланат. Ой жана сөз эркиндиги, өз позициясын билдирүү каалоосу Кыргызстандын жаштары үчүн маанилүү саясий утуш болуп кала берет. Жаштарга өзүнүн оюн, идеясын, өкүмүн эл алдында айтуудан, аны мыйзамдуу түрдө жайылтуудан мурда анын пикирлештеринин аудиториясы болушу керектигин турмуш өзү ынанымдуу көрсөтүп келе жатат. Тилекке каршы, сейрек учурларды эске албаганда, жаштардын мындай аудиториясы дагы деле жок, бул жагынан алганда жаштарга ар тараптуу колдоолор көрсөтүлүшү керек.

2023-жылдын июнь айына карата Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинин юридикалык жактардын бирдиктүү маалымат базасында 29 130 коммерциялык эмес уюм катталган. Ал эми ийгиликтүү иштеп, элге чындап жардам бергендердин 400гө жакыны бар экенин эксперттер белгилеп келишет. Эгемендиктин жылдарында бейөкмөт уюмду каттоо жана каржылоо оңой эле болду, көп адамдар алардын арасында жаштар өзүлөрүнүн уюдарын ачканга жетишти. Бирок, алардын арасынан активдүү жана билимдүү адамдар өз идеяларын ишке ашырып, демократияны курууга көмөктөшүп, социалдык жактан коомдогу кээ бир аярлуу катмарларга жардам берип келүүдө.

2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясында белгиленгендей Жаштардын бүгүнкү күндө жарандык катышуу чөйрөсүндө, саясий партиялардагы жаштардын катышуусу, мамлекеттик бийликтин аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдарындагы мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен жаштардын өз ара аракеттенүүлөрү сыяктуу жаштардын коомдук-саясий иштерге тартылуу деңгээлинин жетишсиздигин белгилеп кетүүгө болот. Жаштар саясий иште өз ордун таба алышпайт, алардын укуктары

менен эркиндиктери толугу менен камсыздалбай жатат деп эсептешет. Белгилей кетүүчү нерсе, жаштар өз алдынча өнүгүү үчүн шарттары түзүүнү, жаштардын муктаждыктарын эске алууну жана мамлекеттик программаларда/пландарда чагылдырууну, ошондой эле жаштар уюмдарына дем берүүнүн/колдоонун зарылдыгын жаштар саясатынын максаты катары көрүшөт. Жаштар саясаты чөйрөсүндө мыйзамдар базасынын бар экендигине карабастан, каржылоо маселелеринде бир катар көйгөйлөр бар. Жаштардын экономикалык мүмкүндүктөрү мамлекет тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Азыркы учурда миграциянын оң сальдосун түзүү үчүн жетиштүү шарттар мамлекет тарабынан камсыздалууга аракет жүрүп жатат. Көрүлгөн чараларга карабастан жаштар миграциясынын деңгээли жогору бойдон калууда. Бул миграциялык балансты биздин өлкөгө караганда, чет жакта жашап өз алдынча өнүгүүнү каалагандардын саны көбүрөөк экендигин көрсөтүп турат.

Ааламдашуу процесси негизинен жаштардын билимин жана дүйнө таанымын өзгөртүп, бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун өнүгүү багытын аныктоодо. Бул бардык экономикалык жана саясий системалары ар кандай болгон өлкөлөргө тиешелүү. Заманбап эксперттердин басымдуу көпчүлүгү бүгүнкү күндө бардык эле өлкөлөр ааламдашууга даяр эмес деп эсептешет, мындай көрүнүшкө объективдүү жана субъективдүү себептерди келтиришип кедүүдө. Ааламдашуу жашообуздун бардык аспектилерине, тактап айтканда, экономикалык, саясий, маданий, үй-бүлө, коопсуздук, жана ошондой эле социалдык жашоого таасирин тийгизүүдө. Жаңы технологиялардын тынымсыз өнүгүүсү, жаңы экономикалык мейкиндиктердин түзүлүшү, өндүргүч күчтөрдүн структурасынын өзгөрүшү менен дүйнө жаңы өнүгүүнүн интеграциялык этабына өттүүдө. Ошол эле учурда жаштардын жашоого, материалдык жана руханий баалуулуктарга, коммуникация процесстерине болгон мамилеси да өзгөрүүдө. Бүгүнкү күндө жаштардын арасында материалдык муктаждыктар биринчи орунда коюлууда. Ошол эле учурда жаштар активдүү жана жемиштүү ааламдашуу процессине кошулууда. Жаштардын көпчүлүк бөлүгү чет тилдерин үйрөнүшүүдө, мындай көрүнүш өз кезегинде тилдик тоскоолдуктарды

бузуп, дүйнөлүк ар кайсы каалаган өлкөнүн жаштары менен баарлашууга, тажрыйба алмашууга мүмкүндүк берет. Ааламдашуу жаштарга, алардын заманбап жашоого ыңгайлашуусуна (аралашуусуна) жана социалдашуусуна, аң-сезимине кандай таасир этет? Биздин социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, жалпысынан жаштар ааламдашуу процесстерин жактырып, аны заманбап коом үчүн пайдалуу деп эсептешет. Ааламдашуу жаштарга кеңири жол ачылып, көз карашын кеңейтип, каалаган маалыматка жетүүгө мүмкүндүк берип, маданий деңгээлин көтөрүүгө, ошондой эле материалдык жыргалчылыгын жогорулатууга шарт түзүлүүдө деп эсептешет. Ааламдашуу татаал жана карама-каршылыктуу процесс болгондуктан, аны илимий чөйрөдө баалоо ар түрдүү ой-толгоолорду жаратууда. Айрым социологдор билим берүүдөгү ааламдашуу процесстеринин оң жактары көбүрөөк деп эсептешет. Алдыңкы технологияларды колдонуу, атаандаштыктын күчөшү, ошондой эле сапат стандарттарынын жогорулашы. Мурунку улуттук изоляциянын калдыктарын жок болуп баратышы маанилүү. Биз дүйнөлүк билим берүү чөйрөсүнүн интенсивдүү өнүгүү мезгилинде жашап жатабыз жана ЖОЖдордун улуттук изоляциясы ааламдашуунун кесепеттерине туруштук бере албайт. Бирок, белгилүү бир көйгөйлөр бар: университеттин дипломдорун жана адистиктерин таануу, билим берүүнүн сапатын эл аралык баалоонун ар кандай критерийлеринин болушу, аккредитациялоонун эл аралык формаларынын ар түрдүүлүгү. ЖОЖ алып көрсөк, бул көйгөйлөрдү ишке ашырууда жогорку билим берүүнүн ааламдашуусунун төмөнкү формаларын өнүктүрүү зарыл: студенттердин жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн кеңейтүү жана тереңдетүү; окуу пландарын интернационалдаштыруу жана унификациялоо, биргелешкен окутуу программаларын түзүү жана өнүктүрүү, кош дипломдук программаларды түзүү, билим берүү кызматтарынын түрлөрүн өркүндөтүү. Бул формалар билим берүүнүн ааламдашуусуна өбөлгө түзөт жана жогорку билим берүүнүн улуттук системаларын айкалыштыруу жана эл аралык интеграциялоо боюнча бир топ татаал маселелерди чечүү үчүн жаңы шарттарды түзөт. Ааламдашууну жогорку университеттик билим үчүн терс көрүнүш катары

аныктоого болбойт. Заманбап шарттарда ааламдашуунун бир формасы болуп мамлекеттик саясатта жана университеттердин стратегиясында алдыңкы ролду ойногон билим берүүнү интернационалдаштыруу саналат.

Биз жаштардын бакубат жашоосу жана өнүгүүсү индексинде билим берүү параметрлери гана эмес, жаштардын илимди өнүктүрүүгө катышуусу, эмгек рыногундагы орду, жогорку технологиялык тармактарга катышуусу, керек болсо жаш үй-бүлөлөрдө жашоо турмушту куруу да кандай прогресстер байкалууда ошолордун баарын эске алышыбыз керек.

# КОРУТУНДУ

1. Бүгүнкү күндө социалдык иденттүүлүктүн калыптануу процесси боюнча теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн өтө көп көлөмүнө карабастан, бул категория эң татаал, ар кылдуу жана актуалдуу болуп саналат. “Социалдык иденттүүлүк” - анын мазмунун, калыптануу механизмдерин, функцияларын изилдөө философторду, социологдорду, психологдорду, дин таануучуларды, антропологдорду, саясат таануучуларды өзүнө тартып келген жана тартууда. Диссертациялык иште негизинен төмөндөгү түшүнүктөргө жана категорияларга социология илиминин алкагында илимий талдоо жасалган: социалдык иденттүүлүк, идентификация, жаштар, социалдык-демографиялык, психологиялык топ катары, социалдык иденттүүлүктүн калыптануу өзгөчөлүктөрү.

2. Заманбап кыргыз коомунун шартында жаш муундардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышы татаал жана көп кырдуу көйгөй болуу менен көптөгөн илимдердин алкагында илимий изилденүүчү процесс болуп саналат. Социалдык иденттүүлүк концепциясын деталдуу системдик жактан анализдөөнүн контекстинде жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышы жөнүндө макросоциологиялык, микросоциологиялык жана социопсихологиялык билимдердин синтези аркылуу ишке ашырылууга мүмкүн. Социологиялык ыкмалардын жардамы менен жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптаныш процессинин өзгөчө социалдык-демографиялык топ катары башка социалдык топтордон айырмаланган факторлорун, детерминаттарын, өзгөчөлүктөрүн ачууга болот. Дүйнөлүк илимий адабияттардагы жетишкедиктерди эске алуу жана ошондой эле бул социалдык кубулуштун маңызын түшүнүү менен бирге диссертациялык иште жаштардын социалдык иденттүүлүгүнүн калыптанышы, өзгөчө интеграцияланган жана дифференцияланган татаал процесс катары аныкталды.

3. Жаштарды социалдык топ катары аныктоого, алардын көйгөйлөрүн жана баалуулук багыттарын изилдөөгө алгачкы аракеттер 20-кылымдын экинчи жарымында жасала баштаган. Жөнөкөй социологиялык мааниде жаштардын

социалдык абалынын, курактык өзгөчөлүктөрүнүн, коомдун социалдык түзүлүшүндөгү орду жана функциялары, конкреттүү кызыкчылыктардын жана баалуулуктардын негизинде аныкталган социалдык-демографиялык топ деп түшүнсө болот. Жаштардын жаш курактык өзгөчөлүктөрү боюнча бир пикир жок. Бирок, көбүнчө жаштардын төмөнкү курактык чеги 14-16, ал эми жогорку курактык чеги 25-35 жашка чейин деп аныкталат.

4. Ааламдашуу шартында заманбап социалдык институттардын, биринчи кезекте мамлекет, үй-бүлө, билим берүү, ММК ишмердиги өзгөрө баштайт. Кандай гана коомдо болбосун үй-бүлө мамлекеттин эң негизги жана баштапкы институту, пайдубалы болуп саналат. Кыргызстанда азыркы учурда ажырашуулардын саны боюнча Борбор Азияда биринчи орунда экени белгилүү. Кыргызстанда никеге официалдуу тургандардын саны азайып, ошол эле учурда ажырашуулардын саны көбөйдү. Бул тууралуу Улуттук статистикалык комитеттин маалыматында айтылат. 2011-жылы 56 миң 509 нике катталса, ал эми ажырашуулардын саны - 8 705 түзгөн. 2023-жылы 45 495 нике катталып, ошол эле учурда 12 552 жуп ажырашкан. Ажырашуулардын тез-тез катталып жатышынын себептери: материалдык жана экономикалык көйгөйлөр, акчанын жетишсиздиги, эмгек миграциясы, жаштардын үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелерине ата-энелердин жана туугандарынын кийлигишүүсү, ошондой эле алдыңкы көйгөйгө айланган үй-бүлөлүк зомбулук. Заманбап коомдо үй-бүлө институту кризиске учурап турганына байланыштуу, үй-бүлөлүк жана демографиялык депопуляцияга жол бербөө чараларын иштеп чыгуу, коркунучтарды жок кылууга жаштардын асоциалдык терс жүрүм-турумдарын жок эле дегенде минималдаштырууга байланыштуу иш-чараларды уюштуруу.

5. Жаштардын арасында позитивдик социалдык иденттүлүктүн калыптанышында негизги бир фактору катары билим берүү системасынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо болду. Билим берүү - бул азыркы коомдун негизги системаларынын бири, жаштардын арасында социалдык иденттүүлүктүн калыптанышынын эң олуттуу фактору экендигин көрсөттүк. Билим берүү системасы аркылуу маданий маалыматты тандап, иргеп алуу мүмкүнчүлүгү

жаралат, жана бул процесстин негизинде позитивдик идентификациялык моделдерди иштеп чыгууга шарт түзүлөт. Кыргызстан ааламдашуунун шартында дүйнөлүк билим берүү процесстерине аралашышы керек: мектептен баштап, жогорку окуу жайларга чейин техологиялык жабдуулар, дүйнөлүк стандарттагы илим изилдөө лабораториялары, техникалык парктар, инновациялык технологиялар менен камсыздалышы керек.

6. Заманбап медианын терс зордук-зомбулуктун, агрессивдүүлүктү, эротиканы жана бекер жашоо образын чагылдырган берүүлөрдү жаштардын аудиториясына таркатып, тескери таасирин тийгизүүдө, мындай көрүнүштөрдү көптөгөн социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары көрсөтүп турат. Заманбап ЖМКлар кээ бир учурларда коомго жат жүрүм-турумду жайылтуу менен бирге эфирдик маалыматтын мазмунун тандоого жоопкерчиликтүү жана тандалма мамиле жасабай келет. Маселен, кино, реалити-шоу, шоу-бизнес аркылуу жүрүм-турумдун девианттык формалары жигердүү жайылтылат, мында башкы каармандар өздөрүнүн жаман адаттарын, коомго жат жоруктарын, уятсыз сөздөрүн, инсандар жана муундар аралык мамилелерде эркиндикти, жол берүүчүлүктү сыймыктануу менен көргөзүшөт. Ар кандай социалдык түйүндөр жана он-лайн медиа радикалдык идеяларды пропагандалоонун, экстремисттик жана террористтик уюмдардын катарына тартуунун негизги аянтчаларынын бири болуп калууда. Мындай иш-аракет деструктивдүү диний идеологияны карманган адамдардын кыйла чоң чөйрөсү үчүн да жасалышы мүмкүн. Мындай учурда виртуалдык мейкиндикте жаштардын арасынан чыныгы максаттуу топ түзүлөт, алар мындай деструктивдүү уюмдардын идеяларына суктанышат.

7. Жаштардын арасында позитивдүү социалдык иденттүүлүктүн калыптанышында негизги бир фактор катары диний социалдашуунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо болду. Жаштардын диний маданияты, жаш муундардын арасында социалдык иденттүүлүктүн калыптанышынын эң олуттуу фактору экендигин көрсөттүк. Жаштардын арасында радикалдашуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик иш-чаралар, саясат активдүү иштеши керектигигин белгиледик. Жаштардын арасында диний

радикалдаштыруунун дагы бир маанилүү себеби – коррупция. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, жаштар коомдун бардык чөйрөлөрүндөгү коррупциянын көрүнүштөрүн ашкере сындашат. Коррупция мамлекеттик бийлик органдарына болгон ишенимди жок кылуу менен аларды радикалдашуу алдында алсыз кылат. Эң коркунучтуусу радикалдуу, экстремисттик уюмдардын негизги убадаларынын бири – саясий системаны кайра куруу жана адамдын социалдык абалын өзгөртүү.

8. Кыргызстан жаштары эмгек миграциясына жакынкы, алыскы өлкөлөргө байма-бай тарап кетүүдө, дүйнөнүн ар бурчунда Кыргыз жаштары эмгек миграциясында. Россияда эмгектенип жүргөн жаш мигранттарынын олуттуу бөлүгү экономиканын көмүскө секторунда иштешет, кээ бир учурларда аларга эмгек маянасы толук төлөнбөй калган учурлар кездешет. Россиядагы азыркы миграциялык кырдаалдын терс аспектиси Кыргызстандан эле эмес Борбордук Азиядан барган иш мигранттарынын квалификациясы төмөндүгүн дайыма белгилешет. Иш миграциясынын терс жактары өтө эле көп, акыркы жылдарда калктын мыкты, атаандаштыкка жөндөмдүү жана демилгелүү бөлүгү Кыргызстандын жаш, билимдүү жаштары чыгып кетип, ошону менен улуттук экономикага салымдар жаш муун тарабынан азайып эле бара жатат. Жаштардын өлкөдөн чыгып кетүүсү Кыргызстандагы демографиялык абалга, үй-бүлө ичиндеги мамилелерге, улуттук каада-салттардын улап, андан ары алып кетүүдө терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

9. Андан кийин биз жаштарга глобалдык демократиянын тийгизген таасирлерин, ааламдашуу процессинин жалпы эле жаштарга тийгизген оң жана терс жактарын илимий анализдеп чыктык. Ааламдашуу чындыгында азыркы жаш инсандын жашоо ишмердүүлүгүн уюштурууга принципиалдуу жаңы баалуулуктарды киргизүүдө. Ааламдашуу бир жагынан караганда улуттук маданияттын, каада салттардын, улуттук иденттүүлүктөрдүн жана алардын институттарынын иштөөсүндө карама-каршылыктарды жаратат. Коммуникациялык чөйрөдө ар кандай бытыранды, бири-бирине карама-каршы келген маалыматтардын өтө көп, чар-жайыт болушунун шарттарында

бейформал институттар басымдуулук кылууда, бул иштеп жаткан социалдык институттардын туруктуу инсандык идентификацияны камсыз кылуу жөндөмдүүлүгүнө шек туудурат. Жаштар социалдык-маданий туруксуздуктун, жана социалдык-маданий мейкиндиктеги өзгөрүүлөрдүн өткөөлдүгүнүн кырдаалына жаңы иденттүүлүктөрдү издөө аркылуу ыңгайлашууга аргасыз болот. Ааламдашуу, виртуалдаштыруу жана фрагментация процесстери социалдык эс тутумдун бузулушун шарттоодо.

10. Кийнки маселе Кыргызстандагы жаштар менен иш алып барууда мыйзамдык-укуктук негиздерин изилдөө болуп саналат. Мамлекеттик деңгээлде жаштар саясаты маселелери боюнча мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын абалын карап чыгуу менен, төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот. Кыргыз Республикасында жаштардын укуктарын жөнгө салуучу мыйзамдык - укуктук ченемдер, ар кандай денгээлдеги жана ар кандай тематикадагы ченемдик укуктук актыларда камтылган, бирок азырынча бирдиктүү концептуалдык негизге ээ эмес. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – жаштар менен иштөө боюнча тиешелүү программаларды жана иш-чараларды ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктарды күчөтүү менен бирге айыл жаштары үчүн программаларды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүктөрдү алышы керек. Ошондуктан мындан ары дагы мыйзамдык – укуктук документтерди калыптандыруу, дүйнөлүк стандарттарга теңөө учурдун талабы болуп санлат.

11. Кийинки маселе - бул мамлекеттик жаштар саясатынын ордун аныктоо. Жаштарды коомдук практикага тартуу жана аларды өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо, жаштардын илимий, чыгармачылык жана ишкердик ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү. Бул маселени чечүү төмөнкү жолдор менен ишке ашат: коомдогу жаштардын турмушундагы маселелердин (ден - соолук, спорт, билим берүү, турак-жай, эс алуу, жумуш, карьера, коомдук турмуш, үй-бүлө, эл аралык мамилелер, жаштардын турмушу) бардык багыттар боюнча маалыматтык системаларды иштеп чыгуу. Жаштардын региондор (чөлкөмдөр) аралык жана

эл аралык өз ара аракеттенүүсүн, кызматташуусун колдоо (тематикалык чогулуштар, форумдар, лагерлер жана фестивалдар, илимий-практикалык жана бизнес конференциялар, дискуссиялык клубдар, жаштар алмашуу), кыргыздын жана дүйнөнүн баалуулуктарынын өз ара алакасына багытталган эл аралык маалыматтык жаштар долбоорлоруна катышуу маданият иштерин өнүктүрүү бүгүнкү күндүн талабы.

12. Жаштардын саясий, укуктук маданияты, саясий социалдашуу, жалпы эле жаштардын саясий иденттүүлүгү - бул жаш адамдын инсандык өздөштүрүлгөн демократиялык нормалардын, баалуулуктардын, мамилелердин жыйындысы жана коомдун жашоо-турмушуна активдүү катышууну шарттайт. Жаштардын саясий социалдашуусу негизинен саясий көз караштарды жана ишенимдерди калыптандыруу менен гана чектелбестен, сөзсүз түрдө жаш адамдын саясий реалдуулукту курууга катышуусунун жана саясий, социалдык, экономикалык, социалдык-маданий жана саясий чөйрөдө тикелей ишмердүүлүктүн мүмкүнчүлүгүн болжолдойт. Ошентип, жаштардын саясий социалдашуусунун туу чокусу - бул жаш адамдын мамлекеттин саясий турмушуна активдүү жана туруктуу катышуусу.

13. Кыргызстанда жаштарынын бакубаттуулук жана өнүгүү индекси жаштардын социалдык активдүүлүгүнүн, мамлекеттик жаштар саясатынын негизин түзөт. Жаш муундун бакубаттуулугу жарандык коомдун институттары, коомдук бирикмелер жана жаштар уюмдары менен активдүү өз ара аракеттенүүнүн негизинде жүзөгө ашырылуучу, өлкөнү инновациялык өнүктүрүүнүн зарыл социалдык шарттарын түзүүнү караган мамлекеттин өз алдынча иш багыты катары белгиледик. Жаштарды коомдук турмушка тартуу жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо, жаштардын илимий, чыгармачылык жана ишкердик активдүүлүгүн колдоону камсыз кылуу бүгүнкү күндүн талабы.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Жаштардын коомго активдүү аралаштырууда, эң биринчи кезекте жаш муундар менен иштөө боюнча укуктук мыйзамдык актларды андан ары калыптандыруу, мамлекеттик органдар менен жаш жарандардын ортосундагы кызматташуунун принциптерин жана механизмдерин консолидациялоочу туруктуу укуктук базаны түзүү.

2. Жаштар саясатынын салттуу багыттарын активдештирүү жана колдоо үчүн жаштар саясатын каржылоону көбөйтүү, жаштардын коомдук демилгелерин колдоо зарылчылыгы, жаштардын интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик жана эл аралык ири жаштар долбоорлорунун айланасына ресурстарды топтоо.

3. Жаштардын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу, санариптик дүйнөгө ар кандай жаштарды тартуунун жаңы формаларын жана жолдорун түзүү жана андагы коопсуз жүрүм-турумду үйрөтүү, жаштардын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу боюнча алдыңкы дүйнөлүк тажрыйбаны активдүү пайдалануу жана системалаштыруу.

4. Жалпы жаштардын интеллектуалдык жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү, жаштардын өзүн-өзү ишке ашыруу жана потенциалын ачуу үчүн шарттарды түзүү. Студенттик бирикмелердин лидерлеринин жана жетекчилеринин позитивдүү социалдык жана кесиптик имиджин калыптандыруу, студенттер арасында улуттар аралык жана маданияттар аралык диалогду бекемдөө, жарандык коомду өнүктүрүү, жаштар кыймылын өнүктүрүү боюнча мамлекет тарабынан шарт түзүү.

5. Билим бул - жаш муундун ийгилигинин негизги фактору. Формалдуу билим берүүдөн тышкары формалдуу эмес билим берүүнү, анын ичинде кесиптик өнүгүү программаларын, ишкердикти жана долбоорлорду башкаруу көндүмдөрүн окутууну өнүктүрүү.

6. Бүгүнкү күдүн талабы катары практикалык статистикалык эсепке алуу системасын киргизүү зарыл. Ал жаштардын тышкы миграциясынын реалдуу масштабы жөнүндө билүүгө мүмкүндүк берет. Жеке каражаттарынын эсебинен

эмгек же билим берүү миграциясына кетип жаткан жаштар миграциялык каттоо системасы тарабынан түздөн-түз эсепке алынбайт. Мамлекетибизде чет мамлекеттерде окуп жаткан жаштардын кайсы жакта экендиги, кайсы адистикте окуп жаткандыгы жана алган академиялык жана илимий даражалары боюнча так маалымат жок. Мындай статистика билим алып жүргөн мигранттар менен байланышта болуу үчүн гана эмес, алган билимдеринин жана көндүмдөрүнүн тармактары жөнүндө өлкөгө кайтып келгенде канчалык пайдалуу болорун тереңирээк түшүнүү үчүн керек.

7. Жаштардын коомдук бирикмелеринин конкреттүү долбоорлорун, программаларын максаттуу каржылоого өтүү; жаштардын психофизикалык, билим берүү, социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана маданий-руханий потенциалын жогорулатуу чөйрөсүндө социалдык долбоорлорду мамлекеттик колдоонун артыкчылыктуу багыттары катары бөлүп көрсөтүү.

8. Жаш үй-бүлөнү колдоо, эки же андан көп балалуу үй-бүлөгө багыт берүү жана жаштардын репродуктивдүү жүрүм-турумун материалдык, адеп-ахлактык жактан стимулдаштыруу. Мамлекеттик демографиялык саясаттын басымы жаштардын сергек жашоо мүнөзүн калыптандырууга багытталышы керек.

9. Жаңы иш баштаган жаш ишкерлер үчүн аймактык жаштар бизнес-инкубаторлорун жана консультативдик борборлорун түзүү жолу менен, экономикалык өз алдынчалыкты жайылтуу, жаштар ишкердигин өнүктүрүү жана эмгек рыногунда жаштардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу.

10. Кыргызстандык, кыргыз улутундагы чет өлкөлөрдө орто билим алып жаткан мектеп жашындагы жаштарды, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү мекендештердин балдарын ар кандай конференция, олимпиадаларга чакыруу, мекенге тартуу, аларды келечекте Кыргызстанга пайдалуу иштерге аралаштыруу саясатын иштеп чыгуу. Чет өлкөлөрдө окуп билим алып жаткан жаштардын арасында кыргыз тилинин беделин бекемдөө, чет өлкөлөрдө жашаган кыргыз жаштарынын жана мекендештеринин кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуусун жогорулатуу.

11. Жаштардын арасында (волонтердук) ыктыярдуулук иштерин жайылтуу идеяларын колдоо жана жайылтуу ошондой эле практикалык ишке ашыруу иштерин жөндөө.

12. Жаштардын арасында сергек жана активдүү жашоо образын пропагандалоо, жаштарды коомдук иштерге тартуу аркылуу жаштар чөйрөсүндө экстремисттик көз караштардын таралышына каршы туруу, жаштардын арасындагы спорттук клубдарынын жана бирикмелеринин ишин колдоо, алыскы райондордо, айылдарда коомдук жана спорттук-массалык иштерди уюштуруучулардын иштерине шарт түзүү.

13. Жаштарды маданий, адеп-ахлактык жана жарандык-мекенчилдик жактан тарбиялоого көмөктөшүү, Кыргызстандагы жаштар үчүн мамлекеттик жаштар саясатын ишке активдүү ашырууга катышкан жаштардын жана коомдук бирикмелеринин, окуу жайларынын жана башка уюмдардын мыкты социалдык маанилүү демилгелерин жана жетишкендиктерин аныктоо жана колдоо.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

### МЫЙЗАМДЫК-УКУКТУК АКТЫЛАР

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru. – Загл. с экрана.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө [Текст]: Кыргыз Респ. мыйзамы 2023-ж. 11-авг., № 179 // Норматив. акты Кырг. Респ. – 2023. – № 37. – С. 14–40.

3. Жаштар жөнүндө [Электронный ресурс]: Кырг. Респ. мыйзамы 2023-ж. 4-авг., № 157. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/43394/edition/1270197/kg. – Загл. с экрана.

4. Кыргыз Республикасынын 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясын бекитүү жөнүндө [Электронный ресурс]. – Режим доступа: //URL: https://cbd.minjust.gov.kg/157203/edition/978706/kg. – Загл. с экрана.

5. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: //URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/430711. – Загл. с экрана.

6. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө [Текст]: Кыргыз Респ. мыйзамы 2008-ж. 31-дек., № 282 // Эркин Тоо. – 2008. – 16-янв.

7. Кыргыз Республикасындагы диний кырдаалды изилдөө боюнча депутаттык комиссияны түзүү жөнүндө [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. Жогорку Кеңешинин 2008-ж. 22-майындагы, № 409-IV токтому. – Режим доступа: //URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/50383. – Загл. с экрана.

8. Кыргыз Республикасынынын тышкы миграциясы жөнүндө [Электронный ресурс]: Кыргыз респ. мыйзамы 17 июль 2000 ж., № 61. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/350/edition/9095/ru. – Загл. с экрана.

9. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы жөнүндө[Текст]: КР Президентинин Жарлыгы 2021-ж., 30-сент. UP № 412 // Эркин Тоо. – 2021. – 5 окт.
10. Кыргыз Республикасындагы диний кырдаал жана диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты калыптандыруу боюнча ыйгарым укуктуу органдарынын милдеттери жөнүндө [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. Өкмөтүнүн токтому 10-авг. 1995-ж., № 345. – Режим доступа: URL: http://continent-online.com/Document/?doc_id=30213579. – Загл. с экрана.
11. Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы жөнүндө [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. Өкмөтүнүн токтому 2006-ж. 6-майындагы № 324. – Режим доступа: //URL: https://cbd.minjust.gov.kg/57409/edition/326315/kg. – Загл. с экрана.
12. Улуттук коопсуздук жөнүндө мыйзамы [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. 2003-ж. 26-февр., № 44 (Кыргыз Респ. 2008-ж. 13-окт., № 212, 2011-ж. 25-нояб., № 222, 2017-ж. 18-мартындагы № 46, 2017-ж. 1-дек., № 197 (2) Мыйзамдарынын ред. ылайык). – Режим доступа: //URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1168/edition/859715/kg. – Загл. с экрана.
13. Кыргыз Республикасында Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. 1999-ж. 15-окт., № 111 (Кырг. Респ. 2014-ж. 30-майындагы № 82, 2016-ж. 23-апр., № 51, 2021-ж. 26-июнундагы № 78 Мыйзамдарынын ред. ылайык). – [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/274/edition/1236974/kg. – Загл. с экрана.
14. Саясий партиялар жөнүндө [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. мыйзамы. – Режим доступа: //URL: http://minjust.gov.kg/ky/content/289. – Загл. с экрана.
15. Кыргыз Республикасынын массалык маалымат каражаттары жөнүндө [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. мыйзамы 2018-ж. 22-майы, № 53. – Режим доступа: //URL https://cbd.minjust.gov.kg/111786/edition/875736/kg . – Загл. с экрана.
16. Кыргыз Республикасында жаштардын бакубатчылыгын жана өнүгүүсүнүн индекси Бишкек, 2022. – Б. 56 [Электронный ресурс]. – Режим доступа:

https://www.unicef.org/kyrgyzstan/media/1861/file/Youth%20Wellbeing%20and%20Development%20Index%20in%20Russian.pdf.pdf. – Загл. с экрана.
17. Кыргыз республикасынын эмгек кодекси [Электронный ресурс]: 2004-ж. 4-авг., № 106. – Режим доступа: //URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/627?cl=ky-kg . – Загл. с экрана.
18. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы [Электронный ресурс]: 2020-ж. 13-нояб., № 39. – Режим доступа: //URL: https://minculture.gov.kg/kyrgyz-jarany. – Загл. с экрана.
19. Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси [Электронный ресурс]: 2003-ж. 30-авг., № 201 (Кырг. Респ. 2004-ж. 26-июлундагы № 96, 2005-ж. 25-февр., № 38, 2005-ж. 20-июнундагы № 80, 2008-ж. 12-июнундагы № 117, 2009-ж. 17-июлундагы № 223, ж-а башка Мыйзамдарынын ред. ылайык). – Режим доступа: //URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1327 . – Загл. с экрана.
20. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессулдык кодекси [Электронный ресурс]: 2021-ж. 28-окт., № 129 (Кырг. Респ. 2021-ж. 28-окт., № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилди) (Кырг. Респ. 2022-ж. 18-янв., № 4 Мыйзамынын ред. ылайык). – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/3-37/edition/8273/kg . – Загл. с экрана.
21. Кыргызстанда жаштарды өнүктүрүүнүн “Жаштык” Улуттук программасы [Электронный ресурс]: Кырг. Респ. 2000-ж. 18-июнундагы № 152 токтому менен бекитилген), 2010-ж. чейин. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/157204/edition/978698/kg. – Загл. с экрана.
22. “Кыргызстан Жаштары” [Электронный ресурс]: улуттук программа Кырг. Респ. Президентинин жарлыгы 2006-2008-ж. бекитилген 14-апр., № 173. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/4451/edition/1009127/kg. – Загл. с экрана.
23. 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын Концепциясы [Электронный ресурс]: Кыргыз Респ. Өкмөтүнүн 2019-ж. 18-окт., № 562 токтомуна ылайык. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/157204/edition/978698/kg. – Загл. с экрана.

24. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.gov.kg/storage/2021/10/files/program/16/2026_zhylga_cheyin_kyrgyz_respublikasyn_nktrnn_uluttuk_programmasy.pdf . – Загл. с экрана.

## ИЛИМИЙ АДАБИЯТТАР

25. Аверкин, М. Г. Экономические предпосылки формирования социальной идентичности в современном обществе [Текст] / М. Г. Аверкин // Вестн. Нижнегород. Гос. инж.-экон. ин-т (НГИЭИ). – 2016. – № 5 (60). – С. 129–137.

26. Агапов, В. С. Взаимосвязь личностной и социальной идентичности в структуре Я-концепции будущих специалистов [Текст] / В. С. Агапов, О. Н. Козлова. – М.: Изд-во РУДН, 2012. – 194 с.

27. Агеев, В.С. Психологические и социальные функции полоролевых стереотипов [Текст]/ В.С. Агеев // Вопр. психологии. – 1987. – № 2. – С. 152–158.

28. Агеев, В. С. Социальная идентичность личности [Текст] / В. С. Агеев //Социальная психология: хрестоматия: учеб. пособие для студентов вузов / сост. Е. П. Белинская, О. А. Тихомандрицкая. – М., 2003. – С. 349–362.

29. Анипкин М. “Поколение лишних людей”: антропологический портрет последнего советского поколения. Поколение лишних людей”: антропологический портрет последнего советского поколения. (рус.) // Неприкосновенный запас : научный журнал. - 2018. — № 117. — С. 290—308.

30. Акерлоф, Д. Экономика идентичности [Текст] / Д. Акерлоф, Р. М. Крэнтон. – М.: Карьера Пресс, 2011. – 224 с.

31. Алмонд, Г. Гражданская культура и стабильность демократии [Текст] / Г. Алмонд, С. Верба // Полис. – 1992. – № 4. – С. 122–134.

32. Алферов, Ж.И. Роль образования и науки в укреплении государства и развитии экономики страны [Текст] / Ж.И. Алферов, В.А. Садовничий // Образование, которое мы можем потерять: сборник / Под общей ред. ректора МГУ академика В.А. Садовничего. – М.: МГУ, 2002. – С. 17 – 25.

33. Андреева, Г. М. Вопрос о групповых проблемах в социальной психологии [Текст] / Г. М. Андреева // Вестн. Моск. Гос. ун-та. Сер. 14: Психология. – 1998. – № 1. – С. 41–47.

34. Андреева, Ю. В. Особенности культурных противостояний в современных молодежных движениях России [Текст] / Ю. В. Андреева // Конфликтология. – М., 2010. – С. 1-40.

35. Антонов А.И. Кризис семьи и родительства [Текст]/ А. И. Антонов. //Проблемы родительства и планирования семьи. 1992. №1. С. 11-27.

36. Ариф, Э. Потребление в среде молодых активистов [Текст] / Э. Ариф // Мониторинг общест. мнения: экон. и соц. перемены. – 2019. – № 1. – С. 66–83.

37. Артановский, С. Н. Понятие Родины: современные модификации [Текст] / С. Н. Артанаовский // Вестн. С.- Петерб. гос. ин-та культуры. – 2012.– № 3 (12). – С. 6– 10.

38. Арутюнова, Е.М. Государственно-гражданская и этническая идентичность молодежи: общероссийский контекст и региональная специфика [Текст] / Е.М. Арутюнова // Россия реформирующаяся – М., 2017. – Вып. 15. – С. 259–272.

39. Асанова, У. А. Философия образования [Текст] / У. А. Асанова. – Бишкек: Илим, 2001. – 218 с.

40. Асеева, Т. А. Зарубежный опыт формирования гражданственности в процессе политической социализации [Текст] / Т. А. Асеева // Изв. Алтай. гос. ун-та. – 2014. – № 4-1 (84). – С. 255–259.

41. Асеева, Т. А. Роль государства в политической социализации граждан современной России [Текст] / Т. А Асеева // Изв. Алтай. гос. ун-та. – 2015. – № 2-1 (86). – С. 215–220.

42. Атясова, Н. Ю. К вопросу о понятии “гражданская идентичность” [Текст] / Н. Ю. Атясова, С.Г. Максимова // Социальная интеграция и развитие этнокультур в Евраз. пространстве. – 2016. – № 4-1. – С. 76–81.

43. Ачкасов, В. А. О проблемах российской идентичности [Текст] / В. А. Ачкасов // Вестн. Поволж. ин-та упр. – 2016. – № 6 (57). – С. 40–48.

44. Ачкасов, В. А. Политика идентичности в современном мире [Текст] / В. А. Ачкасов // Вестн. С.-петерб. ун-та. Сер. 6: Политология. Междунар. отношения. – 2013. – Вып. 4. – С. 71–77.

45. Ачкасов, В. А. Этническая идентичность в ситуациях общественного выбора [Текст] / В. А. Ачкасов // Журн. социологии и социал. антропологии. – 1999. – Т. 2, вып. 1. – С.45–56.

46. Баклушинский, С. А. Развитие представлений о понятии социальная идентичность [Текст] / С.А. Баклушинский, Е.П. Белинская//Этнос. Идентичность. Образование. Труды по социологии образования. – М., 1998. – Т. 4, вып. 6. – С. 64–84.

47. Баксанский, О. Е. Этнокультурная идентичность в условиях глобализации [Текст] / О. Е. Баксанский, Д. Г. Лавринова // Феномен глобализации в контексте диалога культур. – М., 2010. – С. 47–75.

48. Балибар, Э. Раса, нация, класс. Двусмысленные идентичности [Текст]: пер. с фр. / Э. Балибар, И. Валлерстайн; ред. О. Никифорова, П. Хицкого. – М.: Логос-Альтера; Esse Homo, 2003. – 288 с.

49. Банников, К. Л. Антропология экстремальных групп [Текст] / К. Л. Банников. – М.: Рос. АН, Ин-т этнологии и антропологии им. Н. Н. Миклухо-маклая, 2002. – 399 с.

50. Баранова, Т. С. Эмоциональное “Я – Мы” (опыт психосемантического исследования социальной идентичности) [Текст] / Т. С. Баранова // Социология. – 2002. – № 4. – С. 70–101.

51. Барретт, М. Развитие национальной идентичности: концептуальный анализ и некоторые итоги Западноевропейского исследования [Текст] / М. Барретт // Развитие национальной, этнолингвистической и религиозной идентичности у детей и подростков. – М., 2001. – С. 16–58.

52. Бахофен, И. Материнское право Пер. Е. В. Рязановой // Классики мирового религиоведения. Антология. Т. 1 / [Текст] Сост. и общ. ред. А. Н. Красникова. - М.: Канон, 1996. - 496 с. (История философии в памятниках.) С. 217—267.

53. Бек, У. Общество в опасности. На пути к другому модерну [Текст] / Ю. Бек; пер. с нем. В. Седельника. – М.: Прогресс-традиция, 2000. – 384 с.

54. Бек, У. Общество риска: на пути к другому модерну [Текст] / У. Бек; пер. с нем. В. Седельника, Н. Федоровой. – М.: Прогресс-Традиция, 2000. – 383 с.

55. Бек, У. Что такое глобализация? Ошибки глобализма - ответы на глобализацию [Текст] / У. Бек; пер. с нем. А. Григорьева, В. Седельника. – М.: Прогресс-Традиция, 2001. – 304 с.

56. Белинская, А. Б. Философская идентификация в конфликте социального познания [Текст]: дис. … д-ра филос. наук / А. Б. Белинская. – М., 2004. – 335 с.

57. Бенедикт, Р. Хризантема и меч: Модели японской культуры [Текст] / Р. Бенедикт; пер. с англ. М. Н. Корнилова, Е. М. Лазаревой, В. Г. Николаева. – М.: Рос. полит. энцикл. (РОССПЭН), 2004. – 256 с.

58. Белл, Д. Белл Социальные рамки информационного общества [Текст] / Д. Белл // Новая технократическая волна на Западе. – М., 1986. – С. 330–342.

59. Белл, Д. Будущее постиндустриального общества [Текст]:опыт социального прог-я /Д. Белл, В. Л. Иноземцев. – М.: Академия, 1999. – 956 с.

60. Белл, Д. Эпоха разобщенности [Текст]: размышления о мире XXI века / Д. В. Белл, В. Иноземцев. – М.: Свободная мысль: Центр исслед. постиндустриального о-ва, 2007. – 303 с.

61. Бергер, П. Социальное конструирование реальности [Текст]: трактат по социологии знания / П. Бергер, Т. Лукман; пер. с англ. и предисл. Е. Руткевич. – М.: Academia-Центр: Медиум, 1995. – 323 с.

62. Бергсон, А. Два источника морали и религии [Текст] / А. Бергсон. – М.: Канон, 1994. – 384 с.

63. Бжезинский, З. Выбор. Мировое господство или мировое лидерство [Текст] / З. Бжезинский. – М.: Междунар. отношения, 2005. – 288 с.

64. Бжезинский, З. Великая шахматная доска. Господство Америки и его геостратегические императивы [Текст] / З. Бжезинский. – М.: Междунар. отношения, 1999. – 256 с.

65. Бжезинский, З. Политические системы: США и СССР: Сходство и различия, конвергенция или эволюция [Текст]: пер. с англ. / З. Бжезинский, С. Хантингтон. – М.: Прогресс, 1965. – Вып. 2. – 272 с.

66. Блинникова, О. Н. Стратегии, технологии и механизмы реализации молодежной политики в регионе [Текст] / О. Н. Блинникова, Н. Н. Пачина, В. А. Гончарова // Изв. Тул. Гос. ун-та. Гуманит. науки. – 2023. – № 2. – С. 96–105.

67. Блумер, Г. Общество как символическая интеракция [Текст] / Г. Блумер // Современная зарубежная социальная психология. – М., 1984. – С. 173–179.

68. Богатырев, В. Место и роль политических партий в Кыргызстане – “Политические партии в Кыргызстане” Институт общественной политики IPP [Электронный ресурс] / В. Богатырев. – Бишкек, 2006. – С. 23. – Режим доступа: // http://ipp.kg/ru/news/2706/. – Загл. с экрана.

69. Бороноев, О. А. Этническая психология [Текст] / О. А. Бороноев, В. И. Павленко. – СПб.: Изд- во СПбГУ, 1994. – 168 с.

70. Брачность и рождаемость в Киргизии “Демоскоп Weekly”. No 493 494 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://subscribe.ru/archive/science.news.demoscopenews/201201/17193614.html. – Загл. с экрана.

71. Вааль, де Ф. Истоки морали [Текст]: в поисках человеческого у приматов / Ф. де Вааль. – М.: Альпина нон-фикшн, 2015. – 376 с.

72. Варламова, С. Н. Интернет-зависимость молодёжи мегаполисов: критерии и типология [Текст] / С. Н. Варламова, Е. Р. Гончарова, И. В. Соколова // Мониторинг общественного мнения: экон. и социал. перемены. – 2015. – № 2. – С. 165–182.

73. Васильева, О.С., Демченко Е.А. Изучение основных характеристик жизненной стратегии человека [Текст] / О. С. Васильева, Е. А. Демченко // Вопр. психологии. – 2002. – № 4. – С.74–85.

74. Вашкау, Н.Э. Идентичность российской молодежи в современных условиях социокультурного развития и сохранение исторической памяти: (по

материалам социологического исследования молодежи Липецкой области) [Текст] / Н.Э. Вашкау, Ю.В. Караваева. – Липецк: ЛГПУ, 2021. – 169 с.
75. Вебер, М. Наука как призвание и профессия [Текст] / М. Вебер // Самосознание европейской культуры XX века. – М., 1991. – С.130–153.
